www.bizdin.kg


# Жаңы Ала-Тоо

2012, 3 (35)

АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ
кыргыз жана орус тилдеринде

**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

РЕДАКЦИЯЛЫК ЖАМААТ:

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ** – башкы редактордун орун басары
**Алым ТОКТОМУШЕВ –** редактор
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** – корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Нурлан КЫДЫКОВ** – дизайнер
**Альбина КАСЫМОВА** – оператор

РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ:

720031, Бишкек шаары, М. Горький к. – 1. Тел: 53-08-84. E-mail: Jany.alatoo@gmail.com

Күбөлүк: № 1510

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.
Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.


---


## УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

**БАРДЫК ПОЧТА ТҮЙҮНДӨРҮНДӨ «ЖАҢЫ АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫНА 2012-ЖЫЛ ҮЧҮН ЖАЗЫЛУУ ЖҮРҮП ЖАТАТ.**

**Жазылуу индекси – 77324**

**3 айга – 240 сом (редакциялык баа)**

**«Жаңы Ала-Тоо» журналын 1-санынан баштап окуйм деген ОКУРМАНДАР РЕДАКЦИЯДАН АЛЫШСА БОЛОТ.**



Терүүгө 10.01.2012-ж. берилди. Басууга 13.03.2012-ж. кол коюлду. Форматы 70x100$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 17 б.т. Заказ № 849. Нускасы 2000.

www.bizdin.kg

# Бул санда

**Алтай ЧЕРИК**
«Айта бар менин кебимди...» ....................3

**А. АДЕПТЕГИН**
Ырлар ....................................................35

**Эмигрант**
Авангард ................................................43

**Мейкин**
Ырлар .....................................................56

**Жетиген**
Аңгемелер ..............................................62

**Чечен**
Баркыбызды тирүүбүздө билели ...........79

**Медетбек СЕЙТАЛИЕВ**
Тегирменчинин кызы ..............................84

**Рамис РЫСКУЛОВ**
Ырлар ..................................................124

**Эрнис ТУРСУНОВ**
Триумф жана трагедия ..........................132

**Мехмон БАХТИ**
Карыя ..................................................150

**Сергей АРБЕНИН**
Стихи ...................................................185

**Хадзёка СУЕМУРА**
Камикадзе ............................................190

**Жумгалбек**
Спектакль .............................................201

**Михаил ЛЕРМОНТОВ**
Бородино .............................................206

**Михаил ПРИШВИН**
Күлазык ...............................................210

**Курманбек АБАКИРОВ**
Жаңы кылымдагы кыргыз адабияты ...215

Дүйнө элдеринин жомокторунан ..........241

Баарын билгим келет ...........................246

Афоризмдер .......................................250

Кытай анекдотторунан ......................259

Кыргыздардын кыскача тарыхы ..........264

Адабият жаңылыктары ........................269

Мукабанын биринчи бетинде
Кыргыз Эл акыны Байдылда САРНОГОЕВ.
Акындын 80 жылдыгына карата материалдар кийинки сандарыбызда.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш. М. Горький к. 1. Телефону: 53-08-89; Факс: 53-08-91.

www.bizdin.kg



*«Арча-2011» конкурсуна*

**Алтай ЧЕРИК**

# «АЙТА БАР МЕНИН КЕБИМДИ...»

(Романдан үзүндү)

«Жара тартылган кардынан оргуштап аккан, кыя кыркылган кокосунан түтүктөп аккан ысык канына капталынан чыланып, үшүнө келалбай үстөмөнүнөн чыланып, жат жердин топурагында оонап жатып, киндик каны тамган журттан айчалык алыс, жайнаган агайын-туугандан жылчалык алыс, өгөйлөгөн жайда далбас уруп, туйлап жатып, өбөккө келбей өзөрүп, томолонуп жатып жаны эмне деп чырылдады экен бечаранын? Өпкө-боору жанчылып, акырек-сүймүлчөгү быркырап, деми кирбей кекиреги киркиреп, киртейип-караңгылаган көзү сүзүлүп бараткanda, «ү» дээрине үн калбай, далбастаган жаны үзүлүп бараткanda кимди сөктү экен акыркы ирет ал бечара? Кимге наалып, кимди сөктү экен? Кара курсактын айынан жер түбүнө боздуруп, кайнаган орустун арасына азгырып келген жазмышын каарып алдыбы, жутамыш турмушка туш кылган тагдырын каарып алдыбы? Калкынын канын чапкенедей соргон журт башыларын сөктүбү же канжарын жалаңдатып кашында турган, суук элеси карегине уюп, катып бараткан такырбаш орусту сөктүбү? Тирүүчүлүктөн үмүтү үзүлөөр ирмемде, чөөдөй талагандардын колунан жакшылык болбосунан күдөрүн үзөөр ирмемде, кайра ойгонгус, кансыраткан уйкуга чөгөөр ирмемде, ой тереңинде белендеген акыркы сөзүн кимге багыштады?!»

Ушул саптар келди оюна козголуп. Кайсы бир, кайсы бир жылдары, жазуучу эмес, ары жок жазмакер атыгып жүрчүсүндө, кыз талаштын айынан колуна жорголото калем алып, чыгармачыл эрөөлгө түшчүсүндө чиймелеген аңгеме сөрөйү бар эле, ошондогу саптар келди оюна. Ушул

www.bizdin.kg



ойлорго чөмүлгөндө жону бүкчүйүп, өңү түктүйүп отурду Турар Атаевдин. Орус жеринде союлуп өлгөн алты кыргыздын азасын жалгыз тарткансып, алтоонун айтылбай калган, айта албай калган акыркы сөзүн, армандуу сөзүн жалгыз жандырчудан бетер үңкүйүп отурду. Сол колуна кыстарган тамекиси түбүнө чейин жылжып күйүп, эки эличе бозоргон күл болгонунда түлөп түшкөнсүп, түбүнөн күбүлүп калды эле, «бү!» деп сапырылта үйлөп салды. Жана бир чылым алып тутандырды. Ушуну менен канчанчысын тутандырып жатканын байкаган жок.

Кайсы бир ойчул чулусунан айткан дешет, а чынында жарты токоччолук тыйын аңдып, күнү түшкөн Ош базарын котолоп-тегеректеген ар бир экинчи кишинин оозунан күндө угат ал сөздү, вагондорго тирелипшыкалып, Кудай айткан шыбагасын издемекке туш-тарапка тентип бараткандардан угат ал сөздү, ошолордун ой учугун улады:

– Жарыкчылыкка жаратарын жаратып коюп, бирок тең жаратпай, биринен бирин кем жаратып, бирине бирин тепсетип, жер түбүнө талаалата тентитип койгон, кара жанын какшатып койгон Кудай...

Турар Атаев тып токтоду. «Койчу ошону!» – деди таарынычы бардай. «Андан көрө!» – деди. Арстанбекти эстеп, Арстанбек болуп козголду.

«Кул» дегенге намыстанды. «Жети атасын билбегендер «кул» атыкчу эле илгеркиде, азыр жети атасын билип туруп, кул болгондор чыкты, капырай! Жаманатты болчу журт эмес элек!» – деп түтөдү. Ушул көз ирмемде Арстанбек болуп кубулду. Кыргыз-казактын мурунку замандагы кайсы бир тобунда экейден келген Сүйүнбайдын оозун жап кылчудагы, эбин билбей, элди көзгө илбей сүйлөгөн Сүйүмбайдын жалаяктай оозун кум куйгандай жапчудагы Арстанбектин айбаты бар эмеспи, ошол айбат келди Турарга. «Ары жок маңка казак, агарбай жүргөн жакасынын агарып калганына, акчасыз жүрүп, акчалуу болуп калганына, курсагынын бир тойгонуна корстон маңкурт казак! Бу жарыктык Айтматов маңкурттун образын казактан тапканы тегин жерден эместир!» – деп сөгүндү. «Оң жагыбыздан орус – жоо десек, андан калышпай казак кошо жоо тура!» – деп, кайраштырып отурду. «Кой, Туке! Сабыр кыл, бир тууган калыкпыз! Илгертен жайлоодо малы бир, жакада жаздыгы бир боордошпуз!» – деп, абалтан дайындуу сөздү айтып ким тыймак эле азыр, шардана айтып жатпагандан кийин, жумуру баш чимирилткен чеги жок, түбү жок ой-санаасын ким окуп коюптур, ээн-эркин сөгүп отурду. Мына ушинтип, бирде Асан кайгыдай толгонуп, бирде Арстанбектей түтөп отурду. Бир туруп Асан кайгы кептенип, бир туруп Арстанбек кептенип, толгонуп отурду.

«Жүүнү бош, жүдөгөн кыргыз өлдүбү, бөөдө кырсыкка чалынып өрт кыргыз өлүп алдыбы?» деген ой кетти.

Турар Атаевдин мандайына келген кишисинен, жашы-карысы болобу, «тегиң кайсы?» деп сураган дагы бир адаты бар. Абалкы адаты, аталардан үйрөнгөн адаты. Тек сүрүштүрмөй деп коёт. Сүрүштүрүп отуруп

www.bizdin.kg



тек-жайын тактап, таап алса компоюп калат. Түптүү жерден таап алса, бүттү: «Аа, баатыр, баланча баатырдын урпагы турбайсыңбы, түкүнчө баатырдын тукуму турбайсыңбы!» – деп, сынай карап калат, аңырайса ата-жотосуна чейин санап берет. «Билип жүр!» – деп коёт. Өзүнчө эле азыркынын санжырачысы. Тааныбаган кишиси жоктой жүрөт, эбак көзү өткөн кишилерди да, тирүүлөрдү да аралаш түгөлдөп, таанығандай жүрөт. Гезиттен окуйбу, сыналгыданбы же бир топ жыйындан көрөбү, айтор, тааныш ат жолукса болду: «Ормондордун тукумунан, Жайылдардын тукумунан, Белек болот, Балбай болот» – деп, эсебин оңой эле алып коёт. «Кайдан билесиң анын баарын?» дегенге, «ошонун да окуусу барбы?» – деп, корс этип коёт. Коммунисттер койдура албай койгон качанкы адаты.

Азыр Турар Атаевди Кудайым бир сактады, алиги өлүп алчу жигиттин тегин билбей калганы абийир болду ушул саам. Бу бир ууч кыргыз баласынын тек-жаатын жеткире билгениң, ата-жотосуна чейин санжырасын так билгениң да бир азап экен, өз башыңа өзүң үйгөн арылгыс шор экен, өлүп алчу жигиттин тегин укканда өңгүрөп өкүрүп жиберет беле!? «Адыгиненин балдары азганынан базарчы болуп кетти, колтукка найза толгогон Тагайдын балдары таруудай чачырап, күрөк-шыпыргы көтөрүнүп, көчө шыпырып калды, арман-ай!» – деп, кейип-кепчип калчу адаты бар эле, алдындагы банкени азыр жерге бир уруп, айкырып алат беле!?

Турар Атаев сырадан чоң жутуп, жеңилдеп алды.

Ээ, уят менен сыйытты ушу Турарга эле берип койгонсуп, уят-сыйытты ушунчанын ичинен Турар эле билип койгонсуп, «ар-намыс» деп жүрүп эмне гана кылган жок турмушунда. Өзү айткандай киши гана өлтүргөн жок, же болбосочу, киши баласы элестеткендин баарын жасады. Жакалашчу жерден жакалашты, сөгүшчү жерден сөгүштү, Кудайым муштумду берип койгон экен ченебей, төбөлөшчү жерден эчен-эчен төбөлөштү. Далайдын сазайын карматты го колуна! Агезде билегине ишенген жаш чагы эмес беле. «Илим жактайм» деген ой жок, урунуп-беринип турмуштан ордун издеген кезеги эле. Кийин жогорку билимдүүлөрдүн катарына кошулмакка университетти бүтүрүп, илим жактап, интеллигентке окшоп калганда (илим жактаган кишинин жүрүм-туруму ошондой болот тура), чоң-чоң жыйыны болобу, көчөдөгү талаш-тартышы болобу, жаакташчу өнөр тапкан, жаакташчу жерден далай-далай жаакташты, эзели тим калган жок. Университетте жаакташты, троллейбус-автобуста кызыл-чеке жаакташты: «Эй! Жүнбаш!» – деп Фрунзенин мончолорунда жакалашып, жаакташты...

Ушунун баарын чечилип бир айтайын, төгүлүп бир сүйлөйүн десе, кулагын төшөп угарга гана киши жок мындайда, чиркиндики! Өзү айткандай, «ардуу бирөө жок», чиркиндики!

Арына уудай тийген суук кабардын күүсү менен, сыранын канды кызыткан күчү менен козголуп алган ойлору чубалып келе берди, келе берди...

www.bizdin.kg



Турар Атаев жаңы жандырган тамекисин маашырлана соруп, көк түтүндү оозу-мурдунан бурулдата узун үйлөп коё берди бир окуяны эстегенде. Күлгүн жаштын үч жылын кирзе өтүкчөн өткөрчүдө, солдатта жүрчүдө мушташка түшкөн, ошону эстеди. Бир белорусту кызыл-ала кылып сабаган, белчесинен чечинип алып сабаган, ошону эстеди. Белорусту кызыл муштум дешет экен, «кызыл муштумдан келгенди көрөйүн, сен – Белорустун, мен – Ала-Тоонун бир кычыгынын кулуну» деп мушташка түшкөн. Турар сабады. «Запомни, салага! Я – потомок Чингис хана!» – деп койгон аягында. Өзү деле түшүнүп-түшүнбөйт эмнеге антип айтканын. Өзүнүн жетинчи атасы Чынгышты айтпай, каяктагы Чынгыс ханды айткан.

Турар Атаев эрксиз билинер-билинбей ууртунан жылмайып, сырадан ууртады. Кайран кезең! «Абасы атыр жыттуу, аскар чокулуу Ала-Тоонун Арал деген айылында жашап, эмгектенип жаткан атам Атай менен апам Бурулканга жайы добулдуу, кышы бороон-чапкындуу Сибирдин Красноярск шаарында Советтик Армиянын катарында аскердик ыйык милдетин өтөп жаткан жоокер уулуңар Турардан ысык салам!» – деп баштап, аягында «кыргыздан – экөөбүз» деп кыстарып, кат жазар эле анда.

«Эч кимге алдырган эмесмин десем өтүрүк болор. Машаяк белем, жеңилген учурум да болгон, – деди Турар Атаев. – Жеңилмек турсун, жек көрүндү болгом...» Ошондон тарта өзү да жек көрө баштаган...

Ал сырадан жана бир мертебе кулкулдата жутуп, үстүңкү ээрдине конгон ак көбүктү сүртүнө, ууртун кымтыды. Жазы кабак тушунан салаасын салды да, артка кайрылган, тармалынын изи алигиче жана элек ак чачтарын тарап койду.

«Макоо болуптурмун» – деди. Ал оюнда ошондогу, жыйырма тогуз жаштагы Турар Атаевди жекирип алды. Ошондогу Турар Атаев көз алдына жүүнү бош, акылы толо элек, алдап койсо жоошуган аңкоо болуп элестеди. Каруусунун кара күчүнө гана ишенген кеңкелес элестеди.

– Мунун баарын эмнеге эстеп отурам азыр!? – деп күбүрөндү Турар.

«Азыркынын бокмурундарына өрнөк болсун, ушунун баарын китеп кылып жазсамбы!» деген ой кетти эргиген жанга бир туруп. Кайра көөнү айныды: «Афганчы белем? Ким окуйт эле аны?» Китеп жазып көргөн жок беле кезинде? Ал учурда колхоздун мүлкүнө суук колун салды деп айгак чыгып, жалган-чындан жамандап, кара чечекей жатындашын да какшатып таштаганды, согуштагы эрин күтпөй, качып кеткен жеңил ойлуу шуркуяларды («эркек көрсө ээрчип кетсе – шуркуя эмей эмине?» деген сөзү бар Атаевдин, жаалданып алганда андан орой айтат), үй бетин көрбөй, колхоздун төлү үчүн жанын садага чапканы калган чабандарды, алардын артынан жабыла жүргөн сакманчыларды, саан менен таң атырып, саан менен кеч киргизген саанчыларды жазгандар макталчу эмес беле! Партиянын айдагы астында аларың да арбап алгыдай кыйын

www.bizdin.kg



жазышчу, окуп отурсаң кыргыздын койлору жалкы төл бербей калган ал заманда, жалаң эгиздеп төлдөп, алды үч эмден жазчу эмес, чабандары болсо койчо маарап, кой тилинде сүйлөгөнү калгандай таасир калчу. Ким билет, Советтер Союзу дагы беш-он жылы бүтүн турганда, эргулдарың аны да ойлоп табышмак беле, балким... (Ушул жерден ага: «Кутмандуу күнүңүздөр менен урматтуу радиоугуучулар! Фрунзеден сүйлөйбүз» – деп башталчу кыргыз радиосунун берүүлөрү эске түштү, койлордун жабырап маараганынан бери уктуруп турчу эмес беле, туут маалында Кудайдын куттуу күнү угулчу кыргыз радиосунун баяндамалары болор эле, дубалдагы мыкка илинүү радионун кулагын бурасаң эле радиокабарчынын микрофонун талашып жатышкансып малыш койлоруң да бир маарап берчү ал заманда. Бүтүн Кыргызстан маарап жатып калчу эле.)

Касымбеков – Касымбеков башы менен куугунтукталып жаткан ал чакта Турарга окшогондорго ким коюптур!? Сокулуктук Ногой аксакалдын санжырасын кошуп жазгандагы аңгемесинин кол жазмасы басмакананы кой, Жазуучулар союзундагы көп секциялардын бириндеги талкуудан – баамында, баштооч жазуучулар менен иштешүү секциясы болсо керек эле – өтпөй калбады беле! Жазганды кой, айта коём деп оозу күйүп, партия менен комсомолдун тепкисин жебеди беле!? «Партияда жокмун» – деп какшаганына карабай, кашайгырлар партияда барлардан жаман сөгүшкөн. «Жазаң аз тийип калды» дедиби, бакаnooздук менен оокаты өткөн мансапкор бирөө жогору жакка жагынып, тоголок арыз айдап жибериптир, андан ары алиги үч тамганын эрмегине айланган, кызылчоктору аңгемелешүүгө чакыра берип жүдөтүшүп, аңгеме жазгыс кылышкан экинчи. Улутчулдуктан жалкыталы дешкенби. Уламачыл Ногойдун өзү деле өмүрүндө анчалык сөгүү укпаса керек, ага чейинкилер, ага үйрөткөндөр деле анчалык сөгүү укпаса керек, баарын жыйыштырып Турар уккан. Ошондогу тоголок арызчыл бир жасакердин азабы-ы!

Ушул ой келгенде Турар Атаевдин ичи туз куйгандай тыз этип, кейип алды.

– Тилине кирип, неге ээрчидим? Эмнеден корктум! – деп жемеледи өзүн. – Коркпой эле койсом болмок! Катуу туруп, кармашсам болмок! Акыр түбү утмак экенбиз...

Кыжыры кайнап, ачуулуу жаны ошондогу, отуз беш жылчалык мурунку Турар Атаевди оюнда чоң колу менен «дүк» эттире көкүрөккө дагы бир ирет уруп алды. Алтымыш бештен ашса да азыркы Турар Атаев андагы Турар Атаевден алдуураак экен, оң муштумун шиледи эле, отуз жаштагы Турар Атаевдин тумшугуна таамай тийип, оозу-мурду канжалап, эки аягына араң-араң таканчыктап, солдоюп туруп калды. Маңдайкы эки тишин ыргыта койду оюнда. Оозу-мурдун кыйшайта койду оюнда. Ошондогу Турар Атаевдин суракчысынан бетер: «Сол ишиңдин сообу ушул» – деп, кулачын керип туруп сол муштумун шиледи эле, олбурлуу

www.bizdin.kg



десең олбурлуу, далылуу десең далылуу, көмүрдөй кара чачтуу (үксөйүп тармалдуу эле), бийик маңдай, чап жаак отуз жашар Турар Атаев каршылык көрсөтүүгө алы жетпей, башын буруп ойт берүүгө дарманы жетпей, үнсүз-сөзсүз эки бүктөлүп отуруп калды. «Эркиң бош кандай акмак болгонсуң!» – деп, үстүнөн үйрүлө кыйкырып койду оюнда. Ушинтип бир Атаев эки Атаев болуп, бири – жаш Атаев, экинчиси – кары Атаев болуп кармашып, кызарып-татарып отурду. Бир Атаев эки Атаев болуп арбашып, арманы көкүрөгүн ачыштырып, көзүнө жаш толо жаздады.

«Мени тепкилегендер азыр Ак үйдүн алтынчы-жетинчи кабатында отурушат, желдеткичке желпинип, тегеренме отургучтарына чалкалап, бийик терезелеринен Ала-Арчанын тоолорун, чокусун ак чалган шаңкайган аскар тоолорду тиктеп отурушат! Көк үйдү билип отурушат, көк терезелеринен Боз-Бөлтөктү тиктеп отурушат! Боз-Бөлтөктү билип тиктешеби?!» – деп обдулду. Сол капталына кыңкайып, шымынын оң чөнтөгүнөн кадимки бышкан кирпичтин жарымынчалык келген кол телефонун («NOKIA» деген жазуусу бар, бирок) сууруп чыкты да кимдир-бирөөнүн номурун эстей албай кабагын түйүп, кармалап туруп калды. Жаттагыдай болду эле, канча эле? «0772 31-...-...» – деп, андан аркысын таба албай туталанды. Жазгандай болду эле, каякта эле? Жамбаш чөнтөгүнө кыстарылуу, кырлары кетилген эски блокнотун сууруп алып аңтарды. Бүктөөсү сөгүлүп, бириндегени калган блокнотунун улам бир бетин аяр барактап, үстү-үстүнө чийилип оңдолгон, жол-жол саптарга үңүлөт. Кыйшыгынан жазылган, ирээтин бузуп туурасынан жазылган, бирде бадырайта жазылган, бирде чычкан жоргологонсуп майда, эки саптын арасына кыпчылта жазылган эски досторунун аттары көзгө урунат дароо. Оң сөөмөйүнүн учуна «түү!» эте түкүрүнүп, улам бир бетин барактайт, эбак көзү өткөн теңтуштарынын ысымдары учурайт. Качанкы блокнот, качанкы ысымдар, качанкы даректер...

– Бул катарымдын көзү өтүп кеткен... Мунум кабылан эле, кап, көзү өткөн... Сыянын күчүн! Блокноттун бетинен өчпөй дале жүргөнүн кара, бул да өткөн... Кайран досум, мунум он жыл мурун өлгөн! – деп күбүрөнө, утур бир бетин барактап, чакмак беттүү эски блокнотун барактаган сайын эски номурларды шыкаалап, оо дүйнө салган, эбак казанак ичинде эки кулач жерди кучактап жаткан он чакты теңтушунун атын да таап алды. Тапкан сайын бейиши болгурлардын бейитин кошо түгөлдөп коёт:

– Баланчанын сөөгү айылына коюлган. Түкүнчөнүн сөөгү андан он чакырым алыстагы жердин астында, ал да айылына коюлган. Бул бечаранын сөөгү Күнтууда калды. Гмм... Ала-Арчага көмүлсө эле жандары бейишке чыга тургансып, кызматы өткөнү-өтпөгөнү деле Ала-Арчадан жай талашып жатканда Зулпуюп бечаранын сөөгү ардакталбай калды. Бир дөбөгө чогулгансып, Фрунзенин көчөлөрүндө далай жүрдүк эле, кыбыланы баштана чым жазданган сөөктөрү эми көрүнгөн бейитте жатат!

www.bizdin.kg



Ушинтип улам бир бетин барактап, бириндеген досторун тактап, эчак өлгөндөн блокнотуна телефону түгүл, эч качан аты-жөнү жазылбаган Зулпуевди ичинен аяды:

– Кудай ургандай атеист неме эле, кантти экен? «Улуу сюжетти» издеген кайраным!

Анан:

– Бир жерине жазгандай өндөндүм эле, түлөөң каткыр, «төртүнчү секратардыкы» жок го, – деп күңкүлдөдү.

Баары-жоктун баары жазылып, издегени жок, кашайып. Бир оокумда эстеди, эгемендүүлүктү ушул алып бергенсип, көйрөңдөнгөн неменин номуру да көйрөң, 31-08-91 эмеспи, эгемендүүлүктүн күнү эмеспи, «31-август, 1991-жыл» дегени эмеспи! Ошон үчүн жазган эмес блокнотуна.

Чалып, кулагына такады. Тыңшаса, кеткен чырылдагы башкача. Элдики жөн чырылдаса, мунукунан Гимндин кайрыгы угулат экен артка. «Ак мөңгүлүү аска зоолор, талаалар, Элибиздин жаны менен барабар» деген жери бар го, оркестр ошол жерин түркүн аспаптар менен үйлөп ойноткон жери бар го, так ошол жеринен баштап угулат экен. Бир укканда «Ордуман атып турсамбы?» деген ой келет. Эки мүнөттүк абанын толугу менен жаздырып алганбы, Турар Атаев кол телефонун тажабай эки мүнөттөн ашыра кармаса, Гимн эки мүнөттөн ашыра ойноду, бирок телефондун кулагы ачылып, ээси жооп берген жок. Ошол «сволучту» бир каарып алсам деди эле, атаганат! «Алло» деген үнүн уксам, ашатып бир сөгүп алсам деди эле, атаганат!

– Черт побери, Ак үйдө отурса эмне экен! – деди орус тилдүүлөр менен акыйнек айтышчудагы эски адатына салып.

Туталанган тейде башын бурду. Тигинде, чала бүткөн кирпич үйлөрдөн берегидеги жол боюна кыркалекей өскөн теректер урунду көзүнө. Тааныш теректер эле, бирок негедир сөңгөктөрү кыйшайгансып, көлөкөсү тетири көрүндү. Шаарга алгач келгенден бери, шаар астанасын алгач аттагандан бери көзүнө көнүмүш болгон теректер эле. Сөңгөктөрүнүн кыйшайганын! Айылды, тууган айылы – Аралды эске салган кайран теректердин аралары суюлуп, картайып баратышкан экен. Алышка суу жыгылбай, куурап калганы бар экен. «Илгери-илгери замандарда, биз жаш жүргөн чактарда узун өскөн теректер болор эле, күмүш жалбырактуу болор эле, айдарым желге шуудурап шоокумдуу болор эле, шоокуму моокумду кандыраар эле, узун теректердин узун тийген көлөкөсү, калың өскөн теректердин калың тийген көлөкөсү болор эле. Көлөкөлөп отурчу элек, ал кезекте сыраны теректин көлөкөсүндө шимирчү элек. Кудай уруп, терегиң кыйшык өскөн, өзөгүнөн кыйшыйып өскөн, көлөкөсү тетири тийген заман келгенби? Көлөкөсү тетири тийген заман!?» – деп таңданды масая түшкөн Турар Атаев: «Же акылым тетири айланып, тетири көрүп жатамбы? Же тегерегимди тетири баамдап жатамбы?..»

www.bizdin.kg



## II

Кылда курбуусунда «Автовокзал» деген жазуусу шоңшойгон – так ошол жылы Фрунзе жаңы вокзалдуу болгон – эки кабат имараттын асфальт жалатылган короосуна түш абыдан маалда кирип барган көк автобус капталдата жай имерилип, көлөкөлөй токтогондо ар кошкон жолоочунун арасында көк чемодандуу, айры калпактуу кыргыз жигит кошо түштү.

Аскерден кайтчусунда орусту көргөн каадалуу кишидей жанына бир чемодан күткөн эле, эки сыйра кийим-кечегине, дагы эки күндүк күл азыгына ичи толу, жүк куржуну да ошол, күлазык куржуну да ошол көк чемоданын колтуктаган Турар четтей басып, саамга турду. Жүк ташыган чүмкөмө машинеден машинеге жармашып, ой-талаанын баарын айлана Жамбылга жетип, ал жерден автобуска учкашып үч күн бою тынбай жол жүргөн неме акыры таманы жерге тийип, боюна кан чуркап, мойну-башы жазылганына жеңилдеп алды.

«Фрунзелеп келет, кыргыз баласы уюктаган абат жайга келет» деген ушундай болот экен толук кыргызга, өгөй сезилген жок. Чоктой балбылдаган оттору байкала элек, бирок вокзалдагы кыймыл көзгө бир эсе жылуу көрүндү, бир эсе кымгуут көрүндү. Кере кулач тамгалары карк темирден гана ийилген кырбуудагы жазууну жана бир мертебе чалкалай карап алды. «Автовокзал! Кыргыз ССРинин булуң-бурчунан, Нарын, Ысык-Көл деген итапкан жерлеринен бери кыйма-чийме каттаган жолдор, коңшу казак менен өзбекке кетчү кан жолдор келип түйүлгөн жер турбайбы!» – деди оюнда. «Тогуз жолдун тоому турбайбы!» – деди быйыл эле тургузулуп бүткөн вокзалдын имаратынан көзүн албай.

Бара турган жери анык болбогондон кийин ашыгып аткан киши жок, калаага келгендеги, калаа менен таанышчудагы жөрөлгөсүн жасап, кайруусун маңдайына түшүрө кийген калпагын көк желкеге түртүп салып, көк чемоданын көтөрүнө басып, вокзалдын имаратын бир айланды. Архитектура жайын түшүнгөн кишиден бетер ичи-тышын аңтара көз чаптырды. Имараттын бийик керегесин, төрт кабат үйдүн шыбын тиреген түркүктөрүн сонуркай карап, жомоктогу, кадимки эле кыргыздын жомогундагы алты капкалуу, жети капкалуу шаарлар эсине түштү. «Куруучу болсомбу! Куруучулукка тапшырсамбы документтерди!» – деп, оюбузулду калааны аралабай жатып. Ашканасы бар экен ичкериде, чыгдан тарапта экен анысы, оту каланган казанында аш бышып жатканбы, не бир түркүн даамдын, аскерде жок, айылында жок тамак-аштын чүйгүн жыты каңылжаарды кытыгылап, шилекейди агызат. (Пиязга шыкалып, майга сызгырта бышырылган «пирожки», «котлет», анан да «чүчпарапельмен» дегени экен, кийин билсе). «Буфет» дегени бар экен, ал жагы-

www.bizdin.kg



нан стакан-бөтөлкөлөрдүн кагышканы, орус катындардын шарактап каткырганы угулат.

Имараттын ичи-сырты, жака-бели баягы армияда, «Лениндик бөлмөдө» көргөндөгүдөй ураандар жазылган кызыл-тазыл көрнөк-жарнактар менен жасалгаланган. Бир айырмасы – ырымга кыргызчасы да бар, дагы бир айырмасы – кыргыз өң тартылган, көбүнесе кыз-жигит тартылган сүрөттөр көзгө учурайт. Коммунизм заманынын жарчылары учурайт.

Шам-шум этип алуудан мурун, кыркалекей өскөн теректердин көлөкөсүн бойлой вокзалдын күн чыгышы, какшыган таштуу сайга жанаша турган жагына басып келди. Анығында даараткана издеп келген. Шыпылдай бөртүп улам бири төмөнгө кайкаландап жүгүрүп түшүп, төбөсү көрүнбөй калып, кайра ычкырын оңдонуп чыга калып жатса, коктулуу окшойт, даарatканага ылайыктуу далдаа окшойт деп басып келген. Басып келди да көргөн көзүнө ишенбей, оозу ачылды. Айран калгандан көк чемоданын жерге коё койду, анысы кыйшык коюлган экен, капталына «күп» эте жыгылды эле, элес алган жок. Көзү алайды. Шумдугуң кургур, өзөн какшыйт дегенди биринчи көрүшү, таманында шагыраган ташы калып, какшыган сай жатат вокзалдын жанында! Ала мөңгү тоолордон шарпылдап агып чыккан «Аламүдүн», «Ала-Арча» деген өзөн болсо керек эле ушул сай угушунда, ошол Аламүдүндүн тамчы суусу жок, какшыган сайы жатат! Карасаң, кулактап бууп, буруп жибергенсип, өзөндүн ташы жайнаган сайы калып, өзү жок! Мээ кайнаткан мына бул жай саратан, Сары-Өзөн Чүйдүн саратаны канын катырта чаңкагандан кашайгыр бирөө башатынан оп тартып ичип, соолута ичип салгансып, какшыган сайы жатат! Кимдир-бирөөнүн сай тууралуу айтканы келди оюна, шашкандан «сай бузулат, сак болгун» деген сап болуп келди, шашкан жаны бузулуп келген сапты ушинтип жамап, жамактап койду ичинде.

Желкесине түшкөн калпагын алып желпинди. Ташы төлдөп жаткансып койташы жайнаган сайды, сайдын башы башталган тээ алыстагы калкагар тоолорду – Ала-Тоонун ак жалкак, көк жалкак мөңгүлүү кырларын телмире карап туруп: «Бир учурда биздеги Нарын болбосо да, береги Узун-Акмат, Чычкандын сууларындай суу болсо керек, таштанташка урунуп, ак көбүк чачыратып, чамынып аккан өзөн болсо керек, көздүн жоосун алган көркү болсо керек. Кыргыз баласы башынан суу жээктеп конгонду сүйгөн эл эмеспи, илгериде кыргызың Кыргыз ССРи боло электе, солто-сарыбагыш болуп жашачу кезде, Койлондун балдары («Койлонду» айылдын ак ээк абышкаларынан уккан) эки жээгине жакалай конуп, сайды тирей шыкала конуп, ак өргөө, боз үйлөрү казганак тизилген, Кудайдын куттуу күнү казаналуу той-топур менен өткөн кезеңи болгондур бул өзөндүн!» – деп ойлонду.

Ошондо эсин жыйып, жан-жагындагы кишилердин жүзүнө тигилип, каранып жүрөт. Кыргыздын борбору, айылдын эски кишилери айтмак-

www.bizdin.kg


чы – ордосу болгон соң, солтонун жеринде турган соң жайнаган солто кыргызын көрөм деп жүрүптүр жаман оюнда. Жолду катар ушинтип ойлоп келген. Ток пейил солтолор, байпагы макмал болуп, жетишип калган солтолор кыргыз көрүнсө эле калпагын булгалап: «Кош келгиле, тууганым, кош келгиле!» – деп тосунуп тургансып, тегерегин каранды. Кымгуут элди байкаса, жалаң орус. Эркеги көбүнесе маңдайы кырбулуу шапкечен, жеңи чолок көйнөкчөн, аялдары ооздорун манаттай боёп, төбөсүнө шоңшойтуп чач түйгөн. Дүмбүл кучакташкансып бирден балмуздак уучтап алышкан. «Орустун шаары окшойт» деген ой кетти. Анысын сынамакка амал ойлоп тапты.

Вокзалдан күн чыгышка кеткен чоң көчөнү бойлой, сайга артылган көпүрөдөн ары жүз кадам басты, жүздөп орус жолукту. Андан ары караса каршы-терши түшкөн, короолуу, учурма чатырлуу үйлөргө эки бети жык, учу-кыйыры көрүнбөгөн көчөлөр жатат. Дагы бара түшсө калыңдап эле кете берчүдөй орусуңдун катары. Беридеги эки көчөнүн кесилишинде котологон топту караса, боорунда «квас» деген жазуусу бар, чорголуу жагына кыңайтылган сары бочкени тегеректеп турушуптур. Уулу-уулу болбой, ар кошкон эл аралаш түшкөн көчөлөр ары сүрдүү, чоочун туюлат экен, бөтөнсүп артка кайрылды да көчөнүн күн жүрүш жагына басты. Вокзалдын тушунан басты жүз кадам, жүздөп-жүздөп жолукту орус бул жактан. Жарданып автобус аңдыганы деле, котолоп такси күтүнгөнү деле орус. Аялдамадан ары баскандан, ашыгыраак баскандан айбыгып, алыс барса адашып кетчүдөн бетер айланчыктап турду вокзалды. Кыргыз өң көрүнбөйт, бир-экөөн окшоштурду эле, дурустап бакса калмак көз өңдөндү, билсе кендир кап артынган дунган экен. Көк чемоданын көтөрүнүп ары-бери басат, маңдайдагы үйдүн туюк дубалына илинген боёктуу сүрөттөн көзүн албай: «Фрунзе – ири алды орустун шаары окшойт!» – деп көңүлүнө түйүп койду. «Түбөлүк улуу орус эли менен бирге!» деген урааны кызыл тамга болуп чийилген, кыргыз жигит менен орус кыздын кол кармаша баскандагы элеси түшүрүлгөн сүрөткө көзү кадалат, оюнда «орусу көп жер окшойт» деген санаа турат. Маңдайдагы ак болотной сүрөттө ак калпакчан, бүйүрмө жакалуу ак көйнөкчөн, кең багалек шым кийген олбурлуу кыргыз жигити гүл саймалуу, этеги жоон балтырга жетип-жетпеген көйнөкчөн (орустун улуттук кийими көрүнөт), олоң чачы эки өрүлүп, эки ийнинен ашыра ташталган, мүчөсү маралдай, күлкүсүнөн ууртун араң жыйган куйкул сары орус кызды ынагындай жетелеп, кынала жетелеп, маңдай тиштерин кашкайтып, күлүп-жайнап кайдадыр алып баратат. Партиянын ураанын, коммунизмге чакырган ураанын (балким, коммунизмди чакырган ураанын) бир саамга унутуп, сүрөттүн жалаң өзүн тиктесең, аларды туланы жашыл жайлоого, элетке баратат деп элестетишке болор эле, «кыраан кыргыз экен го, жайлоодогу үйүнө, элеттеги жоро-жолдошторуна көрсөткөнү үр кызды алып баратат

www.bizdin.kg



го» деп ойлош мүмкүн эле. Урааны го урааны, аныгы кандай дегенсип, кайра каранат Турар. Орус кыздарды билегинен имере тартып жетелеп, арышты антип кең таштап басканды кой, шынаарлап баскандары деле байкалбайт кыргыз беттүүнүн, шынаарлаганды кой, тирүү бирөөсү байкалбайт. Түрү андайдан нарагыраакта өчөйө аягын тарткан, бою жапалдаш, орусча чокчойтуп көкүл коюп, чачын тетири сылаган, буту ийри бирөөнү көрдү. Кыргызбы, казакпы же корейи менен калмагыбы, айтор, ойлуу баратыптыр. «Жыбыраган орустун арасында иттин чүкөсүндөй болуп...» – деди Турар.

Вокзалдын үстү, жолдун наркы бети таңы чыккан кепелүү шаар эле анда. Суурдун ийининдей болгон, жалпайган чатырларына кара кагаз чапталган («андай менен дааратканаңы каптай баштаган биз жакта»), анысы сайдын майда ташы менен бастырылган (желге сыйрылып, түшүп калбасын дешкендери экен), дубалдары жерге кирген жепирейген кепелердин жыштыгынан эшиги кайсы, короосу кайсы билинбейт. Ийри-буйру көчөлөрүнүн эни эки аттам, аракка тойгон бирөө-жарым туурасынан куласа, жол бөгөлүп калчудай. Түрү кыргыз кебетелген неме ошол көчөлөргө кирип, кепелерди аралап кетти. Ушул кепелүү жерлер «Төкөлдөштүн этеги», «Карпинканын башы» деп аталаарын кийин билди. Бир күнү өзү да ушул көчөлөргө корголоп келерин гана билген жок.

Мына ушинтип, ачылыш жасагансып кең Фрунзени дурустап аралай элек жатып өөнүн таап алганына маашырланган Турарга «эми кетейин!» деген ой келди. «Университет, политехникалык институт, медициналык институт... Кайсынысынан баштайын?» – деп, желкесин кашынып турду. «Университетке токтободум беле! Оболу университеттен баштайын, университетти табайын» – деди. Болжосо жарым сааттан ашык вокзалды айланчыктап жүрүптүр, келгенден бери дудук кейиптенип үн катпай тегеренип жүрүптүр. Кыргызды биринчи көрүшкөнсүп, баятан шилиден өткөрө бир тиктей калышып, анан жолун улаган орустардын ылайыктуу бирин токтотмокко, жол сурамакка комдонду. Оюн жыйгыча капталынан бир орус омуроосу менен сүзүп өттү, вокзал жакка ашыгып бараткан неме көрүнөт, артын карабай сүйлөнүп өттү. «Жолдун ортосуна туруп алганымды кара» – деди да Турар четтей берди. Кургаган тамагын жасап, сөзүн белендеди. «Не подскажете, товарищ, как можно доехать до университета?» – деп сурашка камданды.

– Сынок, квартиру ищещь да? Я могу сдать одну комнату, с хорошими удобствами. И улица бесшумная, тихая, – деди башына бир байлам чыт жоолук салынган, жалаңкат чыт көйнөкчөн, тор баштыгына эки бөтөлкө кефир көтөрүнгөн орус кемпир озунуп.

Ушу Турарды эле күтүнүп, бир бөлмөлүү кепесин Турарга белендеп тургансып, жандап өтүп бараткан жеринен жооп күтө токтоп калды.

www.bizdin.kg


«Спасибо, бабушка!» – деп кошумчалаганды үйрөнө элек кези, шашып калган Турар:

– Нет, не надо, – деп, башын чайкаганга үлгүрдү.

Айтканы жетишпей калгансып, тилин «шык» этип койгону да бар аягында. Басып кеткен орус кемпирдин артынан карап, эки нерсеге таңданып турду. Жайдак көйнөкчөн жүргөнү таң калтырды. «Мунун курагындагы Аралдын кемпирлери кызыл ашыктан көйнөк кийишип, бул маалда белдемчилерин белден, күрмө-чыптамаларын жондон түшүрүшпөйт, күбөкчачпактуу!» – деди оюнда. Экинчи таң калганы, Турардын конорго үй таба электигин туюп койгону. «Айылдан жаңы келгенимди кантип билди? Калпагымдан билдиби, же көк чемоданымдан билдиби? Же апендидей ары-бери айланчыктап басканымдан баам алдыбы?» – деди ичинде. Өзүн өзү жекип, ушундан кийин корунуп калды, көгөөн көздөнгөн орустар Турардын айылдык турпатын жабыла тиктегенсийт, корунган жанга кемсинте тиктегенсийт. «Шымымдын кыюусунда айып барбы? Көйнөгүмдүн бычыны башкачабы? Жакасы боштон жалгыз окшоймун, шаардыктардай болуп жагоо байланып албаптырмын» – деп, көлбөөрүгөн шымкөйнөгүнөн кысынып, көзүнүн кыйыгын салып, орустардын үстү-башын аңдыйт. Красноярскиде аскерде болгону эсеп эмес окшойт мында, эптеп эле эртерээк кыргыздуу жерге кирип кетүүгө ашыкты.

Ал заманда Фрунзелеп келген кыргызга кыргыз көрүнсө эле, жүлжүйгөн көзү жылтырап жылуу учураса эле: «Кыргызсыңбы?» – деп тактаашып коюп, кыргыздыгы билинсе эле сүйлөшүп-сырдаша бермейи адат болчу. Азыркылар кандай билбейм, ал заманда аялдамада болобу, автобус-троллейбуста болобу: «Каяктансың, тууган?», «Каяктансыз, карындаш?» – деп алдынан бир өтүп түгөлдөшүп коюп, сөзгө тарткандын эрөөн-төрөнү жок болчу. «Андай чылык-былык айылдыктардын, колхозчулардын, анан барып мыркымбайлардын кылыгы» деген сөз кийин чыкпадыбы. Ал учурда «асылуу» деп айтышчу эмес, «кыргызга кол сунуу», «кыргызчылык адети» деп коюшчу. Көчөдөн эле таанышып, керек болсо көчөдөн эле танашыпкеңешип алышчу. Кеңешкендеги сөздөрү да кызык болоор эле: кайсы жерде, кайсы зоот-фабриканын кыргыз баласына ылайыктуу, кыргыздын колунан келчү жумушу бар, кайсы көчөнүн орус кемпири жаман кепесин батирге бермекке камдуу, тооктун кепесиндей болгон ал батирдин бир айчалык баасы канча сомго бычылган, орустан калышпай колбаса алуу үчүн, колбасанын үстүнөн жазбай чыгуу үчүн кайсы дүкөнгө, кайсы убакта баш багуу керек ж.б.у.с. Кыскасы, тизмелесең өзүнчө бир эшек дептерлик. Ишиң чыкса, күнүң түшүп баратса да, маңдайыңан кыргыз жолугуп калса непадам, «кыргызчылык кылыңыз» деп кутулчу эмес белең. Мына ушундай сыйкыры күч сөз эле, сыйкысы кем ал замандын жазылбаган урааны эле. Ушундай адеп күткөн заман эле. Көзүнүн кыйыгын агытып, кыйтыйып караганды билчү эмес алтымышынчы жылдын базар көрө элек кыргызы,

www.bizdin.kg



кыргыз көрсө кыйдыланып турчу эмес алтымышынчы жылдары калаага кирген кыргыз кулуну!

Тердеп-кургаган Турар жалаяктай жүзаарчысын алаканына жайып, жаак ылдый шорголоогон терин аарчынып турса, эңчер бойлуу, алп мүчөлүү, бука моюн аксакал басып келди күшүлдөп-бышылдап. Чокчо сакалдуу, кыйгач көздөрү сүрдүү. Башында калпак, үстүндө чийбаркыт күрмө, шымы – галифе. Кром өтүгүнүн жоон балтырына батпай, кыя тилинген кончунда бир көк дептер, колтугунда гезит кыстарылуу. (Турар анын «Советтик Кыргызстанды» кыстарып алганын баамдады.) Айылдын активдериндей кейиптенет, бирок жашы актив курагынан улуу. Алтымыш беш – жетимиштерде бар курагы, күүлүү-демдүү турпатын карап, «абышка» дегенге ооз барбайт бирок. Төкөлдөштүн жоролуу кычыгы болуп, ошол жерден бозого тоюп чыкканбы, сары бочкенин түбүндө орустан кезмет талашып, түртүшүп жатып сырага тоюп алганбы, алагүүсү да бар. Чолок жең көйнөкчөн, шапке-шляпачан орустардын арасында үстү-башынан корунганы, чоң шаардан адашам деп апкаарыганы байкалбайт.

– Айылчылап келген жөнүң бар, жигитек, – деди аксакал туурадан.

– Ийи, – деди Турар, – окууга тапшырганы келгеним.

– Азамат! Окуш керек мүмкүнчүлүк барда, партия менен өкмөт үндөп турган чакта – деди аксакал күшүлдөп, – окуунун кайсынысын тандадың?

– Университет, – деп «лап» эттирди Турар.

«Чоң сүйлөп салдым окшойт» – деди ичинде.

– Эр экенсиң. Жердигиң? – деди аксакал.

– Жердигим – Кетмен-Төбө, уруум – саяк, аба, – деди Турар.

«Кетмен-төбөлүкмүн, анан да саяк кыргызымын» дегенди укканда, баятан суракка алып жаткансып, бекем такыган аксакал көзүн чоң ачып, «ээй» деди.

– Уркуң ким? – деди кадаланып.

– Саяктын ичинен каба, кабадан качканак. Бизди Чыңгыш уулу деп коёт, – деди Турар эчтемеден камаарабай.

– Ооу! – деди аксакал.

Адегенде Турардын жүзүнө жалт тиктеп, анан баштан-аяк бир сыйра сыдырып карап алды. Табылбай жүргөн кептин учугун жандыргансып, издеп жүргөн кишиси эми табылгансып көзүнө сырдуу тигилди. Кимдир бирөөнүн элесин, кимдир бирөөнүн көчүп жүргөн көлөкөсүн Турардын көзүнөн көргөнсүп:

– Баатыр, сен кан Садырдын урпагы турбайсыңбы! Кайран гана кан Сады-ыр! Бар экен го урпактары! – деп жебиреди.

Кан Садырды өңүндө көргөнсүп жебиреди.

– Уккам. Уккам кан Садырды! – деди Турар.

Сөзүн улагыча тиги киши сүйлөтпөй:

– Келе колуңду, баатыр! – деп шадылары жоон колун сунган.

www.bizdin.kg



Турардын колун кысып, коё бербей силкилдетип турган, көзүн жайнатып, жүзү тамылжыган.

– Өзүмдүн тууганым экенсиң! – деп бакылдаган.

Түбү бир атадан тарап атса, «Садырга тиешем жок» – деп тетириленмек беле, «каяктагы Садырды айтып башымды оорутпаңыз» деп «корс» этмек кайда ал учурда, базар көрө элек Турар Атаев ушинтип таанышып жүрөт Ногой аксакал менен.

Башка бирөө жолукканда тагдыры башкача болот беле, ошондо баш тоголоткон, үгүттөгөн кишиси бөлөк болгондо кандай тагдырга туш келмек, ким билсин. Чындап эле партиялык кызматтын артынан кетет беле же алты капкалуу шаар көргөнсүп шыктанып алган курган жан куруучулуктун артынан кетет беле, мал доктурлук кесиптин арааны жүрүп, айылдан күргүштөп келген кыргыздын баары эле айыл чарба институтуна барып жатты эле, ага азгырылып, акыры башкарма болот беле, же Фрунзеде Мидин менен Райкан жүрөт дешчү эле, балким, аларга кез келсе, акын болуп кетет беле. Бирок буйрук экен, эки заманды, өзү айтмакчы эки согушту көргөн сокулуктук Ногойго жолуккан, «солтодонмун» деген Ногойго жолуккан ушинтип.

Ошондогу кеп-келечтен узарып отуруп, чубалып отуруп жанагы узун сабак кептин башы чыгып отурбайбы. Даарып алган Ногой аксакал «Кан Садырдын окуясын» айтып, канын дүргүтүп, күүлөп коюп атпайбы да, анан намысына тийип атпайбы жаш Турардын. Какшыган сайдын вокзалдан өйдөрөөктөгү кабактуу жээгинин көлөкөсүндө, кум-шагылга чөккөн койдой ташка көчүк жөлөй отуруп уккандагы кеп, эки банке сыра ада болгончо айтылып, өмүр бою эси-көөндөн кетпей, утур-утур ой санаасында козголо берген, ой-санаасын козгой берген кеп. Дал ошол кептин айынан акыры запкы жээринен капары жок анда.

«Кылым илгери жоготкон тууганым менен табышып атсам, унчукпай басып кеткеним иттик болор!» – деп барбаландаган Ногой аксакал жөн жөнөбөй, бочкелеп, челектеп сатылган сырадан алып сыйлаган. Сайды бойлой жогору чыга калганда кыркалекей өскөн теректер болоор эле, көлөкөсүнө корголоткон сары бочкеден сыра сатылчу. Тутқалуу кружкалап сатылат экен сырасы, бошу жок экен анысынын да, карбаластаган Турар элпексинип, «а-бу» деп эсин жыйгыча, Ногой мындай басып барып эле, чоң банке таап келген. Сырага кызыгандан күрү-күү түшкөн элдин арасына тура алышпай, элкин деп сайдын жакасына отурушкан. Айылда минтип аксакалдар менен сыра ичмей жок, таягы менен төбөдөн ары бир салар, Чүйдүн коногу болуп аткан соң, Турар документтерди тапшырышты жыйыштырып, койдон жоош шүк отурду.

(Кийин-кийин айылга барбай, Фрунзелеп калып калчусунда сыра жандуу тартып, сырага күч чыгарган адат күткөнүн: «Шаарга киргенимде Ногой деген абам сыра менен оозандырган» – деп эскерет.)

www.bizdin.kg



– Шаардын сырасы сагындырат. Бозону тангандa бир маал сыра уулап келем, – деди Ногой. – Ушул тегеректен алыс кетпейм, түз эле вокзалына келем да, вокзалынан кетем. Кырчаңгым кармаганда анда-санда Дзержинка жакка барам, өкмөттөн жалыйна жеген, чачтарын артка кайрый сылап, сейил бактын көлөкөсүндө чалкалап баскан казыналык жазуучу, акындарга катылып келем.

– Кыргызы көзгө урунбайт, орусу көп шаар экен, – деди Турар.

– Шаарга турбай калсын кыргыз баласы! Сенчилеп окуганы келгендер көк дипломду чөнтөккө салгандан кийин куйруктарын түйөт дагы, безишет келген жагына. Үй-жай күтүп, шаарды түнөк туткан саналуу эле кыргыз бар калаада! Бирден санап берем керек болсо: Токомбайып, Сыдыкбекуп, Маликуп ... Өкүмөттүн багуусунда баары тең. Дагы кимди айтасың? Партиянын биринчиси – тиги кара-кочкорлук Усубалынын баласы, – санап келип оң колунун манжаларын аты жогуна чейин жумган Ногой сол колун аласынан ашырып, алдына төшөнүп отурган гезитти «мына бул» дегендей черткилеп койду. – Анан «Советтик Кыргызстанда» отургандар. Баарынын ата-жотосуна чейин билем.

«Калаага турбай калсын кыргыз баласы» – десе, Турар азыркыга чейин там үйдөн кыйналган айылдын карыларын эстеп, диплому колго тиер замат шаардан безип, жакага качууга ык койгондорду ошолорго окшоштурду. «Фрунзени айтып коём. Фрунзеси жок эле, Аралдын абышка-кемпирлери төрт чарчы там үйдү эмдигиче чанышат. «Тирүүлөй коргонго камап! Төрткүлгө жаткырып! – деп наалып, демдери кыстыкканы кала элек!» – деп эстеди.

– Айтматуп дегени угулуп атат? – деди Турар.

– Кайдан угуп жүрөсүң? – деди Ногой.

– Узун кулак радиодон, – деди Турар.

– Болсо болгондур. Калаага жаңы кирген жаш балдардан го, – деди Ногой.

Ногой «калаанын кыргызын санап эмне кыласың, мен сени ошон үчүн сырага чакырдымбы?» дегендей түр кылып, сөздү бурду. Жанатадагы сөзгө буруп алып келди. Алдыдагы сырадан өзү кере ууртайт да жылдырып коёт, аксакал кишинин алдында айбыккан Турар тарта ууртайт. Ары-бери каттаган орус койташтын үстүндө шоңшоюп отурган эки кыргызды тиктей өтөт, аны менен иши жок экөөнүн, айыл четиндеги кашатта отурушкансып беймарал кобурашат. Баятада эле вокзалдын капталындагы асфальт жолдо корунуп-кысынып турган Турарга бул отуруш эң эле ылайыктуу, ыңгайлуу сезилет.

Адегенде Ногой аксакал Турардын Качканакка чейинки ата-жотосун кайталатып укту. Турар кызыл шыйрак бала чактан атасынан, абышкалардан уккан, уга берип жат болгон ата санжырасын качанкы Качканактан таратып, – аты кызык ал киши мындан жүз жыл илгери өткөнбү, эки

www.bizdin.kg



жүз жыл илгери өткөнбү, белгисиз – төбөсү көрүнгөн азыркы урпактарына жеткиргенче, «ийи, ийи» деп, сакалын тарап, башын ийкегилеп отурду.

– Качканактан төрт уул: Асан, Арзымат, Көкүмбай, Жорукту, – деди Турар каадалуу санжырачыдан бетер, – Зуура байбиче: «Асанды ашка туудум, Арзыматты башка туудум, Көкүмбайды доого туудум, Жоруктуну жоого туудум» деген экен.

– Ийи, – дейт Ногой аксакал ансайын.

– Сырттан Көкүл бий деген көчүп барат Кетмен-Төбөгө.

Туугандары менен араздашкан го чагымда. Жалгыз кызын Арзыматка ыраа көргөн. Андан Садыр, Сейит. Айтууда Көкүл бий ушул силер жактан, Кемин – Кочкор деген жерлерден, – деди Турар.

– Ии, Кемин – Кочкор тигил тарап, – деп Ногой аксакал күн чыгыш жакка колун булгалап койду.

Ал тарабы күнчөлүк жолбу, айчылык жолбу ким билсин, иши кылса өмүрүндө ал жакка жер кезип барбаган Турарга аябагандай эле алыс туюлду.

Мынча болду, Садырдын казакка жортуулга аттанып, колго түшүп калганын кантип айтпай кетет, Арзымат балдарынын тарыхынын эң кызыктуу жери ошол эмеспи . Турар айтты.

– Аблайдын туткунунда кан Садыр баласы Доскулу менен өлүп алганын карылар көп айтат, – деп бүтүрдү сөзүн.

Ногойдун аңдыганы дал ушул сөз экен. Колунун учу менен сакалын сыдырып отурган неме, санын бир чаап алып:

– Болдубу? – деп жаш баладай кудуңдайт.

«Болдуңбу?» – деп эки кайталап сураса, жанытмасы бардыгы билинди. Аны дароо туйган Турар канчалык обдулса да, сөзүнүн оңдоп айтчу жерин таба албай койду. Оңтойсузданды.

– Ушул, – деп отуруп берди аңкайып.

Ногойдун оозун карап, сөзүн аңдып калды.

Ногой аксакал окуучусун кашына отургузуп алган мугалимден бетер:

– Жакшы сөзүң бар экен базарлыкка ала келген, бирок бир жеринен кынтыгын байкадым. Анда кулак түр, карагым. Эсиңе тутуп кал, кереги тиет. Кан Садырдын өлөр алдында айттырган керээзин уккан жайың барбы? – деди.

– Жок, аба, – деди Турар бозала болуп.

Эмеле «баатыр» деп аткан кишинин «карагым» деп чакырганын көңүлгө түйдү. «Чыпчыргасын унутпай, укканымды төкпөй-чачпай айткандай эле болдум!» – деп, ичинде күдүктөнөт. Күдүктөнгөнчөлүк бар экен. Бала болуп башына жүн чыкканы, укпаптыр андай санжыраны. Кайран гана Кетмен-Төбөнүн куйма кулак карылары унутуп калышканбы «Садырдын керээзи» дегенчелик ал сөздү же Турар жолукчу кишилерге жолукпай жүргөнбү? Же билген кишилердин көзү өтүп кеткенби? Сексен-

www.bizdin.kg



деги атасы Атай баш болуп, Кетмен-Төбөнүн санжыра айткан карыялары кан Садыр менен уулу Доскулунун Аблай колдуу болгонун айтышат, эси чыккан Аблай алдына тартылган этти жеп болбостон: «Баласы экөөн токтоосуз өлтүр!» – деп шашканын айтышат. Бирок өлүп бараткан Садырдын «кек кубала» деп айттырганын укпаптыр эзели. Чыңгыш уулу чогулуп, калаага узатчу кечте дагы бирде-жарым кишинин кеп козгогону эсте жок. Же керээти келген кан Садыр керээзин Кетмен-Төбөгө эмес, Кемин–Чүйгө айттырганданбы? Таң калды. Кызык сөз укту Ногойдон.

Агынан жарылып айтканы бул Ногойдун:

– Сынчысынын сөзү түңүлттү Аблайды, ал жерин ырас келтирдиң. Эт желип бүтпөстөн: «Башын алып, кардын жаргыла, жүрөгүн сууруп, көзүмө көрсөткүлө» – деп буюрат. Бул жерин да дурус келтирдиң. Сен унуткан өзөгү мына-мында: дөлөңгүттөр Садырды уулу экөөбүнүн тең колдорун кайрып, дегдеңдетип алып чыгышат боз үйдөн.  Бышкан эт толо чара каңтарылып, кымыз толо көөкөрлөр аңтарылып, дасторкону калат тебеленип. Садыр Аблайды «Сарткулу» дечү экен илгертен, адам ордуна санаган эмес экен да.

«Чөөдөй жабалактаган колуңдун көптүгү болбосо, сазайыңды берет элем Сарткулу! Найза бурап жекеме-жеке чыгар болсоң, өтүңдү алар элем Сарткулу, кап!» – деп сөгүнөт. «Жаагыңды бас!» – деп далыга түртөт эңгезердей дөлөңгүт. Жарданып турган көп казак жакка бир караганга үлгүрүп, айткан экен кан Садыр:

Ылаачын арыш, кыргый көз,
Болот бийдин Эсенкул,
Айта бар менин кебимди:
Ала көр менин кегимди...

Ушул саптарды айтып айтканында элөөрүп алган Ногой эки ийнин көтөрүп, көөдөнүн керип, дабышын бийик сала, жаагы ачылган дастанчыдай күпүлдөп алды, шаардын ортосундагы какшыган сайдын жакасында отурганын унутуп, күүктөгөн дайрадай чамынып алды. Элтейип караган жаш Турарды эки кылым артка, тээ эртегидеги эр Эсенгулдун заманына көчүрүп барып таштады. Турарга ушундай сезилди, эки дүйнөнүн босогосунда отургандай сезилди.

Ошондо Ногой тегеректеги орустардын көзүнө «филармониянын кыларга иши жок, ээнбаш артисти» болуп көрүнгөндүр, комуздуу кыргызды көрүшсө, астыртан келекелегени чыккан капырдын, анын сыңарындай маскарапоз болуп көрүнгөндүр.

Тегеректи тоотуп койбой сөзүн улайт Ногой:

«Дагы эмнени айтып жиберет?» – деп кооп санаган Аблайың кан Садырдын жаагын жап кылганча шашат. «Өлтүргүлө!» – деп шашыптыр!

Тык токтоп, көзүн Турардын көзүнөн албай тигилди. «Дагы эмнени улап айтмак болгон, кайран гана кан Садыр?» – деди Турар оюнда.

www.bizdin.kg



– Билдиңби? – деди Ногой мурутун жанып.

Айтканы Турарды таң калтырганына маашырланып, көөнү агарып турду.

– Ушул жерин укпаптырмын, – деди Турар бейкапар.

– Жо-ок, кек кубалачудагы жайычы. Кан Садырдын кек кубалашты табыштаганын айтамын, – деди Ногой, – керээзин кимге тапшырганын айтамын. Өзүнүн жек-жааттары турса, Кетмен-Төбөнүн койнундагы журту, жайнаган саяк, түнкатар-түнтөй тууганы турса, ошончо баатырдын ичинен, ак калпак кыргыздын ичинен сарыбагыш Эсенкулга кеп айттырганын айтамын!

Ногойдун кебинин жандырмагын эми түшүнгөн Турар:

– Баса-а! – деп таңданды.

– Илгериде кыргыздын ынтымагы, татуулугу ошончолук болгон! – деди Ногой, – ишеничи ошончолук болгон!

– Кек алынганынан кабарым жок, – деди Турар.

«Кетмен-Төбөнүн карыяларын кошуп мынча уят иш кылдым, болору болду, тартынбай сурап калайын» – деди ичинде.

– Анан Эсенкул кун кубалап барганбы? Аблайды өлтүргөнбү?

– Өлтүргөн! Өлтүргөндө да кандай өлтүргөн! – деди Ногой кебелбей. – Эми, аны айтсаң балээге каласың, камаласың. Ал жагын айтпай ак коёюн. Өсөйүн деген жигит экенсиң, келечегиң алдыда, убалыңа калгым келбейт, ушул жагын эле билип жүргөнүң ырас...

Турардын ышкысы артып, желпинип калды.

– Мени бир алып барчы айылыңа, Кетмен-Төбөнүн чалдарына санжыранын жөнүн үйрөтүп келейин, – деди Ногой тамаша-чындан.

– Жарайт, Кетмен-Төбөнүн ичин аралап, конок болуп кетиңиз, – деп башын ийкеди Турар.

Ногой:

– Ме, эми сыра апкеле кал, – деди да, «сары чолок» деп коёт эл оозунда, бир сомдук сары кагазды сунду.

Сыра толтурулган чоң банке экинчи айланганда дагы көп сөз айтты Ногой, үркүндү айтты, Ата Мекендик согушту айтты. Эки согушту көргөмүн дегени ошондон экен көрсө. «Экөө тең дүйнөлүк согуш!» – деп койду. Кыргыз башы менен дүйнөлүк эки согушка аралашканына компоюп алган түрү бар. Эки согушту көргөн кишини бир түрлүү тиктеген Турар: «Кап, менин атам бир эле согуштан кайтпай калган!» – деп, бир кейип алды ичинде. Кебелбеген Ногой үркүндү кеп кылып жатканда жогору жакка бир кылчайып, чөбү күнгө күйүп кеткен сары жон дөңдү кол жаңсап көрсөттү:

– Тээтиги Боз-Бөлтөккө дейре кайрылыштуу ээн талаа болчу ушул жерлер. Орустун пулеметтуу колу аркабыздан кысканда аралай качып өткөнбүз. Жыйырма бир жаш курагым эле, – деди. – Канчадасың?

– Жыйырма бир, – деди Турар.

www.bizdin.kg



– Дал ушул сендей курагым тура, атаңгөрү! Кайран гана Ногой! Ал заманда Аламүдүн менен Ала-Арчаң күкүктөп акчу кез, качкан эл суугa кептелип, ушундан бир аз жогоруураак жерден кечмелик издеп удургуганда, абаңдын кара болот кайсардай кези болучу, сыр найзасын сундуруп, качкан элдин артында болучу, – деди.

Найза сундурган киши сонундукка сундурмак беле, бет алдынан чыккан душманын жара саймакка сундурат да, Турар: «Бирөө жарымды өлтүрө сайганыңыз болдубу?» – деп сурамакка бир обдулуп, «Аламүдүн, Ала-Арча күкүктөп акчу беле?» – деп сурамакка эки обдулуп, оозун жасады, бирок дааган жок.

Карын оодарылганча эки заманды көрдүм дегени «Советке чейинкини көрдүм, «Кыргыз СыСыРы» деген ойго келбеген, чылкый көчмөндүү элек, эми кыргыздын көчө-көчө болуп жайгашып, кыштак күткөнүнө күбөмүн, Кудая тобо!» дегени экен.

Не үркүндү, не согушту көрбөгөн кишиден акын-жазуучу чыкпайт деген ойдо жүргөн Турар: «Эки заманды баштан кечирген кыргыздан, төтөн, үркүндөгү эл менен кошо сүрүлүп, Турпанга чейин тентигендерден катар-катар атактуу жазуучу, акындар чыккан. Бу киши эмнеге антип жазуучулукка киришкен эмес?» – деди оюнда. Бирок кан Садырдын окуясы көңүлүнө орноду да калды.

Кызарып-татаргыча алагүүсү ашынган Ногой жаңы тууганы Турарды сыра менен оозантып, ичин кызытып жолго салды.

– Эртең тапшыр документтериңди, кызып алдың, – деген акылы да бар. Кончундагы көк дептердин актай барагынан айрып, дарегин чиймелеп, карматып койду.

– Ногойду сурасаң жогорку Сокулук жалпы тааныйт, – деди.

Борборго башын батыра албай жатканда, өңгөсү бүтүп Сокулукка суутуп коюптурбу? Тек сыпаалыкка:

– Чолом тийсе, – деди Турар.

Айылга келгенде айылчылоонун шарты башка эмес беле. Же бир зарыл ишиң болбосо же бир илгерки орустардай эл-жерди түрө шимшилеген саякатчы болбосоң, темир таяк таянып, ойду-тоону каза аңтарган «геолог» дегендер чыккан азыр, же ошондой геолог болбосоң, анан эле бир ооз сөзгө ишенип, дарек-жайы чала-була чиймеленген жарым барак кагазды бетке карманып, «мени баланча чакырды эле» деп ким аттанат дейсиң? Эрге качкан кызын кууп чыккандар, Кудай кошуп кудалашкандар, же бир кызматка айдалгандар эле имерме тоону айланып, бир өрөөндөн бир өрөөнгө катташ кылышпаса, иштери жок болчу. Анын сыңарындай Турар карыянын көңүлүн улады:

– Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт, аба, – деди.

Сокулукка кетчү автобуска чейин узатып койду. Туш-туштан бириндеп келип, бир автобусчалык кыргыз чогулуп калат экен ал жерге. Жарык-

www.bizdin.kg



тык Ногой ал жерден да жөн турбай, кирип баратып автобустагыларды күлдүрдү. Эшиктин түбүндөгү орундукта отурган кемпирди тиктеп, мурда көрүп, эстей албай жаткан түр кылып:

– Ким элең? – деди.

– Баланчамын, мен баланчанын кызы эмесминби? – деди кемпир Ногойду таанып.

– И-ии, – деди Ногой, – шаарга келгенде эле кубулуп, кыз болуп калышат.

Чакыя тийген күндүн ысыгын жуткан темир боор сары автобустун ичинде сызгырылып, айдоочуну «айда эле айда!» деп ашыктырып, боргулдана тердеп отургандар «дуу» этип күлүп жиберишти. Күлкү толгон автобус ордунан козголду.

Ушундай жолугушуу болгон. Кайсы күнү экени эсте жок, бирок 1962-жылдын июнь айында жолукканын жаңылбай эстейт. Эгерде кулагына модалуу угулган «философ» деген кесип чыкпаганда, агайлары да шыкактап, окуудан кийин окумуштуулук жолго үндөбөгөндө, балким, такай эл чогулган жерлерде, түркүн жыйын үстүндө жүргөн, адегенде «дебит», кыйын кетсе алкынта «Волга» миндирген бир кызматка жетмек, анан чий калпак кийген, ыгы келсе-келбесе деле муунта галстук байланган, ыңгыранып сүйлөгөн, эби келгенде төр менен тост талашкан, эби келбесе кемеге жакты аңдыган курсактуу кызматчы чыкмак дагы, башынан көптү өткөргөн, эл-журтту кыдырган киши түрдөнүп, кербезденип кеп кылып жүрө бермек ушул окуяны эстегенде. Ошол кездешүүнү турмуш жолунун бир кызыктуу окуясы эсептеп: «Илгери-илгери, шаарга окууга барганымда Сокулуктук Ногой деген аксакалга жолугуп калып», «илгери-илгери Сокулуктук Ногой деген аксакалдан укканым», «Сокулуктан экен Ногой аксакал, ошол айтып берген илгери» – деп бажактап, «илгерисин» таптап айтып, өзүнүн сөзүнө өзү ашык болуп жүрө бермек.

«Ошол аңгемелүү кепти Ногой аксакалчалык ийине жеткире айтсам, Ногойчолук жеткире алсам, атаганат!» – деп какшанган күндөр, эзилте эсин оодарчу күндөр күтүп жатканы менен иши жок алдыда, сурап алган жолуна салып, күн жүрүш багытындагы «Ленин проспектиси» деп аталган даңгыл жолду бойлой каттаган автобуска отурду да: «Кана, университет! Кайдасың, кыргыздын багына бүткөн жалгыз университет?!» – деп, университет турган жерди издеп жөнөдү. Кашынан чыккан орустан сураса деле, автобуста чалкалап отурган орустан сураса деле, оголе көп көчөнү катары менен санап келишип:

– «Панфилова», «Логвиненко», анан азыр «Тоголок Молдо» (анығында: «Тугалак Мулда» деген) болуп өзгөргөн «Спортивная» көчөсүнөн өткөндөн кийин Белинский көчөсүнүн кесилишинен солго буруласың, үч-төрт мүнөт жүргөндөн кийин оңго – Фрунзе көчөсүнө бурулсаң, бурчтагы имарат – сен издеген университет! – дешкен.

www.bizdin.kg



Аралдын «орто көчө», «чет көчө», «чолок көчө», «кашат көчө» деген төрт көчөсүн аралап чоңойгон неме: «Ой-буй, мунун баарын кагазга тизмелеп, каршы-тершисинен келтире чийип албагандан кийин кайдан жаттадым» – деп жаңылып калбаска тырышат. Баятада уурталган сырасынын угуту күчтүү белем, ичин тызылдатып, эси кадимкидей эңгирегенин эми байкады. Аксакалдын көзүнчө сыр алдырбаганы менен масая түшүптүр. Орундукка отурса эшикке жетпей, болжолдуу жеринен ылдам түшкөнгө үлгүрбөй калчудай туюлуп, тикесинен туруп алган. Аялдай түшкөн автобус мөңкүп жылса ала салып кетчүдөй туюлгандан көк чемоданын аласына кыпчып, таянгычты эки колдоп кармап алган. Автобустун терезесине кадалып, көөнө Пишпек заманынан калган орустун эски үйлөрүн – сырт дубалдары даңгыл жолду тиреген, каалгалуу терезелери көчөнү караган куйрук улаш үйлөрүн кыдырата санап барат, ичинен: «Белинский, Фрунзе, Белинский, Фрунзе...» – деп кайталап, болжогон көчөсүн аңдып барат.

Жүрүп бараткан унаанын ичинде айланкөчөк атышкансып, кеменин ичинде чайкалышкансып, адамдардын бөртмө эшикке бет алаарда жөөлөшө басышканы кызык экен, ага көнө элек жаны жүдөп чыкты тез эле. Тирелген жүргүнчүлөрдүн колоңсосу тумчуктурду бир жактан. Өзү да боргулданып, үстүңкү эрдин жалап койсо, жаак ылдый шоргологон ачуу тери ууртуна куюлду. Теринин шордуусун кантесиң! Көйнөгүнүн да колтук тушу сыгып алчудай нымдалып чыкты. Бир маалда автобустун алдыңкы эшигинен секирип түшүп, эли кумурскадай кыжылдаган шаардын баш айландырган кыйма-чийме көчөлөрүн аралап баратты, көк чемоданын көтөрүнүп, көк теректүү, кара жыгачтуу жолдорун – «тротуар» дейт экен кийин билсе – бойлоп баратты. Жалаяктай жүз аарчысын мойнуна салып аарчынып, улам желпинип коёт.

Турар Атаевдин 1962-жылдын жай саратанында айылды таштап, Фрунзеге келчүдөгү жоругу ушинтип башталган. «Чоң калаага барчумун, чоң окууга түшчүмүн, баланча райкомдой, түкүнчө исполкомдой чоң болчумун!» – деп самаган, дымагы чоң Турар көңүлүнүн тереңин кытыгылаган купуя кыялын, дымагына ченеп бышырган бүтүмүн ишке ашырмакка Фрунзеге келгендеги кербези ушул эле.

Жайкысын кериле кетменин чаап, күзү-кышы көөрүгү менен кампасын айланчыктап, колхоздун түйшүгү менен жүрө берсе үй күчүк болуп калчудай, мыкты кетсе алыштын башын кулактаган атактуу суугатчы болчудай. Анан Аралдын кебээ курсак абышкаларына окшоп айылдан чыкпай жүрүп эле карып, бүрүшүп калчудай бир күнү. Бул жарыкчылыктагы бешенеге жазылган шыбагасы Ат-Ойнок менен Суусамыр тоолорунун арасына гана камалгансып, бул жалганда эрди тийбеген кашык калбагансып: «Эмнени гана көргөн жокпуз» – деп тамшана сүйлөгөнүн кантесиң абышкалардын! Алардын жолоюн жолдосоң, ушул өрөөндө төрөлгөнүң үчүн ушул өрөөндөн чыкпай өмүр кечирип («ушул өрөөндө

www.bizdin.kg



деле эл кызматы бар»), ушул өрөөндө өтүшүң керек! «Чоң дүйнө бар, чоң дүйнө!» – деп сүйлөнгүң келет. «Ал дүйнө кырлардын ары жагында!» деп сүйлөнгүң келет.

Жөөкөрдөн бетер сагалап, «агалаган!» боз балдар көк чемоданды колдон жула талашып, райборборго кетчү таш жолго чейин узатып чыгышчуда, көздөрүн ымдап, бырыштуу колдорун жайган кемпир-чалдар: «Ак жол сага, Чыңгыштын урпагы! Кийин журт кызматына жараган киши болгонуңда кырка-кырка үйлөрү уулу-уулу болбой, аралаш түшкөн, түндөсү балбылдаган оттуу, дүпүйгөн бактуу, кабат үйлүү Фрунзени ырымга бир көрсөтсөң, бизге жетишет, айланайын!» – деп кашаалуу короонун этегинде кала беришкен кыркалекей тизилип. Чыңгыш уулунун тың чыкма кулунунун тезирээк элдик болушун тилешип, чоң болор күндүн бачымыраак угулушун күтүнүп, баласы окууну бүтсө эле үлкөн кызматка турганы гезит бетине жазылчудай, дубалдагы мыкка асылуу радиодон «дүңк» этип угулчудай алысты аңдып, эртеңкини тыңшап, жабыла «Оомийин!» деген тейде алакандарын жая, улутунуп кала беришкен.

Батанын күчүнө шерденип алган Турар: «Кагылайын, Чыңгыш уулу!» – деп коёт ичинде. Азыр ойлосо адыраңдап алыптыр ошондо. Аңсаткан университетти алгач көргөндө (Белинский жагынан келген экен азыр эстесе), ирегеси жумуру түркүк маңдайлуу (сүрөттөгү Ленинграддын Улуу Петр заманынан калган заңгыраган имараттары сыяктуу), үч кабаттуу керегеси бир көчөдөн бир көчөгө жеткен, короосунда кыргыздын кызыл жүздүү улан-кыздары кымгуут түшкөн жайды суктана карап алганы эсинде, дүйнөлүк илимдин кайнаган очогуна кабылгансып, босогосун аттаса эле, астанасындагы жумуру түркүктөрдү айланып турган топ жашка аралашса эле көкүлдү тетири сылап, керстендей керилип калчудан бетер, ошондон ары чилистен болуп кетчүдөн бетер кадала караганы да эсинде.

«Мындай өөнү жок жайды заңгырата тургузуш копол кыргыздын колунан келбей калсын азыр, тээ Манастын күмбөзүн тургузган замандан кийин эле кыш кармаганды унуткан эмеспи элибиз, күмбөз тургузарда таранчы менен кашкарлыкка кор болуп калганы ошондон эмеспи, маңдайындагы түркүгүнө, сызгыч менен аттырып койгонсуп бурчтарынын кырдуу чыкканына караганда орустун устасы көмөк бермеги мүмкүн» – деп, жайнаган көп терезелүү, каңылтыр чатырлуу университетти көздөй илгери кадам шилтеди.

Баята автобекеттин тушунда үстүнөн кысынып калган неме кыргыз жаштарынын сырт келбетине назар салып жүрөт. Чолок жең көйнөкчөн, кең багалек шым кийген, көкүлдү тетири сылаган жаштарды көрдү, «болду-болбоду өйдөңкү курстун балдары же сот, райкомдун окуусуна түшкөндөр» деди оюнда, айры калпакты баса кийип, моюнга орусчасынан муунта галстук байланган жаштарды көрдү. Ушунусу кызык көрүндү. «Кыргызга ушинтип кийинсе эп турбайбы? Калпак менен жагоо жарашат

www.bizdin.kg



турбайбы!» – деди оюнда. Узун чачтарын эки өрүп, сооруга таштап койгон, беттери анардай кыпкызыл, мандалактай маңкайган көчөт кыздар жүрөт олчойто-олчойто китеп кучактап. Алардан көзүн алалбай, сыдыра карап алды.

Бир сыйра ашык алган кийим-кечеги, эки күнгө жеткенчелик ченеп алган жол азыгы тыгылган көк чемоданынын кайыш туткасын бек ууччаган Турар университеттин так маңдайына келгенинде имараттын кылда чокусундагы кыз-жигиттин катарлаш баскандагы эстелигин да суктана тиктегени эсинде. Кудум азыркыдай эсинде. Азыр турабы-жокпу билбейм, астын-үстүн түшкөн ушул заманда аман калдыбы-жокпу билбейм, ак таштан чегилген, булутту жиреген чулу эстелик болгонсуду эле. Кең багалек шымчан, чолок жең көйнөкчөн, чачты артка кайрып салган сымбаттуу жигит менен этеги тизеден ылдый, жеңи чолок жеңил көйнөкчөн кыз (болжолу он жети – он сегиз жашында) башты бийик көтөрүп, Ала-Тоонун чокуларына көз чаптырышат. Бир мүдөөнү тең бөлүшкөнсүп алысты, тээ алысты тиктеген, узак жолго, аруу жолго чогуу сапарга аттанышкансып арышты кең таштаган, ишенимдүү таштаган жарык маңдай кыз-жигиттин эстелиги ушу турган жаштарга арналгансып туюлган. Ошондогу аруу ой көрүнгөнгө эле келе бербесе керек, ошондо Турар эстеликтеги жигит өңдөнгүсү келди эле, ошентип кыз жандагысы келди эле...

## III

Азыр ордундабы же жокпу билбейм, Турар айтмакчы кыргыздын маңдайына бүткөн ошол жалгыз университетке кире берчүдөгү он эки түркүктүү кенен вестибюлдун оң жак төрүндө китепкана – «кызыл үй» деп да коюшчу – болор эле. Эми кайсы бирин айтасың, кимдин гана китеби жок эле ал жерде, Маркс, Энгельс, Лениндин том-том китептеринен, партиялык съезддердин калың мукабалуу материалдарынан тартып, не бир көкүрөгү тунук ойчулдардын, акын-жазуучулардын калеминен жаралган чыгармалар турчу эле текче-текче болуп тизилип, шыпка дейре шыкалып. Кыргыздан Токтогул, Тоголок Молдо, Аалы, Жусуп дегендердин китеби чыгып, катарында турар эле. Жаңылбаса, «Манас», «Семетей», «Сейтек» өз-өзүнчө китеп болуп чыгып калса керек эле ошол жылдары, көпкөк мукабалуу болсо керек эле. Ошондо да китеп жетчү эмес кыргызга, капырай. Билим дегенде ак эткенден так эткен студенттер узун кезекке туруп, акыя күтүп, Ленини болбосо да, берегилерге теңелчүдөн бетер биринен бири талашып окушчу. Көзүнүн майын коротуп, айла кеткенде дептерден дептер калтырбай, китепти китептей көчүргөндөрү канча!?

Көөдөй кара чачын кадимки Жусуп, Мукайчасынан сыйда тарап, чалкасына кайрып таштаган, сыйга кийчү жалгыз шымынын кырын

www.bizdin.kg



сызгычтай үтүктөп, күрмөсүн каруусуна илип алган, «быйыл төртүнчү курс» дээрликтей салабаттуу басыгы бар филология факультетинин студенти, анан да факультеттин алдындагы өз демилгелүү чыгармачыл жаштардын «Учур» адабий ийриминин активисти, төтөн «Улуу сюжет изденип» аттуу ыры менен оозго илинген жаш акын Жусуп Зулпуев ошол кызыл үйдүн эшигин имерип турган жоон топ кыз-жигитке жакындады да, дал бүгүнкүдөй жагдайга, шаарга келген кыргыз баласы кезек күтчүдөгү жагдайга деп баятан белендеп алган сөзүн кадимки Түгөлбай, Кубанычбектерди ээрчиген интеллигенттен бетер сыпаа үн менен айтты:

– Элдин куйругу ким?

Адегенде элес албай калгандары «ким эле?» дегендей бирин бири карап элеңдегиче, четтерээкте турган, алманын сабындай мойнуна күмүш желбирөөч тагынган, эки өрүм чачын далыга таштаган каратору кыз:

– Мен, – деди уялыңкы.

Чала уккан Жусуп Зулпуев «ким?» дегиче, алиги кыз төмөнкү курстан өңдөнөт, тартынчаак түр менен:

– Байке, мен, – деди үнүн бийигирээк чыгарып.

Ал деле элес алып, маани бербептир сөзгө. Ортороокто мойнун созуп куркуйган курсташы турган, комсомолдун активисти өзү, теги элеттик, андан ары чукуласаң ашка тойбогон бир томояктын тукуму, ошонусун унутуп, ыгы келсе-келбесе деле: «Мен – Дзержинканын жакасында чоңойгон жаштарданмын!» – деп көөдөнүн керген неме, ошол асылып калды ойдо жок жерден:

– Ай, Жусуп! Өзүң тилчи болсоң, сөздү бузуп сүйлөгөнүң курусун! «Элдин куйругу» деген да болчу беле? Мунуң тантык сөз эмеспи!

– Кезектин куйругун айтканым, дос! Орой сөздү жумшартып, оңдоп жатпаймынбы, – деп койду Жусуп Зулпуев.

Тигил кенедей асылды да калды:

– Филологияны төртүнчү жыл окуган киши ушинтип сүйлөсө, тилибиз эмне болот? Чала сабат билермандардын айынан тил бузулаарын сен билесиң да! «Тил таануунун теориясы», «семантика» боюнча лекцияларда далай укпадык беле!

Эл көзүнчө билимдүү көрүнгүсү келдиби, айтор, «теориялап!», «семантикалап!» опурулуп, Жусуптун күйбөгөн жерин күл кылды комсомолдук активист. Жөө чеченденип безилдеп, эрөөлгө үндөп турду ушинтип.

Азыр кандай билбейм, ал заманда Фрунзеге келген кыргыздын дагы бир өнөрү болор эле, физик көрсө «кыргыздын Ньютону», химик көрсө «кыргыздын Менделееви», кар жаачудай кабагын түйүп, философиянын артынан түшкөндү: «Сократ эле Сократ! Кыргыздын Сократы!» – деп атыктырчу. Андайлардын даңк-дайыны курстан-курска, жатаканадан-жатаканага угулуп, өздөрү да дердейип калаар эле. Аны укканда айылдан келген кыргыздын анча-мынчасы аңырайып калчу, айрыкча – кыздар.

www.bizdin.kg



«Ошондой дымактуу жигиттердин бирде-жарымына туш болсок, багыбызды табар белек!» – деп дегдегенде, далай кыздардын жүрөктөрү кабынан чыкчудай туйлады го, чиркин. Ал эми «илим жактаптыр, даража алыптыр, сыйлык алыптыр!» дегенди айтпа, андайдын даңкы космоско учкан орустун балдары менен тең угулчу. Ошолордун биринен саналган: «Илим жазам, Радлов болом!» – деп далайдын оозун ачырган Жусуп Зулпуев оңтойсузданып алып, сөз жайын жайбаракат түшүндүрүп кирди:

– Досум! Ушинтип жүрүп кыргыздын адабий тили, шаардык тили акырындык менен калыптанат! Өзүң айтмакчы Дзержинканы чөйрөлөп, маданияттуу сүйлөгөнгө үйрөнөбүз. Аны мына – биз, азыркы муун калыптандырабыз! – деди.

«Мына – биз» дегенди айтканда эки колун эки жакка жайып, «жалпыбыз» дегендей ишаара жасады.

– «Калыптандырба» деген киши жок! Бирок эби менен. Чалдыкуйдулукка алдырууга болобу?

Китептин кезеги унутулуп, кызыл үйдүн алдында талкуу башталып кетти.

– Досум! – деди Жусуп Зулпуев. – Семантиканы айтып калдың, сен дагы жакшы билесиң. «Тилдин сөз жаратуу мүмкүнчүлүгү» деген темада реферат да жазып жүрбөдүк беле! Эсиңдеби? Анын сыңарындай...

– Сөз жаратуу керек! Бирок саясий сабаттуулукту унутпоо зарыл. Партиянын генералдык линиясы деген бар...

– Сабаттуу эле! – деди Жусуп Зулпуев жактырбаган түр менен. «Каяктагы генералдык линияны айтып былжырайт» – деп ойлогонго үлгүрдү.

Ушуну эле күтүп тургансып, Жусупту капканга оңой түшүргөнүнө кудуңдаган тигил жаагын жанды:

– «Куйрук» дегениң саясий ката! Эсеби, «буржуазиянын куйругу», «байманаптардын куйругу», «эскинин куйругу»! Эсеби, «эл душмандарынын куйругу»! Аны унуттуңбу? Же сен куйруктарды актап жатасыңбы?

Кебинин кемтигин чукуп таап бергенине корстон тигил тигиле карайт. «Ала канаттыгыңды ашкере кылдымбы!?» дегендей карайт. «Курстун алдыңкысымын, сөзгө алдырчу эмесмин» деген Жусуп акысын алдыргансып, мукактанып калды.

«Буларың чилистен го! Эл укпаган капкайдагы «теория», «семантика», «реферат!» дагы ушуга окшош сөздөрдү аралаштырып сүйлөгөн ашкере билимдүү агалар го!» дешип, экөөнүн жаакташканына кулак салган студенттер эмки жоопту Жусуптан күтүп калышты.

Жакшы эле сабырдуу жаны бар эле Жусуптун, кызарып-татарып, баш териси тырышты. «Унуттуңбу?» – деп акырайганы ийне менен безге сайгандай тийди. «Контр, эл душманы» катарында атылгандын уулу экенимди ушул билип койгонсуп, акмактын сүйлөп турганын карачы!» – деп ызырынды бир туруп.

www.bizdin.kg



– Сен!.. Сен антип!.. Оозуңду кара!.. – деп эле тили буулду.

Калчылдап жибербей карманып:

– Бул сөзгө кайрылып келебиз дагы, дос! – деди да, колун ачуулуу силкип, шарт бурула эшикти көздөй жөнөдү.

Тургандар түшүнбөй күбүр-шыбыр.

– Эл душманынын баласы! – деди активист артынан, – туура сөздү көтөрө албай, чычалаганынан басып кетти.

Ичинен: «Төө чечкендей кылдым» – деп компойду.

– Эл душманы!? Билбептирбиз! Ким деген эле атасы? – деди тургандар.

– Таласбай Зулпуев деген болгон. Отузунчу жылдары советтик – партиялык кызматтарда жүргөн. «Контр» катары кармалып, атылып кеткен!

– Контр!? – деп көздөрү алайды тургандардын.

– Хрущевдун мээрими тийип, бир канчасы акталган эмеспи! – деди дагы бири.

– Текши акталган эмес. Арасында айыбы оорлору бар, аларды актаганга болбойт экен. Мунун атасы ошондойлордон имиш...

– Эмне айып болду экен?

Активист олурая карап:

– Коммунизмге каршылардын үгүтчүсү болгон! Англиянын тыңчысы болгон! Англиянын бузуку аракеттерине таянып, Советтер Союзун жексен кылмакчы болгон! – деди.

– Ок! – дешип тургандардын жүрөгү ооздоруна тыгылды, – Англиянын тыңчысы!?

Кыздар кымтынып, «Англия!« десе арам угулуп, оозанганга даабай, «апи-ийлеп!» ооздорун басты.

– «Зулпуевдер» дале бар турбайбы? – деди жигиттердин бири.

– Фамилиясын өзгөрткөн эмес экен да! – деди дагы бири таң калгандан башын чайкап.

«Актайм!» – деп туталанды Жусуп Зулпуев университеттин айнек калкаланган эшигинен чыгып баратып: «Атам эл душманы эмес!» Көзүнүн чаары учуп, каны башына тээп чыкты. Ансайын кызууланат: «Мен атамды актайм! Жазып отуруп актайм! Жазыксыз атылганын, Атаев сындуу бакан ооздордун жалаасы тийип, «улутчул» атыгып, ак жеринен атылганын жазып чыгам акыры! Жаза берем, жаза берем!.. Кимдин «куйругу» ким экенин ошондо көрөбүз! Атамдын өмүр баянын роман кылып жазам!»

Ушунун баарын бирде ичинен туюк айтып, бирде дабышын сала күбүрөнүп-шыбыранып айтып, албууттанып баратты. Санаага бастырганда өзү менен өзү басып баратып сүйлөшкөн кишилер болот, ошентип баратты. Кашынан ким чыгып, ким өткөнү менен иши жок, арышын кенен-кенен таштап, жаалданып баратты.

www.bizdin.kg



Университеттин алдындагы аянтчаны жээктеп, кобурашып турган бир-эки таанышы: «Эй, Жусуп!» – деп үн салышты эле, аларга да кулак салган жок.

– Тууган! Тарых факультетине документ таштаган жагы каякта? – деди көк чемодан көтөрүнгөн, калпагын баса кийген, тердеп-кургап алган олбурлуу жигит.

Жусуп Зулпуев кылчактап да койгон жок. «Тууганыңды урайын!» – деди ичинде. «Сообу!?» деген бойдон кала берди көк чемоданчан жигит.

...Ушул окуядан кийин жоро-жолдоштору Жусуптун түнт тартып, күндө бир маал үңкүйүп, университеттин «МАЗ» деген залында отуруп калганын көрчү болушту. «Малый актовый зал» дегени бар экинчи кабатында, күндө кечинде эл тараган маалда киргилт суусу челкилдеген челек, туура башына кендирдин айрындысы оролгон таяк (ал каадалуу буюмдун аты «швабра», «каадалуу» демекчи, кээде ошону талашып чукчуңдашып кетишет өз ара) көтөрүнгөн орус катындар полун жууп кеткенде абасы тазарып, салкындап калат, ошол залы ээн калганда кээде кечке отурат бирдемелерди чиймелеп. Жазат, кайра чиймелейт. Кээде жазганы купулуна толбой, айрып салат майдалап. Ондоп кайра жазат. Окуп чыгат.

– Жазып атам, – деп кырс жооп берет кызыга сураган кишиге. – Көрөсүңөр жакында!

Билбегендер: «Элдин атасы акталып, Жусуптуку акталбай калган экен. Мындагы ЦКдан жолу болбогондон, атасынын актык кагазын алмакка түз эле Москвага, Саясий Бюрого, СССР Жогорку Советине, Жогорку Сотуна арызын урат имиш» – деп өз ара түкшүмөлдөйт.

– Жусуп эле болсо аны жасайт, – деп баштарын чайкайт кыялын билгендер.

– Саясий Бюрого!? СССР Жогорку Сотуна!? – деп көздөрүн алайта таң калышат бирерлери, – түз эле Хрущевдун, Брежневдин өзүнө чыкканы жатабы!? Жогорку Сот менен кармашканы жатабы!? Биз мында университеттин ректорун кой, башкармадан бетер курсагын салаңдаткан береги деканына баш багууга даабай жатсак!

Сюжеттен сюжет издеп, улам биринен иренжип, сөздөн сөз иргеп, утур жазганы утур купулуна толбой: «Замандын түрүн өзүндөй бере алдымбы?» – деп, токсон толгонуп жазгандагы ошондогу азап-ай!

«Атамды актайм! Атама эстелик болсун ушул китебим! Эмгегим менен атамды жакшы атты кылам!» деген ой сүрөөн болот Жусупка.

Атасын эзели көрбөгөн кишиге атасы жөнүндө жазуудан өткөн мүшкүл болбосо керек, ойдогудай чыкпай жатса жек көрүп кетет өзүн бир туруп.

Башын салаңдатып, оор үшкүрүнүп отуруп калган күйгүлтүк мүнөттөрдө ыраматылык апасы Гүлажардан, атасына теңтуш жүргөн айылдагы кишилерден уккандары Жусупка дем берди. «Атаңды көргөн өлбөсүн» деген сөз бар эмеспи кыргызда, атаңдын көзүн көргөн киши

www.bizdin.kg



түбөлүк жашоочудан бетер эмнеге айтылып калганын ким билет, бирок карып кейиптенген Жусуп ошол кары сөздүн маанисин бир чама түшүнүп алды белем актовый залда тунжурап отурчуда.

Атасы тууралуу бала чагынан уккандарын бир сыйра сыдыра эске түшүрүп, электен өткөрдү. Ата зар болуп өскөндөн атасынын жоругун уксам дегенде ичкен ашын жерге койгон Жусупчалык бала болбос дүйнөдө. Такыр айласы кеткенде, айылдын сакалдууларынан: «Атам кандай киши эле?» – деп сурачу. «Ооу, аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы, эки Аркыттын ичинде андай киши жок эле! Кайран Таласбай!» дегенди укканда, бала Жусуп терисине батпай сүйүнүп: «Атама окшоймунбу?» – деп, көзүн албай кадалып калаар эле. «Атаңдайсың, карагым! Кишини караганың кудум эле атаңкы!» – деп, башынан сылап, далысын таптап жооткотуп коюшар эле чоңдор. Ушул касиети азыр дагы бар. Айыл-апага каттаганда сурап калмайы кала элек. Калганын апасынын оозунан уккан.

«Пишпек» деп койчубуз анда калааны, Кыргызстан уюшулганда атаң Аксыдан «делегат» атанып Пишпекке барган. Мындан туура эле Ташкенге түшүп, от араба чыккан кез, от арабага жармашып, жердин баарын айланып барганбыз деп айтып калчу эле атаң. «Жусуп» ысымдуу чоң менен таанышканын айта келген тамшанып. Атаңдан кичүү эле чагымда. Кичүү болсо да жетик жигит экен, өкмөттү башкарды деп айтчу. «Жусуп антти, Жусуп минтти, Жусуптан дилгирим келди, Жусуптан тапшырма алдым» – деп калчу. Уулду болсом атын «Жусуп» коём деп айтканы бар ошол жылы. Чубурта кыздуу болуп жүрүп, отуз сегизинчи жылы сен көрүндүң. Сөзүнө туруп, атыңды «Жусуп» койгон. Анан эле... Анан эле каран басып... Жанагы Атаев дегени айгак чыгып!» – деп, андан кийинкисин айта албай тамагы муунуп, өксүп ыйлап жиберер эле жарыктык киши. «Атамды күйгүзгөн ошол Атаеви кандай неме болду экен? Бир көрсөм ошол кишини, сөгүп алсам кегим жанат беле!?» – деп ойлочу Жусуп.

Апасы Гүлажардан ушундай аңгеме уккан бала чагында. Акыры жүрөк оорулуу болуп өлдү, бечара.

Эс тартканында Жусуптун дагы бир эсинде калганы, апасынын күтүнө бергени, күдөр үзбөй күйөөсү Таласбайды күтө бергени, күтө бергени... Кечиккен Таласбайы күүгүм талаш эмеле келип калчудан бетер, келе калса алдына белен коё калмакка, казандын түбүнөн эки чөмүч шылдыраган сорпо, бир сугум кесме болсо да мис аякка арттырып, текчеге коюп коёр эле. Очок тушундагы оюк текче бош калчу эмес. Камыктырган Таласбайы эл жатканда эшикти каккылап кирип келчүдөн бетер, шашкан жаны этекжеңди далбактата энтеңдеп, кубангандан: «Күлүм! Жусубум!» – деп кыйкырып, кулачын жая күлүп-жайнап кирип келчүдөн бетер, майчырактын билигин өчүрбөй, түн бир оокумга дейре кирпик какпай жата берчү. Түн бир маал ичи өрттөнгөндөй «шуу!» эттире үшкүрүнүп алчу. Жүрөктүн үшүн алчу ошол кебетеси. Үстүндөгү төшөктү силкип ийип, чачы-башын

www.bizdin.kg



саксайткан бойдон теңселе тура калат да, тигиндеги челекке жетип, тиш какшаткан муздак сууну сузгулап жутуп жиберчү, «өх!» деп алып, кайра барып жалп этип жатып калчу. Көрсө, күйүттөн ошентчү экен.

Жуурканга башын каткан Жусуп ушунун баарын көрчү, ал тургай бир-эки мертебе быйтыйган колун созуп, энесинин көзүндөгү мөлт аккан жашын аарчыса да керек эле.

Бирок Таласбайы келчү эмес. Эртесинде апасы көзү-башы барыга сыр алдырбай туруп, текчеде томсоргон мис аяктын сорпосун Жусупка ысытып берер эле да кечке колхоздун түйшүгү менен болот. Кеч киргенде мис аякты кайра белендейт.

Бала болсо да апасынын кайгысын туюп, кабырга-сөөгү сөгүлөт Жусуптун. «Төбөбүздөн ныгырган мискин турмуш жоголор беле, апамдын күйүтү женилдээр беле» деген ойдо бала Жусуп басса-турса ошол Таласбай деген кишинин келишин кошо тилешчү. Жылдын төрт мезгили тиленген кези болду. Там-туң туруп, Аксынын ак шыбактуу адырларын кыялап басчуда тиленди, мисте-жаңгактуу Аркыттын тектир-тектир тоолорун телмире карап, атасын издеп чыкчудай кыялы асмандап кетчүдө тиленди, жай саратан маалда там аркасына корголоп, жалгыз көлөкөлөп калчуда тиленди, кыш чилдеси кайыктырган күндөргө кайыл болуп тиленди. Эмне деген гана ойлорго бастырган жок кайран башты. Башта: «Апамды кайгыга салып, кайып кеткен Таласбай! Апамдын ичкенин ириң, жегенин желим кылган тилегиң каткыр Таласбай! Апамды мөңкүрөткөн таш боор Таласбай! Эмне мынча жүрөгүң муз? Кабарыңды билдирип, каңгыбай кайтып кел!» – деп урушуп да алчу.

Тиленип жүрүп торолду. Уруш жылдары эмес беле, эр-азаматтын баары урушка кетсе, Таласбай ошондон ары кошулуп кеткенби деп да сооротккон күндөрү болду өзүн. «Уруштан кайтпагандын кара кагазы деле келет турбайбы!» – деп сөгүндү кийинчерээк. Кийин-кийин чоңдордон «кат жазышууга тыюу» («без права переписки» деп коёт экен гезиттин тилинде) дегенди угуп, түшүнүп жүрөт жөнүн. Түңүлгөндө таарынычы тыйылган.

«Эки колу артына кайрылган бойдон, «үңкүнүн» алдына түшөрдөн мурун, босогону аттап чыгардан ободу бир кылчайып, барбайган манжалары менен мурдуңду чымчып өпкөн» дээр эле апасы. «Кыздарыңды өзүң бил, мен десең керээзим Жусупту окута көр!» – деп бек-бек табыштаган имиш.

Ушул жерин эстегенде университеттин актовый залында отурган Жусуп Зулпуевдин эт жүрөгү эзилип, мурдунун таноолору дердейди. Барбайган мурдунун тушунан атасынын калдайган колу калкалап тургансып, элестетип алды.

– Зулпуюп! – дегенден башын өөдө көтөрдү.

Караса адабий ийримге чогуу барган курбусу.

– Ой, Жусуке, беш күндөн бери ийримге келбей, кабарың жок. Дайныңды билмекке жаткан бөлмөңө баш багам, анда жоксуң. Кызыл

www.bizdin.kg



үйгө баш багам, мында жоксуң. Кеч келчү болупсуң. Арызданып атат, арызын Москвага жазып атат деген уудуң-шуудуң кеп чыгарып алышыптыр элдин баары. Арыз мынчалык жазылчу эмес эле дейм. Ырды бүтүрүп, эми поэмага кириштиби деген ой кетип...

– Атасынын көрү, кара сөзгө өттүм, – деди Жусуп, – айтканыңдай эле, Москвасы болбосо да бүтүн Ала-Тоого угулгандай чоң чыгарма жазуу оюмда бар...

– Эмне жөнүндө?

– Отуз сегизинчи жыл жөнүндө.

– Отуз сегизинчи жыл дегенде... кайсы беш жылдык болуп калчу эле? – деп тигил желкесин кашынды.

Жусуп Зулпуев тигиле карап турду да:

– Кара келтек жылдары тууралуу, Сталиндик репрессиянын курмандыктары тууралуу, – деди.

Кашынып турган курбусу кашынан контрду көргөнсүп, көзүн алайтты.

– Койсоңчу!? – деди чоочуп.

– Тамашасы жок эле.

Курбусу «алыңа карачы» дегендей телмирип:

– Токомбайып Токомбайып башы менен, Сыдыкбекуп Сыдыкбекуп башы менен козгобогон теманы сен козгоп, жаныңа эмне күч келди? – деди.

– Атам тууралуу жазганга акым бардыр! Укканымды жазып койбосом ким жазат? Апамдын айтуунда Атаев деген болгон, Саадак Атаев. НКВДга иштеген. Ошонун ушагы артында атам атылып кеткен.

– Ата-а!.. – деп унчукпай калды курбусу.

Саамдан кийин:

– Аңгемеби? – деди.

– Повесть! – деп «балп» эттирди Жусуп Зулпуев.

Ушул күндөн тарта университеттин филология факультетинин өйдөңкү курсунун студенттеринин арасында «баягы Жусуп повесть жазып жатыптыр» деген аңырт-каңшаар тарап, «Учур» адабий ийрими жазуучу чыкма Жусуп Зулпуевден кабелтең повесть күтүнүп калган.

«Актовый залдан көрүнүп калат экемин» – деп корунган Жусуп 316-аудитория ээн калганда, ошол жерге бекинип алып жазды калганын. Туура тогуз күндө жазды ошондо кара сөз түрүндөгү тырмак алды чыгармасын, кээде түн бир оокумга чейин отуруп жазды. Тогуз күндүн ичинде тогуз көчүрүп жазды. Дурус эле өжөрлөнүп, «повесть» деп чымырканды эле, повестке жеткире албай калды көлөмүн, «дагы улантам, түрмөк-түрмөк кылып улантам кийин» деген ойдо «аңгеме» деп атады. Жазып болду да: «Партиялык курултайдын делегаты» – деп атады. Башына: «Апа! Беш кыз, көкүрөк күчүк уулуңду жалгыз багып чоңойттуң. Ак сүтүңдү актаар бекем. Ушул чыгармамды апам Гүлажар, сага арнаймын» – деп

www.bizdin.kg



жазды. Ушул саптарды чиймелеп жатканда апасынын оозунан уккан бир окуя эсине кылт эткенден көзүнө жаш кылгырып, жүүнү бошой жаздады. «Уулуңду багып чоңойттуң!..» – деп кайталады ичинде.

Ал окуянын жөнү мындай. «Бир күнү өлгүм келди» – деп айтчу апасы кебелбей, «ушинтип кор болгондон көрө өлгөндү артык көрдүм. Өзүңчө олтуруп калган, жети-сегиз айлык балканактай кезиң, эмчектен чыга элексиң али. Жай саратан маалы. Ит-Агардын суусуна бой таштап, агып өлгөнүмдү артык көрдүм да, таң заардан туруп, кыздарга айтпастан сени көтөрүнгөн болуп, өзөндүн бийик жарлуу жээгине чыктым. Артыман кошо томолонуп кетпесин деп белиңен шыбакка байлап отургузуп коюп, бийик кемерди көздөй баратсам, чыркырап ыйлап калдың бир маалда. Карасам, менден көзүң албай, талпынып ыйлап турупсуң. Дароо боюмду таштап жибере албай, имерилип кайра келдим. «Тойгузуп коёюн» – деп, отура калып эмиздим. Эмизип болуп, жанагыдай кылып, белиңен шыбакка таңдым дагы жардын тушуна кайра бардым. Көк ирим суу таштан-ташка чамынып, күкүктөйт тимеле. Дал ошол көк ирим жерине боюмду урайын деп турам. Жаңы секирмекчи болгондо кайра чыркырап ийдиң. И-ий, ошондогу чыркыраганың эми кулакка бир башкача ачуу угулат. Түтпөгөн жаным «жалт» карасам, обдулам деп жатып оңкоңон түшүп калыпсың, балакетиң алайыным. Оңдоп отургузмакка кайра бардым жаныңа. Мен да таш боор экем ошондо, чыркыраганыңа карабай, белиңен бекем таңып коюп, сууну көздөй жулунуп баратсам, өйүздөн бирөө колун булгалап, чый-пыйы чыга кыйкырып турат. Атаңдын туугандарынан болот. Алыстан байкап калып, басып келген экен. «Эмне кылганың алдыгы?! Баланын убалын ойлобойсуңбу? Кыздарыңды ойлобойсуңбу!? Эстүү катындын кылар ишиби ушул!» – деп тилденип туруптур. Артка келгем. Ушинтип бир өлүмдөн калгамын, балам, сен утур чыркырабасаң, өлүп алмак экемин ошондо. Ичер суум бар экен көрсө» – деп айтчу.

Эчтеме болбогондой айтчу, бирок Жусуптун жүрөгү мыжыгып, мыжыгып кетчү укканда. «Томолой жетим калмак экемин, атазар болгонум аз келгенсип, эне жытын билбей чоңоймок экемин, таш боор экенсиз!» – деп алчу кээде энесин жемелеп. Бир туруп энесин аяп кетчү. «Уулуңду багып чоңойттуң...» деген саптарды жазып жатып, каңырыгы түтөй ушуну эстеди. Бирок сюжетке киргизгени жок бул окуяны. Анан атасын эстеди.

«Атаке, ай-талаада сөөгүң чачылып, көмүүсүз калдыңбы, адеби менен көмүлбөй бир аңгектин түбүндө кор болуп калдыңбы, сай-сөөгүм сыздайт биле албай. Төгөрөктүн төрт бурчун түрө чалсам дейм, жаткан жайыңды дадил таап алсам дейм, үстүңөн өбөктөй калып, бир өкүрүп алсам дейм! Же мен шордуу, төгөрөктүн төрт бурчун тинте албаймын, изиң таап артыңан баралбаймын. Анте албаган соң сөөгүңдү кайдан табам да, өкүрүп кайда барамын!? Атам Таласбай, ушул чыгармамды арбагыңа арнаймын» – деп жазып койду. Жүрөк дартынан өлгөн апасы

www.bizdin.kg


Гүлажар менен кайып кеткен атасы Таласбайды ушинтип табыштырып койду. Тогуз күндөн бери туйланып атып, кайып кеткен атасы менен апасынын арбагын университеттин ушул дарсканасына чакырып алган бакшы сымал сезип кетти өзүн.

Аягына: «Кыргыз мамлекеттик университети. 316-аудитория. 1962-жыл, Фрунзе» – деп жазды да, көкүрөгүн кере кенен дем алып, ордунан шарт турду. «Түз эле «Ала-Тоого» чуркап барсам!» – деп өрөпкүдү, «Сүзө качыра кирип барып, Аалы Токомбаев менен Түгөлбай Сыдыкбековго көргөзсөм» – деп өрөпкүдү. Андай үлкөн кишилерге жетиш кайда, анте албасын билип, кол жазмасын көтөрүнө терезенин тушуна басып келди. Алыстагы тоолорду тиктеди. Күнү узарган, саратандын илеби урган июлдун ушул кечинде тулаңы күнгө күйүп, саргарган Бос-Бөлтөктү, анын артындагы карт Аламүдүн, карт Ала-Арчанын мунарыктаган тоолорун сырдашындай тиктеп (ал кезде тоолор шаңкайып көрүнөр эле терезеден), сүйлөшүп-сырдашчудан бетер урчуктуу чокуларын телмире тиктеп: «Атаганат, тил бүтсө силерге бир оокумга!» – деп тиктеп, өзүн бир саамга тээ Аламүдүндүн төрүндөгү көк болоттой сурданган аскар чокуга теңеп, анан терең үшкүрүндү. Бул – азаптын үшкүрүгү эле, атаны издөөнүн азабы менен атамды кантип жазам дегендеги чыгармачылык азаптын үшкүрүгү эле. Жеңилдей түштү.

Ири алды баягы өчмөнтөйү бар активист сөрөйдүн көзүнө бир көрүнсөм дейт, түз эле «Ала-Тоого» чуркап жетсем дейт.

Сабыр тутуп, алдынан бир өтмөккө «учурчул» курбуларына келди эртеси. Өздөрүн каадалуу калемгер санаган баштооч акындар, баштооч жазуучулар, баштооч адабиятчы-сынчылар кезектеги адабий кечеге, адабий талкуууга чогулушкан. «Токомбайып жазбаганды жазып!» – деп чочуган баягы курбусу гана көпчүлүктүн кужулдагынан четтеп, коомай отурду бурчка тыгылып. Калгандары парталарды, отургучтарды калдырата жылдырып, уй мүйүз тарта чалкалай отурушту да каада менен угушту Жусуптун аңгемесин. Адегенде жайбаракат баштаган Жусуп улам илгерилеген сайын аңгемесинин кыраатын келтирип, «учурчулардын» демин ичине катып калышканын туйган сайын доошун сала кызып, күрпүлдөп кирген суудай күпүлдөтүп окуду, кара жини кармаган бакшыдан бетер чамынып окуду. Чымындын гана учканы угулган тымтырстык өкүм сүрүп, жалгыз үнү университеттин бул башынан тигил башына жаңырып турду. Ошондо кайран Жусуптун учкул кыялы ал замандын сүрөтүн мына мындай келтирген эле.

**(Роман толугу менен калыстар тобуна берилди)**

www.bizdin.kg



*«Арча-2011» конкурсуна*

## А. АДЕПТЕГИН

# Кыргызды сакта

*Кыргызды, Кудай, кыргындан сакта,*
*кылычын кайкы кайраган!*
*Кыргызды, Кудай, кырсыктан сакта,*
*кырк уруу журтту жайраган!*

*Төңкөрүш деген оюндан сакта,*
*Төш менен Ошту тең бөлчү.*
*Төбөлдөр чапкан союлдан сакта,*
*төбөңдү кандаар өңдөнчү.*

*Оргу да баргы сөзүнөн сакта*
*оозу кыйшык байлардын.*
*Канталап күйгөн көзүнөн сакта*
*криминал деген айбандын.*

*Катыгүн, куру талаштан сакта,*
*курултай курган кажылдап.*
*Атүгүл, катын-калачтан сакта,*
*аянтта турган ажылдап.*

*Көйкөлгөн кенен көлдөйсүң неге,*
*Кудайым, сага айранмын.*
*Мандемдүү жагын көрбөйсүң неге*
*тандемдүү Ажотайлардын?!*

*Эриктүү заман тургузган чакта,
эмнеден элим түңүлгөн?
Кыргызды, Кудай, кыргыздан сакта,
ичинен ирип бүлүнгөн!*

## Камгак көчү

*Камгак көчүп баратат, камгак көчүп,
капчыгайын Боомдун жандап көчүп...
Кайран өмүр! Ушинтип күз-күрөөдө
карагандын түбүндө калмакпы өчүп?!*

*Камыштарга илинбей жандап көчүп,
караганга тилинбей алдап көчүп,
капчыгайы Боомдун чаңдап көчүп,
кара таандай жарышат камгак көчүп.*

*Томолонуп, кирпидей жумаланып,
тоскоол чыкса, өбөктөй тура калып,
тоонун суусу Байдамтал боюндагы
толуп кетти камгакка бул аралык.*

*Карап турган адамды сестендирип,
кандай укмуш санаага кез келтирип,
өз тамырын камгактар өзү жулат,
өз куйругун кескендей кескелдирик!*

*Жакасынан шамалдын кармап өтүп,
жанталаша камгактар жардан өтүп,
жазда чыкчу уругун сээп барат,
жаратылыш күзүндө жардам этип.*

*Кара жолдун капталын тандап көчүп,
караганды, камышты жандап көчүп,
өлүмдү эмес, өмүрдү жар чакыра,
өлүп-талып баратат камгак көчүп!*

*...Шамал кууган камгактын көчүн көрүп,
шам чырakты түн бою өчүрбөдүк.*

www.bizdin.kg



## Серго шопур

*Курсунчу! Каталыктар болгон бизде,*
*тил сынчу аталыштар – толгон тизме:*
*Таласта – Йоганнесдорф, Чүйдө – Ильич,*
*а биздин айылыбыз – Орджоникидзе.*

*Айылыбыз аз келгенсип Орджоникидзе,*
*айтылуу Серго шопур болгон бизде.*
*Каткырып кабиңкеде, «мат кылып» да,*
*кыргызча түш жоручу жолдон сизге.*

*– Топ аял өгүнчөрөөк жол тосууда,*
*токтодум тормуз басып ортосуна:*
*«Балам, биз – Илелиндин катыны элек,*
*таштай кет Карала Маркис колкозуна?»*

## Кечиккен жоромол

*Түтүнү көккө түптүз оболоду –*
*түшүндү жаз келерин мор оболу.*
*Түйшөлө далысынан карды серпип,*
*түзөлдү бүкүр өрүк короодогу.*

*Түтүнү мордун түптүз оболоду,*
*түзөлдү бүкүр өрүк короодогу...*
*Өчүккөн кыштын түйбас өч аларын,*
*кечиккен синоптиктин жоромолу.*

## Бакыттын ызгаары

*Мактайбыз, жактайбыз*
*чет элдин биз баарын.*
*А качан актайбыз*
*Мекендин туз-даамын?..*

www.bizdin.kg



*Саруулап жүрөгүм*
*сезбептин сыздаарын.*
*Сагынып жүрөмүн*
*тоолордун ызгаарын.*

*«Үлп» этпей жалбырак,*
*үп мында, үп мында.*
*Желаргы жалдырап,*
*жетпеди түк мында.*

*Жуут чачын карт дарак*
*жылытык жамгырга.*
*Музейде сакталат*
*муз менен кар мында.*

*Башыңдан күн өтүп,*
*төшүңдөн нур өтүп...*
*«Бейишпи», «Кейишпи»*
*тоолукка тропик?*

*Барктабай бекер биз*
*Мекендин муз-карын,*
*байкабайт экенбиз*
*бакыттын ызгаарын.*

## Туулдум-өлдүм арасы

*Адал менен арам тол бекен?*
*Аны билсең, айтчы, молдокем?*
*Ыйлап келип, ырдап кетпесе,*
*ымыркай не туулат болду экен?*

*Бейиш деген кейиш жол бекен?*
*Билсең айтчы аны, молдокем?*
*Акты, көктү айра тааныбай,*
*адам неге жашайт болду экен?*

*Бакытыңдын бардай жарасы,*
*болот бекен актын карасы?*
*Туйган жанга туюк табышмак*
*туулдум менен өлдүм арасы!*

www.bizdin.kg



## Бузук эмес

*Бүтө жаздап калган кезде кемебиз,*
*бүтүлүүнү бүлдүрөбүз неге биз?..*
*Бүтөй албай жамачылуу түндүктү,*
*бүт дүйнөгө шылдың болуп келебиз.*
*Кыркылышып, кырк урууга бөлүнгөн*
*Кыргыз кыйын элебиз!*

*Орток байлык күлдөбөнү чачарбыз,*
*ортодогу жоого колтук ачарбыз.*
*Ордо бузган эл экенбиз эзелтен,*
*Ордо курган эл болууга начарбыз.*
*Ой, ошентип, оозду ачып отурсак,*
*оңолобуз качан биз?*

*Кечээкинин жакшылыгын элебес,*
*элесе да, бир өзүнө теңебес,*
*келечектин баа-баркын ченебес,*
*ченесе да, эч убакта кенебес,*
*кыргыз кыйын, кыргыз кызы-ык десек да…*
*Кыргыз бузук эл эмес!*

## Парыз жана Париж

«Увидеть Париж и умереть».
Орус ылакабы

*«Эйфелди көрбөдүк» деп өкүнөбүз,*
*Эйфелден жетөө келет Жети-Өгүз!*
*Пайгамбар бийиктикти бизге берсе,*
*Парижге милдет бекен жетип өлүш?*

*Хан-Теңир, Аркыт, Арпа, Жети-Өгүз...*
*Карачы, ак мөңгүлүү шөкүлөбүз.*
*Пайгамбар парасатты бизге берсе,*
*Парижге парыз эмес жетип өлүш!*

www.bizdin.kg



*Сен болсо кубана бер чет элиңе,*
*мен болсо кубанармын Мекениме.*
*Эх, чиркин, куруп алсак жарашпайбы,*
*Эйфелди Басбөлтүктүн этегине?!*

## Кар жана карга

*Кoроoбузда кар жатат уйпаланган,*
*кыш соңунда жакасы куйкаланган.*
*Карагатты жамынып жалгыз карга,*
*качар-качпас өңдөнөт буйтап алдан.*

*Качпайт карга ордунан о, сороктоп,*
*кар ыргытсам колума томолоктоп.*
*Көктөм келсе, шуулдап өктөм келсе,*
*карга дагы, кар дагы жоголот.*
*...Жок!*

## Зоболо

«Залкар ой, асыл максат, абийирдүү иш».
Ак үйдүн алдындагы жазуу

*Замандаш, биз каякка баратабыз?*
*Заматта бузулдубу таразабыз?*
*«Залкар ой, асыл максат, абийирдүү иш»*
*заманга зарыл эмес, карасаңыз.*

*Сөзүнө кылган иши төп келбеген*
*кезине заманабыз өткөн белем?*
*Эл алды тентип кетти чет тарапка,*
*не калды ичибизде өрттөнбөгөн?!*

*Кыргызым калк катары жоголобу?!*
*Тилиңе тибиртке чык, оңололу!..*
*«Залкар ой, асыл максат, абийирдүү иш»*
*замандаш, бийиктетсин зоболоңу!*

www.bizdin.kg



* * *

*Короодо кар жатат күрөлбөгөн,*
*ороодо дан жатат себилбеген...*
*Эңиште, жеңиште жүрөм дегем,*
*эркиндик эңсеген элим менен!*

*Суу ичтим муз каткан күрөшкөдөн,*
*уу ичтим бийликтин азабынан...*
*Жан тартпайт элине күрөшпөгөн,*
*бал татпайт бакыттын базарынан!*

*Таймашка тартынбай кирем дегем,*
*тагдырым эл менен бир өңдөнөм...*
*Ороодо дан арбын себилбеген,*
*короодо кар калың күрөлбөгөн!*

## Алма бышты

*Алма бышты. Кайрадан алма бышты.*
*Андан эргүү аламын, андан ышкы!*
*Анан ойлойм азалуу апрелди,*
*кылыч сүйрөп келаткан алда кышты.*

*Алма бышты. Быйыл да алма бышты.*
*А мен ойлойм өткөн жаз, алда кышты.*
*...Кылымдарды карыткан кыргыздарым*
*Курманбекке беш жылы алданышты.*

*Беш жыл катар кайталап кургак кепти,*
*беш миллион кыргызды бурдап кетти,*
*бешенеме жазылчу менин дагы*
*беш жылымды Бакиев уурдап кетти!*

*Тоолук элдин ырысын чачкан айбан,*
*токоюна Лукаштын качкан айбан!*
*Токтогулдун күүлөрүн түшүнмөкпү,*
*Токтогулдун сууларын саткан айбан?!*

www.bizdin.kg



*Белорустун сазына эй, ит кетти,*
*бөлтүрүгү тартыптыр Тейитбекти!..*
*Бакиевдер ок атып өз элине,*
*шам чырактай жигиттер шейит кетти!*

*Ак үйдөгү басмачы жардан учту,*
*ачкүсөндүр, үсөндөр карганышты...*
*Токтогулдун суулары кайра толуп,*
*тоо боорунда кайрадан алма бышты!*

*Ал табият мыйзамы – арга барбы,*
*алма бышса ар күздө таң каларбы?*
*Адамдарды алдаган хан-бектериң,*
*алдай албайт эч качан алмаларды!*

## Илгертен

*Бийликти бийлер самашкан,*
*байлыкты байлар талашкан.*
*Башы маң болуп ортодо,*
*байкуш эл жолдон адашкан.*

*Жалдуудан жалдуу бир өнүп,*
*алдуудан алсыз түгөнүп...*
*Ушундай болгон илгертен,*
*ушундай болот түбөлүк!*

www.bizdin.kg



*«Арча-2011» конкурсуна*

## Эмигрант

# АВАНГАРД

**(Аңгеме)**

### I

Омош Чонтоев Жанаалы таздын үйүнө жакындаганда, ал адетинче үйүнө чуркап кирип, кире бериштеги күзгүдөн желкесиндеги колго илинген суюк чачын астына тарай жасанып чыга калды. Омош планшетин ачып, Жанаалы таздын күнгө чагылышкан жалтырак башын алеки мүнөттө кашкайта, кудум өзүнө окшоштуруп тарта койду. Атургай шилекейлеп курчуткан устарасы менен алган ысык чыккан бети да күлгүн тарта быдырала болуп көрүнүп турду.

Баятан бери дубалдын көлөкөсүндө кобурашып-жобурашып, шок курагы, чок курагынан кеп кылыша, оозуна толгон насыбай аралаш шилекейин борпоң топуракка болп эткизе түкүрө, таягы менен көөмп коюп отурушкан карыялардын этек-жеңдери козголо:

– Оуу, мына-мына, Жанаалынын башын музейге койчудай кылып тарттың го айнанайын – дешип адеп жадаган, жатка билген, кайталанма аңызынан алаксыша жандана түшүштү.

– Оо, ушу да кеппи! Омоштай менин күрөң уюм Мумусяны кантип тартканын көргөн жоксуңар! – башкалардан озунуп Ата Мекендик согушта немистерге колго түшкөн кара сакалчан абышка колун жаңсай обдулду.

– Ай, ал менин көк эшегимдин буту-бутуна тийбей Кичине баатырдын ургаачы эшегине аңкылдап баратканын, шилтегенин көрсөңөр

www.bizdin.kg



анда! – деп Шаршеналы богооз каадалана, маңдайына түшкөн салбыраган малакайын көтөрдү эле, көлөкөдө жашынган көзү жүлжүйө, көгөргөн чылпагы жылт этет. Күндөн көзү уяла түштүбү, кайрадан малакайын түшүрө койсо, мурдуна майланышкан чийбаркут кастүмүнүн жагымсыз жыты бурк эте же Картаңбайдын үйүнөн ашыга жеп алган сары майдын кубатыбы, жүрөгү окшуй, көңүлү караңгылай түштү. Бирок ал жүрөгү окшуганын Картаңбайдын сары майынан эмес, эси жок кемпиринин эчкинин майынан жасаган суюк тамагынан көрдү. Артынан ачуу чүчкүрүгү чыгып, көзүнөн жашы ыргый, көгөргөн чылпагы мурдунун учуна барып жабышты. Аны көргөндө анын бирдеме болоорунан шекшиген, эбак эле андан оолак отурган карыялардын алды фронтто немистин огунан алган тырыгы, арты өмүр бою колхоздун талаасында эмгектенип, ысык-суукка какталып бүрүшкөн беттери жазыла, жүздөрүнө жумшак күлкү чайды.

Керээли-кечке баланчанын Карагер кашкасы, түкүнчөнүн Торкашкасын айтып, сөз наркы түгөнүп ныксыраган абышкаларга эми жаңы сөздүн учугу табылып, көркөм дүйнөнүн чексиз сырларына чабыт ачылгансыды. Бири, илгери колхоз учурунда колхоздун башкармасы Накай Сыдыков Боронзодон чакырган чоң сүрөтчүлөр Гапар Айтиев, Күлчоро Керимбековдордун, Социалисттик эмгектин Баатыры Шаршен Назаралиевди баш кылып эмгек ардагерлердин сүрөтүн конторго тарттырып жатканда, жанында чай куюп отурганын, ал эмес анча-мынча кыз-келиндерди тааныштыра коюп жүргөнүн айтып тамшанса, экинчиси андан да кызыктуу кылып кайсы бир чет өлкөлүк сүрөтчүнүн беш аял алып, журналисттер издеп барса алтынчысынынан тапканын айтайын десе, кашайып аты-жөнүн унутуп калып: «Бики, Бики… Биказо беле» – деп кайсалактай санын чапкылайт.

Короонун ичиндеги жайыкта алтын көкүл секелек кыздын чөйчөгүнөн жем талашкан үндүк, тооктор суусашыппы же жөн элеби эмнегедир чогуусу менен кукулуктап калышты. Чаңкайып тийген күн, телмирген теректер, маараган-мөөрөгөн жан, каңшылаган үрөнчөөк иттер дагы бүгүн күмүш сакал карылардын азгырган аңгемесине кулак төшөй үнсүз, дабышсыз. Көчөнүн даңгыр таштак жолунда чийнесин кыйчылдата тартып келаткан Боз тумак Шаршекенин уулу гана эч нерседен капары жок, кара эшегин кээдекээде нукулаганы болбосо, өңгүл-дөңгүлдө чачылып кете жаздаган чөмөлөсүн кылчак-кылчак караганы менен алек. Анткен менен баятан бери кыйшаңдаган эшегинин үйүнө жакындаган сайын оозун тарттырбай аңкилдеп арышташташы анын көңүлүн көтөрүп жибердиби, бир бутун ээрге арта сала, кыңылдай кайсы бир ырдын обонун салды. Дубалдын көлөкөсүндө кыркалекей отурган карыларга алыстан салам айта, обон артынан ышкырыгы коштоду.

www.bizdin.kg



Омош мектепте 8-класста ордунда калып кала жаздап окуганы менен айылдагы кемпир, келин-кыздардын оозунан түшпөгөн сүймөнчүгү. Ал, алардын ала кийиз, шырдак жасаганына көмөктөшүп, эң эле кооз оюмдардан салып оймолоп берчү. Бара-бара бакубат жашагандардын көзүнө илинип; ага ала кийиз, шырдак эле эмес кыздын себине даярдалган төшөнчү, жууркан, туш кийиздердин саймасын түшүргөнгө да чакырып калышчу. Ошондо Омоштун сезими жаңыдан ойгонуп жаткан учуру белем, шайы жууркан шуудураса, аруу кыялында, кыз-жигиттин биринчи түнүн элестетете, ойкуштата сайма салып жиберээр эле.

Бир жолу райондун борборуна келип, кафеде тамактанып жаткан жеринен бет маңдайында отурган келишимдүү келиндин чырайына суктанып, анын куюлган чачын келиштире тарта коюп өзүнө тартууласа, ал сүйүнүп кетип сүрөттү бооруна кыса калса, күрсүйгөн күйөөсү байкап калып, сүрөтүн алып ыргытып жетелеп кетет. Омош болсо кудай сактап, мурунга бир жебегенге сүйүнөт.

Түндө уйкусу качып ата-энеси жатып алышкандан соң телевизордон сүрөтчү Сальвадор Дали жөнүндө кино көрдү. Дали бир картинасынын акчасына Барселонанын чет жакасынан фонтандары атырылып, гүл бакчасы буралган жомоктогудай үй сатып алат. Досу, улуу акын Поль Элюардын айдай сулуу келинчеги да ага таасирленип күйөөсүн чанып, Сальвадорго тийип алат. Агылып келген коноктордун арасында жубайы менен кошо келген Джон Леннонго чычайган мурутун бир сааттан ашык мактап жатып бир миллион долларга сатып жиберет. Анан мурутунун бир учун кайчы менен кесип жылтыракка ороп, таазим кыла колдоруна карматат. Жубайлардын Далинин бир тал мурутун миллион долларга сатып алганына Омош таңгала, оюна да бир нерсе келе калдыбы: «Кийин мен дагы белгилүү сүрөтчү болсом, сакалымды Даликинен да узунураак коё берсем, айылдагылар акча беришпесе да, жок дегенде бир эчкиге алмашып алаармын» – деген кыязда, кыл чыгалек жаагын сыйпалай, балалык баёо кыялында байыйт. Омош ал түнү сакал, мурут жөнүндө түш көрдү.

Эртеси айылдын четинде эшек оонаган Кичине дөбөдө ойношкон курбуларына жетип барып:

– Мен генеиймин! 21-кылымдын улуу сүрөтчүсүмүн. Менин атым Сальвадор Дали! Эшек, торпок, иттердин сырын жакшы билем. Анүстүнө арыкчырай сулуумун, мурутумду бир кулач кылып өстүрөм, ошондо мени  улуу сүрөтчү дешип, айылдагы кыздардын баары жакшы көрүшөт!

Аны укканда дөңдө чокчоюп отурушкан классташтары: – Ооба сен генийсиң, генийсиң! – дешип, кыраан каткы күлүп калышат. Кичине сөздү андан бетер көбүртүп сүйлөчү сары чыйпыт Зоотбек

www.bizdin.kg



гана: – Ийе, ийе, – дей, – Океш, сен бекер эле мектепте окуп жүрөсүң, андан көрө Сүрөт окуу жайына тапшырсаң, ал жерде кыздар чечинип алып отуруп беришет экен. Эшек, торпокту биз деле жакшы билебиз, бирок сулуулардын чечингенин көргөнүңчү! – деп арсактай ха-халаганда, чокчойгондор уаа-уаа! деше, жабалакташа кошулат.

* * *

Айылда белгилүү сүрөтчү атыккан Омош окууга тапшырганы Бишкектин босогосун аттайт. Ал күн 2007-жылдын 28-июну. Ал, Ахунбаев менен Байтик көчөсүнүн кесилишинен 180-маршруткага түшүп, арткы бош орундуктан орун алат. Июнь айынын мээ кайнаткан ысык аптабы бусиктин ичин демдеп, денесин тез эле нымшытып жиберди. Шаардын кызыл-тазыл рекламаларына суктана «Вефа-Рамстор» соода борборунун келишкен имаратын карап баратып, капысынан жанында отурган эки жаш келиндин сөзүнө аргасыз кулак салат.

– Кайним сүрөтчүнүн окуусуна тапшырганы келиптир! – деди жумурусунан келген толмоч келин, машиненин дүүлдөгүнөн угулбай калат дедиби үнүн катуураак чыгарып.

– Ай и-ий, кокуй! – экинчиси чочуп кетти.

– Ай, сүрөтчүлөр эгерим «чоң» болбойт, жолотпо аякка! Андан көрө ичип-жей турган окууга тапшыртпайсыңбы!

– Койчу, эмнени айтып жатасың?!

– Ооба, ошондой! Алар кызмат-мызмат дегенди билишпейт, өзүнөн башкага пайдасы жок, эч кимге жардам бербейт.

– Ай-ий шүмшүк, балакетсиң ай! Мунун баарын кайдан билесиң?

– Билем да! Туруктуу иши жок, акча таппайт. Аягында эт чапкыч болуп, же арак ичип кетишет!

– Келечеги жок дейсиңби!? Чын эле, ырас айтасың, мен анда кайнимди тезинен айнытайын!..

Толмоч келин чочугандан карбаластаса, жалтырак кийинген келин дагы эле бирдемелерди айтып, аны ансайын өң-алеттен кетирип кокуйлатып баратты.

Муну укканда сүрөтчү болом деп канат байлап келаткан Омоштун көңүлү муздай, канаты кайрылгансыды: «Өү-ү, булар кантет? Сүрөтчүлөр өзүнөн башкага жардам бербейт дегени эмнеси? Шаардыктарың сүрөтчүдөн көңүлү калганбы, же баары эле «чоң» болгусу келеби? Кызык, андан көрө айылдык келиндер жакшы турбайбы?!.»

Анан ал, айылдагы канча кыздын себин даярдашып алкыш алганын, канчалаган аламач оюп түр салганын, сабактан оозун

www.bizdin.kg



ачып эчтеме билбей отурса да мугалимдер анын талантын сыйлап класстан класска көчүрүп коюшканын эстеди. Атургай жеңелери Жийде, Күмүш, Айшалар аны менен тымызын сырдакана болушуп, сиңдилерин тааныштыра «болочокку күйөө балабыз» дешип калбады беле.

Ал маршруткадан түшүп Бөкөнбаев көчөсүнөн күн батышка бет алып, толкунда калган кемедей оңго-солго чайпалат. «Айылдагылар Чоң сүрөтчү дешип мактагандары, жөн эле мени көтөрмөлөгөнүбү же эптеп кийизин бүтүрүп алгандын амалыбы? Кызык, анда Сальвадор Дали да жалганбы? Жо-ок, андай эмес болуш керек? Адабияттан берген Кенжеш Токтоева эжебиз ага арнап жазган ырын окуп бербеди беле?»..

Ал ойду-тоону ойлой Эркиндик бульварын кесип өтүп, Семён Афанасьевич Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайынын босогосун аттаганда гана чаташкан ойлоруна жооп таптыбы: «Жо-жо-ок! Жанагы шакылдаган сулуу келин Сальвадорумдун бир тал муруту канча тураарын билбесе керек, болбосо өзү биринчи кызматын таштап сүрөтчү болуп кетмек. Анын Нью-Йорктогу музейинен эле мамлекеттик казынага бир жылда үч жарым миллион доллар түшкөнүчү. Ал эми сыймыгын акча менен өлчөй албайсың да? Сүрөтчүгө андан артык эмне керек?»

Омош ушул ойлорунан кийин гана өзүнүн таланттуу экенине компоё, айылдагы ууру Кабылдын оозунан түшпөгөн «өнөрлүү өлбөйт» деген сөзүн эстей, боюн түзөй ишенимдүү басты. Окуу жайдын кенен залындагы дубалда илинген Леонардо да Винчинин ак буурул сакалы жайкалган автопортретине жакын келип, көпкө суктана карап турду.

Кенен дем алды.

* * *

Аудиториянын ичи жарык экен. Молберттер ар кандай түрдө жайгашып, бөлмөнүн ортосундагы бийик секичеде ар түстөгү калың маталар төшөлгөн. Жанында чакан көшөгө тартылып турат. Студенттер опур-топур жайланышып чыдамсыздык менен профессорду күтүп жатышты.

Эшик ачылып аудиторияга кашка баш, коюу кара сакалчан, алтымыш жашка чамалаган киши алаканын шакылдата чапкылай кирип келди да:

– Сүрөтчүлөр, сүрөтчүлөр! Кана эмесе, сыйкырдуу өнөрүңөрдү көрсөткүлө! Менин ысмым, Нудель Давид Натанович! – деп студенттер менен жадырай учурашты.

www.bizdin.kg



– Алгач, кишинин тулку-боюнан баштайбыз, кана эмесе! – ал, алаканын дагы чапты эле көшөгө ачылып, аркасынан үстүнө шайы халат жамынган жаш орус аял чыга келди. Ал сылык учураша, жеңил аттап секичеге чыкты. Анан аркасын сала берип, ичке манжасын жаңсай берсе, үстүнөн шайы халаты далысын сылай жылмышып түштү. Лампанын күчтүү жарыгы аялдын жылаңач денесин, сымбат көкүрөгүн акактай агарта абага кошуп, тээ ыраакка, улуу колоритти жараткан Тициандын алтын заманына алып учкансып сырдуу да, сүрдүү да көрүндү.

– Ах, ушул улуу Леонардо, Караваджону чөгөлөткөн керемет көрүнүш!

Өмүрүндө алгач ирет жылаңач аялды көргөн Омоштун эриндери күбүрөй, денеси дүрүлдөйт. Шүмшүк Зоотбек чыйпыттын: «Сүрөтчү болсом, сулуу кыздардын сүрөтүн тарта берет элем» – дегени ушул окшобойбу!

Аңгыча Давид Натанович жылаңач аялды көрсөтө:

– Карагылачы, бул – искусство! Биз муну модел дейбиз! Силерге жандуу моделдин тизесин кармаганга гана уруксат берилет, башка жагына тийбегиле! – деген өктөм үнү угулду. Натанович колун жаңсай, секичеде бир бутун кыңкая көтөрө отурган натуршицаны көрсөтүп:

– Мен акылман эмесмин, бирок силерге бирин-экин кыскача кеңешимди берейин, эсиңерде болсун! Сүрөтчү бул – дыйкан, ал эмес дыйкандар сүрөтчүдөн да аз эмгектенишет. Эгерде акча тапкыңар келсе азыр эле чыгып кеткиле! Тигине эшик ачык! Банкир же базарга баргыла! Дагы эскертем, баягы «коммунизм» учурундагы жыргализм заман бүткөн, азыр силерге окшогондордун жүздөн бири гана сүрөт менен акча таап жан сактай алышат! Ошондуктан көп ойлонбогула!

Кашка баш профессордун сөзү жылаңач моделди көрүп кыйшаңдап калгандарды какайта, көздөрүн умачтай ачып былк этпей отуруп калышты.

Сабактан танаписке чыкканда Омош калдайган полотносун тиктей, алгачкы сүртүмдөрүнө көз жүгүртө ордунда кармалат. Балдардын жарымынан көбү сыртка чыгып кетишкен. Секичедеги аял халатын жамына кымтылана түшүп келип, Омоштун сүрөтүнө үңүлөт.

– Эң сонун! Мага жагат, азаматсың! Бирок азыркы сүрөтчүлөр мындай реалисттик чыгармаларды жазбай калышкан, азыр авангард дешет, кийин сен дагы бузулуп кетпесең болду, өзүңө бекем бол!

Ал ушуну айтып бүтүп имериле бере, өзүнчө бирдемени эстедиби ха-халай күлдү. Анан дагы күлдү.

– Мен медикмин, биз медиктер гана кишилерди чечиндиребиз десек, көрсө, сүрөтчүлөр медиктердин өздөрүн чечиндирип коюшат турбайбы!

www.bizdin.kg



Натуршица шыңкылдаган боюнча согончогунун учу менен жеңил аттай, көшөгөнүн аркасына жашынды.

Омоштун искусствого болгон ынтызарлыгы, аны аргасыз китепканага байма-бай баргызып, мектепте кыйшаңдап окубагандын азабын жей, эжекелеп окуса да искусствонун беш томдугун жадыбалдай жаттайт. Китеп кармаса эле уйкусу келчү жаны, эми уктабай окучу адет тапты. Ал таш кылымдан бүгүнкү күнгө чейинки искусствонун түрдүү агымын окуп үйрөнүп, атургай «Модернизм» аттуу кара томдукка чейин жетти. Курсташы Катя Зубахина да Омоштун билимге болгон ынтызарлыгын, сабактан тышкары өзүнө өзгөчө татаал композициялык тапшырмаларды коюп, аны чечмелөөнүн аракетинде жүргөнүн мурда эле байкаган.

Ал бүгүн да анын колунан түшпөгөн, мукабасы жалтыраган кара китебин көргөндө колдон талаша кызыга бaрактайт. Катянын келишкен сымбаты, сепкилдүү сары быштак жүзү, көгүлтүр көзү ачык асмандай жанса, аны андан бетер сулуу кылып, жүзүнөн нур тамылтат. Ошентсе да анын ойдогудай дене түзүлүшүнөн көзгө көрүнүп, көрүнбөгөн кынтыгын тапкан Омош, анын мурдунун учу Афродитаныкындай кырдачынан келбей, билинер-билинбес кайкысы бар экенине аттиңай дегенсип, карабаганга аракет кылды.

Анткен менен Катя окубаган, билбеген эч нерсе жоктой. Англисче да эркин сүйлөйт. Омош өзүн анын алдында жаңыдан сабатын жоё баштаган Мартин Иден сыяктуу элестетет, ага жеткиси келет. Катянын кара китепти кызыга карап койгонуна эле, ага теңеле түшкөндөй сезбедиби. Бирок баары бир Омошко мындай кыздар жакпайт. Ага эртең менен эрте туруп уй сааган, торпок агытып, чөмөлө ыргыткан, апасына ысык сүт белендеп, идиш жууган белдүү кыздар жагат. Андай кыздар баатыр төрөйт дегенин да кулагы чалганы бар. Анан бул кымча белдүү, кийик басыктуу, окуган кыз айылга бир күн чыдабас. Илгери Смоленскиде аскерде жүргөн Жүнүшбек байкени ээрчип келген жалбырак сындуу орус кызы Светлана жеңебиз деле арактан башы арылбаган Жүнүшбектин отун жагып, күлүн чыгарып, бир бала төрөгөндөн кийин чыдай албай кетип калбады беле.

Китепти берип жаткан Катянын Омошко чын ыкластан моймолжуй, сырдуу ирмелген кирпиктери аны азгырып, башка сезимге жетелеп бараткансыды. Анын бул кылыгын Омош мурда эле байкап жүрсө да, көз алдына айылдагы чатыраш беттүү, суу ташыган кыздар тартылып, андан арыла албайт. Анткен менен Катянын сыпайы, сылык мүнөзү, бирөөнүн эмгегине баа бере алган көсөмдүгү, искусствону иликтей билген билими, мындан ары анын жанында уй саап, чөмөлө ыргыткан кыздар эмес; сөзүнө сөз коштогон, оюна ой козгогон пикирлеш бийкечтер жандап жүрүүсү керек экенинен белги бергенсип, жандүйнөсү бүлүк салат. Табиятында кезикпеген

www.bizdin.kg


бул көңүл куштарына берилбей, бул ойлордон канчалык алыстайын десе да, көңүлүндө тымызын жактырып турганын сезди.

Бирок Омош муну жөн эле учкай ойлордун чабыты деди. Азырынча ага сүйлөшкөн кызы тууралуу план түзүүгө эрте. Анын андан башка да «азыр – бүгүн» деген түйшүгү бар. Ага классикалык чыгармалар жагат, андан алыстай албайт. Сансыз эскиздер, натурадан жазган персонаждары додо болуп үйүлүп, залкарлардын сыйкырдуу сырын ачууга тереңдейт. Бирок чоң, кичине көргөзмө болбосун баягы натуршица айткандай «авангарддык» эмгектер өкүм сүрүп, социалисттик реализмдин мыкты үлгүлөрүн жараткан улуу муундагы сүрөтчүлөр дагы авангарддын аркасынан түшкөнүн байкайт. Омоштун академиялык үлгүдөгү полотнолору көмүскөдө калып, атургай аны көргөндө сыртын салыша: «Бул фотография, муну фотографтар эле тартып коюшат. Азыр авангард заманы, жандүйнөнүн кыйкырыгын жаратуу! Ийкем, сүртүмдөр! Мынакей чыныгы искусство! Реализм – эскинин калдыгы, аны менен өспөйсүң!» – дегендер туш-тарабынан чыгышып, жанына тургулары келишпейт. Ал өзүнөн өзү жоголчу объектиге айланып солуп бараткансыды. Күндөн күнгө искусствого болгон эпкини күмөнгө айланып, ээн талаа, эрме чөлдө калган жалгыз ботодой эрбейип турганын элестетти.

* * *

– Кел, кире кой Омош!

Давид Натанович күлө жайнап эшик ачты. Өнөрканананын ичи күүгүм тартып, үстөлдүн үстүндөгү буюмдар чаң басып, көптөн бери киши кирбегенин билгизет. Кызыл жыгач, жаңгактан жасалган эмерек буюмдар, полдо төшөлгөн кымбат баалуу паркет, Совет доорунун өнөр адамга болгон урмат-сыйын айтып турса, ал эми полдун үстүндөгү кыйма-чийме чийилген издер шарапка тойгон сүрөтчүлөрдүн искусствону талашып, биринин сакалын бири жула, жулмалашканынан кабар бергенсийт. Дубалда илинген дат баскан коюу жашыл лампанын да купуя сыры бардай дулдуюп, жонун салып турганын карасаң! Антпегендечи?!. Айтматовдун «Гүлсаратындай» тили эле жок, болбосо заводдон жаңы боёк сүртүлүп жаркырап чыкканын, жылаңач, уяң натурщицанын кулпунган чачына нурун чача; жүзүнө, тулку-боюна, андан ылдый акактай балтырына кашкая, чакчая тийгенин. Давид Натановичке үстөккө-босток шык бере, улам жанып, улам күйүп, полотнодо жаралган ай нурундай натурщицанын ажарын ача, шыпылдаган, кышылдаган кыл калемдин шыбыртына кулак төшөй, эргиген, толкуган кечтердин кайсы бирин шөкөттөп айтып берээр эле?..

www.bizdin.kg



Давид Натанович «Туткундагы Токтогул» аттуу көлөмдүү чыгармасы менен элге таанылуу. Колорити бай, ички драматизми күчтүү полотно Омоштун да көңүлүнө толчу. Балким, анын агайына жолугушуусунун себеби да ушундан келип чыккандыр. Давид агайы акыркы жылдары көргөзмөлөргө катышпай өзүнчө иштеп калган. Ошентсе да Омоштун өнөрүнө кызыгуу менен карап, кеп-кеңешин аячу эмес. Аңгыча Давид Натановичтин чөнтөк телефону чырылдап, башын ийкей коңшу бөлмөгө чыгат.

Омош жалгыз калгандыктан өнөрканананын ичин кызыгып тегерете карай баштады. Дубалдарда бирин-серин эски, натурадан жазылган этюддардан башка, кызыл-тазыл боёлгон үч-төрт бурчтуктарга толгон. Кайсы жеринде болбосун үч бурчтук. Бирок ал үч бурчтуктар Омошко жөн эле көркөмдүк үчүн илинип койгондой, ал эми Натановичтин чыныгы чыгармалары башка жакта тургансып анча маани бербеди.

– Ооба, бул менин эмгектерим! – деди профессор аркы бөлмөдөн чыгып келатып. Үч бурчтуктарды тиктеп турган Омошко созуңкураак, ишенимдүү үн менен кайрылып. Капысынан чыккан үнгө Омош ойлонбой эле:

– Ой-о-ой, сонун болуптур! – деп коштоп ийди.

– Мага да жагат! – деди Давид Натанович, узунунан келген, учу өйдө таралган калың каштарын серпе: – Биз анчалык көп эмеспиз. Бул үч бурчтуктардын мааниси өтө терең болгондуктан көпчүлүк эл бизге түшүнө бербейт! – деп, үнүн мурдагыдан да бийигирээк, олуттуу чыгарды.

Омош профессордун бул сөздөрүнө түшүнө бербей, агайынын тамаша-чыныбы же сынап жатканыбы дегенсип: «Ушунун эмнеси терең? Үч бурчтук – үч бурчтукка эле окшоп турат, башка эчтемеси жок, кызык?» – дейт, бирок оюндагысын айтса Натановичтин көңүлүн оорутуп аламбы дедиби:

– Сиз бул эмгектин үстүндө көптөн бери түйшүктөнүп жүрөсүзбү? – демиш болду.

Ушул эле суроону күтүп тургансып Давид Натанович жаңы эле күйгүзгөн тамекисин калдайган сакалына үйлөй Омошко эңкейди:

– Эми сен айтчы мага, менин сабагымдан эмнени ала алган жоксуң?! – профессор көзүн жүлжүйтө, терезени карай сакалын дагы ыштады.

Омош агайынын тегерек сакалынан салаалай чыккан түтүндү көрүп, Чөңөр жайлоосунда кой кайтарып жүргөндө өтүгү менен бир тээп ыштачу төө тапанды элестей, күлкүсү келе араң карманды. Бирок сыр бербегенге аракет кылды.

– Сиз чоң устатсыз, бирок мен эмне кылсам да өзүмө жакпайт, балким, мага өзүмдүн стилимди, үнүмдү табуум керекпи?..

www.bizdin.kg



– Анын баары калпеле! Чынында сенин курагыңдагы сүрөтчүгө эмне керек?

– Билбейм, мисалы мага классикалык чыгармалар жагат, а Диас ойноп чиймелесе да оозго алынып, өзүнчө стили бардай.

– Калп! Анда кайдагы стил, анткен менен кандайдыр бир адамды дүүлүктүрүп, азгырган жагы бар. Бирок ага салыштырмалуу сенин иштериңди мыкты деп айта албайбыз да… туурабы? Сен кайсы бир учурда классикалык канондорду унуткун. Өз багытыңды табыш үчүн билимиңди, акылыңды, ички башаламандыгыңды ирээтке сал. Айтчы, мен ушул үч бурчтукка келүүмө канча убакыт короттум?

– Билбейт экем.

– Отуз жыл болду!

– Отуз жылбы?!.. – Омоштун оозу ачыла, көзү чакчайды. Же өзү сабатсыз экени же профессор акылдуу экенин билбей: «Мындай үч бурчтуктарды айылдагы кемпирлер жөн эле аламач кылып кесип жүрүшпөйбү? Философия, стил дебей эле ысык суудан куюп тепкилеп, бышырып, анан жыргап отуруп алып чай ичишкеничи! Анда алар агайдын үч бурчтугу эле эмес, Малевичтин «Кара төрт бурчтугун» жасап коюшканын билишпейт турбайбы? Тээ байыртадан, Манас атадан бери эле жасап келатышпайбы?» деген түркүн-чиркин ойлорго кептелди. Эми профессорго эмне айтып кошумчалаарын билбей апкаарыган Омош:

– Аа, кечиресиз, сиздин кийинки эле «Гитарачан кыз» аттуу реалисттик чыгармаңыз бар эмеспи?

– Туура, эң туура! Мен силерге сабактан ошол академиялык багытты үйрөтүп жатпаймынбы. Ал менин атымды чыгарды, нан таап жедим. Ал болгону мектеп!... «коммунисттик» замандын кишенинде жашадык, цензура, Лениндик пропаганда деген бар болчу. Ал эми жандүйнөм башканы каалачу. Сүйгөн кызыңа жетпей жүргөндөй бир кеп да. Тымызын үч бурчтуктарымды ойлоп, жылдарды кечирдим. Ал мага өзүнүн ар түрдүүлүгү, философиялык тереңдигине түртүп, сүрөтчү катары сактап калгандай болду. Болбосо чыгармачылык кризис, арак ичип кетмей деген бар да.

Омош агайынын «мектебин», улуу сүрөтчүлөр Тициан, Веласкестен окуп үйрөнүп жүрбөйбү, Сальвадор Далини кумирим дейт. Агайы болсо анын бала чагынан эле көрүп-билип, аралашып келген шырдак, туш кийизиндеги үч бурчтугун отуз жыл издегени эмнеси? А балким, профессор өзүнүн академиялык чыгармаларынан – улуулардын көлөкөсүндө калганын сезип, өзүнчө жарык чачкан индивид болууну каалагандыр? Андай болсо «Сикстин мадоннасы», «Джокондалар», чыгармадагы образ, драматизм, колорит деген ыйык түшүнүктөр анын «үч бурчтук», «төрт бурчтугунун» астында калабы?! Балким,

www.bizdin.kg



Казимир Малевичтин «Төрт бурчтугунун» таасиринде калгандыр? Бирок Малевич өзү ошол «Төрт бурчтугун» XVII кылымдагы Европанын белгилүү, жашыруун илимдер магистри Роберт Флуддун «Кара туңгуюк» аттуу илиминдеги иллюстрациядан колдонгонучу? Мынча болду, эмне үчүн профессор «супрематизм» жөнүндө ооз ачпайт?

«Эй кантет, жөнчү! – деди Омош өзүн өзү токтотуп. Кыйын болбочу! Профессордун деңгээли сенин өмүр бою эшек, торпок аркандагандан башканы билбеген акылыңдан кем бекен, андан ашкан «измдер» бар экенин өзүң билбей жаткандырсың да!» – дей, Давид Натановичтин терең ойлоруна түшүнүп, түшүнбөй турганына кыжалат боло, өзүнүн дагы эле билиминин тайкылыгына арданды.

Анын оюю бүдөмүк болуп жатканынан шек санабаган Давид Натанович:

– Чыныгы сүрөтчү идеалдуу объекти кайда экенин билет. Сен жашсың, сен искусствонун бардык түрүнөн өтүүң керек. Өзүңдүн философияң болуу керек. Болбосо, сен жоксуң! – дей тамекисин дагы түтөттү.

– Демек, мен түрдүү стилдерде эксперимент жасашым керекпи?

– Ооба, ооба, абсолютно ооба! Билесиңби, мен сага окшогон канча жаш сүрөтчүлөрдү көрдүм. Алар өздөрүнүн татаал ой жүгүртүү жөндөмүнөн чыга алышпай камалып жүрүшөт.

– Сиздин оюңузча мени эксперимент гана куткарабы?

– Албетте, албетте! Мынакей, сага жардам берүү үчүн мен жаныңдамын. Сабактан да, башка жерден да, – деп, Давид Натанович Омоштун далысынан таптады.

– Сен «Супер-Арттын» жаркыраган жылдызы болуп жанасың!

Профессордун чын ыкластан чоң инсан болуу ниетине жетине албаган Омош:

– Рахмат, рахмат Давид Натанович! Азыр эле барып баштайм! – дегени боюнча өнөрканасын көздөй жебенин огундай сызды.

* * *

Ташкындаган дайрадай албууттанган Омош эчендеген уйкусуз түндөрдү кечирип, тоодой ишеним менен түрдүү эскиздерди, ондогон картиналарды жаратат. Бирок канча аракет кылса да өзүнүн үнүн, философиясын табалбаганына жаны кашаят. «Бүттү! Мен сүрөтчү эмесмин! Менден эч нерсе чыкпайт! Андан көрө айылга барып өзүң билген ишиңди жаса; торпогуңду бак, эшегиңди арканда!..» – ал ызалана башын койгулай, жер тепкиледи. Ачуусу менен жан-жагын карана көзүнө илинген карыянын портретине балч эткизе колундагы

www.bizdin.kg



аяп колдончу француз кисточкасын боёкко орой матыра чачып жиберсе, карыянын эки көзү жабылып, согончогу эле көрүнүп калды. «Экинчи көзүнөн айрылган каракчы!» – деди кыйкырып. Колуна андан бөлөк идиректүү нерсе алайын дедиби тегерете карай, дубалда илинген Кара эшектин куйругуна көзү чалдыкты. Ал куйрук Омошко чоң атасынан калган мурас. Социализм заманында бир үй-бүлөнү багып, адал эмгек кылган Кара эшек, кашайып колхоздун эгинине түшүп кетсе, кароолчулар атып салышат. Ак малынан ажыраган чоң атасы кейип кепчий, эстей жүргөнү ырымдап эшегинин куйругун кесип алган экен. Кийин атасына, атасы Омош Бишкекке жөнөгөндө капшытта илинип турган куйрукту алып: «Ишиңди оңойт, жолуңду ачат, барганда дубалыңа илип ал, балам» – деп ыроолоп берген.

Жаалданган Омош куйрукту ала коюп банкеге матыра туш келди чачырата баштады. Адеп дегенде Сары жоолукчан келиндин портретине тийип таргыл ала болуп калды.

– «Күйөөсүн муштаган келин!» – деди олурая карап: – Мына сага авангард! Мына сага үскүстүвө!

Сыпайы «Pebeo» француз кисточкасынан көрө, ак мал Кара эшектин куйругу алеп-желеп дегиче шыпылдай, палитрадагы боёктун жугун калтырбай сыйпалатты. Омош бир чети картиналары менен коштошуп жатканына ичи ачышса, бир чети андан бошогонуна сүйүнө:

«Эшектин коделеги!»

«Иттин ымыркайынын чоңоюшу!»

«Очокеге Мочокенин көз кысышы!» деген оозуна келген аттарды атап айкырып, кээде полотнонун сыртынан сылай, эркелетип да жатты. Полотнолор сыйкырга айланып, биринин артынан бири өзгөрүлө баштаганын да элес албады.

Ал кайсы шайтан азгырып шаарга келгенин, тынч эле айылда жүрө берсе авангард-савангарды жок эле өзүнө жакын Репин, Леонардо да Винчисин сүйүп жүрө бербейт беле. Кыялында багып, сүрөтүн тартсам деген айылдын кара томолок кыздары, ак мөңгү тоолору, таңкы шүүдүрүм, кыламык карга из салып койкоңдочу кызыл корозу, таранчылардын чурулдаганы жана башка ушу сыяктуу, ушуга окшош өзүндөй жоош, өзүндөй момун, койлору маараган, уйлары мөөрөгөн, таштан ташка урунган өзөн суусунун шаңгыр добушун угуп чоңойгон аруу кыял, илбериңки мүнөзү – эми минтип шаардын акыл калчап, суй жыгылткан жашоосуна айланганына көңүлү кирдей, жаа бою качкысы келди.

«Бүгүнкү тарамышы чыңалган контраст дүйнөдө актуалдуу искусствого кайрылуу – опурталдуу жана парадоксалдуу турбайбы. Тематикалык чыгарма жаратам дегениң – өз оюңду бирөөгө таңуулагандык, «тенденциозный» дешет экен. Азыркы сүрөтчүнү «боёктордун ой

www.bizdin.kg



жүгүртүүсү» эмес, чылбыр жипке илинген такасы түшкөн батиңке, шыбоо жыттанган байпактын жыты кызыктырат имиш!.. «Ах! кандай жаңы, кандай көркөм!» – дешип кол чабышкандарын айт. Деги эми эмнени тартам, тынч оокат кылдырышпайт экен го? Андай тарт, мындай тарт, үскүствө-үскүствө эмес деген сынчыларсыз эле, өз каалаганымды тарткан балалык чагыман айлансамчы! Гогенди да ушинтип кодулап жүрүшүп, Таити аралдарына тентиретишкенби?!»

Өзөрүп курсагы ачканын сезди. Мурдуна апасынын жаңы тарткан жылуу каймагынын жыты бурк этет. Көздөрү сүзүлө, сасыган боёктун арасынан кызыл дандан жасалган ысык токочтун жытын искей, кыялында айылына барып бал каймактан балчылдата малып жеп жатканын элестетти. Жоошуй түштү, жоорулганын сезди. Өзүнүн жумшактыгына, тоскоолдуктарга туруштук бере албаганына кыжалат болду. Бүлкүлдөп-сүлкүлдөп буттары чалыштай, колундагы жошолонгон куйругу менен кошо күп эте полго кулады…

## II

– Супер авангард! Нео авангард!

Эчкидей сакалдуу сүрөтчү арык бетин олуттуу бүрүштүрө, ичке сөөмөйүн көтөрдү.

– Омош Чонтоев – революционер!

– Жо-жоок, ал – азыркы искусствонун новатору! – деди, мурдагы Омоштун сүрөттөрүн «эскинин калдыгы» деген кесиптеши.

– Анын «Күйөөсүн муштаган келин» аттуу чыгармасында психологиялык татаал образдын ушунчалык терең чечилиши, күйөөсүнүн зомбулугуна чыдай албаган келиндин агрессияга айланышы денеңди дүркүрөтөт.

«Эшектин коделегичи!» Хи-хи-хи! Картиналардын аты да авангард экен! «Очоке менен Мочокенин көз кысышканын» айтсаң!

– Оф-фоой, ал – шедевр! Адамдын ичиндеги айтпайын дегениңди айткызат.

– Гений! Гениалдуу чыгармаларды жаратыптыр! – дешип чогулгандар күбүрөшүп, шыбырашып жатышты.

– Жаш сүрөтчү – Омош Чонтоев келатат, тосуп алыңыздар!

Фото аппараттар чаркылдап, шарактаган кол чабуулар токтобой, Омоштун алгачкы жеке сүрөт көргөзмөсүнө келген эл залга батпай толкуп турду.

Сүйүп турду.

www.bizdin.kg



*«Арча-2011» конкурсуна*

**Мейкин**

# *Жол турат...*

*Керимсел ойноп керүүгө чыкты,*
*Кезикти дүйнө ыр-бийге шыктуу.*
*Ыргалып гүлдөр, ырдалып күн, жер,*
*Ай-аалам укту, авазды мыкты.*

*Жүгүрөт камгак жалакай, чапчаң,*
*Аткулак шуулдайт алакан чапкан.*
*Дил бурат кайың дилдирек көйнөк,*
*Терметип уя, балапан жаткан.*

*Көркөмдөй албайм табият көркүн,*
*Кезеги келип айтууга кептин.*
*Жоргонун жалын сапыртып мен да,*
*Жол колот менен кайкыга жеттим.*

*Кыраңдан көрдүм боз үйдү аппак,*
*Талпынат бөбөк босого аттап,*
*Түрүлүү эшик боз үйдөн ошол,*
*Жол турат кетер ааламга каттап.*

* * *

*Жаз илеби делебени бурган чак,*
*Жаштык сезим сүйүү козгоп турган чак –*

www.bizdin.kg



*Өткөн учур!*
*Өр талашкан өмүрдөн,*
*Өрттөй жанган кезимди эстейм кылчактап.*

*Кабатырмын мезгил күтпөс касымдай,*
*Өмүр санын өөнөйт күндө жашырбай.*
*Жандүйнөмдө,*
*аңыз сымал кеч күздө*
*жайдак шамал тос учурат басылбай.*

*Курбалдашым, жигит кезден дил бирге,*
*Бизди мезгил карытууга үлгүрдү ээ.*
*Жашоо ушул, кубаныч, кутун үзүрлөп*
*урпактарга улай берсин бул дүйнө.*

## Биз өтөрбүз өмүрдөн

*Адатым бар айтар сырды жашырбай,*
*Сен бар кезде туш-тарабым жашыл жай.*
*Бөлүнүүдөн бүлүнүүдө бул өмүр,*
*Үбөлөнгөн тегирмендин ташындай.*

*Күн узактай, бар түйшүгү таңгалтпай,*
*Түн узактай, түйшөлөмүн таң да атпай.*
*Өзүң жокто жүргөнсүймүн багытсыз,*
*Эрке желдин элегинде камгактай.*

*Көңүл сүйөөр гүлүн таппай катардан,*
*Көпөлөктөй көңүл чөккөн сапардан.*
*Калка жетсе кайып болуп кетким бар,*
*Кабылса эле караанымды катаар жан.*

*Сездим жаным, сен жок кезде жалкымын,*
*Көрүшпөгөн күндөр өтпөйт – ал кылым.*
*Булук салып, бүйүрүмдү кызытат,*
*Бүчүлөнбөй бүлкүлдөгөн алкымың.*

*Казган сайын кемий берген, өмүр – кен,*
*Жолуксак деп тилейм эрте Теңирден.*

www.bizdin.kg



*Күндөр өтсө кезигер кез бар дейсиң,*
*Күндөр өтпөйт, биз өтөрбүз өмүрдөн.*

## Жолдо

*Көп кечиктим кечиксем да жетем – деп,*
*Үмүт өчпөй ишенимди бекемдеп.*
*Минген аттын колтугунда конч ойнойт,*
*Үзөңгүдө буттар тынбай тепеңдеп.*

*Чып-чып этип камчы тийсе сооруга.*
*Аяк таштап тизгин бербейт оолуга,*
*Ат башынан алыс кете жаздайсың,*
*Караан көрүп селт дей түшсө тоорула.*

*Жаземдебей жакшы тааныйт кезиккен,*
*Ай короолоп нурун чачкан тегиз-тең.*
*Шыбыры жок шыраалжынды терметип,*
*Жайма толкун жайпайт жашыл деңизден.*

*Жалгыз аяк түз, кашка жол боз такыр,*
*Ары-бери өткөн жан жок, бош жатыр.*
*Көөдөнүмө кусам батпай баратам,*
*Көздөн учуп Көлтөрдөгү боз чатыр.*

* * *

*Кирпигимди көтөргүчө үңүлүп,*
*Көздөн кайым тоону көздөй жүгүрүп.*
*Адаштырып кетти ээрчитпей келген жаз,*
*Жашыл көктөм жатып калды түңүлүп.*

*Жаз жыттанган жашыл көктөм жел өпкөн,*
*Үмүт үзбөйт жазым кайра келеттен.*
*Жоор күтүп жол тосууга барчудай,*
*Жоогазындар жайнайт сары желекчен.*

*Билбейм канча өттү ортодо аралык,*
*Барган сайын муздак желге таранып.*

www.bizdin.kg



*Жайда жашыл дан байлаган карагат,*
*Жол кароодон кетти көзү карарып.*

*Ойлор келет кээде мага чар-жайыт,*
*Маңыроодой маани берсем барбы айып.*
*Жашыл көктөм күздөн эмес, а балким,*
*Жазды күтүп кетет белем саргайып.*

*Сагындырсын мейли сапар узасын,*
*Ынагынын ырбаттырып кусасын.*
*Бирок тагдыр тарттырбасын эч кимге,*
*Келбей калчу күттүрүүнүн ызасын.*

## Гүл көрүнсө

*Өмүрдө да асыл таштай иргелген,*
*Күндөр болот эсте калар бир келген.*
*Бул дүйнөнүн салтанатын ал кезде,*
*Кирпигиңен туяр элем ирмелген.*

*Сагынуумду сап-сап болгон ыр кылып.*
*Сабылуумду эч кимге айтпай сыр кылып.*
*Самап барып саа жолуккан күнүмдө,*
*Карегиңден сүйүүң турчу кылгырып.*

*Чочуур элең чоочун назар түшүрсө,*
*Четте калчу чогоол ойлор, бүшүркөө.*
*Коштошалбай таңга чейин жүрчү элек,*
*Кызыгына батып кыштын үшүп, жөө.*

*Жалжал карап жалооруган көзүңчү,*
*Менсиз дүйнө сага супсак сезилчү.*
*Жалбырактай дилдирегиң жок эле,*
*Эркелетсе ээн желге үзүлчү.*

*Кантип анан... жандырмак жок суроодой,*
*Ойлор мээни кысат, чыңайт буроодой.*
*Балким, менин алсыздыгым, ашыкча*
*Мээримиме эрип кеттиң кыроодой.*

www.bizdin.kg


*Элесиңди ак кайыңдай ыргалган,*
*Унуталбайт эңсөөм менин кургалган.*
*Бир муңайым обон келет дагы эле,*
*Гүл көрүнсө кол жетпеген кырлардан...*

## Токой

*Сансыз дарак сабын бузбай тизилген,*
*Саргайыңкы жалбырагын күз илген.*
*Мелүүн желдин темиреткен шоороту,*
*Узап аздап чексиздикте үзүлгөн.*

*Дүйүм шилби токойдогу аралдай,*
*Саксайышат саамайлары таралбай.*
*Иңир кирсе үшүн алат адамдын,*
*Сезимиңди селт эттирчү караандай.*

*Тоонун башын көрүп булут чалганын,*
*Тобун издеп, көзөмөлдөп калганын,*
*Карагайлар балатыга курчалган,*
*Тойго ээрчитип бараткандай балдарын.*

*Жан-жаныбар бейпил жашап, жай кылган,*
*Тирлик өтөп уланышкан ай,жылдан,*
*Чар-тарабы өсүп барат токойдун,*
*Жердеги бир алп кемедей жай жылган.*

## Калса болду уланып

*Өткөн күндү дасторкондой жайгым бар,*
*Койну толо кубанчым бар, кайгым бар.*
*Өтөлгөлүү өттү күндөр дебесмин,*
*Актай өңдүү кеткен айрым ай, жылдар.*

*Улам жашым барган сайын өрүүлөп,*
*Өткөндү эстеп ой түйшөлтөт көп ирет.*
*Балким, бириң капалантсам, бириңе*
*Тийди бекен кол кабышым көбүрөөк.*

www.bizdin.kg



*Баары өзгөрөт келет, кетет мансап да,*
*Өчөр нуру жылдыз болуп жансак да.*
*Урпактарга калса болду уланып,*
*Биздин мүнөз – абийир күтүп, жан сактоо.*

* * *

*Түнү бою таш күйгүзгөн бурганак.*
*Талаа, түздө чабагандайт куржалак,*
*Ай нурунун айдыңында, аяз кыз*
*Ак жоолугун жүргөн өңдүү булгалап.*

*Кар тозоңу кайдан, жайдан куралып,*
*Сапырылат куюн болуп буралып.*
*Көз ирмемде тиги кырдан бу кырга,*
*Кыш ызгаары каптап кетти – бул анык.*

*Тоо башылап кар катмары калыңдай,*
*Кыркар тартат ажыдаардын жалындай.*
*Түнөгү жок үкү түндөп үн салса,*
*Кыттай уюйт кызыл аска жаңырбай.*

*Кыроо конгон мурутуна, чачына,*
*Карт жолоочу кайыл кашаң атына.*
*Калбай ээрчип, карды жиреп келатат,*
*Илешкен из арабанын чатына.*

www.bizdin.kg



*«Арча-2011» конкурсуна*

**Жетиген**

# АҢГЕМЕЛЕР

## ФРОНТАЛДЫК ТЕКШЕРҮҮ

Адатымча антаңдап күйүккөнүмдү баса албай шашып-бушуп кирип келсем, чогулуш башталып калыптыр. Бул саам да кечигип келиптирмин. Ууру мышыктай бүрүшүп, үнүмдү араң эле чыгарып, уруксат суроого шайым келбей эшикти акырын ачып, ичкери кирдим.

Деректирибиздин бүркүт кабагы мурдагыдан да сүрдүүрөөк көрүндү. Дайыма чогулуштарда отурчу эң арткы отургучка барып отурдум. Орчундуу бир маселе жөнүндө айтарын дароо эле сездим. Менин ойлогонумдай эле болду.

– Кеп мындай, – деп ал дароо эле маселени кабыргасынан койду. – Агартуу министрлигинен бизге атайын комиссия келет экен, азыр эле райондон телефон чалышты. Жоон топ болуп келет дейт. Бардык сабактарга киришет экен. Менимче, маселе түшүнүктүү го дейм. Болгон күч-аракетибизди жумшап, бир жолу алардын көзүнө көрүнүп коёлу. Кана, кандай дейсиңер, жолдоштор.

– Туура, туура, – деген үндөр угулду. Менин үнүм жаалаган добуштардан өзүмө да угулбай калды.

Мына ошондон баштап, биздин мугалимдердин баарына жан киргендей болду. Өмүрү мугалимдердин сабактарына кирип койбой эшикте күнгө кактанып, магдырап отура берчү деректирибиз сабакка киргендерин белгилөөчү журналын алып, сабактарга кире баштады. Окуу бөлүмүнүн башчысы болсо, илбирсче шап аңдып, пландарыбызды текшерип, көрсөтмөлөрүн берип жатты. Үстүнөн

www.bizdin.kg



тонун такыр түшүрбөй купшуйуп, көйнөгүнүн жакасын дагдайтып ачып жүрө берчү Карынбай тонун чечип, галстукчан келчү болду. Деле куп жарашып калат экен.

Өмүрү көрсөтмө куралдарды колдонбогон физик Алымбай жарым саат лабораториянын бурчунда металл сыныктарындай болуп үйүлүп жаткан темир-тесектерин аңтарып, белчесинен чаң болуп жатып, улам бирден сабактарга алып кире баштады. Боёкто аябай өчү барча көзү-башын боёнгон, тизесинен өйдө сырайта көйнөк кийип жүрчү, салам айтсаң жөндөп алик албаган чет тилден окуткан Соня деген кызыбыз жер чийген жайкалган көйнөк кийип, чачын эки өрүп артына таштап коюптур. Тим эле жомоктогу перидей, кадимки Айчүрөк жеңебиздин өзү. Баарынан дагы бозого абдан тоюп, балдарга ар бир сабакта эле дилбаян жаздырып коюп, өзү сабак бүткөнчө үргүлөп коюп отура берчү кыргыз тили жана адабият мугалими Аргынбай аке жапалак үкүчө чакчайып, сабагында тим эле шайдоот. Айтар сөзүн айтып бүтүрө албайт.

Мен дагы ишке эт-бетим менен кетип, катуу чамдадым. Күндөн күнгө кечикпейин деп сабак башталарга он беш мүнөт калганда келип, окуу бөлүмүнүн башчысына жазган планымды текшертип, көрсөтмө куралдарымды белендеп, коңгуроо болор замат атырылып сабакка кирип жүрдүм. Сабак башталар алдында согушка барчудай ар бир мугалимдин колунда көрсөтмө куралдар, техникалык каражаттар, кылычтай болгон таякчалар. Окуучулардын бардыгы тең алгыр мышыкча алга обдулушуп, соройтуп колдорун көтөрүшөт. Кирип барганыңда бардыгы тең солдаттарча команда берилгендей шарт тура калышат.

Көп өтпөй чыдамсыздык менен күттүргөн комиссиябыз да келди. Айткандай эле жоон топ. Бир жума текшеришти. Алар кайтар күнү жалпы чогулуш болду. Алар деректирибиздин, мугалимдердин сабактарына тез-тез кирерлигин, окуу бөлүмүнүн башчысынын пландарды дайыма текшерип турарлыгын, Карынбайдын интеллигенттерче зымпыйып башкаларга тазалык жагынан үлгү экендигин, физик Алымбайдын сабактарында техникалык каражаттарды көп колдонорун, чет тилчи Сонянын өзүн тыкан алып, жарашыктуу кийинерин жана сылыктыгын, Аргынбай акенин сабагында ыкчамдык менен окуучуларды өзүнө тартып аларлыгы, акырында менин сабактан бир да кечикпей, дайыма жарым саат эрте келип, көрсөтмө куралдарды даярдап, сабакка алдын-ала даяр турарлыгымды баса белгилешти. Аларды кетээринде жакшылап коноктоп, сый-сыпаа гана узатып койдук.

Оор жүктөн кутулгандай ошол күнү кечинде көңүлүм тынч адатымча алп уйкуга кирдим. Муздак нерсе денеме тийгенде гана селт эттим. Аялым адатынча жулкулдатып ойгото албай коюп, муздак сууну чакалап чачкан экен. Тура калып саатты карасам, туптуура сегиз. Шапа-шупа кийине салдым да, адатымча текирең таскакка

www.bizdin.kg



салып, мектепти карай буту-бутума тийбей сызып жөнөдүм. Бир жумадан ашыкча эрте туруп, шашпай жай басып барганга көнө калсам керек, бат эле агөпкө болуп чыктым. Ага караган жокмун, чекеден теримди куюлтуп, мектепке да кирип келдим.

Деректирибиз адатынча буу казанынын жанында күнгө кактанып, ыракаттана тамекини үстөккө-босток соруп отурган экен. Мага көңүл буруп да койгон жок. Мектептин ичине учуп кирип, мугалимдер бөлмөсүнө баш баксам, «окошкасы» бар окшойт, Соня кичинекей күзгүсүн тизесине жөлөп, кашын терип отуруптур. Чачын чөп үймөктөй кылып түйүп, мурдагыдай тизесинен өйдө чыккан сырайган көйнөк кийип алыптыр. Айткан саламга алик алган жок. Окуу бөлүмүнүн башчысына жазган планымды сунсам, керети жок бара бер дегенсип, колун шилтеп койду. Жалаң журналды колтугума кысып, классты көздөй жөнөдүм. Чыгып баратып бурчта физик Алымбайдын иретсиз металл сыныктарындай чачылып жаткан техникалык каражаттарын көрдүм.

Менин кирчү классым залдын эң наркы четинде эле. Адатымча чуркап баратып, ачылган эшиктен Карынбайдын сабак өтүп жатканын көрдүм. Баягы тонун үстүнө баса кийип алган, көйнөгүнүн жакасы жагжайып ачык. Галстуктан дайын жок, шымы бырышкан. Кийинки эшик да саал-паал ачылып калыптыр. Бозого тойгондуктан улам-улам карт-карт кекирип, үстөлдө үргүлөп отурган Аргынбай акени көрдүм. Балдар чымчыктарча чурулдашып, бири-биринен дилбаян көчүрүп жатышкан экен.

Түз эле класска атып кирдим. Ар кайсы жерден сороюшуп, бирин-серин гана окуучулар өйдө болушту. Биринде да ак жака, жагоо, окуучулук форма жок. Көпчүлүгүнүн футболкаларынын төшүндө «Ну, погодидеги» коёнду кууп бараткан айбаттуу карышкыр. Бир нерсе сурасаң, оозоруна суу толтуруп алышкансып, тултуюп унчугушпайт. Атүгүл кол көтөрүүдөн эринишет.

Шашпастан жай гана журналды ачып, бүгүн дежур ким экендигин сурап, кимдердин сабакка келбей калышкандыгын тактап, жайнаган «кж» деген белгилерди коё баштадым. Өткөн сабакта келбей калышкан бир-экөөнү кекетип-мокотуп, дежурга досканы чүпүрөктү суулатып сүрттүрүп, мугалимдер бөлмөсүнөн бор алып келүүгө бирөөнү жиберип, баарына китептерин ачып алдыларына коюуну тапшырдым. Ордуман шашпай турдум да, мен жиберген окуучу алып келген борду алып, мизилдете таза сүртүлгөн доскага өтүлүүчү сабактын темасын жазууга киришлим. Көп өтпөй эле сууланган чүпүрөк менен таза сүртүлгөн доскада шурудай тизилген «Кайталоо» деген сөз пайда болду. Аңгыча сабактын бүткөнүн билдирген коңгуроо шаңдуу кагылды.

www.bizdin.kg



# МОЛДОКЕЛЕР

– Ой, кемпир, жогортон өкүрүк чыккансыйбы, ыя?.. Кулакты Кудай алып, жаман болду го. Жакшылап тыңшачы, кемпир. Чөкү көптөн бери оору эмес беле. Өкүрүк ошол тараптан чыккансыйт, – деп жаңы эле түйшөлүп селт ойгоно калган Жүкө молдо күчүнө-күч, кайратына-кайрат кошулгансып, жаш жигитче төшөгүнөн шак секирип туруп, дамбалынын ычкырын бекем байлана төшөгүнүн этегине даярдап койгон шымына бут сала баштады. Кемпиринин күңкүлдөп бир нерсе дегенине көңүл да буруп койгон жок. Мындайда издегени да дароо табылбай калат кара басып. Бир маасысын таап, бирөөнү таппай жүрөт кайсалап. Таң үрүл-бүрүл болуп, үй ичи ала күңүрт. Таңында жарык жандырбайт. Бул молдокенин башынан берки адети. Ага да тыйын коротуп эмне.

Эптеп жүрүп маасысын да тапты. Күүгүмдө кемпири тыткан жүнү менен кошо босогого алып барып таштаптыр. Мындай убакта молдокемдин кыймылы элпек, жүрүшү шайдоот. Анан оңойбу, эми бир топко акчага туйтунат эмеспи. Жаназа, доорон дегени бар, үчүлүк, жетилик, кырк ашы, анан жыл сайын орозо маалында куран түшүртмөй. Ар биринде анын чөнтөгү туйтунат.

Жүкө молдо демейде кышылдап жатып бир топто жетчү жерге суутулган кунандай бир заматта жетип барды. Анын ою ордунан чыгыптыр. Курбусу Чөкү кайтыш болуптур.

– Иншал-ла-а, Кудай дагы өлүмдү жакшы көргөн кишисине берет, – деди ал сакалын сылап, ички кубанычын араң жашырып. – Демек, Чөкү Кудай кудуретимдин сүйгөн пендеси. Адам баласынын бараар жери акыры оо дүйнө. Тирүүчүлүктүн бир милдети эми ыраматылыктын арбагын ыраазы кылуу. Сен, Жакып атанын баласысың. Намыс эрди өлтүрөт дейт, намыскөй жигитсиң. Чач эми болгон оокатыңды!..

Өлүк коюлуп, журт өз жай-жайына тараганча Жүкө молдонун турагы өлүк чыккан жер. Кемпирине эми оокат жасатпайт. Андан оокат ичишип, өзүнчө бир бөлмөгө төшөктү калың салдырып, жарыкты өчүрбөстөн жандырып коюп, кыялга батып жата берет.

Өлүк коюлчу күн да келип жетип, эл көп чогулду. Казан-казан эт бышырылып, табактар додо-додо болуп тартылды. Өз айылынан өлүк чыкканына Жүкө молдо өзүнчө корстон болуп, өзүнчө кожоюн. Чоң казатта команда берген аскер башчыларындай кыймылы элпек.

Катар тизилген төрт молдо доорон окуп бүтүшүп, ортодогу акчаны баса калышып, бөлүштүрө баштаашты. Кызык мына дал ушул жерден башталды. Бир он сомдукту Чүкө молдо менен Жүкө молдо бөлүп алууга туура келип калды. Чүкө молдого карматса майдам жок, эртең-бүрсүгүнү берем деп алдап кетиши мүмкүн. Өзү чөнтөгүнөн

www.bizdin.kg


тигиге беш сомдукту кайрып бергиси келбей заманасы куурулду. Экөөнүн тең эки көзү береги жалындай жалбырттаган көгүш он сомдукта. Айла кетти.

– Бол, Жүкө, беш сом кайрып бере сал. Майдаң жок болсо мага бер, майдалатып туруп, анын беш сомун кайрып берем, – деп, Чүкө молдо лыкылдата баштады.

Шаштысы кеткен Жүкө молдо он сомдукту чепкенинин ички чөнтөгүнө терең сойлотту да шашып туруп баратып:

– Молдокелер, өзүңөр калыс болгулачы. Мынабу он сомдукту бөлүүнүн эби табылбады. Эгерде ак сөзгө Чүкөбайым көнсөң мындай: береги коңшу айылдагы Боромбай катуу оору деген. Мына ошол көз жумуп кетсе, бүтүндөй бир он сомдукту сен ал. Ал эми азыркы бул он сомдукту мен эле алайын. Ошентип, экөөбүз чот-чот болобуз, – деди да бирөө этегинен апчып кармап кала тургансып, мүрзө тарапты карай чурулдап жөнөгөн калың топтун арасына жылт кирип жок болду.

Чүкө молдо болсо оозунан алдырган түлкүдөй болуп, өңү бир бозоруп, бир кызарып, сакалын апчыган бойдон Жүкө молдонун артынан жин ургандай кубалап жөнөдү…

## НАНГА ЖӨНӨ!

Негедир Абыл бүгүн күндөгүдөй эмес, чочуп ойгонду. Жаман түш көрүп жаткан экен. Тамагы кургап, суу көзүнөн учат. Башы тим эле чарт жарылып кетчү ашкабактай.

– Салкын! – деп кыйкырды ал адатынча. Аялынан жооп болбоду. Бүгүн күнгө болсо жекшемби. Ишке экөө тең барышпайт эмеспи.

– Ой, Салкын дейм! – деп бакырды ал мурдагыдан да катуу. Салкындан жооп жок. Шак тура калып, бүт бөлмөлөрдү карады. Көрүнбөйт. Ашканага, ваннага барды. Бардык жерде жок. Абылдын оозуна сары суу келип, көңүлү айный түштү, кечээки жаңжал эсине келди. Өтө кызуу келип, өмүрүндө биринчи жолу аялы дүкөнгө нан алып келүүгө жумшаса, барбайм деп каяша айтып, анан аялын анча-мынча эркектик кылып «төпөчтөп» койгонун эстеди. Жүгүрүп барып шифоньерди карады. Салкындын кийимдери бүтүндөй жок.

«Чын эле Салкын мени таштап кеттиби? – деп ойлоду Абыл. Эмне, нанга барбайсың деп эле таштап кете береби? Кызык. Өгүнү да бир жолу экинчи тил албай турган болсоң, кетип калам дебеди беле. Анысы тамаша экен десе…»

Шаабайы сууй түштү Абылдын. Күзгүгө барып өзүнүн уйпаланган, шапайыңкы өңүн көрдү. «Ушу кейпим менен эми кимге керекмин, мен шордуу-у».

www.bizdin.kg



Аңгыча телефон «чыр» дей түштү. Трубканы алса досу Бейше.

– Иштер кандай? – деп, суроо узатты Бейше. Көңүлү абдан жайдарыдай.

– Иштер жаман, – деди Абыл сиркеси суу көтөрбөй, – Салкын мени таштап кетип калды. Эми эмне кыларымды билбей турам.

– Андай болсо эң сонун болуптур, – деди Бейше. – Кандай гана бактылуусуң. Жалгыз кишиге тим эле жыргал да. Каалаганыңды кылып, өтүгүңдү атүгүл төргө илесиң. Меники куусаң да кетпейт го, чиркин. Азыр сен эркин адамсың, эркин кушсуң, достум! Түшүндүңбү?!

Абыл бир азга томсоро ойго бата түшүп, кайта жаандан кийин жарк этип ачылган күнчө жадырай түштү. «Чын айтат. Жалгыздык тим эле жыргал да. Бейше айткандай атүгүл өтүгүңдү төргө да илип алсаң болот. Жетет ушунча жыл бу катындан азап чеккеним. Эми эркиндикте жашайм. Эч ким мени нанга жумшабайт».

Абыл тез эле дасторконго тамактарды жайнатып салды. Каймакка нанды матырып алып, сугунуп кирди. Өмүрүндө мындай өз эркинче тамакты тоё жеген эместир. Ошол убакта эшик шыңгырады. Кыңылдап барып эшикти ачты. Колуна чемодан көтөргөн аялы кирип келди.

– Тим эле Кудай ургандай чарчадым. Химчисткага кийимдеримди алып баргам. Сен давай, дүкөнгө барып нан алып кел. Нанды азыр эле түшүрүп жатат, – деди Салкын үстөккө-босток үшкүрүнүп.

Көп өтпөй колуна чоң сумканы алган Абыл нан дүкөнүн көздөй буту-бутуна тийбей безип баратты...

## БАШКЫ КҮНӨКӨР КИМ?

Кеңешме кызуу өтүп жатты. «Курулуш» акционердик коомунун президенти Парманов көз айнегин оңдоп койду да ачууланып жатты:

– Уят, мырзалар! Болбогон нерсенин – суунун жоктугунан үйдү пайдаланууга бербей калуу деген эмне! Мырзаев, мен сизге мурдагүнү эле бул үйгө келчү түтүктү суу түтүгүнө жалгаштыр дебедим беле!

– Жерди казышпаса мен кантип жалгаштырат элем? – деди Мырзаев күңкүлдөп.

– Эмне үчүн сиз Эсенбаевге кайрылган жоксуз?

– Кайрылгам. Ал экскаватор келет деп айткан, бирок алдап коюптур. Азыркыга чейин казылбай жатат!

– Жөн жерден жалаа жаппагын, мен эч кимди алдаган жокмун, – Эсенбаев таарына түштү. – Экскаватор силерге келген, бирок иштей албай койду. Адегенде темир-бетон плитаны алып салыш керек экен.

www.bizdin.kg



– Эмне үчүн силер аны алып салган жоксуңар? Бизде автокран бар эмеспи. Эмне, Сарыбаевге телефон чалган кыйынбы?

– Телефон чалгам. Ал эми кран болсо келген жок.

– Билесиңерби, ал эмне үчүн келген жок? – деди Сарыбаев. – Шофердун бензини түгөнүп калыптыр.

– Кудай алгырдыкы, ал эмне үчүн бензин куйбаптыр? – деп, Парманов ачууланды.

– Себеби май куйганга талону калбай калыптыр, – деп түшүндүрдү Сарыбаев.

– Аны тезинен алыш үчүн талап кылуу керек эле!

– Мен ансыз деле ошенттим. Дароо эле жабдуу бөлүмүнүн начальниги Жабыкбаевге бардым. Бирок анын кабинети жабык экен. Мен ага атүгүл кагаз жазып калтыргам.

– Туура эмес, эч кандай кагазды көргөн жокмун! – деп Жабыкбаев каршы болду.

– Мен аны каалганын астынан ичине сойлотуп жибергем.

– Мүмкүн, үй жуугуч аял шыпырып салгандыр?

– Катя, бизге Эсенбүбү эжени чакырып койчу, тезирээк, – деди президент катчы кызга.

Көп өтпөй эле кабинетке кысынып үй жуугуч аял кирди.

– Кагаз дейсиңерби? Мүмкүн болгондур, – деди ал. – Полдо жаткандардын баарын шыпырып салабыз. Керектүү кагаздарды бет келди таштабайт да...

Тымтырстык өкүм сүрүп калды. Акырында Парманов оор күрсүндү:

– Көрдүңбү, Эсенбүбү эжекеси, эмне кылгансың? Сенин күнөөңөн улам үйдү өз убагында пайдаланууга берген жокпуз!

Алдастаган үй шыпыруучу аял көз жашын сүртүп, эшикке чыгып кеткенден кийин Мырзаев оор жүктөн бошонгондой мындай деди:

– Мына көрдүңүзбү? Ал эми сиз болсо бизди күнөөлөйсүз, Куралбек Парманович!

Бардыгы тең оор жүктөн бошонушкандай терең үшкүрүнүштү...

## КҮТҮҮСҮЗ КУБАНЫЧ

Экинчи нөөмөт аяктап калган кезде «Байпак» акционердик коомунун төрагасынын кабинетине эшик тоскуч Маша жеңе менен № 3 цехтин жумушчусу Майраш киришти. Эшик тоскучтун колунда таар баштык, ал эми Майраш болсо бутунун учу менен араң эле кадам таштап, башын улам-улам чайкап, көзүн жерден албайт.

– Эмне болду? – деп сурады төрага.

www.bizdin.kg



– Жаңы эле кармап алдым, биздин ишкананын буюмдарын уурдап баратыптыр. Бир канча байпакты койнуна катып алыптыр, – деди эшик тоскуч рапорт берип жаткансып. – Мына факт! Кичине балдардын байпагы, бизде чыгарылган…

Төраганы тике карап, аңырая жооп күтүп калды. Майрашта болсо өң-алет деген жок, купкуу. Аңгыча төраганын купкуу өңүнө кызыл жүгүрүп, көздөрүнөн от чачырап, күлүңдөй түштү.

– Сен, кымбаттуу Маша жеңе, жаңылган жоксуңбу? – деди ал уурдалган байпактарды көздөрүн жүлжүйтө тиктеп, бир колу менен кармалап жатып.

– Майраштын өзүнөн сурасаңыз.

– Байкабастан эки-үчтү алдым эле… Начарыраак болуп калгандарынан… – Майраш ооз учунан араң эле күбүрөдү.

Ортодо чымын учса билингидей бир аз тынчтык өкүм сүрө калды. Аңгыча төрага ордунан шак тура калып, Майрашка жакын барды да күтүүсүздөн аны сыга кучактап, чекесинен балп эттире өөп алды. Эшик тоскуч Маша жеңе эч нерсеге түшүнбөй колу менен жүрөк тушун басып, отургучка каалгый отурду.

– Маша жеңе, – деп, төрага эшик тоскучка кайрылды. – Сен акыркы жолу биздин продукцияны уурдап бараткан кишини качан кармадың эле, кана эстеп көрчү, кымбаттуум?..

– М-м-м… – Эшик тоскуч чеке-башын тырыштырып, бир паска ойлоно калды. – Эсептен жаңылбасам, эки жыл мурун. Ооба, эки жыл мурун…

– Көрдүңбү, Маша жеңе, Майраш бизге кандай гана күтүүсүз кубаныч тартуулады. Продукциялардын уурдала баштагандыгы бир четинен жакшы. Бул, биз чыгарган байпактардын сапатынын жакшыра баштаганынын белгиси. Бул жакшы белги! Демек, брак азайып бараткан экен. Дегинкиси, бractтын кимге керeги бар?.. Ишибиздин акыбети кайта баштаган экен, Кудай буюрса…

Төрага катчы кызды чакырды.

– Сонечка, береги муздаткычтан бир бөтөлкө шампан алып келе калчы! Биз чыгарган байпактардын сапатынын жакшыргандыгы үчүн бир бокалдан алып коёлу. Кайра жаралган сапат үчүн! Бүгүнкү күндү ишкананын тарыхына калтыруу керек. Келгиле, урматтуу айымдар, үстөлгө!..

Эшик тоскуч Маша жеңе менен колу туткак Майраш көбүктөнүп жаткан бокалга кол сунушту. Жүздөрүндө жадыраган жылмаюу. Майраштын болсо күтүүсүз кубанычтан эки бети анардай кыпкызыл. Ал эми төрага болсо, алардан кем эмес кубанып, өзүнүн ишканасынын байпактары салынган таар баштыкты кичинекей наристеден бетер жүрөгүнө бекем кысты…

www.bizdin.kg



# МОРАЛДЫК СОККУ

Башынан бери китеп окуганды, жанагы тайраңдап, жылаңач бийлешкен балет деген немесин жактырбайм. Телевизордо балеттен үзүндү берип калса аны өчүргөнчө шашам. Китеп деген немени көзүмдүн чуңкуру көрсүн, үйгө жолотпойм такыр. Аларсыз эле мына элүү жылдан бери соода-сатыгымды кылып, сопсонун эле жашап келатам. Мунум бүт баарыга дайын. Мени жакшы билгендер майрамдарда мага китеп деген немени такыр белек кылышпайт, балет дегенине да билет беришпейт.

Анык кызык менин элүү жылдыгымдагы үлпөттө башталбадыбы. Касым деген курбум мени шылдыңдагансып, очойгон китепти белек кылса болобу.

– Эң сонун китеп, курбум. «Согуш жана тынчтык», Толстойдуку, төрт том.

Чын эле бул китептер «толстый» экен. Муну кемпирим экөөлөп окусак да, бир жылда бүтпөчүдөйбүз. Ичимен сызып гана тим болдум. Башынан эле бул Касымдын мага көзү түз эмес. Бул китепти мени шылдыңдап алып келген турбайбы. Айла канча, ичимен гана ызырынып, үлпөттү өткөрө бердим. Баягы Касымдын китеби ошо бойдон чаң басып жатты. Бул китеп канчага кыймылсыз жатат эле ким билет, бир окуя болбогондо.

Мени менен кесиптеш, коңшу көчөлүк дүкөнчү Абыл элүү жылдыгын өткөрөм деп, үлпөткө чакыруу кагазын берди. Башыма дароо бир ой кылт этти.

– Кемпир, Абыл элүү жылдыгына чакырыптыр. Кандай белек алып барсак, ыя?

– Мүмкүн, жакшынакай кымбат буюм алып барарбыз?..

– Ал кымбат буюмдан айлансын. Биздикине келгенде шылдың кылгансып, кайдагы бир художниктин килейген сүрөтүн алып келгениби?

– Анда сен ага Касымча китеп алып бар.

– Мына акыл таптың. Аны да бир иттей шылдың кылайын элдин көзүнчө. Баягы Касым алып келген «Толстый» деген очойгон китептерди алып баралы. Ошентип, ага моралдык жактан сокку урамын. Билесиңби, моралдык сокку! Жеңиш мен тарапта болот. Болду, бүттү, чечтик.

Ошентип, кемпирим экөөбүз жасанып алып, баягы китептерди жалтырак кагазга ороп, үлпөткө бет алдык. Элдер келип калышыптыр. Белекти Абылга карматтым. Ал ыраазылык билдире «белегибизди» кемпирине берди. Кече көңүлдүү өттү. Түн бир оокумда тарадык. Ичимден кудуңдайм, аны шылдың кылганыма.

www.bizdin.kg



Эртеси кечинде эшиктин коңгуроосу шыңгырады.

– Эшик ачык, кире бер, – деп кыйкырдым.

Колуна бир нерсени колтуктаган Абыл кирди.

– Тынчыңарды алгандыгым үчүн кечирип койгула. Бир нерсени сурайын деп эле кайрылып калдым. Мобу Толстойдун төрт томун сен чындап эле мага белекке бердиңби?

– Ооба, эмне экен?

– Ашыке, жүрсөң тигиндей, бир нерсе айтайын.

– Барба, – деп шыбырады кемпирим. – Ал сени шылдыңдаганың үчүн урган жатат окшойт.

– Эч жакка барбайм. Айтсаң ушул жерден айт, – дедим көшөрүп.

– Анда, аяш, сиз чыгып турасызбы?

– Чыгып тура турчу, эмне дээр экен. Ал мени муштаганда эле колуңа бир нерсе алып, жүгүрүп келгин, – деп кемпириме шыбырадым.

Кемпирим кыйылып, наркы бөлмөгө араң кетти.

– Ыракмат, досум! Ушул төрт томду шаардан каратып да көптөн бери таппай жүрдүм эле. Мен тууралуу жакшы ойдо экендигиңе түшүндүм. Бул китепти бүгүн бирге иштешкендердин бардыгына көргөзүп чыктым. Баарына мактандым. Мен сага ыраазычылыгымды билгизейин деп бүгүн бир саатча кезекке туруп, жаңы балеттин премьерасына эки билет алып келдим. Аяш экөөңөр барып көрүп койгула. Болуптур, анда мен кеттим. Дагы бир жолу ыракмат сага, Ашыке!

– Эмне деди? – кемпирим ууру мышыкча акырын жылып келди.

– Эмне демек эле, тайраңдаган бий көрмөк болдук. Балетке билет экен. Мына сага, анык моралдык сокку деген мына ушул.

## КУРУ АЯККА БАТА ЖҮРБӨЙТ

Биздин мекемеге турак жай бөлүштүрүлүп, профкомдун төрагасы үй-бүлө тууралуу справка талап кылып калды. Жетекчимден сурап, таң атпай үй башкармасынын эшигинин алдына жетип бардым. Төрага далайдан кийин келди. Шаша турган түрү көрүнбөйт. Анын артынан кошо ээрчий кирдим. Айткан саламымды араң алды ооз учунан.

– Мен, справкага келдим эле, – дедим үнүмдү пас чыгарып.

– Ыя?! Справка? Эмне болгон справка?

– Үй-бүлө тууралуу.

– Катчыга барып, үй китепчеңизди каратып, жаздырып келиңиз.

Катчыга кирдим.

www.bizdin.kg



– Кириңиз, – деди, мунусу да үтүрөйүп. Экөө тең сүйлөшүп алышкансып үтүрөйүшөт. Маа десе керелден-кечке үтүрөйүшсүн, мага справка беришсе эле болгону.

– Үй-бүлө тууралуу справка керек эле.

– Справка? Кайда тапшырганы?

– Жаңы үй алмак элем. Үч балам бар эмеспи, үч бөлмөлүү квартира бергени калды…

– Аман болсоң справка болот. Бирок бүгүн отчёт жазып жаттым эле, кол бошобойт. Эртең келиңиз.

– Алакандай справканы жазып бере салсаңыз, беш эле мүнөттүк иш го. Бүгүнкүгө эле иштен араң суранып алдым эле.

– Жумуш кычап турганда ушинтип каласыңар. Отчётту бүгүн бүтүрүп, тапшырбасам болбойт. Эмне кылсам? Төрагага барып сүйлөшүп көрөйүн, – деп, ал төраганын бөлмөсүнө кирип, көптө барып чыкты.

– Араң көндүрдүм. Эми жазып берейин, айла канча мынча кадыр салып калгандан кийин, – деп жаза баштады. – Калем сабы да билип жатса керек кыязы. Кандай дейсиң буга дос? Ыя-а? – Жамажайы эки кулагына жеткенче ырсайды.

– Сиз жазып тура туруңуз, мен дүкөнгө безип барып келе коёюн, – дедим, сөздүн төркүнүн дароо баамдап. Ордуман атып турдум. Ошондогу үңүрөйгөн кабактын жарк этип ачылганычы! Дароо эле шишени коюнга култуйтуп жетип келдим.

– Меңиз, муну нары салып коюңуз, иштен кийин ичээрсиз, – дедим шишени ага сунуп.

– Кой, ошондой да болчу беле. Тең ичкенди теңирим сүйүптүр деген кеп бар эмеспи. Аксакалды да чакырып коёлу.

Эшик ичинен илинип, үчөөбүз бет маңдай отуруп, стакандарга куюп иче баштадык. Шише аяктаган кезде ич кызып калды.

– Бул жигит справкага келиптир, үй алганы жатыптыр, – деди катчы төрагага.

– Ошол эле бекен? Ал «журунда». Биздин справка менен сөзсүз үй алат, атүгүл алтын сарай алат. Анда жакшы иштин башталышы деп… «Кур аякка»… – андан ары айтууга чамасы келбей чакап калды.

Дароо баамдадым. Эми дагы бир шишени алып келип, анан справканы алып, жолго түшөйүн деп ойлодум да, дүкөнгө безип жөнөдүм. Дагы бирден ичкенден кийин тынымсыз айтылган мактоого жаным жыргап, дүкөндү көздөй айттырбай эле өзүм жөнөпмүн. Андан кийинкисин билбейм. Көзүмдү ачсам үйдө жатам. Таң атып калыптыр.

– Справканы дароо азыр эле тапшырып кой, бүгүн үйдү бөлүштүрүшөт экен, – деди аялым кызматына жөнөп жатып. Чөнтөктөрүмдү сокур үмүт менен аңтарсам эч кандай справка деген жок. Справка албай эле

www.bizdin.kg



жүрө бергенимди түшүндүм. Эмне кылышым керек. Жетекчиме барып бүгүн да сурангандан башка айла калбай калды.

Жетекчим кабак-башын бүркөп жатып, араң уруксат берди. Тез кел деди. Үй башкармасын карай безип жөнөдүм. Барсам бек. Айлам кетти. Төраганын үйүн көздөй жөнөдүм. Жаңыдан туруп жатыптыр. Араң эле теңселет.

– Башым тим эле ашкабакча дал ортосунан чарт жарыла турган болуп турат. Мөөрдү да оңдоп баса албайбыз го, ыя, кол калтырап. Баса, үй алганга справка дедиң беле. Дурус. Справканы беребиз. Анан жанагы мындай макал болчу эле го…

– «Кур аякка бата жүрбөйт» деген турасызбы?

– Вой молодес! Эстүү жигит айттырбай билет. Жок дегенде башты оңдоп алып, анан справка жазалы. Кандай дейсиң ыя, иничек? – деп катчысына көз кысты.

– Тим эле пайгамбардык сөз мунуңуз, – деди анысы бир жагынан жиреп. Өзүмдүн деле башым оңбой турган болчу, башымды жазып алсам жаманбы деген ойго кеттим да, жүгүрүп барып бир шишени бөктөрүп келдим. Аны ичкенден кийин жибип, чечекейибиз чеч. Бапылдашып отуруп, кызуу сөзгө кирип, бардыгы эстен чыгыптыр. Мага айтылган мактоо сөздөргө эрип, дүкөндү карай жана дагы эки ирет барганымды билем.

Эртең менен көзүмдү ачсам, аялым ыйлап отурат.

– Оңбогон гана өлүксүз. Мына, эки күндөн бери темтеңдеп мас болуп жүрүп, тапшырган справкаң жок, бизге үй бөлүнбөй калыптыр. Үйдүн ээси квартиранын акчасын да доолап жатат. Бар, бүгүн силерге айлык бермек эмес беле, алып кел, шүмүрөйбөй.

Сиркем суу көтөрбөй бырышып-тырышкан шымымдын багалегин эки колдоп тазаламыш болдум да, үңкүйгөн бойдон ишти көздөй жөнөдүм. Басып баратып, шымымдын чөнтөгүнөн бырышкан справканы алдым да, тытып-тытып туруп, туш келди ыргыттым.

## БЕТИМ И-ИЙ, БЕТИМ…

Дегеле ар дайым кыз жагынан жолум ачык. Баарынан да автобус менен жол жүрөрдө элик сындуу кара көз кыздарга кынала олтуруп калганымчы. Бул сапар да чүкөм айкүр туруп, жолум ачык болду. Автобуска билет алып олтурсам жанымда кымырылып, дегеле татынакай кыз олтурат. Жүрөгүм адетинче бир «солк» этип алды да, сааттын үнүндөй бир калыпта «тарсылдап» кагып турду.

Адетинче жакшылап жай алып чабуулга өттүм. Баягы жатталып калган сөздөрүмдү тизмектетип ыраатылы менен төкмө акын Эстебесче төгүп кирдим.

www.bizdin.kg



– Атыңыз ким карындаш? – Ал уялыңкы жер тиктеди. Эки бети анардай болуп кыпкызыл. Анын үстүнө мындай кызды биринчи жолуктурушум. Мурункулары мени сөзгө жыгып, автоматча тытырашчу. «Ий көзүңөн, ий секет. Болду, сага үйлөнөм. Жетет, ушуга чейин бойдок жүргөнүм», – дедим ичимен өзүмчө эле кудуңдап.

– Күн жылуу ээ, карындаш?

– Өзүңүз көрүп турбайсызбы?

Жаагым жап болду. Ай, ушу, сөздүн алды-артын карабай... Оңтойсуз сүйлөгөнүм ай. «Көсөөнүн акылы түштөн кийин кирет» дегендей, түштөн кийин бармагымды карыш тиштеп калам.

Кошунамды карасам эч өзгөрбөгөндөй. Мурунку эле калыбында алга телмирет. Дагы бир тил катып көрүүнү чечтим. «Жаныбек да Гүлбараны эми бир байкап көрөйүн, болбосо кете берейин» деген турбайбы. Мен деле ошентип көрөйүн. Болбосо менин эмнем коройт, өз жолум менен кете берейин.

– Атыңызды айтпай койдуңуз го. Айтсаңыз эми, атыңыз ким? – дедим өжөрлөнө сөздү таруудай жыбыратып, мөндүрдөй дыбыратып.

– Ошончолук эле билгиңиз келеби?

– Ананчы. Билбесем жарылып кетчүдөймүн.

– Атым Гүлбара.

– Ой-ий, ырда айтылган Жаныбектин Гүлбарасы болуп жүрбөңүз. Айтам да башка кыздар болсо алеки заматта тыбырап, менин жайган торумда жатышмак.

– Нечен кыздарды торго түшүрүп, көнүп калгансыз го мага да асылганыңызга караганда.

Тилимди тиштеп алдым. Олда курган жаным ай. Тилим сыздап калды. Бир четинен ооруганына чыдабасам да бир четинен кубандым. «Ырас болду». Деле тим койсо дөөрүп кетет. Анан байкап, абайлап сүйлөбөйсүңбү?

Кандай болбосун торго түшүрүү керек деген ойго келттим. Эми акыркы ирет чабуул жасап көрөйүн, болбосо эле өз жолума түшүп кете берейин деген ойго келдим.

– Кайсыл айылга барасыз?

– Кайырмага.

Кайырманын чакан эли коён-жатагына чейин белгилүү эмеспи мага. Бирөөнүкүнө конокко келе жаткан неме болсо керек деп чечтим. Бир четинен кубанып кеттим. «Эми колго түшпөгөндө кайда барар экенсиң? Торго түшкөн жериң ушул, секетим» – ичимен тим эле жыргап келе жаттым. Көптөн бери келбегенгеби, же ушундай татынакай ак куу менин туулган айылыма келаткангабы, айтор, айыл шаардай көрүнүп кетти менин көзүмө.

– Кимдикине барасыз?

www.bizdin.kg



– Шаршендикине.

Чекемен чып-чып тер чыкты. Кубанганым ай! «Капканга өзүң бараткан экенсиң. Эми оңой менен бошоно албайсың го». Шаршен бирге өсүп, бирге чоңойгон жолдошум. Айылда иштейт. Өзүм колго түшүрө албасам да, ал жардамдашат. Менин сөзүмөн чыгып эле көрсүнчү!

Ичимен кыңылдап кирдим. Көңүлүм тим эле жаздын алгачкы күнүндөй жайдары.

Автобустан экөөбүз бирге түштүк. Түз эле Шаршендикин көздөй жөнөдү. Буттарынын мамыдай түздүгүчү! Ушул азыр, чырмооктой болуп буттарына оролуп, чопулдатып өбүүдөн да качпас элем. Мен да дегеңдеп кырк бешинчи өтүктү сүйрөп, артынан салып уруп жөнөдүм.

Азыр эле Шаршенге айтып, буга тор жаюуну ойлодум. Кубанганымдан жер жаңыртып айкыргым келет. Канчалык кылган менен токтоо жигит эмесминби, өзүмдү өзүм эптеп чылбырлап кармадым.

Мына Шаршендин үйү. Экөөбүз ээрчише кирдик. Ырас болуп, Шаршен үйдө экен.

– Ой, Кеңеш, сен кайдан, кайсы шамал айдап келди. Аяшың менен өзүң эле таанышып алган турбайсыңбы. Каап, көрүндүктү алалбай калдым ээ?

Далдайып эле туруп калыптырмын.

– Өйдө өтүңүз аяш, – деди Гүлбара сылык.

Жер астын-үстүн болгондой эле болду.

– Ме-ен… Мен-ин… – эшикти көздөй далбалактап жөнөдүм…

Эртең Шаршендин бетин кантип карайм. Баарынан да аяшымдыкынчы?!.

Бетим ий, бетим!

# КЕЗЕКТИН АРТЫ КИМ ЭКЕН?

Билетке кезек күткөндөр эң эле көп. Билет сатылуучу тешикчеден баштап, бир катар тизилишкен адамдардын аягы тээ, капкайда.

– Келе бери, баланы, – дедим аялыма. – Билет алып чыгайын.

Ал мага билет алууга акчасын санап берди да, өзү мындай чыга берди. Баланы боорума бекем кыстым да, кассаны көздөй сыздым. Котолошкон адамдарды аралап, кассага жакындадым. Аңгыча этегимден бирөө булкту, жалт карасам Каныбек деген таанышым.

– Эки билетти кошо бүктөй чыгыңызчы, – деген кыздын үнүн уктум. Буга да макул болдум. Билетти алып кайра артка жөнөдүм.

– Ассалоому алейкум, Ашыке. Кандай, ден соолук дуруспу, – бир кездерде бирге окуган классташым Темиржан дегеле лыпылдап учу-

www.bizdin.kg



раша кетти. Баламды мурдунан чымчып өбүүгө да үлгүрдү. – Ашыке, абалды көрүп турасың. Шашып жаттым эле. Ушул автобустан кечиксем эле анык балээ болот. Бала менен билетти кезексиз берет, бир ишке жарап, баланды көтөргөн бойдон билет алып бере көр, Ашыке.

Кантип кыям анын сөзүн. Макул болбосом таарынып калчудай. Макул болбоско айла жок эле. Анын акчасын алаканга уучтаган бойдон кассаны көздөй кайра жөнөдүм. Орто жолдон эки-үчөөнүкүн да мыкчый кеттим. Кара терге түшүп жатып, билеттерди алып чыгып, ар бирине тарата баштадым. Ийинимен бирөө апчыды. Карасам, бирге иштеген Жайлообек.

– Ырас болбодубу, Ашыке. Даяр «пропуска» – көтөргөн балаң бар экен. Эми бир эрдик кылып, билет алып бере сал.

– Жанатан бери эки жолу барып, ондон жыйырма билет алып чыктым. Эми бербейт го, – дедим чекедеги теримди сүртө.

– Кой, Ашыке, айныба. Сени кассир эмне, таанып калыптырбы. Кайра ага көп-көптөн сатса жакшы. Убара болбой чогуу сатып жиберип, эс алып отуруп калат. Кой эми, Ашыке, бир эрдикке жара.

Каршылык кылууга болбой калды. Ал мени сүйлөтө турган эмес. Баланы боорго кыстым да, кайра тешикчени көздөй жөнөдүм. Жолдон бирөө ач кенедей жабышты.

– Агай, бир билет ала чыксаңыз? Шашып бараттым эле. Госэкзаменден кечиге турган болдум.

Анын акчасын да бекем мыкчыдым. Бала ыйлай баштады. Аны сооротуп коюп, алга жыла баштадым.

– Ой, алдагы балалуу жигит ушуну менен үчүнчү жолу келатат. Кандай уяты жок неме. Нары түртүп салгыла, – деди үнү чыйылдаган сары чийкил, эткээл аял.

– Кезексиз алгандын да ыгы болот. Бала менен бир жолу алса болбодубу, – корулдаган бирөө коштоп кетти.

Мен болбодум, унчукпай эле дугдундаган бойдон тешикчени көздөй жыла бердим. Түртүп салалы дешет, баланы аяшат. Кассага да жетип, акчаны сундум. Кассирдин ким менен иши болсун, билеттерди колума карматты.

Жайлообек ыракматын айтып баса берди. Эми болду деп автобусту көздөй басканда, Панфилов паркынан бирге шахмат ойноп жүрүүчү Абылтай жаныма жете келбеспи.

– Ашыке, билет алып бере кой, билет... – Тим эле антаңдайт. – Экөөбүз эртерээк барып, бир партия шахмат ойноого жетишели.

– Бул тургандар мени таанып калышты. Үч жолу алып чыктым. Акыркысын бербей жатышып, араң беришти. Анын үстүнө бала да ыйлап жатат, – үнүмдү жалооругандай чыгардым. Элдин мени жаман көзү менен карашкандыгын байкап турам.

www.bizdin.kg



– Анда эмесе, баланы мага бере сал, мен эле алып чыга коём, – ал колуман баланы жулуп ала койду да, элдин арасына кирип кетти. Элдин арасынан баланын чырылдаган үнү угулуп турду.

– Өлүгүңдү гана көрөйүн, алып кел баланы. Автобус жүрмөк болду, – аялымдын муштуму желкеге тийди. Кассаны көздөй жөнөдүм.

– Алдагы түктүйгөн неме дагы баратат билет алганы. Кандай уяты жок неме. Жибербегиле. Нары түртүп салгыла, – деди баягы чыйылдаган неме.

– Ошончолук эле кыйын немеби? Кана, көрөлүчү!..

Төшүн түк баскан, далдайган неме желкемден алды да келиштирип туруп түртүп ийди. Учуп барып, мурдум менен жер сүздүм. Көзүм ымыр-чымыр. Сенделип кайра турдум. Элден бөлүнүп чыккан Абылтайга жеткенче анын колундагы менин баламды дагы бирөө алды да, ыйлаганына карабай кассаны көздөй жөнөдү.

– Азыр, билет алып чыга калсын. Мени менен бирге иштеген тааныш жигит, – деди ал камырабай.

– Тигине, коё тур дегениме болбой автобус да кетип калды. Эми жөө кетебизби, – деп, аялым бышактап ыйлап кирди.

Мени касса тарапка жакын жолото турган эмес. Ал эми балам болсо колдон-колго өтүп, билет алып чыгып жатты. Акыры, келинчегим барып, дагы бирөөнүн колуна жаңы гана тийгенде, жулуп алды. Анын бере турган түрү жок, араң берсе болобу. Бала болсо жедеп чарчагандан ыйларга шайманы келбей калыптыр.

Элден бөлүнүп чыгып, аялым экөөбүз бири-бирибизди карадык. Автобусубуз болсо эчак кетип калыптыр. Эми адамдар экөөбүздү тең кассага жакын жолотуша турган түрлөрү көрүнбөйт. Жүрүп бараткан автобустун терезесинен Каныбек, Темиржан, Жайлообек, Абылтай кол булгап жатышкандыгын көрдүм. Башымды үнсүз ийкедим. Кезекке туруп, билет алуудан башка арга калбай калды.

Баланы боорума кыскан бойдон береги таш жолго чейин созулган адамдардын эң акырына барып: «Кезектин арты ким?» – деп сурап, кезекке турдум...

## АЯЛДАР ЖӨНҮНДӨ СҮЙЛӨШӨЛҮЧҮ

Аялдарга абдан кыйын болду деп айтып да, жазып да жүрүшөт. Үй тирлиги да, бала багуу да, сырттагы жумуш да, базарчылык иштери да алардын мойнунда дешет...

Кайсы жерде кандай экендигин адегенде байкаш керек. Мисалга мени алалы. Эртең менен туруп бардыгын өзүм жасайм. Өзүм төшөктү жыйнайм, өзүм тамакты даярдайм, өзүм ичем. Анан жумушка жөнөйм.

www.bizdin.kg



Жумуш убагында байпак, мээлей өңдүүлөрдү токуп отурбайм, жөнү жок жерден тигини кылдым, муну кылдым деп мактанбайм, чүпүрөк-сапырактар жөнүндө аялдар менен маектешпейм. Начальниктен дүкөнгө барып келейинчи деп суранбайм. Бала бакчага да бала үчүн барбайм.

Дүкөнгө жумуштан кийин барам. Керектүүнүн бардыгын сатып алууга үлгүрөм да үйгө жөнөйм. Эч жакка эмес, үйгө!

Үйдө полду да өзүм жууйм. Кечки тамакты да өзүм даярдайм. Айлык маянаны бир тыйынына чейин алып келем. Мына, эч кандай проблема жок! Үйдөгүнүн бүт бардыгын өзүм жасайм. Бирок кээ бир адамдар сыяктуу эч качан арызданбайм.

Үйлөнгөндө, мына ошондо көргүлүктү гана көрсөтпөсөмбү... Карап тур, ал менин алдымда так секирип турат!

## КООЗ КИТЕП

«Бийиктик» басмасынан Борбашев Сарыбайдын жаңы китеби жарык көрдү. Китептин сыясы да толук кургай элек. Басмакананын жыты да кете элек, кадимкидей жыттанып турат. Ого бетер жыттап эле тургуң келет.

Китеп 84х108 $^{1}/_{32}$ форматында чыккан. Туурасы 15, узундугу 45 сантиметр. Тышы кызыл боёк менен боёлгон. Кудум эле мамлекеттик желектикиндей. Эгерде ортосуна агыш күнкараманын сүрөтүн тартып койсо, куду желектин өзүндөй болуп калмак. Буга чейин мындай узун-туурасы келишкен китеп чыга элек болчу.

Китептин салмагы да бир топ. Кадимкидей оор. Болжол менен алганда 3 килограммдай болот окшойт. Кадимки эле бышырган кирпичтен кем калбайт. Керек болсо аны менен бирөөнү жалпайта койсо да болот.

Баарынан да кагазычы?!. Аппак кагаз... Аппак кардай!.. Китепти барактаганда эле «Аппак кар, аппак кар« деген ырды ырдап жибергиң келет. Китептин күчү мына ушунда. Китеп түстүү кооз сүрөттөр менен коштолгон. Эмненин гана сүрөттөрү жок. Бир кемчилигин белгилеп кетейин, автор китепке арстан менен жолборстун сүрөтүн киргизбей эле койсо болмок экен, себеби кичинелер китепти барактаганда коркуп кетиши мүмкүн. Андан көрө момпосуй менен шоколаддын сүрөтүн чоңураак форматта көбүрөөк басышса болмок.

Нускасы боюнча рекордду белгилеп, 2000 тираж менен басылыптыр. Учурда «чоң» жазуучуларың деле ашып кетсе 1000 тираж менен чыгарып жатышпайбы. Бул боюнча Борбашев азаматтык кылган.

Кыскасы, эң кооз китеп жарык көрдү. Сөзсүз ал китеп текчелерин көрккө бөлөйт. Мен буга бөркүмдөй эле ишенем!..

www.bizdin.kg



*«Арча-2011» конкурсуна*

## Чечен

# *Баркыбызды тирүүбүздө билели*

(Таржибан)

*Тирүүбүздө бирибиздин баркыбызды билбейбиз,*
*Сыйлашпайбыз, жактырбайбыз, а-бу дейбиз, тилдейбиз.*
*Түшүнбөстөн урушабыз. Баалабастан өмүрдү*
*Болбос жерден таарынышып, жек көрүшүп кирдейбиз.*
*Жеңил ойлук, таарынычка күчүбүздү коротуп*
*Көз ирмемдей өмүрдү биз көзүбүзгө илбейбиз.*
*Ушактайбыз, шылдыңдайбыз, кемсинтебиз көралбай,*
*Тигил жакшы, бул жаман деп тилдеп, иргейбиз.*
*Даам татышып, кел-ал дешип чакырышты мындай кой*
*Коңшу туруп кээ бир кезде корообузга кирбейбиз.*
*Иши жүрүп, далай нерсе колдон келип тургангa*
*Кошоматтан баш тарталбай сый көрсөтүп: «Пир!» – дейбиз.*
*Ичип жүргөн баркы жоктун келгендигин жактырбай*
*Жаман көрүп, ичибизден: «Кара жерге кир!» – дейбиз.*
*Качан гана өмүр шамы жалп! – деп жанбас болгондо*
*Баркы жокту – жашап өтүп калтырбаптыр из – дейбиз.*
*Билинбеген жакшы жактар дал ошондо көрүнүп*
*Жакшы эле! – деп аянычтуу, түштөн кийин: Биз! – дейбиз.*
*Мунубузга күбө болуп, тереңирээк ойлосок*
*О, адамдар, не дебейлик, ашык сөз жок – бирдейбиз!*

*Тирүүбүздө бирибизди көзүбүзгө илели,*
*Кел-ал дешип, жан аяшпай баркыбызды билели.*

www.bizdin.kg



*Ыраазыбыз бул дүйнөгө көзүбүздү жарганга,*
*Түбөлүккө жаралгансып деги ушул жалганга*
*Тууганчылык, ынтымакты эсибизден чыгарып,*
*Бербесек да, көбүрөөгүн тырышабыз алганга.*
*Тигил келбейт, бербейт дейбиз орой-чарай сөз кылып*
*Өзүбүзгө чоло тийбей кандайсың деп барганга.*
*Мына, ана, бүгүн, эртең дейбиз дагы жыл өтүп*
*Баралбайбыз ооруп жаткан жашы менен карыганга.*
*Кайран киши жакшы болчу, ай, ошондо барбай – деп*
*Абдан кейип, бир эстейбиз бизден кетип калганда.*
*Кап, мындайды билгенимде иш башкача болмок – деп*
*Өкүнөбүз өткөндөрдү толук эске салганда.*
*Аман жүрсөк, кем болбосок, оорубасак не жетсин*
*Катышып да, көрүшүп да учурашып алганга.*
*Жок, антпестен, арамзалык, таш боордукка жол берип*
*Жарап калдык көп учурда бут тосуп биз, чалганга.*
*Жамандыкты издеп, чукуп, жетип анык түбүнө*
*Аттиң ай! – деп бармак тиштеп өкүнөбүз андан да.*
*Ага чейин такыр сезбей, акылыбыз кеч кирип*
*Кала берет экенбиз да орду толбос арманда.*

*Тирүүбүздө барибизди көзүбүзгө илели,*
*Кел-ал дешип, жан аяшпай баркыбызды билели!*

*Тууган туруп кээ бир кезде таарынышып калабыз,*
*Жакындабас жаман ойду көңүлгө биз салабыз.*
*Бир берилген кыска өмүр учкан куштай зымырап*
*Жаткандыгын эске салсак неге ага барабыз?*
*Эмне жетпейт, дүнүйөбү, ошол эле керекпи,*
*Ошон үчүн жаралдыбы ой-толгообуз, санаабыз?*
*Биз өмүргө маани бербей жаткандыктан чынында*
*Чыр-чатакка, таарынычка жаныбызды салабыз.*
*Ичпей-жебей, албай-бербей дүнүйөсүн жыйгандар*
*Эч нерсени ала кетпейт, аны кантип танабыз?*
*Жеңил ойлук жанды ээлеп, дос, туугандан кол үзсөк*
*Жакшыга биз жете албайбыз, ээн талаада калабыз.*
*Дегелечи, кең пейилдик, түшүнүктүн жолун жаап*
*Эстүүлөрдөн таза четтеп, бир душманга жагабыз.*
*Өзүмчүлдүк, ач көздүккө, наадандыкка берилсек*
*Тууганд ыкты, ынтымакты кайдан издеп табабыз?*

www.bizdin.kg



*Көрүп, билип жүргөн өтсө өкүнөбүз ич күйүп,*
*Жүрөк түшүп, бараткангa суюк болуп арабыз.*
*Ай, адамдар! – Кызыкпыз ээ, көп күн өтпөй арадан*
*Мурдагылар бүт башталат айыкканда жарабыз.*

*Тирүүбүздө бирибизди көзүбүзгө илели,*
*Көз ирмемдей жашообузда баркыбызды билели.*

*Учкан куштай мезгил сызып, өтөт экен кайран жаш,*
*Көп учурда бир казанда кайнай албай эки баш.*
*Уруш-талаш, чыр-чатактар өмүр гүлүн соолутат*
*Жандүйнөңдү булут каптап, ачык болбой кабак-каш.*
*Көргөн күнүң тозок болуп, жазың кышка айланат*
*Жүрөк оорup, дене сыздап, ичкен тамак болбой аш.*
*Ынтымакта жашагандар баскан өмүр жолунда,*
*Уят, намыс, ыйман деген дөөлөттөргө сапарлаш.*
*Күндө итче ыркырашып, сыйды четке каккандар*
*Бири-бирине түшүнүшпөйт, сокмоюнча ажал-таш.*
*Бир ошондо баркын билип, өз катасын бүт сезип*
*Жоктоп ыйлап, кейип-кепчийт көздөрүнөн агып жаш.*
*– Өлөрүңдү билсем эгер, башка болуп мамилем*
*Сыйлайт элем деп чыркырайт, чурулдашса балдар жаш.*
*Жашообузда аялы да, эркеги да ушинтет,*
*Айдан ачык чындык керек жана туура көз караш.*
*Бирок андан эмне пайда? – учурунда сыйлашып*
*Сабырдуулук, ынтымакка болуш керек санаалаш.*
*Эл-жериңден алыстаба, туугандардан кол үзбө,*
*Көзү барда жакыныңа катыш, сыйла, каралаш.*

*Тирүүбүздө бирибизди көзүбүзгө илели,*
*Көз ирмемдей жашообузда баркыбызды билели.*

*Ата-энени байыртадан ыйык көрчү элимде,*
*Ыйман болчу чоң, кичүүдө, уул-кыздарда, келинде.*
*Көз ачылып, билим арткан ушул жыргал заманда*
*Элдин көбү өзгөрүшүп, ызаттуу жок теңинде.*
*Кээде жаным жаман кейип, батам чексиз капага*
*Ата-энеге кайрымы жок уулга жана келинге.*
*Чай кайнатып бермек түгүл, тың кылышпайт оокатын,*
*Карыларды сыйлагангa жок аларда демилге.*

www.bizdin.kg



*Кайненени жек көрүшүп, өлбөйт дешип кайната,*
*Келиндердин чоң арманы, көйгөйү бар кебинде.*
*Өзүбүзчө болсок дешип, бөлүнгөндү эңсешип*
*Ушуларды ала көр! – деп, жалынышып Теңирге.*
*Өзүлөрү карыбастан жашай турган немедей*
*Ойлойт алар эки өмүр сүрөбүз деп кеминде.*
*Ата-энени бар кезинде барктабастан анчалык*
*Айткандарын жаман көрүп күүлү-күчтүү, бегинде*
*Кийин жоктоп, баркын билип, бактыргaнга баласын*
*Кемпир издеп жүргөн жаштар, пастар, жоктор дээринде.*
*Ошондуктан, ким болсоң да терең жумшап акылды*
*Ыймандуудан болуп дайым, наадандыкка берилбе!*

*Тирүүсүндө ата-энени көзүбүзгө илели,*
*Сыйлап, барктап, табылбаган асылдыгын билели!*

*Адамзаттан сөздү козгоп, кана, эмне демекпиз?*
*Алигиче өзүбүздү жакшы биле элекпиз.*
*Акыл-эстүү адам туруп, кечиришпес душманбыз,*
*(Айбан болсок, эбак эле бирибизди жемекпиз).*
*Көзүбүздү май бастырбай, маани берсек өмүргө*
*Наадандыкка бармак түгүл ойлоп коймок белек биз?*
*Мүрөк суунун тамчысындай бирибизге бирибиз*
*Мейли, азыр болбосо да, эртең сөзсүз керекпиз.*
*Биз, адамдар, жер үстүндө, жан-жаныбар аттуудан*
*Өйдөрөөкпүз, табияттын – максатыбыз. Демек, биз –*
*Асылзатпыз, дүйнө сырын ачып, баарын башкарган,*
*Даанышмандык белгисибиз, көп нерсеге себеппиз.*
*Таштан катуу, гүлдөн назик, бардыгына чыдаган*
*Кереметпиз аска-зообуз, бийик Чынар – терекпиз.*
*Адамзаттын жетишкенин дүнүйөдө дегеле*
*Таразага тарта албайбыз, коё албайбыз ченеп биз.*
*Бирок ушул сапаттарга карабастан турмушта*
*Толуп жатат жаман жактар айбанга да керексиз.*
*Чөмүч болуп кээде жакшы нерселерди калпысак*
*Жакшыларды бирде суудай бут агызган – элекпиз.*

*Бирок кыска өмүрдө биз баркыбызды билели,*
*Тирүүбүздө бирибизди көзүбүзгө илели.*

www.bizdin.kg



*Алыкулду эскергенде жүрөк сыздайт аябай,*
*Тагдырына кейигенде кантип турат канабай?*
*Асыл адам өтүп кетти күйүт менен арманда,*
*Дос, жолдошу, эч кимиси аяп, жөлөп-таябай.*
*Бөлөктү кой, өз аялы чанган аны кезинде,*
*Оорулуу деп таштап кеткен, жийиркенип карабай.*
*Ал болуптур, аял экен, күйөө баркын билбептир,*
*Өзүн кыйын, асыл көрүп, аны адам санабай.*
*Тааныштары, коңшулары, жакындары – калемдеш*
*Ошол кезде кайда жүрдү, көз салганга жарабай?*
*Эч болбосо, оорукана, жылуу жерге жаткырып*
*Боор оорушуп коюшпайбы муздак тамга камабай.*
*Эми, анын көзү жокто сыймыктанып, сөз кылып.*
*Замандашы төшүн кагат жаш, мактанчаак баладай.*
*Оорчулукта дос керек деп Жами айткан. Биз болсок*
*Маанисине түшүнбөйбүз, окусак да жадабай.*
*Түшүнсөк да өзүбүздүн көнгөн ишти кылабыз.*
*Билип турган күндө дагы адамдыкка баралбай.*
*Ана-мына деген чакта өмүр өтөт токтоосуз,*
*Көз ирмемдин ортосунда кайтпас болуп шамалдай.*

*Ошондуктан тирүүбүздө баркыбызды билели,*
*Керек маалда жөлөк болуп, көзүбүзгө илели!*

www.bizdin.kg



*Мурас*

# ТЕГИРМЕНЧИНИН КЫЗЫ

**(Повесть)**

**(Уландысы, башы өткөн санда)**

* * *

Төрайымдын жүрөгүндөгү өзү жаккан улуу оттой турмушка кумарлана эркеген дилгирлигин дилинде кылдай арамдыгы жок мелүүн жуурат чачкан айлуу түн сууттубу? Бүтүн дүйнө, бүтүн келечек таандык болгондой алыска серпилген талап-ынтызарын кимдер уурдап алды?

Ушундан кийин Төрайым жашоодон күсөгөн мурат-мүдөөсүн жоготконсуп, көңүл оту каоолонгондой баскан-турганы түнт, басмырт. Калдыркан көпөлөккө окшогон чаар бээсин минип, кымкаптуу тоо этектеринде аркырата чаап, мурдагыдай кырмызы гүлдөргө кубанычын, кыз кыялын төкпөстөн, кадим атасына окшоп, көп сүйлөгөндү жактырбай окчун. Кыздын мүнөзүндөгү бул өзгөрүүнү эң мурда айылдаштары, өзгөчө эртерээк турмушка чыккан жаш келиндер сезди.

– Тегирменчи акемдин кызы бат токтолду да.

– Ортон колдой эле киши болот баралына келгенде. Жалгыздыгына эркеп жүрбөдүбү бала.



## Медетбек СЕЙТАЛИЕВ

**(1935–1987)**

*Жазуучу, акын Медетбек Сейталиев Талас районунун Үч-Эмчек кыштагында 1935-жылы туулган. 1957-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүрүп, республикалык «Кыргызстан пионери» гезитинде жана «Жаш Ленинчи» журналында бир топ жылдары иштеген.*

*М.Сейталиевдин тұңгуч ырлар жыйнагы «Жаштыктын үнү» деген ат менен 1957-жылы жарык көргөн.*

*М.Сейталиев ондогон проза, поэзия китептеринин автору. 1963-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү болгон.*

*«Тегирменчинин кызы» повести учурунда көптөгөн талаш-тартыш, кызуу пикирлерди жараткан. Идеология «сакчылары» повесттен ачык эротика таап, советтик кыргыз кызына жат көрүнүш маанисинде айып таккан. Повесть кийин Ч. Айтматовдун баш сөзү менен Москвадагы «Молодая гвардия» басмасынан (1978) жарык көргөн.*

www.bizdin.kg



– Уруялардын жээни менен сүйлөшүп жүрөт дешпеди беле?

– Кайдан? Айтор, кыздын бир илинчеги бар го?

– Баса, ошол жээн сүйлөшкөнү барса, үйүнө киргизбей коюптур кыз. Бир эмес, эки жолу барган дешет жигитти.

– Кайдан табат андан артыкты? Чыккан жери да жакшы, ата-теги Таластын баш-аягына дайын кишилер.

– Өз билгени бар го кыздын да.

Ойго уюгансып, тегирменден элкин чыгып, айланага көп анчалык байкоо салбай, өз ички дүйнөсү менен алек болгонсуп, жай гана үйүн көздөй кетип бараткан Төрайымдын артынан сууга келген келиндер өздөрүнчө күбүр-шыбыр. Бир кездеги сууларын төгүп, жигит сыңары бетинен чоп эткизе өпкөн кыз жоругун самашкандай кылыя карашат келиндер. Атаңгөрү, кыз дагы бир жолу ошентип көрсөчү дегенсийт тик кароодон айбыгып жоодураган көздөр. Келиндердин кылык көрсөтүп, жасакерленген айла-амалын көз кырына албастан, гүлдүү шалы жоолугун салынып, атасы алып берген крым өтүгү менен жерди оё баскан калыбында үйүн көздөй баратты.

Өзүнүн эрке мүнөз балалыгын жоготтубу Төрайым? Ага кошуп айыл ичи да өзүнүн эркесин, көкүрөк күчүгү катары сүймөнчүгүн, жарпын жазар асылын жоготконсуп, мурдагыдай шаңдуу болбой, эки эли бөксөргөнсүп коңулдап калды.

Мурда эр-азамат катары ыракаттанып, шашпай дасторконду жыйчу Төрайым эми тамакка табити чаппай, кичине өпчөп-чөпчөгөнү болбосо кош көңүл. Кээде башы айланып, кускусу келгендей жер айланкөчөк. «Буга эмне болду?» – кантсе да жашаган өмүрүндө анча-мынчага акылы жетип, көзүн каныктырган энеси бир шумдуктуу ойдун жылт этип келе калганынан чочуй түштү. «Кудайым, анын бетин нары кылсын! Жардан алыс кетсин жаман жөрөлгө!» Кызынын жандүйнөсүнө батынып кире албай, ичинен сызып жүрдү шордуу эне.

* * *

Окууга кеткен Дулат Төрайымга бир нече жолу кат жазды. Кыз ал каттарды алганы менен, ичин ачып окубай, ойлуу калыбында тегирмендин ноосуна салып жиберет. Бирөөнүн өмүрдөгү талпынган максаты, махабатын ак кагазга чагылткан жаркын тилеги, ушул каттан кийин куш тилиндей жооп алсам деген чалкар үмүтү коодон төмөн карай кулаган суу менен кошо тегирмендин кат-кат парасына тийип тамтыгы чыккандай талкаланабы? Дулат Төрайымга гана каттар жазып тынчып калган жок, кыйышпас тажеңеси Уруянын да тынчын алып, кат артынан кат жөнөтөт.

«Бу жээн окуп жүрөбү, же ушул кыз деп мээсин биротоло бүтүргөнбү?» Алыс жээни өз катында дүйнөдө жалгыз гана Төрайымды сүйөрүн, ан-

www.bizdin.kg



дай кыз биз жашаган адам-атадан берки замандарда жок экенин, окууну бүтүп барганда ата-энесине көз салып, үйлөнө турганын бир кулач жазат. Анан Уруянын Төрайымга барып, сырын тартып билүүсүн суранат. Бирок кайда?! Бир жолу атайылап акмалап, тегирменде ун тартып жаткан жеринде Сары кызга сөз жүйөсүн жөнөттү Уруя.

– Башыңа келген бакытты алыс аттаба, кыз! Билесиңби, кыз, ал сени сүйөт! Алаканына салып багат!

Төрайымдын жалындаган оттуу көздөрү Уруяны бүшүркөтүп, бүт денесине жаба берди.

– Бул жөнүндө экинчи ооз ачпа, Уруя!

Таарына түшкөн келин мизи кайтып саруулагансыды:

– Ачпаса, ачпай эле коём! Мен силердин ортоңордогу күңүңөр белем! – эшикти карс жаап, булкулдап чыккан Уруянын артынан Сары кыз жылмайып койду өзүнчө, бирок ошол эле саамда жүзүнө булут түнөгөнсүп мисирейе түштү кайра.

Жээнинин зарлаган каттарына каңырыгы түтөдүбү, ага кошуп эринин кадыр-зоболосун бетке кармадыбы, Сары кыз үйдө жокто энесине келчү болду Уруя.

– Менде эмненин бийлиги, – дечү энеси, – өзү каалап сүйгөн жерине барат. Мен эмес, атасынын да сөзүн укпай коёт жини келсе.

– Жигиттин ким экенин билбей жатасыңар да?

– Билбегенде эмине! Баягы силердикине бир апта, жарым апта байыр алып кетчү ымандуу бала эмеспи.

– Ошол, жеңе, жатыныңарды жарып чыккан кызыңар, энесинин тилин албаган кыз бар бекен?

– Өзүң эле айтып көрсөңчү, Уруя. Деги мүнөзү башка.

– Бир жолу айтам деп, таш каап олтурбайынбы! Силердин тилиңерди угабы деп келдим эле.

– Кайдан уксун! Көңүлүнө куш келбесе, мени да кагып салгандан кайра тартпайт.

Анан Уруяны узатып, чарбактан чыккан тегирменчинин зайыбы жигиттин сөзүн ата-тегин өз божомолунда туура көрүп, келинди токтотот:

– Эгер бала чын эле кызыбызды жактырып калса, көзү түшсө ага, тегирменчинин өзүнө сөз салышып көрбөйбү. Атасынын тилин алат, бир алса.

– Аны да акылдашып көрөбүз, жеңе. Окуусун быйыл бүтүп келсинчи бала.

Тигилердин ак жоолук баштары тийишкендей, купуя сырдашканын үйгө келе жаткан Төрайымдын көзү чалды. Уруяны жөнөтүп, үйгө кирген энесин утурлады:

– Эмнеге келиптир Уруя?

– Ботом, эгинибиз бар эле, ошону тарттырганы сүйлөшкөнү келдим дейт.

www.bizdin.kg



– Эгин ушул үй ичинен тартылабы?

– Анысын кайдан билейин, киргиси келип, кире калды да.

Кыз башка жакка көз кырын жибере ойлонгондой мостойду.

– Экинчи Уруя бул үйгө кирбесин! Уктуңбу, апа?!

– Уктум...

Кызынын бир сүйлөгөнүн билген энеси Уруянын эрин, өзүнүн абышкасын айыл кадырмандары катары санап, эми Төрайымдын тигиндей дегенинен улам эзелтен келаткан уруу ынтымагына жарака кетеби деп чочулады. «Аялынын сөзүнө кирбеген кайсы эркек бар?»

– Э, ботом, Уруя жакын жеңелериң эмеспи! Аны үйгө киргизбей койсок, элге бет кат болбойлубу!

– Мен өзүм жооп берем!

Энеси унчукпай калды. Кийинки күндөрдө эркелигин коюп, кызынын ойчул, түнт болуп баратканы, Урууяны үйгө көбүрөөк имерчиктегени – ушунун баары кыздын мүнөз өзгөрткөнүнө шыбаа го деп өз ичинен баамдады эне.

Ушундан көп өтпөй айыл арасына дагы бир кыңыр ушак тарады:

– Тегирменчинин кызынын боюнда бар экен!

– Балта-чотун жанына байлангансып жүрчү эле, ушуну көрмөк!

– Баягы Уруялардын жээнине жолуга калып жүрөт дешпеди беле?!

– Баса, ошондой, көптөн бери көчөгө да чыкпай калды.

Бул сөздөрдүн канчасы калп, канчасы чын – кыштын аяк ченинде Төрайым аппак уул тууп салды. Айылдагы кемпирлердин көбү ушу тегирменчинин зайыбы картайганда эркек баланы көз жаргандай, чын дитинен кубана, бешик той куттуу болсун айтып, кирип-чыгып жатышты. Төркү үйдөгү ак шейшеп, ак жаздыкка коюу кара чачы төгүлүп, баласын жанына алган Төрайымдын үстүнө айылдагы кыйбас, нускалуу гана кемпирлер кирип, тегирменчинин зайыбына көрүндүк кармата, дүйнөгө жаңы келген перзенттин мурдунан аяр чымчып, өз колдорун өөп коюшат.

– Кыз жакшысы ата-энесин карк кылат деген. Карк кылбаганда эмне, айланайын Төрайым, карыган ата-энеңе кара баштуу адам тартуу кылып олтурасың! Өмүрлүү болсун балаң!

Көзү жумулгансып, жаткан төшөгүнөн аягын караган Төрайым сөз каткан жок. Ал кемпирлердин бул жооткоткон сөзүн өзүнчө иликтеп, анча ынанбай да, эчактан келаткан ырымды сыйладыбы, өзүн анчалык күнөөлүү санабай, дагы эле төшөгүндө текебер. Кыздын эркин серпилген табиятын ушундай бетке чиркөө тарткан учур да майтара албады, ал кайрадан кызыл гүл болуп жайначудай, далайлардын ашыктык да баасынын милтеси болчудай тамылжыган ак саргыл ирeңи жадырап нурдуу.

Калгандары кыз үстүнө кирбей, оозгу үйдөн тегирменчинин зайыбы бузган карын май, ак нандан ооз тийип, ошо жерден узашат.

Төрайымдын эркек төрөгөнүнө бир гана адам дүйнөгө экөө болуп жаралгандай айрыкча чын дитинен кубанды. Ал энеси эле.

www.bizdin.kg



Бул эт-денени дүркүрөткөн кабарды уккан карт тегирменчи бир аптага чейин тегирмененин чыккан жок. Кеч күүгүмдө тамак-ашын алып келген өз зайыбы болобу, кошуналарынан болобу, сөз сүйлөбөй тескери карап дулдуят.

– Тамагыңарды алып келдим...

Ким келсе да кылчайып бир кайрылган тегирменчи ойлуу башын ийкейт да, тегирмендин тоскок баскан ак дубалдарынан бир нерсе көргөндөй көпкө тиктейт.

«Кандай болуп кетти, я!» – жалгыз калган тегирменчи өзүнө суроо берди, бирок анын сөзүн тегирмендин күүлдөгү басып салды. Ушундан кийин карт тегирменчи өзүнүн жалгыз перзентинин дүйнөгө кыз болуп жаралганын, ал деле кадимки ургаачылар сыяктуу бала төрөп, башка бирөөнүн казанын кармап кетерин ошондо гана сезгенсип, карт жүрөгү зыркырап ооругандай, бармагын кесе тиштеп өкүндү.

Чын-чынына келгенде, кызынын эркек уул тапканына карт тегирменчинин жүрөгүнүн тереңинде калдайып түнөргөн күүгүмдө ээн калган жолоочу алыстан жылт этип көрүнгөн оттуу бедел туткандай жашырын кубанычы да бар эле. Бирок айыл салтын пас кылып, башка урууларга аттын кашкасындай таанымал өз сый-зоболосун кыйды көздөргө кетирип аламбы деп чочулады ал. «Салынды болот ээ бала! Атаңгөрү! Түктүү дүйнө деген ушул тура! Эми минтип акыретин кайыр тутуп, карыган чакта!..» Ушу жагын ойлоп келгенде, Төрайым канчалык топ жарган мыкты кыз болгону менен, өзүнүн аял задисинен, тубаса кем акылдыгынан найза бойлобогон ишке кабылганына кыжыры келди кайра.

«Баланы азгырышты го иттер! Азгырбаса, жолдон тайгаланар беле бала!» Тегирменчи көкүрөк күчүгү – жалгыз сүймөнчүгүн өз акыл таразасы менен корголоп, белгисиз бирөөлөргө ызырынат, алардын арасында кыздын кыйыр жеңелери, баланын атасы бардай сезилет. «Эгер кимдер экенин билсем, өзүм муунтуп, тегирмендин колкосуна салып жиберер элем!»

Күн мурун күдүк болгон жүрөктүн сезимталдыгыбы, кантсе да бүгүн келет го деп, баятан бери короодон чыга калып, тегирмен жакка үмүткөр көз салган зайып, тегирменчинин оң колтугуна бирдемелерди кысып, мүңкүрөй баскан салабаттуу бараанынан улам бир чети кубана, бир чети чочулай үйгө кирди. Төркү бөлмөдө нары карап, терезеден ак мамык дүйнөгө көз салган ойлуу Төрайымга баш бакты:

– Атаң келатат!

Найзадай тийген ушул сөздөн Төрайым болор-болбос селт эте кымырылып, башына гүлдүү шалы жоолугун салына, керебетте уктап жаткан баласына көз кырын жиберди. Болк эте түшкөн жүрөгүн токтотту. Анын ушул таптагы көрүнүшү турмуштун эчен кыйды катаалын баштан өткөрүп, даки болгон сыңары «эмне болсо да башка түшкөнүн көрөрмүн» дегендей тобокел.

www.bizdin.kg



Тегирменчи дароо эле үйгө кирип келбеди. Короо жакка кайрылып, малдын жаткан жайларын карады. «Жакшы эле кам көргөн экен байкуш кемпир». Анан алып келген рама, сүргүчтөрүн калдырата кампа тамда көпкө буйдалды, кыязы, эртең ала кете тургандарын кармап жатса керек. Сак кулагы менен абышкасынын ар бир кыймылын сыртынан баамдаган кемпирине кампа жак тынчый түшкөнсүдү. Эми кирип келет го!..»

Жерди оё нык баскан абышкасынын дүбүртү сырткы каалгага келгенин сезди зайыбы. Каалга шарак эте аңырая ачылды да, бүт эшикти өзүнүн зор денесине кептеген карт тегирменчинин нардай барааны тура калды.

– Суу барбы?

Карбаластаган зайыбы кумганга суу ала чуркап, жаратканга кечиримсиз күнөө кылгандай, ансыз да чүкөдөй турпаты өзүнөн өзү бир ууч болуп кичирип, абышкасынын алдында бүжүрөп коркок билиш!

Төрайым атасынын кабелтең жумуру далысы аркалуу анын бардык кыймылын төркү үйдүн эшик пардасынан далдалана байкап турду. Жок! Анчалык каардуу эмес атасы.

– Төрө кайда?!

– Тыякта!.. – кемпири төркү үйдүн эшигин жалооруп шекшинген көзү менен ээк кагып койду. Ушу сөздү укканда Төрайымдын денеси селт эте жыйрыла түштү, бир чети кубаныч шооласына эреркеди. Ансыз да эч качан коркуп-чочулоону билбеген кыз жүрөгүндө «атамдын мага карата болгон урмат-сыйынан ажырап каламбы!» деген көңүл көйгөйү да бар эле. Бир кезде төркү үйдүн эшигине кептелип, кирип келди атасы! Бир аптадан бери көрбөй, өзүнүн эселектигине каңырыгы түтөп, ошондон улам чыйроосунан жангансып, атасына утурлады кыз.

– Ата!.. Кечиргин мени!..

Атасынын күчтүү жүрөгү булкуп согуп жаткансыган көөдөнүнө кызы башын жөлөдү. Карт тегирменчи кызынын далысын «өзүбү, же башка бирөөбү?» дегендей коомай сыйпалады да, карт аюуга окшоп, тиши жок оозун ачып ыйлап жаткансыды. Бирок анын терең үңкүрдөн болор-болбос жылтылдагансыган күңүрт көздөрүнөн жаш чыкпай кургак. Ал эмнегедир ата-бабанын эчен заман, эчен муундар бою укумдан тукумга уланып келаткан ыйык мурас-керээзин, касирети кымбат буюмун кызы жаштык кылып, байкоосуздан жаздым кетирип жоготуп алгандай, ошонун күйүт-зардебинен улам тегирмен таштай кең көкүрөгү, бүткүл күчтүү денеси менен солкулдай ыйлап жаткансыды.

Кызын кучагына коё бере, аны биринчи көргөндөй атасы бир топко ойлуу, маанилүү, өзүнө жалжылдап түз дитин баккан Төрайымды карап турду.

– Кечирдим, балам! Сен аксың, чынбы, балам?!

Атасын дүйнөдөгү эң жакын, эң боорукер, сыйынар тоо, мекен кылар конушу катары жашылдана тиктеген Төрайым анын ушул сөзүнөн

www.bizdin.kg



каңырыгы түтөп, ага боору ачыгандай көзүнөн жашы тегеренип, тескери карап кетти.

– Кана, көрсөтчү уулуңду!

Төрайым уйкуда мемиреген баланын бетин ачып, жарык түшкөн жакка далдалай койду. Эринин ар бир кыймылынан шек санаган байбичеси күн мурун чочулаган өз оюн жамандыкка жөрөлгөлөп, босогодо шалдаят.

«Балбан неме ачуусуна чыдабай, кызыл эт немени чеңгелдеп таш-табагандай эле! О, Жараткан пир! Карыган чагында учтан – түпкө кеп кылбай амириңен сакта!»

Тегирменчи баланы бир топко сынай тиктеп турду да, көөдөнүнөн күрсүнгөнсүдү, анан:

– Өзүбүздүн тукум!

Баятан бери тегирменчиден кооп санай, ички дүйнөсү нечен алааметке аңтарылган байбичеси жылуу сөзгө кубана карбаластап, казан-аягын калдыратты. Кысыр бээнин беш эли казысына окшоп үй ичинде мурдагыдай бейкуттук, ынтымак-ырыс аралагансыды.

– Ата, – деди Төрайым маанилүү, энеси дагы бир жумуштар менен эшикке чыгып кеткенде, – мага Таластагы орус досуңдун адресин бергин! – кыз башын ылдый салды, атасы аны аягандай да, бир чети боору ооругандай кыжынып, демин ичине тартып алды.

– Уулуңду эмне кыласың?!

– Апам багат!..

Тегирменчи сөз катпай, сом темирдей тунжурап уюп, ойго түштү.

– Менин кайда кетеримди апама да билдирбе. Катындарга айтып коёт.

– Жарайт, балам.

Эшиктен каалганы ачып энеси кирди. Тегирменчи дагы эле молойгон ордунда эчен замандарды тарамыштай сыдырган өз ою менен алек. Анын бийик дөң кабагы ылдый карап салаңдап, узун коюу каштарынан көзү көрүнбөсө да, туюктан жол издегендей оттонуп жатты.

«Баланын атасы ким болду экен? Бачек болбой, тектүү жердин тукумунан болсо ажеп го?..» Ушул суроо менен нечен күндөн бери санаасын арыткан тегирменчи өз оюнун артын жакшылыкка жоруйт: «Бала керек болсо издеп келишер. Келишпесе кайра жакшы! Канат-туяк. Чоңойгондо, өзүм атка өңөрүп жүрөм!» Ушул акыл таразасындагы чечими өзүнө жаккандай тегирменчи каштарын жыйрып серпе, алдыртадан Терайымды карады. Атасынын ой-санаасын, бир тыянакка келген ички нээтин анын салаңдап олтурушунан айттырбай билгенсип, болор-болбос кымырылып койду кызы. Атанын сүрү да.

Мындан жарым ай, бир ай өткөндөн кийин үйүнөн анда-санда гана чыкчу тегирменчинин кызы такыр эле айылдан көрүнбөй калды. Айыл ичи мээрим сүймөнчүгүнөн ажырагансып, бир нерседен кемчил болуп бөксөргөндөн ээн-элкин. Төрайым өзүнүн турмушка карата болгон

www.bizdin.kg



ынтызарынан келип чыккан жашоо кумарын, жалпы эле дүйнөгө адам болуп жаралган кубаныч-сыймыгын, казан толо жапкан нанга окшогон жашоо үзүрүн төгүп жүрчү айдың талаалардын кырмызы гүлдөрү да кызыл көйнөк кийген кыз чырайын бир көрүүгө умсунгандай жоодурайт.

Айыл ичинде сөз боло калганда тегирменчинин кызынын көз боочуга окшоп дайынсыз жоголуп кетиши жөнүндө аянычтуу кеп кылышат:

– Жалгыз болуп, ээн өспөдүбү бала!

– Атаңгөрү дүйнө десеңчи! Ата-эне дүйүм бак болсо да, баласыз мөмө бербеген сенек бутакка окшош тура.

– Үңкүргө бир от жакмактан, жүз жолу от жакса деле, айыл эркеси болуп жүрө берсе кана!

– Баласын энеси багып калды го? Ал байкушка да ырас эрмек таап бербедиби карыганында.

Ушинтип ийиктерин эрмек кыла шалп түкүрүнгөн кемпирлер жер, суу, дүйнө, заманалар ошолордун колдорунан жаралгансып, алардын акыр-тамырына өзүлөрүнүн да акылдары жетпегендей, баш-аягын чатып сөз кылышат.

Төрайымдын айылдан кетишине бир гана адамдын жүрөгү ачышкан жок. Бул – карт тегирменчи. Ал өз кызынын кайсы жерде байырлаганын билет, андыктан көкүрөк сүймөнчүгүнүн жылдыздуу элеси менен күн сайын сүйлөшүп жүргөндөй санаасы тынч, ток пейил. Тегирменчинин зайыбы гана кээде абышкасынан сурап калат. Канча кылган менен эне да:

– Атасы, Терайымдын кайда кеткенин билесиңерби?

Тегирменчи кайда экенин билем дегенчелик кылып маанилүү баш ийкейт.

– Башка кыздар окшоп энесине сыр айтканды да билбейт. Аны башка эне туугансып...

«Сырды эмне кыласың, Төрайым эсен жүрсө жетпедиби сага!» дегендей ормоё карайт абышкасы. Бирок Төрайымдын баласын колуна алып баккандан бери дүйнө ага картайганда тагдырынан муңканып зарлаган тилегин жолуна кабыл кылгандай, кызынын үйдө болбогонуна көп анча коңулдабады. «Өз тууган энесине үйүр болбой, баланын кайра ушундай өсүп чоңойгону жакшы!»

– Төрайымдан кабар уктуңарбы? – дейт дагы эки-үч күн өткөндөн кийин абышкасынын ички сырына анчалык батынып кире албаган зайыбы. «Бул да кыздын энеси го, мен сыяктуу эле анын кабарын билгенге акысы бар эмеспи» дегендей, бир саам жүрөгүн жылуулук аралаган карт тегирменчи баш ийкеп, ырайымдуу жооп берет:

– Трактордун окуусун окуп жатат.

– Ата, айланайын, ырас болгон тура!

Энеси жакшы кабарга кубанган сезими менен кошо: «Кыз киши да трактор айдачу беле?» деген эчактан бери келаткан элеттик санаага кый-

www.bizdin.kg


гыл боло түшөт да, дегеле кызынын ушул жосунуна анчалык акылы жете бербейт. Бирок кайра жооткотту өзүн. «Башка кишиден акыл үйрөнбөйт, бир билгени бардыр анын да...» – өз оюн ушуну менен жыйынтыктады энеси.

* * *

Ким билет, кыздын кыялы канатчанбы, же турмушунда ушул кесипти кадыр туттубу, атасынын жаш кездеги досу Гришаныкында жүргөн Төрайым үч айдын ичинде тубаса зээндүүлүгүнөн тракторду айдаганды үйрөнүп кайтты. Мурдагы калдыркан көпөлөккө окшогон чаар бээсин эми жалаң ичегиден бүткөнсүп, зымдары моторунда оролгон тракторго айрыбаштагансыды.

Адамдардан жалтактоосу пастагансып, беттеген дилине чындап багыт алгандай, кызыл көйнөк, кызыл жоолугуна жараша көздөрү да бажырая чырайлуу Төрайымдын. Санаадан шапая түшкөн кыз денеси чытырап, мурдагы кыз кезиндеги калыбына кайра келгендей.

Май айы жашыл жоолугун булактатканы менен, тоолуу жер эмеспи, эртең мененки сыдырымга чыйрыккан ак гүлдөр көңүлсүз, жүдөңкү. Ансыз да бала күнүнөн уйкуга сак Төрайым таң заарынан ай-талаанын жалгыз кароолчусуна ойногон эски боз үйдү беттейт. Жаздын алгачкы перзенттерине жаны ачыгансып, күн чыгыш тоолорун кумарланып караган кыз жүрөгү: «Күн эртелеп чыгып, гүлдөр нурга жылынса» деген шыбырын кыз жытындай жерге айтып жаткансыды.

Боз үйдүн түндүгү али тартыла элек. Куяң желге камгактай учуп кетчүдөй болгон тепкедей боз үй бардык жагынан тумчуланып, жер үстүнө биротоло жабышып калгандай. «Жаздын таңын көрбөй, бул убакка чейин уктаган кандай немелер?» Кыз калдыратып эшигин ачтырды. Бир байлам жоолугун башына арта салып, саксайган ашпозчу аял ыңгыранып, уйкусу канбагандай жүдөө.

– Келип калдыңбы?

Капшытты карады Төрайым:

– Прицепщик кайда?!

– Түндө бригат алып кетти! Сакманга киши жок дейби...

Сары кыздын кабагы булут түнөгөндөй бүркөлө калды. Аял анын ошол абалын байкадыбы, жооткото сүйлөдү:

– Күн чыкканча башка кишини алып келем деген. – Бети-колун кумгандагы сууга чайган аял өмүр бою көнүмүш ишинен жаңылбай келаткан өңдүү казан-аягына алек.

Тик сайылган шамшардай аскалардын азууларына күндүн мурду үзүлүп-тытылып илинди. Бүтүн дүйнөнү камбыл кылчудай талаалардан

www.bizdin.kg



мейкинге эфирдей эрип жаткан жерди майы булоолонуп, мемиреген айлана бир гана нерсеге – адамдын эмгектен туурулган күчтүү колуна ынтызар. Өзүнүн тракторунун жанында ойлуу турган Төрайым жерден бир чеңгел сузуп алды да, камырга окшоп бириккен кара кочкул топуракты бириндете эрмектеп сээп жатты. «Кандай семиз жер!»

Кыз демин ичине тартып, айланага байкоо. «Кайда бу бригадир? Беш-алты күн кечиксек, жер кургап кетет го!» – чыдабады. Кайра кирди үйгө. Анын көзү тракторго суу куюп берип жүрчү аялга токтоду. «Кайдан бул прицепке олтуруп берсин!» – көзүн ала качты кайра.

– А баланы алып кетпе деп жакшы эле асылдык. Какшанып калбадыбы анын үстүнө...

Кыштак жакты зериге тиктеген Төрайым, аялдын сөзүнө маани бербегенсиди. Бир кезде үйдүн оң жак капталындагы коктучадан бригадирдин карааны сорок этип чыга келди!

– Мына! – ашпозчу аял Төрайымга кубана бурулду, – бригаттын өзү да келип калбадыбы!

Жалт бурулган Төрайым бригадирдин өзү жалгыз келатканын кабак алдынан сынай тиктеп, жактырбагансыды. Кадыр үйгө жакындай бергенде бийик үнү менен тынчыган талааны жаңыртып какшанып кирди:

– Атаңгөрү! Эми эмне кылам?! Жер кургап кетмей болду го!

– Кана прицепщик?!

– Айланайын, Төрайым! Ошону таң-эртеңден бери издеп, жалынбаган кишим калган жок! Баарынын иши бар. Эр-азамат бүлөлөр аз экенин өзүң билесиң!

– Сакманга эмнеге окуучу балдардан дайындабайсыңар?

– Ошо жөнүндө сүйлөшүп жатат башкарма.

– Анда, түш аттан!

– Түшсө мына! – Кадыр шарт түшүп, атын боз үйдүн кырчоосуна байлай кетти. Төрайым суу куйчу аялга көз кырын жибере, тракторун көздөй басты. Тракторун от алдырып, бригадирге прицепти көрсөтө колун жаңсады:

– Олтур, бригат!

– Олтурса олтуруп эле берем! Качмак белем!

Прицепке очоё отурган Кадыр трактор ордунан бир секирип алга обдулганда, сокого жерди терең сугундурду. «Көрөм күчүн, канчага чейин чыдар экен?»

Мурда «бир-эки айдагандан кийин коё берет го, тамаша кылып жатпайбы» – деп ойлогон Кадыр семиз токтунун кабыргасы сыңары килкилдеп аңтарылып жаткан жерге өзүнүн да ышкыбозу күчөп кеткендей көңүлү алаңгыр. Ал кез-кезде кыз жакты күлүңдөп карап коёт. Төрайымдын сымбаттуу далысы скоросту койгондо гана саал алдыга эңкейе калганы болбосо, көпчүлүк убакта кыймылсыз. Майга окшоп томурулуп жаткан

www.bizdin.kg



жердин ушул учурдагы көрпөдөй тармалданган аземин, бур этип каншаарга урган жердин өзүнө гана тиешелүү кайталангыс ным жытын Кадыр канча жыл бригадир болуп иштесе да, бүгүнкү жолкудай сезген эместир. Ал өмүрүндө биринчи жолу талаалардын тирүүлүктөй жоомарт, берешен, асыл экенине жүрөгү толкундады. Өмүрдүн бир саам учурунда күмүш көкүл балалыктын жылт эткен эркиндиги, кубанычы көздөн учуп өткөнсүдү да, анан ошол учурду канчалык кайра эстеп, такыр сезимине токтото албады. Малга көбүрөөк жан тартчу тубаса табити ушундан кийин жерди биротоло сүйүп калгандай көңүлү көтөрүңкү. «Дагы! Дагы айдай түш, айланайын Төрайым!» – өз ичинен кубанды Кадыр.

Бир кезде артына бурулган кыз аңтарылып жаткан жердин түсүнө окшоп, боргулданган Кадырдын кара кочкул жүзүн, бир тилгенсиген көздөрү ыраазыдай жерди үңүлө тиктегенин байкады.

– Чарчадыңбы? – трактордун пастаган моторуна аралашкан кыздын жылаажын добушу жагымдуу. Беркинин бир тилгенсиген көздөрү ого бетер жумулгансып, башын чайкады. «Далай жерди сулатып таштадык ээ!» Көрпөлөнгөн талаанын орто чени күн табына тоборсуп, агара баштагансыды. Үйдүн жанына тракторун токтотту кыз.

– Бүгүнчө бүттүкпү, Төрайым?– Кадырдын сөзү өтүнгөндөй бош.

– Чарчаган жоксуңбу?

– Эмнеден чарчайын, айланайын, Төрө! – Анын оюна койсо, дагы ушунча жерди айдагысы бар.

– Трактор деле тамактанат турбайбы, – кыздын сынай жылмайганынан Кадыр саал уяла түштү. Бирок майланышкан каралжын жүзүнөн кызарган, кызарбаганын билүү кыйын эле.

– Мен прицепщик таап келейин, – байлоодогу атына кам урган Кадырга ашпозчу аял жакындай басты.

– Ай, бригат, унуңар түгөнөйүн деп калды.

– Ошону эптей тургула.

– Көжө катык жок...

Бригат тизгинин чечкенде ээсинен кутула жадагансып, башын бир чулгуп чалпыды аты.

– Так, чунаңдаган кургур десе!

– Ай, бригат, уктуңбу, көжө катык жок дегенди?

– Уктум... – атын моюнга бир чапты Кадыр.

* * *

Жер айдоо эчакта аяктаган. Жашыл саамай теребел жаштыгына маашырланган кызуу чөп чабык учуру. Төрайым эми токойдун аралыгынан мая жыйган сарайга чөп ташыйт. Мунун жүрөгү таштан бүткөнбү дечү

www.bizdin.kg



эл. «Нары жаш бол, нары таз бол! Бир жаңылып койдум деп, жарк этип күлбөй, эмдигиче суз жүргөнү кандай?»

Бирок Төрайымдын келечекти эңсеген серпилүүсүн, сүйгөнүнө болгон дилгирлигин, мүмкүн, айылдаштары да сезген эместир.

Бир жолу Төрайым жумуштан эрте кайтты. Кыңкая ачылган эшиктен үйдө эч ким жогун байкады, кыязы, азыр эле чыгып кетсе керек энеси. Ички үйдө чалкалаган жылаңач уулу карагаттай бакырайган көздөрү менен шыпканы чекирейе тиктеп, кол-бутун тыбыратып жатыптыр. Көптөн бери Төрайымдын уулун колуна алганы ушудур.

– Чолпонум менин! – баланы эки бетинен, жылаңач көкүрөгүнөн, май куйругунан жалбарып өпкүлөп жатты. – Менин сүйүүм!..

Эшик ачык бойдон калганын Төрайым сезбесе керек. Ууру басып, босогонун алдына токтогон энеси кыңкая ачылган эшиктен кызынын бардык кыймылын, жалбарганын, өөп-жыттаганын өзүнчө ичи эзилген энелик мээрим менен жалтак карап турду. Жаратылышынан сак Төрайым жалт бурулуп, жаза бастыргансып энесинен уяла түштү. Бетине жука кызыл тамылжып чыкты.

– Эркелете кой өз уулуңду! – деди бир сырдуу эне.

Төрайым эркектерге көңүл отун сууттубу, же кийинчерээк мүнөзү ушундай өзгөрдүбү, эч ким менен сырдашпай, көңүлдөгү бугун, көкүрөктөгү дартын чыгарбады. Кыздын сыры кулпулуу. Курбуларынын эч кимиси батынып кире албай, сыртынан ыкшоо. Бир кездеги бүтүн дүйнө сеп болчудай жамалына эреркеген жаштык бара-бара токтоо, эринип аккан тоо суусу сымалдана чагылгандын отундай оюнунан кагылдыбы?! Ошентсе да күүлөнгөн, эреркеген жаштыктын серпилүүсү, өзүнүн ургаачы болуп жаралган табияты үчүн өч алуусу дагы эле аны таштап кеткен жок.

Бир күнү кечке жуук токойдун аралдарынан чөмөлө салган кыз-келиндер сөздөн сөз чыгара «кара тегерек калпак» ополдомочундун жоругун айтып калышты.

– Деги чөмөлөчүлөрдүн жанынан эле кетпейт.

– Кызык жигит өзү...

– Аңдыганы бар болсо керек.

– Аңдыганы деп коёсуңар! Жакын бастырып өткөндө, кылыйып кылык көрсөтүп каласыңар го! – Толук бет кыз жеңелерине тултуң этти. Төрайым унчуккан жок, толук бет кызга алдыртадан өзүнчө байкоо салат. Анын ички санаасын, бул жашка келген кыздар кандай дартка чалдыгарын, жакын жеңелерине карата болгон кызгануу сезимин өз ичинен иликтеп купуя.

– Кайда иштейт экен? – Төрайым суроолуу карады, ага жоодураган торо булагындай мөлтүр көздөр бардык жактан жаа болуп кадалды.

– Райкомдо инструктор дешет. Бойдок экен өзү.

– Бойдок экенин да билип алдыңарбы? – Толук бет кыз жеңелерине бултуйду кайра.

www.bizdin.kg



– Ай, кызыке, ойлогонуң кызык да! Билгендин эмнеси жаман экен? – Жакын жеңелеринин бири оң ууртун кыйшайта чуңкурайтып, жылмайып койду өзүнчө.

– Эртең кайсы жерден иштейсиңер?

– Орто-Суунун жанынан...

Төрайым күн мурун дагы бир окуяга даярдык көргөнсүп, бүркөлө ойлоно калды да, ордунан туруп кетти. Күн кирпиги акырындап жумулуп бараткансыды, Төрайымдын алды-артынан ээрчиген кыз-келиндин үйгө карай келаткандары шаңдуу.

Бул күнкү окуяны «кара тегерек калпак» ополдомочундун өзү да күткөн эместир. Бир көргөн адамга бешенеси жылдыздуу кара тору жигит капчыктуу. Ал башкаларга караганда өзүнүн аялзаттууларга жакчу ошол артыкчылык касиетин сезгендей, бул жыныстагыларга дегеле ынак. Ал чоң шашкеге чейин кырманда, же сарайда болуп, анан ушул чөмөлө салгандардан көп алыс эмес жердеги суу жээгинде жалдуу карагер атын отко тушап коё берип, бетине газетти далдалай көлөкөлөп жатчу. Астына кара баркут көрпөчөсүн салып, жазданганы ээр. Бир-эки келинди жанына чакырып алып, кер-мур айтышкандан да оолак эмес.

Үйлөрүнөн ала келген айран, токочторун ортого салып, чөмөлөчүлөр түштөнгөн учурда, дал эле сыйдаң жапайы талдын түбүнөн чыга келди Төрайым. Ар биринин кадырман мейманы келгендей кыз-келиндер дуулдай түштү:

– Бул жакка өтсөңүз, кыз!

– Мында келиңиз, эже!

– Тамактан алсаңар...

Туш-туштан жаалаган ушул эндик жүздүү келин-кыздар арасынан ак гүл окшоп бөлүнгөн Төрайым өз ичинен ыраазы. Нандан кичине ооз тийди.

– Ополдомочундар кайда?

– Тиги суу жээгинде... – кара тору келин төмөн жакка каш кагып койду.

Төрайым төмөн карай басты. Бир кызык окуя болорун күн мурун сезгендей, алдыларындагы тамак-ашын коё коюп, дүүлүккөн кыз-келиндер Төрайымдын артынан тал, шилбиге далдалана жамырашты.

Мажрүм талдын көлөкөсүндө чалкалап суналган сыйда чач жигит эң мурда өзүнүн жанына келген денелүү, ак жуумал кызды биринчи көргөнүнө бир чети таңдана, бир чети кубана тосуп алды. Чын-чынына келгенде, Төрайым бир көргөн адамдын назары түшөрлүк мээр чөптүгү бар эле. Ал жигиттин алдында эки бөйрөгүн таяна тура калды.

– Күн ысыкта көлөкөлөп жатабы киши? Агын суу жанында турса.

Жигит Төрайымды ээрчип кошо жылмайды:

– Силер эле түшкүлө сууга. Биздин этибиздин жылуусу качып калган.

– Качантан бери жаштын карысы болуп калгансыз? Туруңуз, кыздардын баары бул жерде!

www.bizdin.kg



– Мен сизди тааныбай турам, карындаш. Таанышып алалычы, атыңыз ким?

– Ушул эле айылдан болом. Сиз биздин айылдын салтын билбейт окшойсуз?

– Коюңузчу, кантип эле билбей коёюн, карындаш!

– Чын эле билбейт экенсиз! Биздин айылдын келин-кызы жигит менен таанышуудан мурда сууга салып ойнойт.

– Коюңуз, карындаш, сиздей чырайлуу кызды бул айылдан биринчи жолу көрүп олтурам.

– Анда эмесе, тааныштыкпы?

Артка кетенчиктей берген жигиттин өпкө-жүрөгүн куушура кармап, агын сууну көздөй ыргытты Төрайым. Баятан бери тал, шилбиге далдаланган кыз-келиндер эми тиги «кара тегерек калпак» ополдомочундун камгактай учуп, шар сууга ала салганына боорлорун тырмап, шаркыраган суу агымына кошулуп, жылаажын каткыргандары уу-дуу эте токойду жаңыртат. Эки-үч ала салган жигит жанталашып, жээктеги талдын салбыраган бутагын кармай калды. Ал тырмышкан бойдон жээкке чыгып келатканда, эки каруусунан мыжыгый кармап, суунун ортосуна чалкасынан кулатты кыз. Кыз-келиндердин агымына кошулуп токойду жарган күлкүлөрү жылаажын агып жатты. Ополдомочун бир аз жерге томолонуп агып барып чыгып кетти. Үстүндөгү кийими этине жабышкансып, шүүшүндөп аккан сууга шөмтүрөдү. Нес болгонсуп, кызылдуу жүзүн коркунучтуу кыз оюну каарыгандай кубарыңкы. Төрайым бу кезде күлүп жаткан келин-кыздардын арасына кирип кеткен эле. Жигит өпкө, жүрөгү, ичек-карыны колкосуна келип такалгандай какап-чакап жатты.

– Ырас кылдыңыз ошону!

– Экинчи имерчиктебейт бизди!

Бир-экини төрөп, дасыккан келиндер «аптеритеттүү жигиттин» сууга түшкөн чычкандай болгон бүгүнкү шылдың кебетесине ичтеринен ачынгандай муңайым. Деги ыманы ысык жигит эмес беле?

– Эми силерге жакын жолобойт. Ополдомочун деген кырман жакта болбойбу? – Төрайым эч нерсе болуп өтпөгөндөй артынан ээрчиген кыздардын арасы бышкырган күлкү.

– Жетет эми ошончолук, кечке күлө бербей!

– Ичиң ачышып жатабы, жеңе?

Кантсе да, турмуштун өйдө-төмөн шарданын сезип калган келиндер бул үчүн суракка алына тургансып, кыздарга сестүү. Кой деген сайын тасырандап күчөнгөн, тамашаны сүйгөн оюнсаак кыздарга, албетте, эрмек керек эмеспи. Жеңелеринин сесине бирине бири көз ымдап, ополдомочундун суудан чыккан кебете-кепширине жарылып кеткендей шыңкылдашат кайра.

– Болбодубу эми!

www.bizdin.kg



– Кийин кайнене болгондо тыйып-кыскыла бизди!

Мындан бир аз өткөндөн кийин кыздардын арасынан бирөө обонго салып созолонтуп жиберди:

«Кара калпак жаш бала,
Көп жүгүрбө башкага.
Төрайымдан запкы жеп,
Кыздарга болдуң маскар-а!»

– Ай, и-и, чын эле кошокчусуң го!

Токой ичинде турмуштун ырааттуу аземине курсант боло дуулаган кыз-келиндердин арамдыгы жок жагымдуу таза күлкүлөрү.

Бу күнү Төрайымдын «ополдомочун жигитти» сууга салган жоболоңу эң мурда чалгычыларга, алардан кырман, сарайдагыларга желден тез тарады.

– Ошону көрмөк! Сыланып-сыйпанып...

– Жигит киши да ошентип жүрөбү?

Бул кабар Уруянын эри башкарма Султанга да жетти.

– Эркелигин койбойт экен го, кыз! Иштегени кандай сонун, быйыл орденге көрсөтөлү десе! Эми кара, баарын өзү бүлдүргөнүн!

Башкарма Султан, тегирменчи – баары бир элден, кыркка жете бербеген түтүнү бар. Улуусунун сөзүн кичүүсү урматтап, карыларына өзгөчө сый, каада көрсөтө билгендеринен улам алар жөнүндө башка кыштактагыларга нагыз айыл билермандары, нускалуу адамдар деген аңыз тараган. Ошол айылга баш-көз болгон билермандардын, акыл салчуларынын бири – карт тегирменчи эле.

Султан жал-куйруктуу карагеринин үстүндө очорулуп, кырмандан шыр эле тегирменге келди. Атын тегирмендин астындагы мамыга байлап, эки жакка байкоо карады.

– Ассалому алеким, аба!

– Валекиме салам. Кел, Султаш!

– Сөз бар, аба! Бери чыкпайсызбы?

Тегирменчи калбаат басып, эшикке чыкты, кантсе да Султандын келишине ичинен чочулап турду. Ал экөөнүн сөзү нускалуу, кыска болгонсуду. Тегирменчи Султандын бирдемелерди айтканына эки алаканын жайып, буржуюп бөлүнгөн далысын куушурду.

«Кайдан билем, Султаш, балдар өзүлөрү ошентип сууга салышып ойногондур?» дегени болсо керек. Анан Султандын сөзүнөн кийин жер карап ойлоно калды. «Төрайымды орденге көрсөтөлү деген элек, баарына кыздын өз кесири тийди» деген тиги. Тегирменчинин ойлоно калганы ошондон болсо керек?..

Султан байлоодогу карагерин чечти. Тегирменчи аны жалпы эле уруунун ага-инини сыйлаган салтын кадыр туткандай жеңил гана атказып койду.

www.bizdin.kg



Ушундан кийин күлкүнү, оюн-зоокту жакшы көргөн айыл ичи жоголуп кеткен ынагы кайра келгендей, ополномочундун окуясын көпкө сөз кылып жүрүштү. Корабль минип узакка кеткен суучул сыңары Төрайым да алыскы сапарынан кайра тарткандай көптөн бери коңулдаган айылын дагы бир өзүнүн жаңы оюну менен оңдургансып салды. Шайырлык менен өскөн эл да.

Кара тегерек калпак ополдомочун кийинки күндөрдө такыр эле көрүнгөн жок, сыягы, башка колхозго которулуп кетсе керек. Шыргыйдай кара, узун жаак жаңы ополдомочун келди дешти эл. Жаагын жанып шакылдай сүйлөгөн неме экен, күнү-түнү тынчы жок. Бирде мая жыйгандарда, бирде кырманда. Адамдын билеги анча болбосо да, башкаларга кубат берген деми канчалык! Колхоздун иши бака-шака менен ырааттуу кетип жатты. Ушундай тынчы жок, беймаза күндөрдү жактырчу Төрайым.

Бир күнү тегирменчи кызын жанына чакырып алды. Бейчеки чакыра берчү эмес. Көптөн бери көңүлүн өйүгөн ой басмырлагансып, жүрөгү түпөйүл.

– Төрө, сени быйыл сыйлыкка көрсөтөбүз дешкен экен, ополдомочунду эмне кылгансың? – Кыз жооп бербей, атасына байкоо. – Райондогу чоңуна арызданыптыр дейт ал урган! Айтчы, балам, ойногонбуз деп! – Атасынын бул сөзүнө Төрайым башын силкип алды.

– Жок, ата, мен аны атайылап сууга салгам!

– Эмнеге балам?

– Сыланып-сыйпанган да эркекпи? Азыр жаңы ополдомочун келгени кандай иштеп жатабыз!

Тегирменчи кызынын ушул жообун өз ичинен туура көргөндөй, тиши жок астыңкы эрдин сыдырып алды. Ойлонгондо, же бир ишти өзүнчө туура көргөндө тегирменчинин ошондой адаты бар эле. Анын ойлуу баш ийкеминде? «Айтам да, Төрө эч качан чеки иш жасабайт!» деген ынануусу бар окшобойбу.

Атасынын акылдуу көздөрү кызына урунду. Төрайым атасынын ушу саамдагы ички дүйнөсүн, эмнени ойлогонун аңтарып билгендей, мурдагы эркин кыз чагындай табышмактуу, сырдуу жылмайды. Карт тегирменчи кыз сүйкүмүнөн калдыркан көпөлөккө окшогон чаар бээсин чаап жүрчү Төрайымдын көкүл тараган балалыгын кайра көрдү. Бир саам унутулгансыды обурлуу дүйнө! Жүрөгүн жылуулук аралагандай, кызынын башын төшүнө жөлөдү:

– Айланайын! Эркем! – кыз атасынын койнунда эрке чоң баладай култуят. – Сен менин карыгандагы чынар багымсың!

Ушу саамда карт тегирменчинин санаасына күн сайын илээшкен: Төрайымдын бала төрөгөнү, Таласта жүргөнү, айыл ичин дүрбөтүп, ополдомочунду сууга салганы – баары эсинен чыгып кеткендей кызын бейкүнөө наристеге окшотуп, чачынан жыттады.

www.bizdin.kg



– Ата! – кыздын үн ыргагы маанилүү, – мен кетем!

– Каякка, Төрө?!

– Шааргa барам! Окуймун, ата!

Тегирменчи жүрөгүнүн тереңинде кызынын ушул оюн жактырганы менен, «алда кандай болор экен?» дегендей сыр бербей ойлуу. Бир кезде өкүнүчтүү күрсүндү:

– Онунчуну бүтпөй калдың да, балам?

– Жетинчи классты бүткөн документим бар. Шаардан техникумга кирем. Болбосо, бир жыл иштеп, кечки мектептен бүтөм. Таластан көргөм...

– Өзүң бил, Төрө.

– Өзүм билсем – кетем, ата!

– Качан?

– Жакында. Андан көрө акча бер мага.

– Акча табылар. Керек десең, чаар бээни сатып берем.

– Жок-жок! Чаар бээни эч качан сатпа! – Ата менен кыздын сөзү ушу менен токтоду, айтмакчы, алар дайыма кыска, манилүү гана сүйлөшчү.

* * *

Окуусун бүтүп, Ысык-Көл тараптагы кайсы бир кенге инженер болуп жиберилген Дулат өз айылына бир аз гана түнөдү. Тууган жердин жытына магдырап уктаган да жок. Санаа менен дүйнөнү чабыттаган түндөрү тынчсыз. Бир жылдан берки сагыныч, кусалыгын, сансыз жазган каттарына куш тилиндей жооп албай кооптонгон дартын, жүрөктөгү мүйүз болуп каткан бардык бугун чыгарчудай тоодой үмүт, жаркыраган тилек менен Уруялардыкына келди. Султан адетиндей үйдө жок, талааларда же кырманда жүрсө керек. Жигит жакшылап демин баспады, анын бажыракай көздөрү кандайдыр улуу эпкин, тоодой күч ашыктырып дегдеткен сыңары жалындап чачырап турду. Бир жерде байыр ала албай, папиросун кайра-кайра күйгүзүп, олтурганы копол.

– Демиңди кичине бассаңчы, жээн!

– Э, тажеңе, кантип демимди баса алам? Бир жыл бою мен ошол жөнүндө гана ойлоп, ошол оюм менен гана жашап жүргөнсүдүм. Мен аны сөзсүз көрүшүм керек бүгүн!

– Башка кыздарга көзүң түшүп жүрбөсүн мүмкүн?.. Бул жерде дагы бир жакшы кыз бар.

– Тажеңе! – көздөрү оттонду жигиттин, – аз өмүрдө сүйгөнүм менен жашагым келет! Мен аны сүйөм! Уктуңбу?!

Жигиттин ырайынан тажеңеси чочулады: ал ушул тапта капастан бошонгон илбирс сыңары жолтоо болгондордун баарын жолунан кагып таштап, өз максатына жетүүгө кайыл.

www.bizdin.kg



– Эмне кылайын, жээн, бир-эки жолу сөз салсам, кагып салды. Энесине да айтып көрдүм, кызыбыз өзү билет дейт. Эмне кылам, өз билгенинче, өз эркинче өскөн кыз!

– Мен аны канчалык сүйгөн сайын ал ошончолук алыстап баратат!

– Таалайыңа сыйынып көр да!

– Эмненин сыйынганы!.. – Дулат каңырыгы түтөгөндөй, жаагын таяп олтура кетти. Чекеси жылгаланып, чалды-куйду кыял торуна кептелгендей, жакшы үмүтү ташка тийип кыйрагандай ызалуу.

– Башкарма таякеңди атасына салып көрсөк кантет? – жигиттин ой-түйшүгүн кошо тарткансып, Уруянын үнү пас.

– Жок! Анда иштин баарын өзүбүз бүлдүрөбүз! Кайдан болсо да тапчы бүгүн! Жолуктурчу мени, тажеңе!

– Сүйүүң менен да кургур ай!

Уруя шалы жоолугун оңдоп салына, жээнин кыйбай, аргасы жогунан бараткансып, үйдөн чыкканы шалкы. Дулаттын жалооруган жүзүнө боору ачып, «какса – какканын көрөрмүн!» деген ниетте кадамын ылдамдатты. «Ай, кудайым-ай, ушу жээнди сүйгөнүнө жеткирчи!»

Келин ушу саамда жаратkандан баланы, өмүрдү тилебестен, кадамы сайын салаңдаган жээнин көрүп, ошонун сүйүүсүн, бактысын тиледи.

Тегирмен жактан жолуга калабы деп имерчиктеген Уруя дүкөн тараптан текебер баскан Төрайымды көрө сүйүнүп кетти. Бир эсе жакшылыкка да жооруду муну: «Кыздын өзү жолдон чыкты, жээндин жолу болот экен!» Төрайымдын колунда кагазга оролгон бир нерсеси бар.

– Жакшы жүрөсүңбү, кыз! – Уруянын жалтактаган саламына Төрайым адетиндей табышмактуу жылмайды, кыязы, «кандай болмок эле, жакшы эле жүрөбүз, ошону да билбейсиңби?» дегени болсо керек. Кантсе да көңүлү куунак. Баятан бери кандай болот деп кооптонгон Уруя кыздын ырайлуу жүзүнөн жоголгон алтын бычактын сабы ойдо жок жерден табылгандай жүрөгүн жакшылык жышааны аралап, саябан күндөргө үмүткөр. «Жээндин иши оңунда экен!»

– Көрүнбөй да кеттиң? – айтарын айтып алып, ушул сөзүнөн кайра чочулады Уруя. «Курган жаным, жаралуу жерин айтып салбадымбы!»

– Колхоздун иши, жеңе.

«Жеңе» деген сөзгө ичинен кубана Уруя эми берген суроосуна аяр.

– Биздин үй жакка да каттабай кеттиң. Башкарма акеңер эмне келбейт деп кээде сурап калат. – Уруянын ушу сөзүнө шылдыңдуу жылмайды кыз. «Калпымды кармап алды, ээ!» – деди анын сезиминен жылт эткен учкун.

– Эмне айтайын дедиң эле?

– Билесиңби, кыз... М-м.. баягы жээн келиптир! Сүйлөшөм дейт сени менен!.. «А, курган жаным, чортунан эле айтып салдым да?! Сөздүн кыюун да билбейт окшойм го!»

www.bizdin.kg


– Сүйлөшөм дейби?! – кыздын жүзүндөгү баятан берки жылдызданган ырайлуулугу дароо өчкөндөй мисирейе калды.

– Ооба, кызыке, ал сени сүйөт! – «Ушуну бекер айтып жибердим бейм!» Кыз менен ачык сөзгө чыккан Уруя эми баарына тобокел. Төрайым калыбын өзгөртпөй бир азга мелтиреп турду да, Урияга көзүн токтотту.

– Баягы жерге келсин! Ошол убакта. – Жалт бурулган кыз басып кетти.

– Бактылуу бол, кызыке!

Уруянын бүт денеси, сезими кубанычтан дүрт эткендей каны бетине ойноп чыкты, үмүтү шоолаланып жаркып, ушу жээни үчүн жети кабат асманга жеткенсиди. Гүлдүү шалы жоолугун чечип жибере шалкы байлап, үйүн көздөй эки колун тең шилтей Уруянын басышы шаңдуу. Аны кубаныч оту делөөрүтүп баратты.

– Келе сүйүнчүңдү, жээн! – каалганы шарак ачып, эшиктен бери аттаган Уруя жароокер. Ушул азыр өңү да бир башкача нурдуу тартып, жымыңдап жайнап турду.

– Ыраспы, тажеңе! – Уруянын ак мамык колдорун өпкүлөй кетти жээни. – Ушундай иштерге илгертен тажеңе, жеңелери жарачу! Айтчы, эмне дейт?!

– Баягы жерге ошо маалда келсин деди.

– Чынбы?! – Дулаттын көздөрү коюуланып бажырайды. – Өлбөңүз, тажеңе!!

– Сен аны чын эле сүйөт экенсиң ээ, жээн!

– Эгер менин он өмүрүм болсо, он жолу тең Төрайымды сүйөр элем!

Келиндин азыркы кубаныч-толкундоосу тарагандай көңүлсүз боло калды. Мүмкүн, ал өмүрүндө ушундай ынтызар, эл оозунда көпкө айтылып жүрөрлүк, жашоонун бардык учурунда жашыл ыраңынан кыярбаган сүйүүнү эңсеген чыгар. Дүнүйө да жетерлик, эринин бир айыл эмес, өрөөндүн баш-аягына кадыр-баркы бар, зоболосу бийик. Бирок турмушка дилгир, жашоого ынтызар келинге баары бир чынысы бөксө болгонсуп, чоң нерсе жетпегендей сезими мелүүн. Мүмкүн сүйүүдүр?..

– Жээн! – каргылданып жалооругансыган келин Дулаттын колдорун кармалап, маңыроо чалкалады. – Мен сени жакшы көрөм!..

Келиндин жумшак, чатыраган эриндери Дулаттын толук эринине жабыша калып, мойнуна колдору оролду. Көзүн аңтарылта көшүп, өзүнүн кечиккен сүйүүсүн ушул азыр тапкандай, же кокусунан туткундаган сыңары эрип жатты...

Андан боюн оолактатты жигит. Шарт эшикке чыгып, папиросун тутантып эки жакка байкоо. Пастатты демин. «Ушундай экен го аялдар?!» Акылы чачкындап, жигит башы маң...

www.bizdin.kg



* * *

Шоолаланган табышмак дүйнө! Кайсы жерден сапары башталып, кайсы жерден бүткөнү белгисиз. Күүгүм талаш Айрым-Көлдүн жээгинен Төрайымды күткөн Дулаттын ой-кыялы ошол табышмак ааламдын түпкүрүнө сүңгүп адашып, жүрөгү үмүт болуп дирилдеп, санаасы кичине тынгандай көңүлү көтөрүңкү, албуут. Бүгүн ал үчүн бардыгы сулуу, бардык адамдар сүйүү менен жашап, ошо менен бактылуудай туюлду. Деги ал бүгүн жолуккан адамдардын чоң-кичинеси болобу, алардын баарын, ал гана эмес, айды тиктеп, уяң сулуудай чалкалап сүзүлгөн көлдү да, Төрайым менен жолуккан коңур түндөгү күбө болгон туңгуч мажрүм талды да кучактап эркелеткенсиди, өпкүсү келди. Жигит турмушка эч качан мертинип сынбас болуп жаралгансыды, дүйнө ушул жашыл ыраңынан жазбай, дайыма көк бойдон турчудай туюлду, жаш наристе сыяктуу түбөлүккө эрке бойдон калгысы келди.

Эмнегедир кечикти кыз. Кадимкисиндей тоо башынан эркиндикке сүзүп чыккан ай тигил көл үстүнө түркүн шоола кубултуп, жол салгандай миңге сынып, быжырап жатты. Эч шыбырды сезбей жарданган теребел, жылдыздар ыргып ойногон түпсүз асман, бир ордуна мезгилдин буурул атын аса байлап токтотконсуган кайталангыс табият, өзүнчө дабыш чыгарбай ойлонуп жаткан жымжырттыктын улуу гимни...

Жигит табияттын дүлөй музыкасынан башын чулгуп алды. Жакын жерден кулагына шырт-шырт эткен дабыш урунду! Жүрөккө комуз кылы окшоп жүз жолу чертилген кайталангыс кымбат дабыш! Ушул дабыш анын жүрөгүндө канча жолу какпады, акыл-эсин дүүлүктүрүп, канча жолу тузак тартпады. Тал, шилби улам берилеп жылып келаткандай шырт, шырт!.. Жигит өз өмүрүн, жаштыктын көк нооту аземин ушул көл жээгинен баштагандай сезген. Анын жүрөгү көөдөнүн тээп чыкчудай энтиктирип, ушул саамда бүтүн денеси жүрөк болуп кагып жаткансыды.

Төрайым мурдагыдай жасанган да эмес. Андан жигиттин каңылжаарына сиңип калган атырдын жагымдуу жыты да буркурабады. Дулатка көп анча боюн салбай окчун.

– Эмне сөзүң бар эле? – кыздын үн ыргагында эч бурулуу, толкундоо жоктой, кала берсе, Дулат менен күн сайын жолугуп, жүз көрүшүп жүргөндөй суз, салкын. Жигит жооп бере албай каны буулгансып, кыздын сөзүнө шалдырай түштү. Бир жыл бою түн уйкусун түпсүз ойго багыштап, ошол канаттуу кыялынын ээси Төрайымдан ушундай жолугууну күттү беле!

– Төрайым! Саламатта жүрөсүңбү?! – жигиттин сөзү өзүнүкүнө окшобой, бирөө келип төбөгө союл менен салгандай кулактары бүтүп зыңылдап, оозунан сөзү түшүп дайынсыз. – Мен сага дайыма кат жазып жүрдүм. А сен бир жолу да жооп берген жоксуң!

www.bizdin.kg


– Ошону үчүн чакырдыңбы?

– Жок, Төрайым! Сени бир гана жолу көрсөм деп эңседим! Сен мен үчүн мына бу дүйнөнү балкыткан айдын өзүсүң!

– Куру чечендиктин эмне кереги бар?!

– Сага айтайын деген оюмду айта албай, бир жыл бою өкүнүчтө жүрдүм. Бери жакындап, мени уксаң!

Кыз саал жумшаргандай унчуккан жок.

– Мен сени сүйөм, Төрайым! Сен бар үчүн гана мен дүйнөгө жашап жүргөнсүйм!

– Мен сени сүйбөйм! Айтайын дегениң ушубу?

– Кантип? Ушул жердеги айлуу түн экөөбүзгө күбө эмес беле! – жигит үнү жалооругандай каргылданды. Кыз жооп бербей, суйкаган ай окшоп мисирейет. – Экөөбүздүн ортобузда бала бар го!

Кыз ылдый салган башын шарт жигит жакка бурду, ай шооласында анын көздөрү жылдызданды.

– Сенден эмес бала!

Дулат ушул азыр асмандагы ай тең бөлүнүп сынып, сүзүлүп үлбүрөгөн көл жанар тоо окшоп жалын болуп кайнап чыкса да, мынчалык таң калбас эле! Көздөрү оттонуп, дүрт эткен денеси чыйрала түштү.

– Кимден анан?

– Эркектер аз дейсиңби?!

– Калп! Калп! Бала экөөбүздүкү! Сен мени алдаба!

– Мен ал түнү башкалар менен жолуккам!

Дулат азыр кызды муунткусу келди, бүт денеси калчылдап, албуут каны буулгансыды.

– Сен!.. Сен ошенттиңби?! – кызга жакындады Дулат.

– Жолобо жакын! – Токтоп калды жигит. – Экинчи мага сөз айтам дечү болбо! – Шарт бурулду кыз.

– Төрайым, токточу! Төрайым! Мейли, мен макулмун!

Кыз унчукпай баса берди. Чалынып, жыгыла мүдүрүлүп, Дулаттын энтиккен деми. Ал жете келип Төрайымды каруудан алды.

– Мен макулмун! Макулмун баарына.

– Мен макул эмесмин! Сен башка бирөөнүн баласына ата болосуңбу?!

– Болом, Төрайым! Өзүң көрөсүң го!

Кыз жоошуй түшкөнсүп, жигиттин көзүнө тике карады. Ушул азыр баарына кайыл болгон, сүйүү үчүн от кече турган жалындаган оттуу көздөр. Башын ылдый сала ойлоно калды кыз.

– Мен бул үчүн эч качан сени күнөөлөбөйм!

– Жок! Андай болсо коё бер мени!

Жигит эми баарына кол шилтеп, өзүнүн кан буулгансыган набат тилегине кабатыр. Кызды токтотууга аракеттенбей, маң болгонсуп бир ордунда шалдайды. Алыстап бараткан кызга кек менен кыжыры кайнап

www.bizdin.kg


чыкты. «Миң бир түндөгү» падыша Шахреза мен окшоп, бардык кыздардан өч алгысы, кордогусу келди. Дал ошенткиси келди. Бирок дүйнөнү калчылдатып тегеретken андай бийлик кайда! Жаралуу илбирс окшоп, өзүнүн башын өзү мыкчып, кандайдыр далбас урган, энтиккен, бирок көңүл оту кароолонуп аптыккан абалда жатты Дулат...

* * *

Түнү бою кирпик какпай, таң алдында чырм эткен Дулат шашкеде ордунан турду. Денеси какжырап бөлүнгөндөй, башы салмактанып дендароо. Ата-баба көрбөгөн ыраак жерлерди солдаттын оор өтүгү менен таптап өткөн кыяпат күндөрү, беш жыл бою алган инженерлик билими, өзүн жигитмин го дегендей текебер сымбаты – баары бир тыйынга арзыбай, кайдагы бир тоо арасындагы табияты жапайы тегирменчинин кызына татырлык болбогонуна намыстангандай ызалуу. Көңүлүнө иренжүү менен сезими санааркаткан кусалык толгондой камсык. Кыз канчалык андан боюн ала качкан сайын, Дулаттын үмүтү, сүйүүсү ошончолук ширеңке менен тутанткандай дүрт этип, алоолонгону күчөй берди.

– Тажеңе! – жигит сырткы үйдө тамак жасап жаткан Уруяга жалоруду: – Барчы! Бүгүн кайда экенин билип келчи!

– Түндө жолукпадың беле?!

Жооп бербеди Дулат.

– Ал кыз жинди кылмай болду го сени! Тариэль болуп кетесиң го дейм?! Тамак ичкенден кийин барып келейин.

– Азыр барчы, тажеңе! Сен да алыстайын дедиңби менден?!

– Ай, жээн-ай! Болбоско чырмалып алдың да!

Көп анчалык көңүлсүздөнбөй үйдөн чыккан Уруяны жигит акыркы үмүттүн кыңыр шооласы сыяктуу уйкудан канбай санаркаган көздөрү менен максатсыз тиктеп узатты. Үмүт дагы эле жөргөмүштүн учкан желесине окшоп үзүлүп, бир жерге байырлабай чачкын. Ал жайык ааламда адашкан метеорлор окшоп бириндеген кыялы токтогуча Уруя да бат эле кайтты.

– Эмне?! – Уруянын келишин сүйүүнүн данакери катары күткөн Дулат утурлады.

– Иш чатак, жээн!

– Кандай?!

Кыз шаарга окуганы кетти дейт энеси. Таң заарынан атасы районго узатып кетиптир.

– Шааргабы?! – Дулаттын көздөрү ого бетер чоңойгондон алая түштү.

– Сабырдуу болчу! Ал кыз сени эмне кылган деги?

Уруяны белгисиз божомолго чочугандай тиктеген Дулат акыры бир чечимге келгендей колун айкара шилтеди:

www.bizdin.kg


– Мен да кеттим!

– Кайда?!

– Шаарга!

– Акылыңа келчи, жээн! Ал сени чын эле сыйкырлап салган го? Ошондою да бар!

– Жок, тажеңе, артынан барам. Кайдан да болсо, издеп табам!

Уруяны жалтаң карады Дулат:

– Үйгө кайрыла албайм го... Карыз акча берип тургула.

Дулаттын атасы менен Уруянын эри Султандын ортосунда жылкы, уй да өтүп жүрө берер эле. Кемпир өлүп, же кыз тою болгондо, булар бирибирине тоодой жөлөк, ашуудай арка-бел. Азыр да Уруя Дулаттан акча аягысы келген жок. Кайра «канча алса – алсын, деги сүйгөнүнө жетсинчи!» деген тилекте болду. Сандыгынын оозун шалдырата ачып, бүктөөлөрү менен ireттүү акчанын бир түрүмүн Дулатка сунду.

– Ме, жээн! Оңбогон кыздын кыял көрсөткөнүн кара! Көрөм сенден жакшы эрге барганын!

– Кош, тажеңе!

– Тамак ичип чык, ботом!

– Убактым аз. Жиберген жагына да кетишим керек эле.

– Деги сенин башыңды айланткандан сообу?

– Кошкула, кеттим! – үйдөн шашыла чыккан Дулатты Уруя таң калуу менен аңкоо карап узатты.

– Шумдугуң кургур десе!..

Жолдон өткөн эки-үч жүк ташуучу машина Дулаттын кол көтөргөнүнө токтободу. Мындай учурда баары тескери, кайчы түшүп калат эмеспи. Үч ат чабым Талас шаары көздөн учат. Ошол какшаал тоолордун бери астындагы ойдуңга буккан Талас көрүнбөй, асылкечтенип жымың эткендей жаш кыялды дегдетип саматат.

Түш ченде жогору жактан ойкуп-кайкып бүтүн өрөөндү каптачудай чаң ызгыткан «Волга» алыска ашыккан үмүттүн жебесине окшоду. Кол көтөргөн Дулатка машина өтө берип токтосо болобу!

– Кайда барасың, жигит?

– Таласка чейин.

– Олтур.

Машинанын алдыңкы орунунда шофёрго катар ак жуумал, мойну олтургучтан араң чыккан тараз бойлуу киши. «Ким болсо, ошол болсун!» Өз ичинен жеңил ойлогон Дулат бул адамдын ким экенине кызыккан да жок. Эки көзү спидометрде! 70... 80... 90... жигит үчүн бул ылдамдык да аздай, канат байлап учкусу бар.

– Шашып жүрөсүңбү? – алдыда олтурган киши кайрылып, байкоо салып өттү.

– Фрунзеге кетмек элем.

www.bizdin.kg



– Самолёт мененби, же автобуспу?
– Самолёт эле оң го...
– Билетиң да жоктур?
– Бара көрөрмүн...
– Кайда иштейсиң?
– Политехникалык институтту жаңы бүттүм.
– А-а, абдан жакшы! Кайда жиберишти?
– Ысык-Көлгө.

Ак жуумал киши кайрадан ойлоно оң жактагы кылкылдаган айдыңдуу эгин талаасын карап баратты.

– Өзүң ушу Таластансыңбы?
– И-е!
– Жаш кадрлар ошентип өскүлө. Кайсы жерде жүрсөңөр да, жакшы иштесеңер – ошол биз үчүн кубаныч.
– Үйлөнгөнсүңбү?
– Жок...
– Эмнеге Фрунзеге шашып баратасың?
– Ошол... иш менен эле...

Алдыда олтурган киши кайрылып Дулатка карады. Жүзүндө, тулку-боюнда жөнөкөйлүк сезилген бул адамдын азыркы көз карашы Дулаттын ички сырын билгендей сырдуу да, сүрдүү. Ал беркинин ички дүйнөсүн даана байкагансып, өзүнчө болор-болбос жылмайгансыды. Анын ойлонуп баратканы, же теребелди байкоого алып баратканы белгисиз. Анын ошол жылмаюусунан оңтойсузданды Дулат.

«Волга» чай кайнам убакта Талас шаарына кирип келди да, борбордук көчөдөгү эки кабат имараттын астына токтоду. «Партиянын Талас райондук комитети». Машинадан түшүүгө шашылды Дулат.

– Олтура бер, жигит. Аэропортко жетип ал. Фамилияң ким?
– Бозжигитов...
– Көк-Кашаттагы Бозжигиттин уулу эмессиңби?
– Ооба! – таңданды Дулат.
– Жакшы. Бара бер, быяктан бронь берип коёбуз.
– Ракмат, агай!

Тараз бойлуу, ак жуумал киши аяр басып, имаратка кирип кетти.

Аэропортко келгенде куржун көтөргөн, чемодан кармаган адамдардын арасынан кайтууга кам урган тегирменчини көрүп, Дулат эңсеген кымбат адамынын изин тапкандай кубаттана түштү. Ушунча адамдардын ичинен карт тегирменчи жүрөккө жакын, сыйлуу, урматтуу, келбетине киши суктанарлык туюлуп, пайгамбарга окшоп нускалуу. Ал нечен жолу ыкыс берип Төрайымды сурагысы келди, бирок жүрөгү жашыктык кылгандай дегеле тегирменчинин сүрүнө даап бара албады. Эмнегедир ал тегирменчиге өзүнчө урмат көрсөтүп тартылды, анын баскан-турганынан көзүн

www.bizdin.kg


айрыбай эмнегедир күнөкөр. Келе калган машинага нускалуу чыккан тегирменчи терезенин түбүнө олтурду.

Кассада жыйылган элге карабай алдыга өткөн Дулат өкүмдүү.

– Өчүрөткө карабайсыңбы, жигит! Же бул сейилдикке турат дейсиңби?

– Мен бир ооз сурайын дедим эле...

– Баарыбыз тең сураганы турабыз.

– Сизге эмне керек эле? – деди өзү куралтуу жигит.

– Фрунзеге самолёт болот бекен?

– Кокуй, Фрунзеге азыр эле кетпедиби!

Дулаттын жүрөгүн кандайдыр бир илдет сыдыргансып, ошо замат баары суз тарткансып, зериккенсиди.

– Дагы болот бекен?

– Саат үчтө дейт.

Кезекке турган Дулат кассага жакындады:

– Фрунзеге!..

– Самолёт келер алдында гана сатабыз, – деди оозун балжырата боёгон тармал чач орус келин. Ал бул сөздөрдү күн сайын нечен жолу кайталагандыктанбы, айтор, автомат сүйлөп жаткандай сомдоп койгонсуп жугуму жок. Кассир Дулаттын башынан ашыра карады:

– Кимдин кезеги азыр?

– Мага бронь болушу керек эле... – Өзүнүн келечек таалайы дал ушул оозун балжырата боёгон сары жаш келиндин ырайына байланышкан өңдүү Дулаттын сөз катканы күңкор.

– Фамилияңыз ким?

– Бозжигитов.

Кассир келин тизмени сөөмөйү менен жөрмөлөтүп карады да, Дулатка каректерин чачырата жылмайды. Баятан бери мостоюп, баарын бир калыпта суз жөнөткөн жаш келиндин ушул жылмайышы самолёттор учуучу булутсуз ачык күнгө окшошконсуп жымыңдап ырайлуу.

– Да, бар. Баары бир самолёт келер алдында сатабыз. Күтө туруңуз.

– Кетмей болдуңузбу? – кассадан бери баскан Дулатка өзү куралтуу баягы жигит бой салды.

– Кетемин го... Кайда баратасыз сиз?

– Токтогулга. Курусун, эки күндөн бери ашуу бүтөлүп, учалбай жатабыз. Бүгүн жол берсе...

Дулат кылт эсине бир нерсе түшкөндөй жигитке тигиле ойлуу.

– Сиз азыр Фрунзеге учкан жүргүнчүлөрдү байкай алдыңызбы?

– Байкабагандачы! Зериккениңден да кимдер учуп, кимдер келерин байкоого аргасыз болот экенсиң.

– Мындай келсең, тууган...

Жигитти четке чакырып чыккан Дулат бирөөнүн сырткы келбет, тулкусун колун жаңсап сүрөттөп айтып жаткансыды.

www.bizdin.kg



– Байкабагандачы! – Тиги жигит кубана башын ийкеди: – Кызды салабаттуу абышка келип узатты а түгүл.

– Атасы го, сыягы! Токтоңуз, мен ал абышканы азыр эле көргөмүн! – эки жагын каранды тиги жигит.

– Издебей эле коюңуз, ал машинага бая эле түшкөн...

Дулат жакшы кабарга Төрайымдын элесин кайра көргөндөй толкундай түштү: «Дүйнөдө сенин сүйүүңдү билип туруп, аны тепсеп кесирленген текебер кыздарга баары бир күнөкөр экенбиз го!..» – деди өз ичинен.

* * *

Бешим ченде шаарга келген Дулат кайдан баштаарын билбей, эки жакка элең карап делдейди. Фрунзе – бул да өзүнчө адамдар деңизи. Аны делөөрүткөн учкул тилеги, булуттан чууруп салааланган күн шооласындай үмүтү ошол өзүнчө аземдүү дүйнөгө окшогон шаардын көчөлөрүндө адашып, самсып агылды. «Деги ал кайсы окууга өткөнү келди экен?!» Ушуну тактап билип чыкпаганына азыр гана көзү жеткенсип, өкүнүчкө кабылган жигиттин чарпылган мүдөөсү канатсыз, куйруксуз жумуру. «Мендей да келесоо болобу?!»

Аэропортту имерчиктеп басканы максатсыз. Ошентсе да беш жыл бою окуп, көзгө үйүр шаардын кечөлөрү издеген сүйүүсүнө канатташ болчудай, канды ойнотуп, сезимди дүрбөткөн мүдөөсүнө тобокел.

«Анын токтоочу жери кайсы?» – коюу түндө боз үйдүн түндүгүнөн көтөрүлө жалп өчкөн оттун кыпыны окшоп, ой-санаасы алыс узабай чорт кыйылып жатты.

«Кайдан баштоо керек?» – өзүнүн ак тайлактай меңсиз сүйүүсүнө, жайдын бүлбүл таңындай кирсиз тилегине эми убара тартып салаңдаган беймаза күндөрүнө каңырыгы түтөдү.

Аэропорттон автобуска олтурган Дулат көчөнүн ар жак, бер жагына байкоо. Санааркаган маанилүү көздөрү жеңил мүнөз кыздар окшоп, бир нокотко токтобой эки жакка ойноктойт.

«Ушу кан жолдон өткөндүр ээ!» – жигиттин көз нурлары аллеяда каршы-терши баскан аялдарга жаадай кадалып баратты.

«Ала-Тоого барсамбы? Келе элек жатып кайдан бара койсун?»

Жанараак эле серпилген, эргиген жандүйнөсү чыйроосунан жангандай бошоң, «табам!» деген кайраты майтарылып, көңүл оту кароолонду. Суунгансыды.

Мына, анын беш жыл бою түнөк кылган жатаканасы. Бошоң тарткан сезимине ого бетер бүлүк салып, жатаканасында ремонт экен. Эшик алдында жыйылган жылаңач кроваттардан башка үстү-үстүнө иретсиз

www.bizdin.kg



каршы-терши коюлган столдор, олтургучтар. Короонун ичи аңгырап, кирип-чыккан адамдар көрүнбөй басмырт, көңүлсүз. Ушул элдүү шаар ал үчүн кеч күздөгү жетим калган боз үйдүн күл дөбө журтуна окшоп кутунан кеткендей ээнсиреп, жышаанасыз.

Чекесин сыйпалап, жылаңач кроваттын кырына көчүк баскан Дулат адамдардын ушу кичинекей деңизинин бир бурчунда, мүмкүн, жанында залкар тилеги, тоодой үмүтү Төрайымдын бар экенине көзү жеткенсип, ошого чыйрала каны ташкындады кайра. Дүрт этип кайра жанды жакшылыктан күдөрүн үзбөгөн сезими.

«Мен аны табам!» – үмүтү түңгүюкту тешип өткөндөй, асмандагы жол чийген жылдыз сыңары жарк этти. Кудуретке эмес, өзүнүн таалайына ишенгенсип, жаңы күч менен ордунан шерденип турду.

Жигиттин көңүл шоокуму алдыга жетелеп келет. Мына, борбордук көчөдөн нары караган көзгө үйүр кыз турпаты. Төрайым! Дал өзү! Жүрөгү көөдөнүн жара тээп чыкчудай, жардамга келген тагдырдын өз амириби?!

Бери бурулган кыз чоочун! Жалындаган тилектин оң канаты ташка тийип сынгандай, Дулаттын ташкындаган каны бөксөрө түштү. Ошентсе да муну жакшылыкка жоруду.

«Мен сүйүүмдү табам!»

Максаты жакын калгансып, жанында желе болуп айланып жүргөнсүдү.

Дулат Дзержинский гүлбагы менен «Ала-Тоодон» вокзал жакты беттеди. Төрайым азыр эле басып өткөндөй кыздын илебиургансыды. Жалгыз гана ага тиешелүү кайталангыс жыт! Бул жытты Дулат миң-сан кыздан жаңылбай, роза, сирень гүлдөрүнөн ажыратып сезер эле. Артынан кууп жетчүдөй ашыккан Дулаттын басканы тыкан, көздөрү өткүр, көрөгөч. Ал жолунан кезиккендин баарын көмүскөдө калтырбай, көз нурларына шыпырып келет.

«Мына, азыр жолугат!»

Алдынан вокзалдын элкин таш имараты бараанданды. Элөөрүгөн жигиттин делебеси майтарылып, вокзалдын бодура заңгел имаратындай көңүлү ала.

Жакын тууган-туушканынан, досунан, сүйгөн жарынан биротоло кол үзгөнсүп, буту кайсы жакка шилтенсе, ошол жакка максатсыз баса берди. Жаштыктын шөкүлө кумары, өмүрдү карк кылган оюн, шаттыгы ага буйрубагандай жүрөгү отсузданып, каны жайлагандай мелүүн. Турмуштун аземинен эч качан жадабачудай жашоого ынтызар бажырайган көздөрү эч кандай ички сезимди чагылдырбай түнөрүңкү, күңүрт. Дагы эле жылт этип келе калган үмүт учкуну аны кайрадан шаардын көчөлөрүндө жетеледи...

www.bizdin.kg



* * *

Колуна кичинекей чемодан алып, аэропорттон бери баскан сымбаттуу кыздын жашыл төрдүн маралы сыңары жүрөгүнүн тереңинде бир аз чочулоо. Борборго биринчи жолу келсе да, башка элет кыздары окшоп айланага аңкоо карабай, кыймылы ийкем, басканы шыр. Аялдамадан чарчы бойлуу аял менен жанаша турган сыңар колдуу адамга кайрылды:

– Политехникалык техникумга кантип барууга болот?

– Политехникалык? Ушундай да техникум барбы? – сыңар колдуу адам аялына бурулду.

– Бар. Сегизинчи автобуска олтуруңуз, чоң кыз. – Аял кызга чын ыкласы менен жардам бергендей, колун алдыга сунуп түшүндүрүп жатты: – Автобус оңго бурулганда балдар универмагы, поликлиника, андан кийин стадион. Ооба, стадиондон түшүп калсаңыз, дал өзүнө барасыз.

– Ракмат! – келе калган автобуска кирип кетти кыз.

– Тоодон келген го?

– Анан кайдан келмек эле, – чарчы бойлуу зайыбы ээк кагып койду.

– Турпатына караганда шаардын эле кызына окшойт.

– Болду, жүр автобуска.

Кирүү экзамендери башталып калгандыктан, политехникалык техникумга келген Төрайымдын документин алышпады. Кыз буга анчалык ийрин жандырып, кайгырган да жок.

«Кайра жакшы. Бир жерден иштеп, кечки мектептен окуп алам. Жетилүү аттестатына ээ болсом, келеркиде институтка кирем!» – ушул ою өзүнө да жаккандай эртеңине белсенген кыздын көңүлү кушубак.

«Фабрикага кирсемби? Койчу ошону! Шофёрдук курсту бүтүп албайынбы андан көрө?»

Кантсе да кыз алдынан кенен дарбаза ачылгандай, кайсы жолду тандап алууну акылына иликтеп, бирден бирге салмактайт өзүнчө. Кайсы жакка иштөөдөн мурда шаар аралап көргүсү келди.

Денесине чак ак жибек көйнөк кийген Төрайым өзүн алаксыткан бардык бүдөмүк божомолун сезиминен кагып салды. Кууш бодур капчыгайдан кең жайык жашыл төргө чыккансып, акыл-эсине илээшкен самтыр ойлорунан кутулгандай көңүлү куунак, табити эркин. Балкондору кеңири үч кабат үйдүн алдына орношкон чач тарачка кайрылды. Ар кандай жаштагы аялдар баштарына чака кийип алышкандай бир орунда кыймылсыз. «Чачтарын тармалдантып жатышкан экен го?»

– Мында өтүңүз, чоң кыз. – Чачын эркектикинен бетер кыска койгон орус аял Төрайымга өз огунда тегеренип айланган креслону көрсөттү. «Кандай коюу кара чач! Узун да экен!» Өз ичинен кыз турпатын баамдаган аял ойлоно калды. Ар жак, бер жагына чыкты.

www.bizdin.kg



Сиздин чачыңызды кичине кыскартууга туура келет.

– Мейлиңиз. Жарашыктуу жасасаңыз болду.

Ошондо гана аял колдорун шыпылдатып, сыйдаң таралган кыздын чачын кайчылап кирди. Шашылбады чач тарач аял. Кайчылаган чачты улам кетенчиктей ийиле тигиле калып тегиздейт. Жарым сааттай убакыттан кийин аял дагы бир чоң күзгүнү Төрайымдын желкесине кармай берди.

– Караңыз!

– Ракмат! – жылмая ордунан турган Төрайымдын көркү эми чыккандай жаштык, ден соолук, сулуулуктун илеби менен дем алган кыз ушу жерде тургандардын баарын өзүнө буруп, жадыраган ак саргыл ирени жылдыздуу. Уч жагы түрүмдөлүп, далыга төгүлгөн коюу кара чач кыз көркүн ого бетер чыгаргансып, ал кайсы бир кинолордогу өң, мүчөсү келишкен кыздарга да окшоп кетет. Төрайым бактылуудай жадырап, чоң күзгүдөн өз боюна, чачына суктана карап турду. Жалпы эле аялзаттууларга мүнөздүү болгон кыздын күзгүгө каранып, өз боюна суктана тигилгени өмүрүндө биринчи жолудур. Чач тарач аялдар да анын кубанычы менен кошо кубанып, дегеле ушундай кыздын кире калганына ыраазы.

– Кандай сулуу мүчө!

– Баарынан да бутун караңыз!

– Мурда мындай кыз кирчү эмес эле, бир жактан келген го?

– Мүмкүн...

Бутуна кара туфли, үстүнө ак жибек көйнөк кийген кыз гүлбак менен жогору бет алып, өмүр бою шаарда өсүп чоңойгондой, ак карлуу тоонун ары жагынан келген элет кызына такыр окшободу. Текебер ак куба шаар кыздары да айланага байкоо салып, сабырлуу, токтоо баскан Төрайымдан өтө берип, артынан кайрылып карашат:

– Наверно, казашка?

– Кайдан... – ийнин куушурат беркиси.

Вокзалдын көпүрөсүнөн каршы-терши өткөн вагон, паровоздорго көз салган Төрайым алыс жолго чыгууну самагандай көздөрү ойлуу, кусалуу. Ал үчүн өмүр деген дал ушул жарышкан кош сызыкка окшоп, аяк-башы көз учунда илинбей бүтпөс, узак сезилди.

«Биз дагы ушул темир жол сызыгы окшоп, кошулбай калдык го!» – кыз көңүлү болор-болбос кыйгылдангансып, ак карлуу тоолорду карап койду. Эсине түштүбү Дулат? Же көздөрү чекчейип бажырайган куунак болбой, вагондордун алдында өбүшүп, коштошуп жаткан адамдарга кош көңүл. Бирок кыздын дагы эле ыраакты самаган табияты алыскы сапарга ашыктыргандай серпилиңки. «Аман болсок, ыраак жерлерди да көрөрбүз...» Эми чын эле вагондордо кетип жаткан адамдарга суктанды Төрайым.

«Өмүр бою жол жүргөндөн жадабас элем!» – ал мындан аркы өмүрүн жолоочулукта өткөрүүгө өзүнө өзү катуу ант бергенсип, жыгач тепкичтен бери түшүп келатты.

www.bizdin.kg



* * *

Эки күн бою Фрунзенин мейманканаларынан көшөрүп сурамжылаштырган Дулат окуу жайларынын баарын кыдырды. Бирок эч бир жерден Төрайымдын кабарын укпай, ал чын эле өзү жолуккан айлуу түндөгү күмүш чаң болуп эрип кеткендей изсиз, дайынсыз. Ошентсе да сүйгөнүнүн кабарын угуп, караанын көрсөм деген жигиттин талабы артык. Ал кайра көшөрүп, өжөрлөндү тагдырына.

«Сен ошончолук күчтүүсүңбү, тагдыр? Мүмкүн, сенин өзүңөн адамдын эрки, талабы, үмүт, тилеги күчтүү болуп жүрбөсүн?!» Ал өз таалайы үчүн ат чабым кыска өмүрдө сүйгөнүнө жетүүгө күрөшкө чыккансыды.

«Табам мен аны! Шашпа, ошондо ким күчтүү экенин билесиң, сен – тагдыр!»

Бирок эки күндөн кийин тагдырдын ташы тартып бараткансып, жигит көңүлү суугансыды, ушунча убара тартканына, жалындаган тилегинин, жибек боолуу үмүтүнүн бошко сиңгенине каңырыгы түтөдү. Баш ийгенсиди тагдырына. «Мүмкүн, тагдыр жолу ушудур? «Буйрубаган ашка мурдуң канасын» деген атасынын макалын эсине түшүрдү. Мүмкүн, буйруган эместир?.. Анын каникулу бүтүп, кетип баратканына зээни кейиди. «Айланып дагы бир келермин. Ушу бойдон жүз көрүшпөй калмак белек...»

Аэропорттон Пржевальскиге билет алган Дулат субай-салтаң. Башка жүргүнчүлөр окшоп, колунда кармаган чемоданы да жок. Ал турмушка боюн анча салбай, дал ушул субай-салт бойдон өтүп кетчүдөй сырткы көрүнүшү баарына кайдыгер, зериккендей.

Баягы кулакты дүңгүрөтүп, жерди солкулдата учуп-конуп жаткан самолёттор. Сары тармал чачтары пилоткадан чыккан сымбат мүчө, акактай стюардессалар.

Ак жибек көйнөк кийген, коюу кара чачы далысына төгүлгөн кыз скамейкада көңүлсүз олтурган Дулаттын жанынан өттү. «Бу дагы стюардессалардын биринен го? Баары текебер, жалгыз гана ушулар асмандап учкансып...»

Дулаттын чийки май жегенсип кылгыра мокогон жүрөгү бир нерсенин шыбаасын сезгендей кыз артынан таңдангансып, көздөрү нурлуу чачырап, чоңоё түштү. Акылын сабырдуулукка токтотуп, ордунан турганы аяр.

Кыз бул жерге анчалык максат менен келбегендей күмүш боор самолёттордун учканын суктана карап турду. Чыгыш тараптан көгүш асманга булуттан чуурутуп жол салып бараткандай, реактивдүү самолёт ойкупкайкыды. Учкуч көгүлтүр асманга, чайыттай тунук асманга самолёттун учкан жолу менен жазуу жазып жаткансыды. Ушуга толкундап, асманды самай түштү кыз жүрөгү. Ал ошол асманга бир тегиз ак тиштерин тизип, оозу жарым ачыла аң-таң.

www.bizdin.kg



– Саламатпы, Төрайым! – дал эле оң жак кулагынын түбүнөн чыккан үнгө селт этип чочуду кыз. Жалт бурулуп, жанында турган Дулатты көрө бир эсе сүйүнүп кетти:

– Дулат!..

Кайра бир нерсе эсине түшкөндөй, жер карап мостоё калды.

– Мен сени эки күндөн бери бүтүн шаарды кыдырып, издеп жүрөм! Издебеген жерим калбады, Төрайым! – жигиттин үнү өзүнөн күчтүү казыреттин алдында жазгангансып дилдиреп мукам.

– Эмне үчүн издейсиң мени? – кыз дагы эле жүрөгүндө эрибеген таарынычы бардай дитин анча салбады. Экөө бери карай катар илкиди.

– Кантип сени издебейм?! Өмүр бою сени издеген тилегимден жадабас элем! Сен ага татыктуусуң, Төрайым!

Кыз жооп берген жок, анын кара чачы эки жаагынан ылдый туташ төгүлүп, дагы эле түнт, ойлуу.

– Айтчы, Төрайым, эмнеге сен мени ушунчалык жек көрүп калдың? А мен сенсиз жашай албайм! Тирүүлүктө антым ушул.

Кыз эми өзүнүн жүрөгүндө бир жыл бою катып жүргөн таарыныч, сүйүүсүн жигиттен жашырган жок. Ылдый караган калыбында сөзүн жөнөттү:

– Сен сүйүүнүн антын буздуң! Ыйык деп санаган кыз мүлкүнө кол салдың! Ошон үчүн өмүр бою жүзүңдү карагым келген эмес! – Кыз нары бурулду, өмүрүндө жаш чыкпаган көзү кылгырды. Кыздын нымданган кирпигин байкаган Дулатка дүйнө, асман, турмуштагы өкүнүч, кордуктун баары ушул экөөбү турган жерге айланкөчөк болуп жыйылып келгенсиди.

– Кечир мени, Төрайым! Кечир, жаным!!! – Дулат өзүнүн кечиккен кечиримин, өкүнүч, кайгысын кыздан жалбарып суранып жатты. Кыз бери бурулган жок, жигитке далысын салган калыбында сөзүн узатты:

– Мен сени сүйгөн жок дейсиңби?! Ошол сени сүйгөнүм үчүн, ошондогу бир көз ирмемдеги чабалдыгым үчүн өзүмдөн өзүм өч алгым келген! Сен менин ошондогу чабалдагымдан пайдаландың!

– Дагы да өзүңдөн жалбарып кечирим сурайм!

Кыз башын көтөрүп, Дулатты сынагандай нымдуу кирпиктерин чачырата карады бир кезде:

– Биз, аялдар ушундайбыз – өзүбүздү өзүбүз кордойбуз!

– Эч качан кордобойм сени!

Төрайым кантсе да өзүнүн эркек болбой, кыз болуп калганына өкүнгөнсүдү. Экөөбү тең жер карап, тынчтык аралады ортону.

– Кайсы окууга өтмөй болдуң?

– Өтүш кайда... Кечигип калыптырмын.

– Кийин деле окуурсуң. Менин өмүрлүк жарым болчу, Төрайым!!

Төрайым дароо жооп бербеди, анын ошол үнсүз, сөзсүз боло калганына үмүтү жанган Дулат тагдыр болуп кубулган мына бу жанындагы

www.bizdin.kg



ак көйнөк кыздын кайыр-ырайымын күткөнсүдү, бирок кайда, кыздын ички дүйнөсүндө карама-каршы эки күрөш жүргөндөй кабагына булут түнөгөнсүп суз боло калды:

– Жок, Дулат! Төө кыядан эчак өткөн! Экөөбүз кошулган күндө да, ажырашып кетмекпиз!

Азыр эле өзүнүн кыңыр үмүтүнө белсенген жигиттин бедели эңшерилгендей түнөрүп жер караганы сезимсиз, кайгылуу. Мүмкүн, ал ушул азыр өзүнүн бир жолу кетирген катасына өкүнүп, өзүн өзү бир четинен жек көрүп, бир четинен аяп жаткандыр?.. Ким билет?

Ордунан тура берди кыз:

– Кош, Дулат! Мындан ары мени издейм деп убара болбо! Сүйлөшө турган сөзүбүз да жок. – Ал арада эч нерсе болуп өтпөгөндөй, өзүнүн күн сайын көрүшүп жүргөн адамы менен жолуккан сыңары жүзүндө эч өзгөрүү болбостон, жай гана текебер басып кетти...

* * *

Төрайым айылга бир жолу күүгүм талаш келди. Жел өткөнсүп, кээде анын басыгын да эч ким байкай алчу эмес. Шырп алдырбай, терезеден үй ичине көз жиберди. Төрдөгү шырдактын үстүндө атасы уулун жонуна мингизип, аюуча төрт аяктап майпаңдап басып жүрүптүр.

– Эх-хе-е! Чү дебейсиңби! Же айтууга тилиң келбей жатабы? Сени чоңойгондо чаар бээден туулган быштыга мингизип, өзүм жетелем жүрөм...

Өзүнөн өзү бактылуудай жылмайды Төрайым. Бетине жылдыз толуп, учу-кыйырсыз, чексиз асманга карады. Ушу жолу анын көңүлүндөгү кубанычы да көк теңир окшоп чексиз, өмүр бою бүтпөстөй сезилди.

Ошол жадырап-жайнаган калыбында бактылуудай үйгө шарт этип кирип келди. Үйдүн ичи да бакыт киргендей жылмая түштү. Деги адамдардын жылмайышы жүрөгүңө нур төккөндөй кандай жакшы!

Кээде карт тегирменчи да ойго кетчү: «Төрайымга пар келген жигит табылар бекен? Табылар акыры бирөө. Дүйнөдөн так өтмөк беле бала! Көңүлү сүйүп теңин тапса, айылдын аксакал, көксакалдарын чакырып, мүлк көзүнө карабай жалгыз кызымды салттуу узатар элем! Жерге кирсин дүнүйө, колдун кириндей жууса кетет! Башка айылдагы сөөк-тамырдын баарын чакырып, эл оозунда көпкө чейин айтылып жүрөрлүк той бербес белем! Аттиң дүйнө, кечигип баратасыңбы дейм?!»

Бул тегирменчинин жарыктыктан көксөгөн эң акыркы тилеги болучу.

Эртеси кызын узатып, жолго чыгышты алар. Төрайымдын эми башка жерди мекен кылып кетерине чындап көздөрү жеткен жеңелеринин көбү эркин мүнөз кыз жоругун эстеп, жашыгандай болушту.

www.bizdin.kg



«Канчалык мыкты болсо да, кыз байкуштун көрөрү ушул экен го? Өзүнүн учкан уясын таштап!..» – жашыган жеңелери улам арылап кетип бараткан караандарга кусалуу. «Бактылуу бол, кызыке!!»

Ушундан кийин айылга көп каттабай кетти Төрайым. Бирөөлөр аны Фрунзеден көрдүк десе, айрымдары Ысык-Көлдөн көзүбүз чалып калды дечү. Арадан дагы бир топ жума өткөндөн кийин: «Төрайым Суусамырдагы жолчулар менен кошо иштеп жүрүптүр!» деген каңшаар да тарап калар эле. Бир-эки ай өткөндөн кийин мунун баары жалганга чыгып: «Тегирменчинин кызы Маскөөдөгү инженердин курсун окуп жатыптыр» деген аңыз тарачу.

«Күйөөгө чыгыптыр Төрайым!»

«Жок, кечээ эле аны Талас шаарынан көрдүк деп келбедиби адамдар?»

«Бүгүн-эртең атасыныкына келип түшөт экен».

«Антпей эле, Токтогул көлүн куруп жаткандардын ичинде дешет го?»

«Ал жакка кайдан бара койсун?!»

Бул имиштердин канчасы чын, канчасы калп, айтор, Төрайымдын аман-эсен жер үстүндө бар экенине кубанышчу адамдар. Ал өзүн сүйгөн ошол жөнөкөй, бир түркөм тоо боорунда өскөн боорлош адамдардын арасында өзү алыста жүрсө дагы күн сайын жашап жатты...

* * *

Андан бери көп суулар акты. Пайгамбарга окшоп, багжайган сакалы куудай агарган карт тегирменчи да жарык дүйнө менен кош айтышты. «Жалгыз кызымды мүлк көзүнө карабай той берип, салттуу узатам!» деген тилегине жетпей калды.

Таң эртең тегирмен ташты чегип бүтүп, анан аны көтөрүп ордуна коём деп, ошо ташты кучактаган калыбында тегирмендин ичинен жан бериптир жарыктык! «Ата-баба кеткен кайтпас жол!»

– Капырай, же бир төшөктө жатып ооруп-сыктасачы!

– Жакшы кишинин өлгөнү да жакшы тура!

Жатындаш туугандары, журт билген өтүмдүү уулдары болбосо да, айылдаштары тегирменчинин канатсыз, бутаксыз адамдай кылган жок. Өзүнүн элге сиңген кадырынанбы, кара ашына жылкы союлуп, башка айылдардан да аттуу-баштуулар келишип, боз үйдү тегерете додологон эл.

Төмөнкү кашка жолдон чаң ызгыткан жеңил машина бери карай зымырап келатты.

– Кокуй, Төрайым!!

– Төрайым келатат!!

Боз үйдү тегерете додолоп, кан жолду бөгөгөн калың эл машинага жол ачып, тең жарыла берди. Эки аял колтуктап машинадан түшкөн Төрайым чучуктай чыңырып, боз үйгө кирди. Өлүккө тартылган чийди шыпырып

www.bizdin.kg



жиберди. Үстүнө жабылган кызыл баркутту ачты да, жансыз атасынын үстүнө баса жыгылды.

– Ата!! Ата-а-а!!

Өлүктүн маңдайынан, эки жаагынан өпкүлөдү, салаалаган жашы карт тегирменчинин уктап жаткансыган мелүүн жүзүнө тамчылады.

«Атасынын өлгөнүн бу кантип билди?» дегендей көпчүлүк аялдардын акылы ушуга анча жете бербей айран. «Чын эле сыйкырчы го?!»

– Кечээ кызга дилгирем жиберишкен, – деди Уруя жанындагы шыпшынган катындарга.

Түш оой тегирменчинин сөөгүн бет маңдайдагы Зулпукор көрүстөнүнө койгону алып жөнөөрдө, Төрайым мен да барамын деп чыкты.

– Артында эркек болбогондон кийин, кыз бала болсо да барсын, – дешти динге көп анчалык ишене бербеген карылар.

– Аял качан сөөк койгону барчу эле! – кыйыктанышты молдолор.

– Барсын! – башкарма Султандын уу-чууну басып, топ жаргандай унчукканы бек. Өз атын Төрайымга мингизди.

Мурда аялзаттуулар мүрзөгө барып, жакынына топурак салбаса да, бу жолу молдолор аргасыз макул болушту. Тегирменчи өзүнүн өлүмү менен тирүүлүктүн ишинен токтоп, анын эсебинде жок болгон учурунда да, эски салтты бузуп, адамдарга пайдалуу жаңылык алып келгенсиди.

Мүрзөгө өлүктү коюп кайткан атчандардын тобу берки суудан өтө берери менен атына камчы салды Төрайым.

– Атакем! Атакем и-и ий! –- сызгырылган кыздын үнү чучукка жеткендей, муун-сөөктү бошотуп муңдуу.

– Атаңгөрү! Армансыз дүйнө болсо да, армансыз өлүм болбойт экен го! – шыпшынган кемпирлер тегирмен таштай оор басырыктуу, дүйнө тегеренип баратса да, былк этип кенебеген тегирменчидей нускалуу зыл кишинин кара жерге кайтпас болуп, биротоло жашырылганын эми гана муунду бошотуп, зээнди какшаткан кыз ыйынан гана сезгенсип, көздөрүнө кургак жаш алышты.

«Кызды ый үчүн жасаган тура, Жараткан!»

Төрайым тегирменчинин жетилигин өткөргөнчө айылда болду. Кетер алдында энеси:

– Балам, карыганда мени жалгыз таштабай келип тур. Белим бөкчөйүп, көзүм чекчейип күн бүткөнчө жаманымды боорума кысып, эптеп түтүн булатармын!..

– Койчу, апа! Адамдар мындан жаман убакта да күн көргөн. Эмнеге кейийсиң?!

– Атаңдын көзү өткөндөн кийин эми дүнүйөң кантип мага кызык көрүнсүн!

Бу жолу кайгыга чөккөн тегирменчинин кемпири бедел тутуп, бел байлаган небересин да эсине албады.

www.bizdin.kg


Өлгөндүн артынан кошо өлмөк жок. Тирүүлүктүн өз насиби, кыймачийме, кабат-кабат жолу бар.

Ар күндүн оту жаңы.

* * *

Жаз келип, көк муздардын туткунунан бошонгон тоо суусу шаркыраган кайталангыс күүсүн эркин чала күн-түн акса дагы дүйнөнүн өзүнө окшоп ийиктей чимирилген тегирмен таш токтоп калды. Эки жыл болду анын токтогонуна. Мурдагы балдардын жашынмак ойноочу жайына айланды эле, кийин анын ичинен чыккан узундугу бир жарым кездей жоон ак жыланды көрүшкөндөн бери эч ким жолобойт ал жакка. Аны «тегирмендин ээси», же «тегирменчинин арбагы» дечү эл. Ошондонбу, эмнегедир тиричилик өлчөмү да жайлагансып, айыл ичи бир нерседен коңулдап өксү болгондой, басмырт, кароол.

Кыштактын төмөн жагындагы калың токойдун желкесинде бооруна караган, тал, шилби өскөн бийик жарлар алда кайдан эле жылга-жылга болуп көрүнчү. Кызылала болгон бул жарларда улуулук да, кылымдар ушул жерден башталгандай байыркылык да бар сыяктуу эле.

Колхоз аралык электр станциясы ушул бийик жарлардын этегине курулмак. Ага суу жеткирүү Төрайым кулач уруп ойногон ажайып Айрым-Көлдөн башталып, дал тегирмен турган жерди кесип өткөн канал аркылуу келмек. Сыртынан баамдасаң, чакан кыштак аны айланта курчаган каналдын ортосунда калгандай туюлчу.

Жаз келери менен электр куруучулар, колхозчулар ушуга белсеништи. Бул жерде коңшу колхоздордон да атайы иштөөгө жиберилген адамдар бар.

Кандайдыр бир нерсеге колдору даабагандай тартынышып, адамдардын арасы күбүр-шыбырсыз тынч.

– Кана, баштабайсыңарбы! – башкарма Султандын тургандарга кайрылганы бек, чоң ишке белсенгендей кайраты айбат.

Беш-алты шымаланган киши ундун тоскогу, жөргөмүштүн желеси уялаган тегирмендин чатырын сыйрып, качыратып балталап киришти.

Кайдан укканы белгисиз, жонуна небересин кондуруп, ого бетер жерге жакын эңкейип бөкчөйгөн тегирменчинин кемпири алыстан эле чаңырып келатты:

– Айланайын, Султан! Кагылайын, Султа-ан!! Каралы жок жесир, багары жок бүлө дедиңби бизди! Агаң тегирменчинин тирүүлүккө таштап кеткен ушул ыйык жайын буздурууга кантип дитиң барды?! Күмбөзү эле го бул анын! Арбагы эле го!!.

www.bizdin.kg



Тегирмендин бир жак өңүрүн алып жиберген адамдар кемпирдин ачуу чаңырыгынан, айбатынан селейип туруп калышты. Жер карап жаак булчуңдары түйүлгөн Султандын кабагы суз, түнөрүңкү.

Кемпир жонундагы небересин жерге түшүрдү:

– Жер тар болдубу сага, Султан?! Агаңдын калтырып кеткен ушул эстелигин көп көрдүңбү?! Тим койсоңор, мына бу небереси жетилип, ээси болот эле го акыры!

– О, жарыктык, ал чоңоюп ээси болгуча, далай өзгөрүүлөр болот. Мындай тегирмендин кереги жок анда!

– Кереги жок болсо да, биз үчүн ыйык тегирмен! Тегирменчи агаң өзү арыгын чаап, жалгыз өзү салган. Бузууга эч кимиңердин акыңар жок! Теңирим болчу бул менин! Теңиримди буздурбайм! Буздурбайм ыйык мазарымды!!

– Түшүнбөй жатасыз, жарыктык! Бул өкүматтын иши. Төмөнкү жардын этегине электр курушканы жатышат. Ошого барчу канал ушул жерден өтөт экен. Өкүматтын ишине биз кантип тоскоол болобуз? Түшүнсөңүз боло, жеңе!

– Дагы да айтам, Султан кайним! Жер тар болдубу сага?! Ошол каналың жогору жактан чыгарса болбойт бекен? Өкүматтын иши деп коёсуң дагы! Биздей жетим-жесирди зыркыратканыңарды өкүмат да туура көрбөс!

Эми тегирменди бузуп кирген адамдардын жанына келди кемпир:

– Бузбагылачы, кагылайындар! Кудай көшөгөңөрдү көгөртсүн, теңириме тийбегилечи!

Колдоруна балта, чот кармагандар бир ооз сөз айта албай, түнөрүп жер караштты. Элеңдеп корккон небересине карабай, чүкөдөй жүзүн жаш жууган, картайган, кыроо чачтары саксайып жоолугунан чыккан тегирменчинин кемпиринин сырткы көрүнүшү аянычтуу, ошол эле убакта тегирмен таштай кең далы жигиттердин жүрөгүн майтарып кудуреттүү.

– Жеңе, үйүңүзгө барыңызчы! Бузулбай, урабай турган эмне бар экен?! Кези келгенде урабас аска-зоока да тең жарылат! – башкарма Султандын үнү бу жолу өзүнүн сырткы бараанына жараша басымдуу да, айбаттуу.

– Бузгула! Аябагыла жесирди! Тегирменчинин өзү же Төрайым ушул жерде болгондо, бузганыңарды көрөт элем! Бул да Кудайдын салганы тура! Эч качан буза албайт элеңер! Эч качан! Эч качан!! Мына бу бармактай неме да жетилип, баралына келер!.. Ушуну эсиңе түйүп кой, Султан кайним!!

Бүтүн айылды өзүнүн жапайы, ачуу чаңырыгы менен аяк-башынан тик тургузуп, кемпир-кесек, катын-калач тегеректеген тегирменчинин жесири абышкасы бүгүн чындап өлгөндөй, кан жолдун ортосунда кан какшап өксүп ыйлап турду...

www.bizdin.kg



* * *

Быйыл жайда Фрунзеден чыгып, келип түшкөн жерим – өзүмө тааныш Талас автовокзалы. Менин айлыма кетүүчү машинага белет алдым да, эч максатсыз жаңы салынган чоң имаратты айлана басып жүрдүм.

Менин көңүлүмдү ар кандай жаштагы көптөгөн адамдардын ичинен четкерээк турган белгисиз аял бурду. Анын толмочураак чытыраган денесине төп келген жибек тор костюму, турмуштун нары жайнаган жылдыздуу ирeңин ого бетер ажардантып жарашыктуу. Баарынан да аялдын көздөрү башкача сырлуу, табышмактуу, ошол эле убакта жүрөгүндөгү жаштыктын ынтызар дилгирлигин каректеринен чачыратып таң каларлык дүйнө сыяктуу эле. Эки каухар көздөр аял жылмайганда ого бетер коюуланып, анын жарык дүйнөдөн алган ушул сонун энчисине башкалар гана эмес, кала берсе, окууга кетип бараткан тал чыбык кыздар да суктана карап, кызганыч. Коюу капкара каштары кыйгач ийилип, анын алдындагы балбылдаган көздөрү сыяктуу таноолору кең кырдач муруну ого бетер ажарын ачкан жылдыздуу жука ак жүзү сүйкүмдүү.

Менин көпкө баамдап тигилгенимди байкадыбы, же сезимдин башка көрөгөчтүгү мененби, аял жалт бурулду да, күн нурундай узун кирпиктүү чачыраган табышмак көздөрү менен бир жолу каарып өттү.

Бүтүн дүйнөнүн өзү батып кетчүдөй жашырын дүйнө сыяктуу эт-денени дүркүрөткөн укмуш көздөр! Балбылдаган ушул көздөр тырмагын сөөккө батырган жаманчылыкты да, бир гана жолу келе турган жаштыктын кубаныч-жыргалын да өзүнүн сырдуу тереңине чөгөрүп, ал өмүрдүн бардык каршы-терши учурларында турмуштан эч качан көңүлү калып, кумардуулугу канбачудай, дайыма жоодурап турчудай сезилди.

Адамдын өмүрү картаят, бирок анын чатыраган жашыл чачпак дүйнөнү, чалкыган көк асаба асманды, Күндү көргөн көзү, ошолордун адамдын колунан эч качан келбей турган аземдүү көркүн сезе билген жүрөгү картайбайт эмеспи.

«Мен бул аялды кайсы жерден көрдүм эле?!» – ушул суроо бүткүл сезимимди бийлеп алды. Кантсе да анын өңү тааныш, кайсы бир жерден көргөнүм айдан ак! Бирок кайдан?! Мээде сабадай бышылып, тык жылдырбай бийлеген ойлор!

Бир бирине чакмактала оролушуп кымгууттанган өмүр элестери жан-дүйнөмө чаң салып тегеренди. «Кайдан көрдүм эле мен аны?!» – ушул ой кайрадан башыма мык болуп сайылып, өзүмөн өзүм кыжалатмын.

Аңгыча Талас – Жамбул автобусу келди да, адамдар тар эшиктен сыгылып, жөөлөшүп кире баштады. Тиги аял да ушу автобуска түшө тургандай өзүнүн сырдуу, табышмак көздөрү менен байкоо салганы – «булар түшүп бүтсүнчү!» дегендей кайдыгер баамчыл. Чынында эле анын

www.bizdin.kg



көз карашы айланадагы бардык нерсени шыпырып, өзүнүн тереңине чөгөргөн сыяктуу дал ошолорду саал мыскылдаган түрдө болор-болбос күлүңдөп текебер.

Адамдар түшүп бүткөндөн кийин аял автобустун ичине кирди да, ортоңку орундардын бирине барып олтурду.

Ал автобуска киргенден кийин жанымдагы эки аялдын күбүр-шыбырын кулагым чалып калды:

– Төрайымды көрдүңбү? Тигине Жамбулга кетип баратат!

– Кайсы Төрайым? Жогорку айылдан эмеспи?

– Дал ошонун өзү! Убагында жогорку элге каңшаар болуп тарабады беле! Ошол эле бойдон экен.

Алыс жолдо сегиз саат тынбай жол жүрүп келгенгеби, төрөлгөн жердин жыты көөдөнгө урганына карабастан, каным мелүүндөгөнсүп, жүрөгүм отсуз, жалынсыз сыяктуу эле. Бирок бул ысымды укканымда кан өзүнөн өзү ташкындап, дүрт этип учкундаган сезимдин бир кызык учуруна туш келдим. Өткөн өмүрдү кайра дагы эскерүү менен бир жашап алгандын өзү да олбурлуу адам дүйнөсүндөгү абзелдик эмеспи.

«Чын эле Төрайымдын өзүбү? Андай болсо, барып учурашсам болмок!»

Аңгыча автобус газды артына үйлөй, ордунан козголду.

Бул чынында эле менин шаардагы балдар интернатына кете элек кезимдеги жакын эжелерим катары боор тартып, өзүнө үйүр кылган өрөөндөгү ашкан сулуу (мен үчүн), оокаттуу үй-бүлөдөн чыккан Төрайымдын өзү болучу. Жүрөгүм ылдый саландагансып, жоголгон балалыктын бир көз ирмемдеги көпөлөк кууп, гүл терген оттуу кездери күн тийген жашыл беттей өмүрүмө чагылып өттү. Төрайым мен үчүн айылдын көркү, ак чырай жүзү катары сезилчү.

Кез-кез өз айылымды ойлогондо да, бир кырка көгүш кара тоолор, апай бет дөңсөөлөр, чоктой гүлдүү адырлар, жапан токой, жашыл түздөрү менен кошо Төрайымдын кызыл көйнөгүн кылактаткан нурду жүзү келе калчу. Айыл, Төрайым – бул экөө бири-биринен ажырагыс, биринин көркүн экинчиси толуктаган ажайып керемет катары туюлчу мага.

Түркүн ойдун түрүм келебин чубап келатып, өз айылыма кандай келип калганымды да сезген эмес экемин.

Туш-тушума көз жибердим. Баягы көгүш кара тоолор, жапсарланган дөбөлөр, өрөөндөгү жашыл токойдун ары жагынан сүрдүү тарткан Сары кыздын кызыл зоокасы – баары, баары көңүлгө төтө, көзгө ажайып.

Айрым-Көлдөн бери карай дал эле тегирмен турган жерден кесип өтүп, канал казып чыгарыптыр. Тээ Кара-Таштан чыга бергенде эле агарып көрүнчү тегирмендин орду да жок. Балалыктын кымбат эстелигин, өмүрдүн басып өткөн жапыс белестерин жоготконсуп көңүлүм кароол.

www.bizdin.kg


Учурашканы тегирменчинин үйүнө кайрылдым. Бир кездеги зымылдап таза турчу короо-жайлары эми алабатага басылып, коруксуз калгандай. Чатырчалуу ак тамы жазгы ак жаандан, сары кардан эшилип, түсүн жогото баштаган. Үйдүн астында атам замандан бери жаткан заңгил дөңгөчтөр.

Эшикке чыга калды кемпир. Бети алакандай, өзү ого бетер бир ууч болуп кичирип, карылыкка алдырып калыптыр жарыктык.

– Амансызбы, чоң апа! – ал мага бүшүркөө карады.

– Өзүбүздүн Медетсиңби? – кемпир бетимен шалп эттире өптү. – Кээде жазгандарың чыга калат экен. Балдар айтып келсе, кубанып калабыз! – Анан мага карап оюн-чындан тамашалады: – Чоң атаң Көчөбайды тартып, ырчы болоюн дедиңби? Я, айтчы! Силерди ырчы акенин тукуму дейт.

Аркы-беркини сурашып, чай ичип кет деп асылганынан үйүнө кирдим. Тушка тартылган эски туш кийизге илинген Төрайымдын чоң сүрөтү менен тиктеше калдым. Ал кыз күнүндөй саал күлүмсүрөп жадырап турду.

– Төрайым келип турабы, чоң апа?

– Өткөндө келип кетти... Деги аны кийинки жылдары көрдүңбү?

– Таластан, автостанциядан көрүп калдым...

– Жолугуп учураштыңбы?

– Тааныбай барып, кийин тааныдым. Ал түшкөн автобус жүрүп кетти.

– А, кокуй, жеңди таанибай калдыңбы? Ырас, жашыңан кетпедиңби шаарга. Айтор, силердин тукумуңарда бар: оттон жаралгансыңарбы, суудан жаралгансыңарбы, жүргөнүңөр да бир башка. Бир жолу Кетмен-Төбөдөгү Кара-Көл деген шаарынан Суусамырды басып келип, чай кайнамдан кийин кайра Жамбул аркалуу үч айланып, түнү бою Боронзосуна кетсе болобу! Конуп алып, эртең кет десем, жумушум бар дейт. Ал кандай жумуш, сураганым да жок. Мүнөзүн билип калдың го, бир эле сүйлөйт ал. Сени да тентек деп угам элден.

Кемпирдин кебине үн катпай келе калган ар кайсы ойлорго урунам.

– Дүнүйө чиркиниң тегирмен таштай тегеренип өтө берет тура! Сени да далай көтөргөм. Атаңды билбей калдың, ээ? Байкуш Сайра жеңем, сенин апаң, аскерден кайтпаган эки баласынын күйүтүнө эле күйүп кетпедиби! Атаны дүйнө дечи!

Алдыма келген нандан ооз тийип, чай ичип жатып да Төрайым жөнүндө ойго кеттим. Бир кезде башымды көтөрсөм, кемпир мени баамдап карап туруптур.

– Эми тегирменчи акең кайра тирилип, Төрайым ушул жерде жүрчү күн болбойт. Өзүм да карылыкка алдырайын деп калдым.

Кантсе да Төрайымдын баласы жөнүндө сурагым келди, сөздү кайдан баштоонун ыгын таппай буйдаландым. Аңгыча кемпирдин өзү сөз баштап калды:

www.bizdin.kg



– Карыганда минтип мөмөсүз дарактай калтырбай коңулдатпаганына шүгүр. Баягы жаманы чоңоюп, кол-аякка жарап калды.

– Канчага келди?

– Он бешке карады. Жетинчиде окуп жүрөт.

Аңгыча сырткы каалга шарак ачылып, бирөө бирдеме издеп жатты.

– Мына, өзү да келди берекемдин!

– Апа! – эшиктен бери аттады бала. Эки кашынын ортосу биригейин деген көздөрү ойноктогон өспүрүм мени көрө, туруп калды.

– Агаң менен учураш, Көкүл.

– Салоом алейкум!

Небересин коштоп койду кемпир:

– Салам бергениңен айланайын!

Көкүл мага колун сунду. Төрайымдын өзүнө түспөлдөш экен. Анын жандүйнөсүнөн чыккан бала да. «Бул кандай болор экен?» деген ойго кеттим өз ичимен.

– Окууң кандай?

– Үчү жок азыр.

– Ооба сага! Чейректе алгебрадан үч чыккан!

– А, кокуй, ошенттиңби?

– Велосипедимди минип, төмөн барып келейинчи, апа?

– Каякка ботом?

– Чоң сазга. Балык кармайм. Келатканда уйларды айдай келем.

– Мейлиң, садагаң!

Бала сүмбөдөй суурулган жеңил кыймылы менен эшикке чыгып кетти.


– А, жасаган, ушунумдун жанын таштан жаратагөр! – үшкүрүнүп койду кемпир.

Мен кемпирдин жалгыз коңулдабай, карыганда эркелетер эрмеги, бküделине, өз кызынын белек катары калтырган сүймөнчүлүгүнө чын көңүлүмдөн кубандым. Төрайымдын өзү биротоло бул айылдан кетсе да, анын ордун жоктотпой, кемпирдин көзгө басар перзентине ыраазы болдум. Деги адам баласы өзүнөн кийин жарык из, өзүн өлбөс кылып, замандан замандарга укум-тукум калтырарына маашырландым...

www.bizdin.kg



*Чуулгуу чыгармалар*



## Рамис РЫСКУЛОВ

*Кыргыз эл акыны Рамис Рыскулов 1934-жылы Москва районундагы Кызыл-Туу айылында туулган. Фрунзедеги педагогика окуу жайын бүтүргөн соң «Кыргызстан пионери» гезитинде иштеген. Москвадагы ВЛКСМ БК мектебин, М. Горький атындагы дүйнөлүк адабият институтун бүтүргөн. Алгачкы ыры 14 жашында жарык көрүп, андан бери ондогон поэтикалык жыйнактары кыргыз, орус ж.б. боордош элдердин тилдеринде басылды. 1986-жылы «Ырлар» жыйнагы үчүн А. Осмонов сыйлыгын алган.*

*Төмөндө жарыяланган ырлары өткөн кылымдын 60-жылдарында адабий коомчулукта талаш-тартыш жаратып, көп жылы кызуу талкууга жем таштаган. Колдогондор да көп болгон, каршылаштары бул, адабият салтына жат, кыргыз поэзия «короосуна адашып кирген чоочун эчки баарын тескери ээрчитет» деп чыккан.*

# Кыздар

*Кыздар келет кызыл-тазыл топ болуп*
*Көздөрүмдүн кычыктарын аралап,*
*Мен баскан тротуарды кыйгап,*
*Өздөрү ичтен байкап күлүшөт, балакеттер!*
*Эч көрмөксөн болуп жанымдан өтүшөт,*
*Артыман сөзгө кыпчып күбүр-шыбыр,*
*Чыдай албай шыңк этет бири.*
*Троллейбуска жетип түшөм,*
*Алар менен жанашып,*
*Ийиндери мага тийсе,*
*мен да болом билмексен.*
*Баратса да каным диркиреп,*
*Түсүм бурам калп эле*
*Үшүгөндөй зиркиреп.*
*Букети бар оң колунда*
*Кыз олтурат тигинде.*
*Мен карадым суктанычтуу*
*Жазгы желден дирилдеген киймине.*
*Көзүн айтпайм – көздөрүнүн түбү жок,*
*Гүлдөрүнүн ар бирине*
*канча символ катылган;*
*Сары гүлү – айрылышуу,*
*же болбосо сарсанаа,*
*Аппак гүлү – ак сүйүү дейт,*
*Кызыл гүлү – татуулашуу,*

www.bizdin.kg



*Көгүлтүр гүл – эскерме гүл,*
*Көп күндөн соң жолугушуу,*
*Мунун баарын түшүнө албай*
*Алигиче жүрөгүм шуу!*
*Кара каш гүл – кашын кагат*
*Бир ыйлатам, күлгүзөм,*
*Бир жыргатсам, миң күнү*
*Чокко салып күйгүзөм!*
*Жашыл гүл – жаштык үмүт, ой!*
*Көп гүлдөрдүн арасында*
*Эки ак гүл – үйлөнүү,*
*Анда болот бүгүн той!*
*Башын кошот сүйгөнү.*
*Жерге түшүп кыздар басат,*
*Кол булгашып калышат*
*Жүрүп бара жатканда,*
*«Кап» дегизип жаш жанга.*
*Өзүңдү өзүң жемелейсиң ээрчибестен калганга.*
*Кошо бассаң,*
*Чын кызыксаң*
*Буулугасың демиңен.*
*Ого бетер келекеге алышат,*
*Жаңылышсаң эбиңен,*
*Жалт бурулуп кебиңен*
*Он беш жашар кыздар дагы*
*Эжелерин туурашат.*
*Түштөрүнө жаштык кирип*
*Кызыгышат, сурашат.*
*Жымың-жымың жаракөр көз*
*Жалжылдатып көздөрүн,*
*Жакындашсаң көчө бойлоп*
*Ала качат өздөрүн.*
*Ырыс тепкен сыймык менен*
*Терс бурулуп кетишет.*
*Кыялында кыяктарын*
*Күнү кечке чертишет.*
*Өтө бийик бир ааламда*
*Жашагандай үндөшүп.*
*Өздөрүнчө шашып басат:*
*«Бол, кечиктик, жүр!» – дешип.*

www.bizdin.kg



*Троллейбус зымга аркандап*
*Алган кулук тагдырын*
*Кетти жашыл шаарды аралап*
*Беттеп тоонун адырын.*
*Мен капкачан түшүп калгам*
*Шоссе жолдон бурулдум.*
*Жаркыраган кыздар тобу алыстап*
*Калган кезде мен токтодум эриксиз.*
*Жаңырыктап жатты алардын үндөрү аба жарып.*
*Мен тыңшадым узакка тыныш алып*
*Жаңырыктар эрип кеткен талаага.*

## Тоолор менин өркөчүм

*Жолдон жолдор айрылышат, бөлүнөт,*
*Жолдуу турмуш жорго баккан көрүнөт.*
*О, Мекеним, шүүдүрүмүң үшүсөң*
*Кирпигиңдин учтарынан төгүлөт.*

*О, сүйүктүү менин бийик тоолорум,*
*Өркөч кылып алган белем зоолоруң.*
*Түйүнчөккө түйүп алып өзүңдү,*
*Айсыз түндө сага караан болормун.*

*Ай, тоолорум ак сутуңду актоого,*
*Өмүр бою жүрсөм мейли көтөрүп.*
*Учук жипке илип коюп жанымды,*
*Барсам мейли, кан түкүрүп, жөтөлүп.*

*Баса берем – тоолор менин өркөчүм,*
*Баса берем, чөксөм турам төөгө окшоп.*
*Баса берем, найза аштаган курч сезим,*
*Ач талаада каңгысам да чөөгө окшоп.*

*Таң да атат. Талант катат. Тап кетет,*
*Сүйүү тили катып калат угулбай.*
*Бирок эл-жер сени сүйүп ырдасам*
*Тилим катып, калмак беле бурулбай.*

www.bizdin.kg



*Булбул тили катып калат бышканда,*
*Күкүк үнү күтүп калат мезгилин.*
*Сан өмүрдүн саясында сайрандайт,*
*Сага деген сары кыяк сезимим.*

*Дуван чалып, данакерлеп кыялым,*
*Буулап кеткен бул турмуштун бубагын,*
*Даңгыр жолдо бара жаткан дастандай,*
*Даңкан жарып бара турган убагым.*

*Ай да батат, асман тунуп тунжурай,*
*Канат шилтеп карчыгадай, тунжурдай,*
*Ай-жылдыздан сага кайра сызмактын,*
*Сенин сүйүүң сөөккө баткан чынжырдай.*

## Сууга аккан дарбыздар

(Карагул Мүсүралиевге)

*Ушундай бир сонун таң атты,*
*Бүт айлана нурга жуулуп баратты.*
*Миллион тамчы жаркырады мөлтүрөк,*
*Карап турсаң көп ойлорду келтирет.*
*Жамгыр жааган түнү бою шатырап,*
*Бир тынбастан жерди жууп катуулап,*
*Таң атканда алачыкта ойгонсок*
*Кол булгалап бизди бирөө чакырат.*
*Түнү бою төшөнгөн чөп жыт сепкен,*
*Жел кудуңдайт, жел шудуңдайт кетпестен.*

*Бакча ичинен тандап чертип жыйганбыз,*
*Дарбыздар арабада дodолонуп үйүлгөн,*
*Чыбыр-чыбыр, чаарала, кара-көк,*
*Саймаланган, карап көзүм сүйүнгөн.*
*Арабаны дарбызга жык толтуруп,*
*Кете бердик арабада олтуруп.*
*Ал ансайын аңырaңдайт атыбыз,*
*Базар жакка ылдам жетүү дартыбыз.*

www.bizdin.kg



*Жолдор дагы ийри-буйру,*
*Баратабыз дырылдап,*
*Жаагым тынбайт кубангандан ыр ырдап.*
*Таш кечүүдөн кечип калдык аңгыча,*
*Толкуйт суулар карабайын кай жакка.*
*Кең жайыкта бууракандайт тоо суусу,*
*Ташкын ойнойт. Кетти жайпап жаш толкун,*
*Омуроолоп коюп кетет таш болсун,*
*Көп дарбыздар арабадан кулады,*
*Карсылдашып жарылышат.*
*Шаттыктарынан сезишет өздөрүн эмин-эркин*
*Кызыл-жаян суунун бети,*
*Кууп жүрөм аларды мен.*
*Толкундарга жамынышып*
*Ала салып баратышат.*
*Агымдарга минишип, дайра бетин бербеген*
*Жашыл сайма топу кеткен чыбырап,*
*Толтурулган розалардай кыпкызыл,*
*Бир мүнөткө суунун үстү кызарып,*
*Куунайм, жыргайм шаттык күлкүм узарып,*
*Талаасындай түштүк жактын кызгалдак*
*Кырмызы түс кыялымда чапкылайт.*
*Роза шире агып турду диркиреп,*
*Таң нуру да дайра ичине чырмалып,*
*Өзүнчө бир тунук дүйнө ыргалып,*
*Көбү калган тең бөлүнүп экиге,*
*Кармап калдык азын гана,*
*Ого бетер канты чыгып эриген,*
*Жулуп жедим кээ дарбыздын өзөгүн.*
*Морожныйдай муздап калган дарбыздар*
*Даңкылдашат ого бетер черткилесем,*
*Шимирдим кызыл аккан ширесин,*
*Атам гана болгон ишке кейиген,*
*(Мен эч маани бергеним жок алаксып)*
*Капталына чыпылдатып атынын*
*Камчы чабат улам «чү» деп унчукпай.*
*А мен куунайм өзүм менен бир дүйнө,*
*Дайра менен мен коштошпойм алиге,*
*Көзгө толуп көп элестер быжырайт,*
*Шамдай күйөт көздөрүмдө өчпөстөн,*
*Өмүрлүккө.*

www.bizdin.kg



# Күнмайрам

*О, адамдар,*
*Жаш жылдызын таңдын тосуп чыккыла!*
*Бирге туруп мени менен.*
*Уккула тез, бул айтканым уккула,*
*Эсиңерден бир мүнөткө чыгарбастан тургула*
*Акылмандар айтат минтип:*
*Аз көрсөңөр силер нурду*
*Кыска болот өмүрүңөр.*
*Ошондуктан*
*Таң абасын жуткула!*
*Көк мөңгүдөн келген таза серүүндө*
*Көкүрөк керип баскыла.*
*Нур ичкиле көзүңөр менен,*
*Жумурткадай аппак Чолпон*
*Аппак шоокум себелейт.*
*Нур сапарын ээрчигиле,*
*Таң жолунда чаттагыла!*
*Таңдар атсын кашкайып айланаңда*
*Куштай туйлап жүрөгүң*
*Кууна, дуула,*
*Бардыгынча үнүңдү соз,*
*Жашоо ырын ырдагын!*
*О, улуу Күн! Кандай байсың*
*Чачкан сайын нуруңду*
*Ай-ааламга!*
*Дос-душманга күлө карап бипбирдей*
*Кызганууну билбейсиң!*
*Нур чатырың тигип төбөгө*
*Чачырайсың айланага.*
*Чымкый алтын күлүмсүрөө.*
*Ишенимден согулгансың дүйнөлүк.*
*Узун кирпик улуу Күн*
*Бүтүн дити адамда,*
*Топ ойношот балдар менен,*
*Эч-эч кимден алкоо күтпөйт.*
*Иштейт тынбай акысыз.*
*Аянттарга нур түйүнчөк ыргытат,*
*Күн чыкканын*

www.bizdin.kg



*Жүгүрүп тосуп чыккыла о, жаш балдар!*
*Аалам алпы Күн да чегет жалгыздык*
*Ошондуктан аябастан*
*Нурун алыс жиберет*
*Көзөп караан түндөрдү,*
*Ал түбөлүк учуп бараткан салам!*
*Күнгө жолуккула!*
*Бүгүн бизде – күнмайрам!*

## Жаштык маршы

*Эки көзүм эки майрам,*
*Эки көзүм эки асман.*
*Басам. Басам.*
*Бул турмушту даңктаган*
*Гимн болуп жаңырам*
*Бардык жайда.*
*Мени узатат көчө оттору тизилип,*
*Мончоктордой кыпкызыл.*
*Майрамдуумун.*
*Май дүйнөсү – дүнүйөм.*
*Көкүрөктү керип коюп*
*Ай-ааламды кабыл алам*
*Денем менен.*
*Билбейм кайда батырам кубатымды,*
*Өткүр дүйнө албууттанат.*
*Кандай сонун жашоо жарык дүйнөдө*
*Бүт арааның ачып коюп.*
*Кайнап турса ишенимиң жүрөктө.*
*Заман болсо атырылган арстан*
*Жолборс болуп аны менен жарышам.*
*Бетховендин маршы менен*
*Бул турмушка буркан-шаркан киремин.*
*Күн учурам күлкүмөн*
*Күн денелүү ырлар жазсам*
*Канатына заманан мингизер.*
*Агып барам үстөмөндөп*
*Дайрасында жаштыктын.*
*Коңгуроосун эртеңдердин*
*Шаңгыратып ургум келет.*

www.bizdin.kg



*Эй, менин максаттагы келечегим,*
*Карагыла жарданып:*
*Сатурнду шапке кылып*
*Кийип алып*
*Бара жатам силерге.*
*Көөдөн бийик,*
*Башым көкөлөп,*
*Куу-шаа түшөт мен бараткан тараптар.*
*Мага бүгүн ырдайт бардык айлана.*
*Денем эрип күн отунан балкылдайт.*
*Рухум менин кайнайт, ташат,*
*Шашат*
*Менин өмүрүм*
*Падышасындай жердик турмуштун.*
*Келет менин жашагым*
*Аркырап араан сүрүп!*
*Шуулдайт чачым*
*Куюн толуп ичине!*
*Шаттык – менин тармалдаган чачтарым.*
*Жаштык күндүн жалындарын бүрккүлөп,*
*күндөй жашайм,*
*Күрдөөлүмө суктантам.*
*Тышта жүрөм*
*Бул турмушту майрамдап.*
*Жат толкундай*
*Ары-бери чайкалам.*
*Дүңгүрөймүн*
*Дүйнө мындай билбегенсип шаттыкты.*
*Бүгүн гүүлдөйт көчөлөр*
*Чексиз менин шаттыгымдан,*
*Жашайм бүгүн жаңырыктап.*
*Жаштыгыма чиренип.*
*Бүт дүнүйө*
*Жаштыгыма куттук айтат жүгүнүп.*
*Мастын бүгүн май күнүнөн*
*Вино жутпай*
*Жаштыгыма семирип.*
*Жерге батпайм элирип.*

---

www.bizdin.kg



*Тарых куусундагы инсан*

# ТРИУМФ ЖАНА ТРАГЕДИЯ

## Советбек Жумадылов

Актер чыгармачылык процессин театр өнөрүндө жалгыз өзү аткарбайт. Ал сүйлөгөн текстти драматург берет, музыкасын композитор жазат, кийим үлгүлөрүн мастер бычат, декорациясын сүрөтчү жасайт, оюнду режиссер коёт. Ушунун баары биригип, бүтүндөй бир спектаклди жаратат. Театрда көркөм чыгарма жаралат. Каармандар актерлор аркылуу көрөрмандардын көңүлүнө уюп, акылын, сезимин козгоп, образ жүрөккө жетет. Бирок актер аткарган роль аны менен бирге жашап, ал сахнадан кеткенде кошо кетет.

Айталык, мындан кыйла жылдар мурда Советбек Жумадылов аткарган Тихонду («Добулда»), Войницкийди («Ваня таякеде»), Докторду («Унутулган адамда»), Подколесинди («Үйлөнүүдө»), Нолинакха Чаттапатханы («Ганг дарыясынын кызында»), Чарынды («Ак боз атта»), Боронбайды («Өлбөстүн үрөөнүндө») же болбосо Бакен Кыдыкеева аткарган: Дездемонаны же Катеринаны, Джессини же Ларисаны, Аннаны же Комиссарды ошол калыбында ошол бойдон кайрадан көрө алабызбы? Тилекке каршы, ал мүмкүн эмес. Театрдын кымбат-



## Эрнис ТУРСУНОВ

*Акын, жазуучу, драматург, котормочу Турсунов Эрнис 1935-жылы Фрунзе шаарында туулган. Кесиби боюнча филолог. Алгачкы «Гүл» аттуу ырлар жыйнагы 1956-жылы жарык көргөн. Анын поэтикалык жана прозалык жыйырмадан ашык китептери чыккан. Жыйырмага жакын драмалардын автору жана көптөгөн китептерди которгон. Ал мусулмандардын ыйык китеби «Куранды» жана христиандардын «Библиясын» биринчилерден болуп кыргызчалаган. Кыргыз Эл акыны. Бишкек шаарында жашайт.*

www.bizdin.kg



тыгы да, артыкчылыгы да ушунда. Алар ойногон ролдор, жараткан образдар көрөрмандардын көңүлүндө көпкө дейре сакталып, дүйнөдөн өткөндө алар жөнүндө маалыматтар басма жүзүндө, китеп беттеринде, кинотасмаларда, үналгыда, сыналгыда, эскерүүлөрдө, мемуарларда калат. Жылдар өткөн сайын аралык улам алыстап, урпактар эми Анвар Куттубаеваны, Муратбек Рыскуловду, Бакен Кыдыкееваны, Бүбүсара Бейшеналиеваны, Болот Бейшеналиевди, Кыдырбек Чодроновду, Советбек Жумадыловду, Арсен Умуралиевди, Асанбек Кыдырназаровду, Күнболот Досумбаевди, Таттыбүбү Турсунбаеваны, Урумкан Исмаилованы ж.б. улуу-кичүү муундагы көзү өткөн актерлорду китептерден окуп, сүрөттөрдөн көрөт.

Ал кечте Кыргыз академиялык драма театрында «Ак боз ат» спектакли жүрүп жатты. Жоңгор мамлекетинин калмак тайшыларына каршы кыргыз элинин боштондук күрөшү сүрөттөлгөн бул драманын өзөгүндө элдик дастан жаткандыктан, залдагы көрөрмандар окуяга кошо аралашып, башкы каарман Шырдакбектин ролун аткарган Күнболот Досумбаев менен бирге тагдырын, азабын, кайгысын бөлүшүп, каардуу баскынчы коңтаажы Чарынды жек көрүп, ызырынып залда активдүү отурушту. Спектаклге ышкыбоздукту, дилгирлүүлүктү, активдүүлүктү көрөрмандар өздөрү менен кошо ала келишкен. Анткени алар театрга жөн эле оюн көргөнү келбестен, Шырдакбектин образын жаратып жаткан К.Досумбаевди, Лайлумду аткарган Т.Турсунбаеваны, Эркайымды аткарган М.Далбаеваны, Чарынды аткарган С.Жумадыловду, Малике-Аярды аткарган А. Кыдырназаровду жан-дилинен урматтагандыктан, аткаруу манерасына кызыгып, актерлордун өздөрүн да көргөнү келишкен. Ал кезде чыгармачыл инсандарга кызыгуу атмосферасы калыптанып калган. Жаңы моданы биринчи болуп Бүбүсара, Бакен, Урумкан, Таттыбүбү сыяктуу сымбаты келишкен, татынакай актрисалар кийчү. Ал кечте көрөрмандар спектаклдин мазмунун жандүйнөсүнө сиңирип, чындап ишенүүгө, кайгырууга, каткырууга даяр эле. Алардын спектаклге жан-дилинен берилген мамилеси – театр кыргыз элинин турмушунан ажырагыс асыл нарк дөөлөт болуп калгандыгында эле.

Байыркы трагиктер Эсхил, Софокл, Еврипидден тартып, Шекспирдин трагедияларына чейин, Карл Гальдони менен Гарсиа Лоркадан тартып, Гоголь менен Островскийдин пьесаларына чейин, кыргыз драматургдары менен чет өлкөлүк авторлордун драматургиясына чейин окуп, үйрөнүп, өздөштүрүп, сугарылып чыккан актерлорго сылап өткөн желдей жумшак, удургуган бороондой катаал турмушту сахнага жаратыш ажайып да, азаптуу да, сыйкырдуу да көрүнүш. Сахнадагы турмуштун татаалдыгы өзү башка адам болуп туруп, такыр бөлөк адамдын ролун аткаргандыгында.

www.bizdin.kg



Каармандардын жандүйнөсүн ачып берүүдө аткаруучулук чеберчилиги менен элге белгилүү болгон, түйшүктүү изденүүлөрдүн негизинде толук кандуу образдарды жараткан, артисттик өмүрлөрү театр менен өтмө катар аралашкан, чыгармачылык табылгалары татаал, бирок тагдыры кызык, өмүрүнүн акырына чейин улуттук театрда иштеген таланттуу актерлордун бири – Советбек Жумадылов.

Өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынан тартып, режиссер О.Еркимбаева жүзөгө ашырган спектаклдерде театрдын жаңыча аткаруу манерасы көрүнгөн. О.Еркимбаева ишти классикадан баштап, Н.В.Гоголдун «Үйлөнүүсүн» кайрадан которуп, күндөлүк күлкүлүү турмуштун ары жагынан курч сезимдерди тайманбай биринчи планга алып чыкты, артисттердин аткаруу жөндөмүн көрүнбөгөн жактан көрө билди, Гоголдун дүйнөсү режиссер тарабынан бир эле мааниде эмес, көп мааниде чечилди.

Спектаклде Подколесин-Жумадылов турмушка жөндөмсүз, тайсалдаган тартынчаак киши эмес. Тескерисинче, ички дүйнөсү жандана түшкөн киши. Анын эринчээктиги, натыйжанын кандай болоорун талдап жатышы – өзүнчө философиялык система, рахаттануунун өзүнчө спектору. Ал өзү толук, шайыр, капыстан жарк дей түшчү жан. Анын жылтыраган кыйды көздөрүнөн балалык ынтаа байкалып турат. Ал бардык нерседен кубаныч ала билет. Бирок аракеттенбейт. Ал керебетте жатып алып, боло турган окуядан ички толкунду өткөрөт. Бирок боло турган окуянын болооруна ишене бербейт. Боло турган иш тууралуу курулай талкуулоого көнгөн, ошондон маниловчо маани же жыргал тапканга үйрөнүп алган. Мында Подколесиндин аракетсиздиги, шалаакылыгы – анын позициясы, турмуштук принциби.

Подколесинди аткарган С. Жумадылов, али кыргыз сахнасында кезикпеген, сөөмөйүнүн тегерегине бир топ акылдуусунган адамдарды тегеретип турган аңкоо чалыш, кыйды каармандын образын ачкан. Спектаклдин дагы бир ийгилиги – бой туруп жүдөгөндүктөн, оокаты өтпөгөндүктөн, үйлөнүүгө келген күйөөлөрдүн жекече мүнөздөрүнүн бир нокотко топтолуп чечилишинде. Айрыкча Көбөгөновдун Жевакини күтүлбөгөн жерден кызык чыккан. Бул мазаасыз кайгылуу фигура өзүнүн жалгыздыгы, бойдоктугу тууралуу билдирип коюуга эл ичинен эптеп суурулуп чыгат. Анын малай кызга акидей асылган аракети, ар кимге жабышып таңууланган курулай далалаты, каарманды курчап турган ээндик коркунучу үйлөнүүгө муктаж экенин билдирет. Актер каарманынын ушул сапатын көрө билген. Бою кичинекей, буту араң шилтенген, кыйды караган Жевакин-Көбөгөнов күйөөлөрдүн баш кошкон тобунда өз ордун бекемдөөгө, маанилүү көрүнүүгө, адептүү, акылдуу, амалдуу

www.bizdin.kg



болууга катуу далалат кылат. Ал эми А.Чокубаев аткарган Анучкинде – аргасы түгөнгөн ылаажысыз, ындыны өчкөн майда адамдын анык гоголдук трагедиялуу, мыскылдуу тагдыры жатат.

Режиссер Офелия Еркимбаева койгон Н.Островскийдин «Күнөөсүз күнөөлүүлөр» драмасында бир эле кирип чыккан Шмаганын образын белгилеп кетиш керек. Ал демейки жүдөгөн аракеч, буфеттен чыкпаган жаңжалкеч элеттик орой зөөкүр эмес, Шмага – өзүнчө интеллигент, намыскөй киши. Незнамов аны менен дегеле кокусунан дос болгон жери жок. Боюна чак келбеген бирөөнүн шөлбүрөгөн пальтосун кийип, куугунтук жегенин билип туруп, Шмага өзүнүн киши экенин далилдейт. Балким, ал Незнамовдон да жүрөгү жаралуу жан. Анда өлгөн талант сезилип турат. Бирок ал талант эркинин боштугунан кыйраган эмес. Турмуштан көңүлү калгандыктан, социалдык теңсиздиктен кыйраган. Ал идеалдуулукту баалай билет, бирок ал идеалдуулуктун бар экенине ишенбейт.

Режиссердун оюу менен актерлордун аткарышы шайкеш келгендигинин ачык мисалы катары О. Еркимбаева сахнага ашырган «Эзоп» спектаклин айтууга болот. Жасалгасы художник М.Сыдыкбаевдики. Сахнаны анча бийик эмес, ак колонна курчап турат. Арткы нейтралдуу көшөгө атайы одоно чегилген жез калкан асылган. Калкандагы контрастта – эки дүйнө, эки маданият тенденциясы бар. Мында Эзоп менен Ксанфтын бир бирине карама-каршы турушу жыйнакталып берилген. Ошентип ылайыктуу жасалган сахнада Жумадылов – Эзоптун демократтуулугу айрыкча баса көрсөтүлөт. Ага жараша Жумадылов кулдардын акылмандыгын Досумбаев – Ксанфтын тар дүйнөсүнө сокку уруучу элдик юмор менен ойнолот. Анда азыр эле калың топтон суурулуп чыккан, турмуш тууралуу терең ойлогон ойчул, чечен, даанышмандын белгилери бар. Анан тамсилдерде асылып турган калкан сыяктуу саал кетилген, бирок барскан менен оттун издерин сактаган Ксанфтын софизмине каршы эчтеме мокото алгыс курчтук уютуп жатат. Ошентип актердук туюнууну режиссер менен сүрөтчү колдоп, каармандын образы масштабдуу так, ачыкайкын чыккан. Демек, мурдагы спектаклдерде колдонгон актердук материалдарга гана топтолгон тар ыкма мында ташка соккондой чачырап, актерлорду жалпы ойдун логикасына багынткан режиссердук почерк жатат. Ксанф – Күнболот Досумбаев, Эзоп – Советбек Жумадылов.

*Ксанф: – Кана, эмне тамак алып келдиң?*

*Эзоп: – тил!..*

*Ксанф: – Дагы тилби? Менин мейманым үчүн дүйнөдөгү эң таттуу тамактан алып кел дебедим беле? Тилден башка тамак түгөнүп калыптырбы? Же мени уятка калтырган турасыңбы?*

www.bizdin.kg



*Эзоп: – Тилден таттуу эмне бар. Бизди бириктирип турган тил. Тил болбосо биз сүйлөй албайт элек. Тил – илимдин ачкычы.*

*Адилеттик менен акылдын куралы. Тилдин жардамы менен шаарлар курулат. Тил аркылуу сүйүүбүздү билдиребиз. Тилдин жардамы менен окутат, ишендирет, үйрөтөт, сыйындырат, түшүндүрөт, ырдайт, сүрөттөйт, далилдейт, ырастайт. Тил менен «эне» деп, «сүйөм» деп сүйлөйбүз. Тил менен «ооба» дейбиз. «Бар» дейбиз. Тил жоокерлерди жеңишке үндөйт. Тил менен Гомердин поэзиясын даңазалайбыз. Эсхилдин кайгысын кагазга түшүрүп, Демосфердин жүрөгүн сайраткан да тил. Парфенондон тартып, Фидиянын сөлөкөттөрүнө чейин, акындардын газелинен тартып, философтордун нускасына чейин, кыскасы, бүткүл гүлдөгөн Греция тилдин жардамы менен жаралган, Ксанф! Дал ушул гүлдөгөн дүйнө кылымдарды тепсеп өтүп, кыйла доорго үнү жеткен гректердин таттуу тили менен жаралган, Ксанф!*

*Ксанф: – Баракелде, баракелде, Эзоп! Бул туура. Чыны менен тамактын эң таттуусун алып келипсиң, Эзоп. (Эзопко тыйын ыргытат.) Базарга кайра барып, эми тамактын дүйнөдөгү эң жаманын алып кел. Акылдуулугуңду дагы бир жолу байкап көрөйүн. (Мейманга.) Ээ, досум, ушундай кулуң болуп, жароокер аялың болуп, таттуу шарап ичип байлыктын жыргалын көрсөң дүйнөдө эмне арманың бар! Мына, ушулардын аркасы менен барктуу адамдарга тең болуп отурбайымбы. Алып кел шараптан! Мен бүгүн челектеги шарапты челеги менен ичем! (Ичти.) Биз бүгүн дүйнөдөгү тамактын эң мыктысы эмне экенин билдик. Эми тамактын эң жаманы эмне экенин билели. (Эзоп келет.)*

*Дагы тил көтөрүп келдиңби? Эй, түрү суук! Тилди азыр эле дүйнөдөгү тамактын мыктысы дебедиңби? Мени келеке кылгың келеби? Токмок сагынып калгансың го?Соккула!*

*Эзоп: – Мырзам!.. Дүйнөдө тилден жаман нерсе жок. Тил бардык чыр-чатактын булагы. Тил бардык ушактын чыккан жери. Талаш-тартыштын энеси тил, мырзам! Аянтта бизди тажаткан жаман акындар да тил менен ырдашат. Акылы тайкы адамдар да тил менен сүйлөшөт. Тил калп айтат. Жаап-жашырат. Акты кара кылат. Караны ак кылат. Тишке далдаланып алып сөгөт, кордойт, зордойт. Тил тилмечти жаңылтат. Каргайт, оозунан ак көбүк аккыча каар чачат. Сатып да жиберет. Тил алдайт, айыбыңды ачат, бузуп-жарат. Адамды абжип кылат. Тил менен биз: «Өлүгүңдү көрөйүн» – дейбиз. Кан кус! Зил кус! Келесоо! Акмак! – дейбиз. Тил менен: «Салбар. Кул. Күң. Тексиз, ата-жотосуз» – дейбиз. Тил: «Жок, жок, жок!» – деп айтат. Тил менен Ахилл каарын чачкан. Улисса амал тапкан. Кара акты өлтүргөн. Жерге көмгөн. Мына, ошондуктан биз билгенден тилден жаман эчтеме жок!*

www.bizdin.kg



*Ксанф: – Бали, Эзоп, бали!.. (Мейманга) Көрдүңбү дос! Колдо байлык барда мындай тилинен чаң чыккан, тили буудай кууруган акылдуу кул күтүү жаманбы? Буга ким суктанбайт! Алып кел шараптан, Мелита! Алып кел!..*

С.Жумадылов 1957-жылы режиссер Ф.Лещенко койгон А.Островскийдин «Добул» драмасында Тихон Кабановдун ролун аткарган. Ал жалпысынан алганда, зулум киши эмес, тескерисинче, колунан эчтеме келбеген аянычтуу тип. Каардуу энеси Кабаниханын сөзүнөн чыкпаган, бирөөнүн бетине айтпаган, кирди-чыкты акылы бар, бөтөлкөлөш шериги Савел Прокофьевич менен көрсөтпөй ичкен, көрсөтпөй дуулаган, үй-бүлөгө карамы жок, колуктусу Катеринаны «караңгыдагы жарык нур – Катеринаны» кор кармап, думуктуруп турат. Катерина: «Бир жылчык таап, жарыкка чыгарчы, куткарчы туңгуюк дүйнөдөн» – деп жалынып, жалбарат. Тихон колуктусун жакшы көрсө да залим энеси Кабанихадан жазганып дулдуят, эчтеме айталбайт, аракет да кылбайт. Катерина кордоонун, кемсинтүүнүн, зомбулуктун курманы болот. Катеринаны түшүнө турган адам эмес, Тихон аялынын артыкчылыгына акылы жетпейт. Жумадылов аткарган Тихон – эчтемеге жарабаган эт менен челдин ортосундагы илээнди жөн эле адам санын көбөйтүп жашап жүргөн жансыз пенденин жөндөмсүз образы.

«Добулдагы» мотив Жумадылов аткарган «Анна Каренинадагы» Вронскийдин образында башкача түрдө кайталанган. Бирок ал мында адеби, тарбиясы, акылы, билими бар, бир топ жогору деңгээлдеги ак сөөк офицер Вронскийдин адамга жакшылык кылбаган, ак ниеттик эмне экенин билбеген, акыры жан-дилинен сүйгөн аялды жалынга салып аргасыз абалда калтырган эгоист адамдын кулкмүнөзүн ачкан.

Дүйнөлүк жана орус классикасынын таасири аркылуу С.Жумадылов 60-жылдарда өзүнүн чыныгы актердук жүзүн көрсөтө турган ыкмаларды, стилдерди иштеп чыккан. Муну биз драмалык, атүгүл трагедиялык образга үндөшүп турган «Ваня таяке» спектаклиндеги Жумадылов аткарган Войницкийдин образынан көрөбүз. Жүзү жарык, жандүйнөсү таза Войницкийди – аны курчап турган чөйрө, бардыгына үстүртөн тайкы караган, көзүн сүзүп, оозун бүйрүп, мурдун чүйрүп, кесир чайкап, бышкырык аткан мещандар тумчуктуруп турат. Ал чөйрөдөн оңойлук менен чыгалбай Войницкий Еленага ички дүйнөсүн ачалбай көпкө кыйналат. Мына, бул татаал образды Жумадылов анык чеховдук психологизм менен кыргыз көрөрмандарына жеткирген.

Андан соң Кыргызстандын Россияга кошулгандыгынын жүз жылдыгына карата жазылган А. Токомбаевдин «Өлбөстүн үрөнү»

www.bizdin.kg



тарыхый драмасында феодалдык коомдо кыжаалат болгон султан Боронбайдын ролун аткарганда «Ак боз ат» драмасында Чарындын, «Ашырбайда» Солтобайдын, же Омар Хаямдын ролун аткарганда, жалаң турмуштагы прототиптерди табуу менен каармандардын образын ача билген.

С. Жумадыловдун артыкчылыгы жөнүндө искусствого эмгек сиңирген ишмер, Ж.Абдыкадыровдун ой-пикирин келтире кетели: «Жумадылов сырткы эффектке качырбаган, ичинен толгонгон, көзгө урунбай иштеген, көкүрөгү зирек, эс-тутуму сергек, бирөөлөр көрбөгөн деталдарды көрө билген актер. Сахнада тигил же бул ролду чыгарганда дал ошол майда деталдардан, мүнөздөрдөн бириктирип, бүтүн бир образды жаратууга аракет кылат. Ал кыйлага дейре ачылбай өзүнчө жүрө берет. Качан гана (образ) башында бышып жетилгенде ачыкка чыгат. «Кичине роль жок, кичине артист бар» деген сыңары, ал кичине – чоң, оңой – татаал деп роль тандабайт. Абдан татаал ролго да, кирип-чыккан кичине ролго да бирдей жоопкер мамиле кылат. Бул актердун профессионал касиетине жатат. Жумадыловдун үнү табигый жумшак, эгер режиссер анын сахнадагы сүйлөө манерасын таппаса, анда тилдин поэзиялуу көркөм жатыктыгы бузулат. Кыргыз театры бардык жагынан улуттук касиетти сактап турган казына болгондуктан, режиссер актерлордун колоритине, тилине, үнүнө, тембрине ж.б. атрибуттарына сергек көңүл буруу керек».

С. Жумадыловдун кинематографиядагы ордун айта турган болсок, ал Кыргызстанда бармак менен саналган: Рыскулов – Жумадылов – Чокморов деген үч актердун бири. Анын кинодогу алгачкы кадамы 1958-жылы «Мосфильм» тарткан «Токтогул» фильминде Сары устанын ролун аткаруудан башталган. Экинчи ийгилиги 1964-жылы «Мосфильм» тарткан «Жоро» фильминде Шарафтын, 1965-жылы тартылган «Алымкан» телефильминде Токтогулдун ролу. Андан соң боз жорго төрт аягын тең таштап, дүпүлдөтө жер муштап, даңгыр жолго чыккандай шар кетти.

«Тайгак кечүү», «Биринчи мугалим», «Бакайдын жайыты», «Саманчынын жолу», «Уркуя», «Эски тегирмен», «Мен Тянь-Шань», «Көлдүн кызыл апийими», «Көчө», «Очкарик», «Шаркыратма», «Киши-дөңгөлөк-чынар», «Эрте келген турналар», «Махабат дастаны», «Акбаранын көз жашы» ж. б. фильмдердеги С.Жумадылов аткарган ролдорду тизмелей отуруштун кажети жоктур. Анын «Караш-Караш ашуусундагы ок атуу» фильминдеги Жарасбайдын ролу эле ири пландагы өтө терең, диапазону кенен актер экенин айгинелеп турат. Жарасбайдын тышкы сымбаты да, ички дүйнөсү да, көз карашы да, ойлонуп иш кылган сабырдуулугу да, ар кандай амалы да аткара келгенде бир топ татаал.

www.bizdin.kg



Жарасбай падыша өкмөтүнүн ишенимине кирген, казак-кыргыз чөйрөсүндө кадыры бар уруу башчы ак сөөк төрө. Ал өз уруусунун камын көргөн адилет адам сыяктуу көрүнөт. А чынында кедей жигит Бактыгулду отко-сууга салган амалдуу болуш. Жумадылов бул манапты жалаң кара боёк менен шыбабай, өзүнүн социалдык абалына жараша купуя бетин ачат. Орустун колониялык төбөлдөрү: чиновниктер менен көпөстөр бул меймандос, акылдуу, көрктүү көчмөндөрдүн башчысына жакшы мамиле кылышат. Салменге каршы болуштукка шайлаарда колдоп коюшат. Бирок бул колдоо Жарасбай үчүн арзанга турбайт. Ал ата-бабасынын жери Сарымсакты жайлоосун сатууга аргасыз болот. Ал жерге бабалардын сөөгү көмүлгөн, алардын арбактары карап жатат. Жумадылов алкы бузук, кара жемсөө, ач көз байды көрсөтпөйт, Жарасбай аркылуу ал ашкере кылган, карама-каршы татаал мүнөздү ачкан. Ал жер сатпай эле абийирин сатканын түшүнүп турат. Берешен, март көрүнгөн Жарасбай ошол жерде унчукпай калып, сыйдан баш тартып, өзүн өзү келекелеген өңдүү күлүмсүрөп, «торгой кыргыйды тепкенин көр» деп көздөрүнөн опурталдуу коркунуч менен ачуу заардын учкунун чыгарат. Жарасбай өз жоругун, кылган кылмышын сезет, бирок баары бир өзү бараткан жолду, өз заманын өзгөртө албайт, жер үчүн жүрөгү ооруганы менен калласы акча деп турат. Акчанын жыты бар, мансаптын буту бар, алар кылмышын басып салаарын Жарасбай жакшы түшүнөт.

Ал өзүнө берилген, олбурлуу жигити Бактыгулду жылкы тийүүгө жумшаганда жана аны бийлер суракка алганда, митаамдыгы менен ыраазылыгы, куйтулугу менен жойпулугу, кытмырлыгы менен кыйдылыгы ичин тээп, ал ыкмаларды колдон келишинче купуя колдонот. Эгер Бактыгулду кармап бербесе, бийлигине тереӊ доо кетээрин тереӊ түшүнгөн Жарасбай-Жумадылов жигитинен баш тартат. Мына, ошондо анын эӊ коркунучтуу ички дүйнөсү ачылат. Акылдуу Жарасбайдын акмак адам экенин тереӊ түшүнгөн Бактыгул орустун колунан алган мылтык менен Караш-Караш ашуусунда атып өлтүрөт.

Коомдун кыйрашына биринчи далил – анда жашаган төбөлдөрдүн ички дүйнөсүнүн кыйрашы. Социалдык күчтүн, урууучул түзүлүштүн кыйрашы – Жарасбайдын кыйрашы аркылуу ири планда айкын чагылдырылган. Балким, бул ролду Жумадылов аткарбай башка актер аткарганда Жарасбайдын образы мынчалык деӊгээлге көтөрүлмөк эмес. Кыргыз-казактын акылдуу жана амалдуу манабын биз Жумадыловдун аткаруусунда гана көз алдыбызга келтиребиз. Жумадылов аткарган дагы башка залим манаптардын тибин «Ак Мөөрдөгү» Баякеден, «Көлдүн кызыл апийиминдеги» Байзактын образдарынан көрсө болот.

www.bizdin.kg


Эгерде Чокморов канчалык бийиктикте турса, Жумадылов да ошончолук тереңдикте жатканын эске алып, СССРдин Эл артисти деген наамды Чокморов менен бирге Жумадыловго да ыйгарышса кара кылды как жарган калыстык болмок. Искусствонун эки улуу алпына бирдей наам жарашып турмак. Анткени Жумадылов таланттуу профессионал артист болгон, ал жаткан тереңдиктен дагы да асыл кендер (салмактуу сонун образдар) казылып чыкмак. Ал кезде наамдарды ыйгарууга адис катары түшүнүгү жок болсо да Борбордук Комитеттин биринчи секретары кийлигишип, атүгүл сунуш кылып турган. Бирин айды каратып, бирин сайды каратып, үмүтүн соолтуп, ал наамдан кур жалак калтырганын кандай түшүнсөк болот? (Түшүнүү кыйын эмес, ал көлдүк болгон Жумадыловдун өмүр баянында «ысык-көлдүк» деп жазылып турат.)

Ансыз да тоталитардык доордун үстөмдүгүндө тагдыры партдиктатурага туш келип, «Контрдун тукуму» делип, жашынан куугунсүргүнгө дуушар болгон Советбек Жумадылов (азыркы биология илиминин доктору, академиянын мүчө-корреспонденти С.Касиев жана искусствого эмгек сиңирген ишмер, режиссер Ж. Абдыкадыров менен бирге) Пржевальскидеги орто мектептен чыгарылып, Ташкендеги театр окуу жайына кире калып жаны калган. Институтту бүтүрүп келгенден кийин да уюштурган тоголок арыздын кесепетинен театрдан эки жолу чыгарылган. Биринчисинде элүүнчү жылдарда Тоялиева деген аялдын айынан, экинчисинде жетимишинчи жылдарда театр коллективи эки жаат болуп араздашып турганда Жумадылов менен бирге театрдан чыгарылган Т. Уралиев телерадио комитетине, И. Төкөлдөшов Жалал-Абад театрына кире качып кутулган. Ошол кордуктун тактары Жарасбайдын ролун аткарганда жүзүнөн даана көрүнөт. Бирок жокчулукка моюн бербеген, оорчулукту жонуна көтөргөн, эрки майышпаган Жумадылов өзү ойногон каармандардай, солк этпей кайра келип, театрда жана кинодо өлбөс образдарды жаратып, театр өнөрүнүн устаттарынын плеядасына кирди. Анын акыркы күндөрү жөнүндө так маалыматты ушу кезге дейре айттырбай, жаманатты болобуз деп, айрым чөйрөдө жаап-жашырып келишет. Бирок тарыхта кала турган улуу инсандын акыркы сааттары кандай болбосун, так болуу керек да.

Эч кандай жаманатты кылбай, ушактабай болгонду болгондой урпактарга калтыруу керек.

Ал кезде театрдын директору Алмаз Сарлыкбеков болгон эле. Анын айткандары боюнча, Жумадыловдун Бөдөнө деген энеси өмүр бою такай колунда турган. Энеси каза болуп, аялы Сагын көз жумгандан кийин (ал телерадионун режиссеру эле) Жумадылов оор абалга дуушар болуп, бой жүрүп калат. Балдары чоңоюп, үйлөнүп-

www.bizdin.kg



жайланып, тар үйдө батышпай, улуу актёрго элементардык шарт түзүлбөй үйүнөн чыгып кетүүгө, саал жашоого шарты бар жубан издейт. Сырын Алмазга айтат. Алмаз сураштырып жүрүп, алтынчы кичирайондо эки бөлмөлүү квартирасы бар бой аялды сунуш кылат. Жумадыловдун табылгасы дурус болгон, менчик машинасы да бар эле. Андай эркек көзүнөн учуп турган аял дароо макул болот. Жумадылов эки ай чамалуу ал үйгө барып турат.

Бирок аял бой эмес экен, анын эр жеткен нашаакүр баласы бар экен, ал Казакстанда дайынсыз жүргөндүктөн айтпаптыр. Бишкекте калган достору ага энеси эрге тийди деп билдиришет. Ызалуу бала Бишкекке келип, кирүүгө батына албай, сыртынан аңдыйт. Күүгүмдө кошуна үйдүн төртүнчү кабатынан достору маңдайкы үйдүн экинчи кабатындагы квартираны көрсөтүшөт. Жука тор тартылган терезеден столдо шарап ичип отурган аял-эркектин сөлөкөтү көрүнөт. Өз атасынан ажыраган олбурлуу наркоман ызырынып келип, квартиранын эшигин булка тартып сындырып, кирип барат да үйдөгү эркекти алка жакадан алып тамга урат. Андан далиске ыргытат, ал экинчи кабаттын коридорунан томолонуп биринчи кабаттагы подъездге түшөт. Караңгыда ит жетелеп келаткан кошунасы бир киши кыймылсыз жатканын көрүп, тез жардамга кабарлайт. Тез жардам төртүнчү травматология ооруканасына жеткирет. Таңында дежур врач көрөт да, тааныйт. «Ой, бул атактуу артист тура» – деп телефон чалышат. Театрдын директору Алмаз Сарлыкбеков жанына С. Күмүшалиеваны алып, ооруканага барса, Жумадылов жансыз жаткан.

Ошентип, атактуу артист С. Жумадылов ким колдуу өлгөнү белгисиз бойдон калат. Ал 23-мартта жан берип, 27-мартта Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган. 27-март – Эл аралык театр күнү болгондуктан Бишкекте Эл аралык театр фестивалы өтүп, С. Жумадыловдун казасына Орто Азиядан келген артисттер да катышкан.

## Гүлхан Сатаева

2002-жылы 8-март күнү Бишкек шаарында Совет көчөсү менен Москва көчөсүнүн кесилишиндеги эки кабат жаңы ачылган «Пери» аттуу ресторанында «Дариканын музыкалык өргөөсү» аттуу телекөрсөтүүнүн кезектеги чыгарылышын тартып жаттык. Бул ресторан КРнын Эл артисти, белгилүү кинорежиссер Нуртай Борбиевдики эле. Музыкалык көрсөтүү КРнын маданиятына эмгек сиңирген артисти, оперsuccessалык ырчы Гүлхан Сатаева жөнүндө болмок.

www.bizdin.kg



Жасалгалуу ресторандын төрүндө жасалгалуу стол тамак-ашы менен меймандарды күтүп турат. Ресторан режиссер Борбиевдин таланттуу табити менен көркөмдүү жасалгаланган. Каминде от күйүп, деле адамдын делебесин кызытып өзгөчө көркөмдүк берип турду. Гүлхан Сатаеванын аткаруусундагы Эсенгул Жумабаевдин «Кыздын үнү» деген ыры радиодон жаңырып, келген меймандар орун алыңыздар деген маанини ишарат кылат. Меймандар орун алышат. Ырдын акыркы куплети «Билбегендер билсин менин үнүмөн» деген текст менен аяктайт. Бул ыр ырдалып жатканда эле телекөрүүчүлөр ким жөнүндө сөз болорун түшүнүшөт.

Көрсөтүүнү алып баруучу КРнын Эл артисти **Дарика Жалгасынова:**

– Саламатсыздарбы урматтуу телекөрүүчүлөр, урматтуу меймандар, кутмандуу кечиңиздер менен! Өзүңүздөр көрүп баамдагандай кезектеги музыкалык көрсөтүүнүн ардактуу мейманы КРнын маданиятына эмгек сиңирген артисти, кыргыз опера искусствосуна чоң салымын кошкон опералык ырчы Гүлхан Сатаева жөнүндө болмок.

8-Март – бүткүлдүйнөлүк эл аралык аялдардын майрамы, ал эми Гүлхан Сатаевнага удаа эки майрам бир келиптир, себеби Гүлхан Сатаевна 8-Март күнү туулган. Көрсөтүүнүн каарманын куттуктоо үчүн анын замандаштары, бирге иштеп, бирге ырдашкан операдагы партнерлору келишти. Алар: СССРдин Эл артисти Артык Мырзабаев, КРнын Эл артисттери Асек Жумабаев, Марлен Болоталиевич Темирбеков жана КРнын Эл артисти белгилүү кинорежиссер Нуртай Борбиевич Борбиевдер олтурушат.

– Урматтуу Гүлхан Сатаевна, сизди биринчиден удаа келген эки майрамыңыз менен куттуктоого уруксат этиңиз. Эмесе, шампандар ачылып, бокалдарга куюлсун! Сизге чың ден соолук, узак өмүр, үй-бүлөңүзгө бакыт, кетпес дөөлөт, кең пейил каалайлы. Бул корзинадагы гүлдөй жайнап өсүңүз, – деп гүл сундук кабыл алыңыз. Коноктор жапырт орундарынан турушуп, шаңдуу сөздөр башталып, күлкүлөр, шатыра-шатман болуп, бир сыйра шампандар ичилип, майрамдык маанай башталгансыды. Телережиссерлор улам бир жагына чыгып алыстан, жакындан тартып жатышты. Нуртай Борбиев өзүнүн киноаппараттары менен бул шаңдуу кезеңди тартып жатты, т.а., ресторандын да бетачар шааниси болду. Отургандар Нуртайды, анын, ресторанын мактап, «көрүндүк» деп акчаларын сунуп, көрсөтүү башталышында эле шаңга бөлөндү.

**Дарика**: Урматтуу Гүлхан Сатаевна, сиздин чыгармачылыгыңыз жөнүндө сиздин замандаштарыңыз, курдаштарыңыз, т.а., кыргыз искусствосунун акулалары менен киттери айтып беришет дегенде шатыраган кол чабуулар...

www.bizdin.kg



Көрсөтүүгө бир жума калганда Гүлхан Сатаевна менен көрсөтүү жөнүндө алдын-ала маектештик. Көрсөтүүгө кимдерди чакыралы, өзүңүз айтыңыз десем, шарт эле айтты: «Аялдардан эч кимди чакырба, жалаң эркектер болсун, алар: Мырзабаев, Жумабаев, Темирбеков – үчөө жетет» – деди. Гүлхан Сатаевна Асанкан Жумакматовичти чакырбайлыбы десем: «Ой, аны чакырба, ал эмне менин аялым мындай, менин аялым андай деп мени мактамак беле, ал келет көрсөтүүнүн тартылышын карап, небересин алып ошол жерде отурат. Жок, жок, жок, тиги үч «жигит» деле жетет деп койду. Мейли дедим. Гүлхан Сатаевна айткандай Асанкан Жумакматович небересин ойнотуп, ошол жерде көрсөтүүгө катышпай биздин көрсөтүүгө көңүл бөлүп мындайраак кийлигишпей өзүнчө отурду. Көрсөтүү башталардан мурун Мырзабаев, Жумабаев, Темирбеков, Асанкан Жумакматович, Гүлхан Сатаевна небересин жетелеп ресторанга шаңдуу кирипти. (Ал убакта Гүлхан Сатаевна пенсияга чыгып, үйүндө көпкө отуруп калган.) Бул инсандар бири-бирин көргөндө кыйкырык-чуу менен кучакташып өбүшүп, ушунчалык сагынышып калышкандыгын жашыра албай, ал-ахвалын сурашып, көрсөтүү башталганча өткөндөрдү козгошуп, бир кумардан чыгышты. Гүлхандын күлкүсү ушундай катуу, залды жаңыртып кубанычтары кучагына батпады. Асанкан Жумакматович да көрсөтүүгө келген экен деп алар кубанып: «Айта турган сөз көп, эстей турган учурлар андан көп, деги жакшы болбодубу, айланайын Дарика, деги ушул телевизордон көрсөткөн чыгармачылыкты жакшы ойлоп таапсың» – деп Асек Жумабаевич айрыкча шаттанып, ресторандын тияк-биягын аралап көрүп чыгышты. Азыр башталат, меймандар орун алгыла дегенде келгендер баары эле: – Асаке, сиз отуруңуз Гүлхандын жанына, анан биз отуралы, – деп калышты. «Жок, мен катышпайм, бул жерде эле неберем менен отурам, жаңы үйлөнгөнү жаткан жигиттей болуп аялымдын жанына отурганым жарабайт, анан калса силер «горько, горько» деп кыйкырсаңар деги уят болот ко – деп каткырып күлүп калышты. «Менин аялым айдай, менин аялым күндөй, ага теңдеш айым жок деп кантип мактайм. Эгерде Гүлхан менин аялым болбогондо укмуштарды айтат элем. Силердин айтканыңар эле жетет, жакшылап мактагыла деп дагы эле тамашаларын улантышып жатышты. Ал кезде бул агайларыбыз дагы ак чачтуу кече гүнкү жигиттер сахнада ырдабай пенсияда эле.

– Мен алып баруучу катары Гүлхан Сатаевнага жана сиздерге арнап бир-эки куплет «секетпайдан» ырдап берейин – деп калдым. Ал кандай «секетпай» болду экен дегендей тынчтанып тыңшап калышты.

«Жашоого бирге келгенсиз,
Жаш болуп сиз да көргөнсүз.

Кыз-жигит болуп ээрчишип,
Кырандан гүлдү тергенсиз.

Ал гүлдөр калган солушкан,
Ал кыздар апа болушкан.
Күлкүлөр азыр угулбайт,
Сиз жүргөн жайкы конуштан.

Тартканда эмне муң-кайгы,
Табият заңы турбайбы.
Бир каран бойду эриткен
Бозойлор минтип улгайды.
Бир карап жүрөк эриткен
Жигиттер минтип улгайды, –

деп ыр аяктаары менен Асек: – Да-а-а кайран жаштык, куйгулачы дагы шампандан, өпкө-жүрөгүм куйкаланып баратат дегиче шампандар экинчи ирет куюлуп, Гүлхандын ден соолугу үчүн ичели – дешип бокалдарды шыңгыратышып шатыра-шатман болушту. Андан кийин сөз Гүлхан Сатаевнага берилди.

«Мен Гүлхан Сатаева 1932-жылы 8-март күнү Фрунзе облусунун Панфилов районуна караштуу Эркин-Сай айылында Сатай деген болуштун үй-бүлөсүндө туулганмын. Апам төрт кызды төрөптүр. Ата-энебизден эрте ажырап, Фрунзе шаарындагы жетим балдар үйүндө тарбияландык. Он жылдыкты ошол жерден бүтүрүп, Фрунзедеги Маяковский атындагы кыз-келиндер институтуна тапшырдым. Москвага консерваторияга ошол институттан кеттим. Москвадан консерваториянын улуттук студиясын аяктап Фрунзеге опера жана балет театрына солист болуп кабыл алындым. Турмушумда да далай жаңылыктар болду. Театрда өзүңүздөр билгендей чоң-кичинеси болуп көптөгөн улуттук да, классикалык да партияларды аткардым. КРнын эмгек сиңирген артисти деген ардактуу наамга татыктуу болдум.

Гүлхан Сатаеванын сүйлөгөн сөзүн шатыраган кол чабуулар менен тосуп алышты. Телекөрүүчүлөр үчүн Гүлхандын жаш кезинде тартылып алынган бир нече концерттик номерлер көрсөтүлдү. Алар: Алмакуновдун «Колхоз кечи» (сөзү элдики), Карабаевдин «Кел сүйгөнүм, кел» деген ыры (сөзү С.Жусуевдики), Үсөн Сыдыковдун «Кыргыз күүсү» деген ырлары аткарылды.

Кезекти Артык Мырзабаевич алды. Биринчиден, Гүлхан сенин туулган күнүң менен куттуктаймын, ден соолук, үй-бүлөлүк бакыт каалаймын. Менин СССРдин Эл артисти болушума Гүлхандын кошкон салымы көп деп айтсам жаңылышпайм. Сахнада мен – Семетей, Гүлхан Айчүрөк, Гүлхан – Татьяна, мен – Онегин, Гүлхан – Жамила,

www.bizdin.kg



мен – Данияр башкасын айтпай эле коёюн. Көрүп турасыңар, Гүлхан азыр деле 70 жашка келсе да кандай сымбаттуу, андагы сулуулугу, ал эң сонун актриса, үнү да кубаттуу, толук диапазондуу. Кандай Айчүрөк, кандай Татьяна, кандай Жамила атына заты жарашкан көркөм аялзат. Жамила Гүлхандын дебюту эле. Ошол күнү Айтматов бүт театрды ресторанга, банкетке чакырды. Бул кышында болгон, биз таңга маал мас болуп, бакытка термелип тарадык, үйлөрүбүзгө таңкы аязда: «Жашасын Айтматов» – деп ураалап көчөнү жаңыртып бара жаттык. Ошентип Гүлхандын Жамиласы жакшы чыккан. 1962-жылы Алма-Атадагы өткөн чоң гастролдо Гүлхан Айчүрөктү ырдап, көрүүчүлөрдүн көңүлүнүн борборунда болгону бул эстен кеткис чындык. Эми анын турмуштагы ордун, деле адамгерчилигин айтып түгөтө албайбыз.

– Эми сөздү берсеңер да, бербесеңер да мен сүйлөймүн, – деп Асек Жумабаев ордунан турду. Чынын айтайын, жолдоштор, мен ушул жашка келгени мындай аялды көрө элекмин. Албетте, Асанкан Жумакматов эң бактылуу эркек. Бул келинчекте айрыкча сулуулук жана улуулук бар. Баскан-турганы, сүйлөгөнү, маданияты, жөнөкөйлүгү, койчу, деги кайсы бирин айтайын. Гүлхан, биринчиден (сага), сенин туулган күнүң менен куттуктаймын. 8-Март күнү туулуп калгандыгыңдын өзү да кокустук эмес. Сен өзүң майрамсың. Сага чың ден соолук, узун өмүр жаш берсин Кудай. Ушул керемettүү жашоонду кут кылсын. Менин дайыма капа болгон бир гана оюм бар, сен качан эле КРнын Эл артисти деген наамга татыктуу болгонсуң. Мен таң калам, Асанкан Жумакматов бир ооз эле айтып койсо, Эл артисти болот элең го. Мен ошону ойлосом, күйбөгөн жерим күл болот. Ой, сен албаган андай наамдын атасынын оозун урайын, не деген партияларды ырдадың, мен аларды бир-бирден санап берем. Сен аларды жөн эле ырдаган жоксуң, эң мыкты ырдадың. Үн болсо Кудайга шүгүр, Москвадан окуп келген билимиң бар. Мен билгенден эле: Айчүрөк, Каныкей, Канайым, Калыйман, Зулайка, Кишимжан, Тотуя дагы далайы бар. Не деген эмгек жөнөкөйлүктүн да чеги болот эмеспи», – деп таарынган баладай мулуңдай түштү.

Эчен жыл Гүлхан менен Кыргызстанды аралап, гастролдо жүрдүк. Биз менен Кыдырбек Чодронов, Гүлбара Иманкулова, Акматалы Тентимишев дагы жаштар бар эле. Не деген күндөр өттү дегенде Гүлхан Сатаевна сөзгө аралашты. Ай, Асек, сенин күйбөгөн жериң күл болбой эле койсун, мен Эл артисти болбой калдым деп кымындай да ойлоп койбойм. Силердин берген бааңар бул Эл артистинен да жогору турат деп шаңкылдап күлүп калды...

Асекти жазып жатып Асекке гана тиешелүү күлкүлүү бир эпизод оюма келе калды. Асектин бир «өнөрү» бар эле. Анан сырын билген

www.bizdin.kg



жанындагылар Асектин далдуу жеринен чукуп койсо Асек «баланча-түкүнчө» деп эле уятына карабай бакырып чочуп кетме адаты бар. Ошо гастролдо жүргөндө ал «адатын» бир күндө бир нече жолу кайталап, жанында жүргөн Гүлбара Иманкулова, Гүлхан Сатаевалар эстери оогончо күлүп жүрүп, ошол «адат» Гүлханга жугуп калган жайы бар эле.

Бул жаман өнөкөт сөз болуп калган соң, эсте калган бир учурду айта кетейин. Мен аны өз көзүм менен көргөн жокмун, ал Гүлхан Сатаевна аялдар менен чогула калганда айтып отурганын уккан элем.

«Олжобай менен Кишимжан» операсы даярдалып бүтүп, көркөм кеңешке угузмак болуп калды. Сахнанын жасалгасы боюнча дөңсөө жерден ылдый Олжобай менен Кишимжан куушуп ойноп келе жаткан болот. Ошондо кубалашып келе жатып, туфлимдин такасы сынып, чуңкурда калып, өзүм тоголонгон бойдон жерге түшсөм болобу, ал деле эч нерсе эмес эле. Шумдугуң кургур, баягы Асектин жаман адетин карматып «баланча-түкүнчө!» деп үнүмдүн бардыгынча бакырыптырмын. Ии-ий! Уялганымды айтпагыла, өлбөгөн эле төрт шыйрагым калды. Залда Кондучалова баш болгон көркөм кеңештин мүчөлөрү отурушту эле. Бетимди баскан бойдон качып үйгө кеттим. Ызама чыдай албай ыйлап да жаттым. Асанкан Жумакматовичтен кандай жаман тил уктум, жакшы эле «тара-рам» болду. Аялдар бир ырахатка батып, жыргап күлүштү. Театрда «черная касса» деп, акча чогултуп улам кезек менен ар бир кассанын мүчөлөрүнө акча берип турган «оюнубуз» бар эле. Ошол акчаны Гүлхан Сатаевна чогултуп, убагы менен «оюнду» жолго салып турчу. Ошондо чогулган кыз-келиндерге айтып берип жатпайбы. Ушул жаман өнөкөт дагы бир жерден катуу уят кылган дейт. Бир жолу Асанкан Жумакматовичтин айылына келин катары конокко барып калдык дейт. Айыл апа, тууган-уруктары учурашабыз деп баары келишип, кой союлуп, алма-бактын көлөкөсүнө төшөктөр салынып, самоордо чай кайнап, жаңы боорсоктон ооз тийип чай сунулганда колумда бир пияла чай бар эле ысык, так маңдайыбызга бир короз тоокту кууп келип эле бапырата басып калды. Колум сорок этип колумдагы пияла ыргып, этегиме чай төгүлүп, баягыны айтып «баланча-түкүнчө-ө!» деп үнүмдүн бардыгынча кыйкырсам боло. Отургандар эмне кыларын билбей, келиндер үйдү көздөй чуркашты. Калгандары Асанкан Жумакматовичтин кумсарып ачуусу келе түшкөнүн көрүп, унчугушпай эле аксакалдар: «Ата, балекет ай, шайтан да» – деп шыпшынышты. «Мен эми өлдүм» – дедим. «Тур, кеттик!» – деди Асанкан. Үй ээси жалооруп, байке андайлар боло берет, атайын келип алып болбогон бир нерсеге капа болуп, кетебиз дегениңиз болобу, кетпеңиз десе да болбой үн жок, сөз жок, жооп жок тез кеттик деп, шофёр баланы да

www.bizdin.kg



чай ичирбей үйгө келдик. Үйгө келгенден кийин не деген сөздөр айтылган жок, деп баарыбыз каткыра күлүп, кийин ал «өнөкөткө» анча маани бербей акырын гана күлүп койчубуз. Муну менен мен эмнени айткым келет. Гүлхан Сатаевна чындыгында шайыр, жөнөкөй, акылдуу, сулуу, таланттуу айым болгон. Анын колу ачык, жаш солисттер кээде акча карызга сураса эч качан аянбаган кенен дасторкондуу, конок күткөндү жакшы көргөн, коллектив менен жуурулушуп бой көтөргөн аял эмес. Асанкан Жумакматовичтин сандаган москвалык достору келе калганда аларды сонун кабыл алган кожойке болгон. Асанкан Жумакматович да Гүлхан Сатаевнаны урматтаган. Бирин бири жакшы түшүнүп, кырк жыл өмүрүнүн акырына чейин бирге жашашкан. Маэстро үчүн шарт түзгөн. Үй-жайын маданияттуу кармаган айым эле. Гүлхан Сатаевна жөнүндө Асанкан Жумакматович өзүнүн мемуарында мындай деп жазат:

«Аялымды баяндап жатып, мен калыс болууга аракеттенейин. 1956-жылы Москва консерваториясынан улуттук студиясын бүтүргөндөн кийин Гүлхан Сатаеваны театрга Калый Молдобасанов кабыл алган жана аны менен биринчи репетиция өткөрүп, биринчи партиясын ырдаткан. Анын карьерасы театрга али Кайыргүл Сартбаева, Дарика Жалгасынова, Эсен Молдокулова келе элек кезде, бирок чоң сахнадан Сайра Кийизбаева, Ирина Деркембаевалар кетип жатканда башталган. Гүлхан жыйырма жыл бардык негизги партияларды ырдап, бир да жолу спектаклден баш тарткан эмес, атүгүл ооруган да эмес. Айта кетүү керек, Сатаеванын сахнадагы гүлдөп турган доору, мен театрда жок кезде, эл аспаптар оркестрин башкарып турганда өнүккөн, жубайын колдоду деп мени эч ким айыптай албайт. «Таланты жагынан Кийизбаевага гана салыштырууга боло турган, эң сонун вокалдык-драмалык актриса Сатаева Айчүрөктүн да, Зулайканын да, Чынардын да, Гүлчахранын да, Кишимжандын да, Татьянанын да, Лизанын да ролун аткарды...

Анын опералык репертуарында жыйырма беш жетектөөчү партиялар бар. Педагогдун жаңылыштыгынан улам, консерваторияда Гүлхандын үнү колоратуралык сопрано катары квалификацияланган. А чындыгында, үнү жогорку текстурадагы бай драмалык сопрано. Мугалимди алмаштырып, өзүн «сындырууга» туура келген. Бул көйгөйлөр кайсы бир деңгээлде үндүн «олку-солку» болушуна алып келген.

Айтматовдун Жамиласынын образын Сатаева операда биринчи болуп чыгарган...

Кырк жыл бирге жашаган турмушубузда «тфу-тфу» көз тийбесин, ынтымактуу өмүр сүрүү артисттердин үй-бүлөсүндө сейрек болуучу көрүнүш. Анткени театрда экөө тең лидер болсо, үйдө бири-бирине

www.bizdin.kg


жол берүү өтө кыйын, коллективде Гүлханды «шахиня» дешчү. Бул ай-чырайлуу аял сыртынан гана кол жеткис болучу. Москва консерваториясынын улуттук студиясында окуп жатканда Гүлхан гимнастикада, волейболдо ойноп, коньки тепчү жана комсомол комитетинин секретарынын милдетин аткаруучу. Биз ошондо таанышканбыз. Азыр дагы шаардагы үйүбүздө же айылда болобу, ызы-чуулуу салтанатта же тынч үй-бүлө кечесинде ал кең пейил мээримин төгүп, жылуулук атмосферасын жаратып турат. Балдар үчүн оюн-күлкүнү ойлоп табат, чоң үй-бүлөнү ичирет, жедирет, тойгузат, толгон-токой турмуш-тиричилик көйгөйлөрүн өзү чечет. Мындай иштерде ага теңдеш жок. Ишенимдүү тылы бар, өчпөгөн коломто-очогу бар киши толук күч-кубат менен чыгармачылыгын өркүндөтөт. Гүлхан Сатаеванын театралдык өмүрүн жакшы билем, менин билишимче, сахнадан өз убагында кеткен бирден бир ырчы ошол. Сартбаева башында турган эң сонун ырчылар келген кезде, Гүлхан алардын премьерасына жол берип, жөн гана режиссердун жардамчысы болуп калды...

Кайрадан көрсөтүүгө кайрылалы.

Гүлхан Сатаеванын аткаруусундагы ырлардан дагы эфирге коё бердик. Тагаевдин «Назгүлүм» деген ыры, «Таалайым» автору жазылбаптыр жана Акмат Аманбаевдин «Зыягүлдүн ыры» деген чыгармасы жаңырды. Эмнегедир телевизордон да сейрек көрсөткөндүгү үчүнбү, же Гүлхан Сатаевна жаныбызда отурган үчүнбү, бул аткарылган чыгармалар ушунчалык жылуу жаштыктын кереметин көз алдыга келтирди.

Мен да оюмду айтайын деп Марлен Темирбеков ордунан турду. Марлен Болоталиевич Гүлхан Сатаевна менен Москвада бирге окуп, студенттик эң сонун күндөрдү бир туугандай болуп бирге өткөргөнүн Горький паркында кышкысын бирге коньки тээп, чоң театрга бирге барып кандай сонун мезгилдерди бирге өткөргөнүн козгоп өттү. Театрга да бирге келип, Гүлхандын операдагы партнеру болдум. Биринчи эле эң сонун башкы партнерубуз бул Евгений Онегиндеги Татьяна менен Онегин. Бул романтикалуу лирикалык образды аткарууда Гүлхандын эң сонун партнер экендигин байкагам. Биздин жаштыгыбыз да каармандарыбыз менен жашташ, сырткы келбетибиз да бири-бирибизге төп келишип, бул образдар мыкты ырдалып, мыкты чыккан. Гүлхандын кабагым-кашым дебеген жаркылдаган мүнөзү, досчулуктун, адагерчиликтин эң мыкты үлгүсү деп айта алам. Бекеринен Асанкан Жумакматович ашык болбоптур да. Ушундай улуу дирижердун аялы болгондугу бизди кубандырат.

Азыр да биз бир туугандайбыз. Гүлхан айым десем жарашат, албетте, сага каалоом биринчиден ден соолук, бакыт таалай, жүзгө

www.bizdin.kg



чыгып жашагыла, ошон үчүн бокалдарды дагы бир көтөрүп койбойлубу дешип, столдогу майрамдык тамак-аштардан ырахаттанып жеп отурушту. Кинорежиссер Нуртай Борбиев да өз каалоолорун айтып, бул күндөрдүн төп келишип калганына, ушундай атактуу адамдар кичинекей ресторанымдан даам татып ак тилектерин айтканды- гы үчүн мен ыраазымын. Дариканын музыкалык өргөөсүнүн ичи дайыма шаңга бөлөнүп, чыгармачылыгы арта берсин, Дарика айым сизди да 8-Март майрамыңыз менен куттуктаймын, – деп бокалдар көтөрүлүп көрсөтүү аяктады…

Эми Асанкан Жумакматович да небереси менен столго карап, тамак-аштан даам сызды. Көп эскерүүлөр айтылып, каткырык-күлкү менен ресторанда дагы бир нече саат отурушту…

Андан бери арадан он бир жыл өтүптүр, арабыздан 2008-жылы Асанкан Жумакматович кетти. Анын аш-суусун өткөрүп коюп, Гүлхан Сатаевна келбес жайга кетти. Асек да кетти, Марлен да кетти, Артык да кетти. Табият заңы ушундай тура…

www.bizdin.kg



*«Арча-2011» конкурсуна*

# КАРЫЯ

**(Повесть)**



**Мехмон БАХТИ**

*1940-жылы 25-мартта Тажикстандын Гарм районунун Шуль кыштагында туулган. 1958-жылы Новобаддагы педокуу жайын, 1963-жылы Душанбедеги мамлекеттик techинституттун тарых-филология факультетин бүтүргөн. «Тажикфильмде», жаштар гезитинде, теледе, театрда иштеп, азыр Тажикстандын Жазуучулар союзунун төрагасы, парламент депутаты. 1973–1975-жылдары Москвадагы М.Горький атындагы Адабият институтунда адабий курста окуган.*

*Б. Мехмон бир нече телефильмдердин сценарийлеринин, драмалардын автору. «Вздох облегчения», «Хубон», «Старик» повесттери, «Весть весны», «Илхом», «Сладкие мечты» поэтикалык топтомдору менен таанымал.*

*Чыгармалары орус, украин, кыргыз, молдован ж.б. тилдерге которулган жана республикалык, эл аралык (Россия) сыйлыктарга арзыган.*

Сары кар эки күн тынбай жаады. Үчүнчү күн дегенде түшкө жуук салаңдаган калың булуттар кокту-колоттордон асманга көтөрүлүп, тоолордун чокусунан өйдөлөп, өр тартышты. Бир сааттан кийин асман кудум соргуч кагаздай уюлгуган тумандын боз пардасын өзүнө сиңирип алгансып көпкөк боло түштү. Анда-санда гана ийикчи кемпирдин чыйралтып созгон жибегиндей чубалжыган ак булуттардын арасынан асман жарк этип, көгөргөн көл сыяктуу мемиреп турду.

Карыя жолоочу мусапырлардын кирип-чыгуулары көбөйгөнгө чейин чайкананын алды-артындагы калың түшкөн карды күрөдү. Анан батыш жактагы тооккананын эшигин кең ачып, үн чыгарды: «Тү-тү-тү...» Ичкертен бир короз, үч мекиян өзөргөндөй кукулдап учуп чыгышты. Карыя тоокканадагы чоң көзөдөн бир кочуш жем алып чыгып, тооктордун алдына чачты. Качан гана тооктор жемдин бир данын да жерде калтырбай талашып жеп бүтүшкөндөн кийин карыя алардын баарын кайра айдап кирип, тооккананын эшигин бекем жаап койду.

Карыя үч жылдан бери бир-эки мекиянына жумуртка бастырып, жөжө алды. Узак кыштан эрте жаздагы Ноорузга чейин мусапыр

www.bizdin.kg



жүргүнчүлөргө ысык тамак бышырып бере турган. Ырас, атың өчкүр согуштун ачарчылык, кыйынчылык жылдарында карыя үчүн токо багуу оңойго турбады. Кээде түн катып ит-куш, түлкү, атүгүл ач-жылаңач жүргөн айрым мусапыр жүргүнчүлөр да ушу тоокканага арбак тегеренгендей тегеренишип, уурулук кылышчу. Ушул себептен, ал түндөсү уктабай сак жатууга мажбур эле. Алгачкы жылы аңкоолугунан улам, бир нече тоогун уурдап кетишкен. Ошондо кээ бирөөлөр ага: «Тоокканаңдын эшигине кулпу сал» – деп эскертишкен, бирок карыя аларга кол шилтеп: «Биздин ата-бабаларыбыз эшиктерин кулпу салбастан эле өтүп кетишкен...» – деп, алардын кебине анчейин этибар берген эмес.

Чайкана тегеректеги кыштактардан бир аз оолагыраак, эки чоң жолдун кошулуш жеринде жайгашкан. Тоо арасынан башталган бул эки жол нечен кыяларды, сууларды, адырларды жыландай сойлоп келип, мына ушу чайкананын алдынан бири-бирине кошулат. Саратанда бул чайканада адам аз болгону менен узак кышта андан киши үзүлчү эмес. Кар көп жааган күндөрү мусапыр жүргүнчүлөр көчкүдөн жана борошодон коркуп, жол ачылганга чейин мына ушул чайканада өз үйлөрүндөгүдөй күн өткөрүшөт. Ошондой учурларда мусапырлар өзүлөрүн зериктирбөө үчүн бири кызыктуу окуя айтса, дагы бири казал айтып, ыр ырдачу.

Айтор, мусапырлар мына ушундай айла-амалдар менен кыштын узак түндөрүн кыскартып, дилдериндеги кусалыктарын аз болсо да жеңилдетип алышчу. Мындай кездерде тиги карыя Кудай каалаганын кош колдоп бергендей кубанып кетчү. Чайкананын орто ченине коюлган темир мешке улам-улам от калап, адаттагыдай эле өзүнүн жайына олтурчу да, манжалары менен коюу сакалын акырын сылагылап, мусапырлардын кызыктуу кеп-сөздөрүн, ырдагандарын муюп уга турган.

Он эки жылдан бери карыя ушу чайкананы тейлейт. Алгачкы жылдары райондун керек-жарак коому бу чайкананы чайнек-пияла, кант-чай жана башка жей турган нерселер менен аздыр-көптүр камсыздап турган. Бирок атың өчкүр согуш башталгандан бери баары таңкыс болду. Бу чайканадан сакал-муруту эми түктөнүп чыга баштаган көптөгөн балдарды фронтко жөнөтүп, ал жактан майып болуп келгендерди кучак жайып күтүп алар эле...

Карыя кыйладан бери тоого чыгып келсем деп, ниеттенип жүргөн. Бирок күн сайын лапылдап жааган кар анын сапарына жолтоо болду. Чайканада эки-үч күнгө жетерлик отун калган. Ал кар токтоп, чыкыроон шамал жүрсө эле жолго чыгам деп, эки көзү төрт боло, ошо ыңгайды күттү.

Ооба, ал жыл сайын кышында үч-төрт жолу тоого чыгып, кийик, кекилик, улар атып келчү. Аңчылык менен алектенгенинен бери арадан он жылча өттү. Ар дайым үрөң-бараңда туруп, аңчылыкка жөнөп жатканда, аялы ага кабатыр карап, мындай дечү: «Сен өз ажалыңдан эмес, же аюунун чеңгелинен, же жылбыз менен бөрүнүн колунан өлөсүң».

www.bizdin.kg



Быйыл негедир оң көзүнөн жаш ага турган балээге кабылды. Ушундан коркуп, кээде бир оздуу мылтыгын катып койгон жеринен алып, сыртка чыкчу да, адатынча аарчып-тазалаган соң, мылтыгынын кароолун алыстагы белгиге туштап, көзүнүн курчтугун текшерип көрөт. Бирок кароолду туштап көрө турган көзү дароо эле сууланып, ымыр-чымыр болуп калчу. Ал буга да ишенбегендей көздөрүн тез-тез жумуп-ачып, каректериндеги жашты сыгып чыгарган соң, мылтыгын кайрадан ошо белгиге туштайт. Канчалык урунса да, көздөрүнүн ымыр-чымыры тарабайт. Ошондо да «ooматтын оогонуна» аябагандай кейип калчу. Бирок баары бир тоого чыгуу үмүтү өчпөй, эңсеген оюнан артка чегинчү эмес.

Карыя уулун фронтко жөнөткөндөн кийин калаага барып, мылтыгына ок-дары таап келген күндөн бери тоого чыгуу ниети эч тынчтык бербеди. Чайканасындагы отун түгөнүп, үйдө оозго жук боло турган азык-түлүк калбады. Жүрөгүн мыкчыган ачарчылык ар дайым тынчын алып, башын катырчу. Мына ушул оор абал аны мүмкүн болушунча тезирээк тоого сапар тартууга мажбурлады. Өчөшкөндөй азыр ошончо тооктон болгону бир короз, эки мекиян калган. Аларды союп жегенге дити барбайт.

Карыя бир нече күн мурун тоо текенин терисинен бычылган чокоюна эчкинин майын жоолап, жолго камына баштаган. Көп жылдан бери аңчылык кылып жүргөн тоого чыгып, адегенде үч-төрт текени атып алгандан кийин, этекке түшүп келип, беш-алты көтөрүм кургак отунду жоошакка басып, түз эле чайканага сүйрөп барсам деп чамалады. Жоошак абдан ыңгайлуу ыкма, күчүң жетсе эле үстүнө каалаганыңча басып тартсаң болот.

Түн жарымдан ооп калганда асман тазарып, аяз күчөдү. Карыя кечинде бир калама, бир аз май, өрүк как менен бычагын, тешесин, эки аргамжысын жана алты даана ок даярдап койду. Мурда аңчылыкка аттанганда төрт даана ок алчу, анткени ал өзүнө ишенген, көзгө атар мерген эле. Бүгүн алты ок алганынын жөнү бар, себеби кароолду туштоочу көзү негедир мурдагыдай эмес...

Жарым түндө карыя сыртка чыгып, чайкананын алдындагы калың кардын канчалык катыганын буту менен басып көрдү. Дурус экен, күн жылып, кардын үстүнкү кабаты жибигиче тоонун башына чыгып алам го деп ойлоду. Анан ал тоокканасын тегерете бир сыйра карап чыгып, жан-жаныбардын изи жоктугун байкаган соң, чайканага кирди. Андан соң мындан эки-үч күн мурда кол кабыш кылганы келген жээни Нодиршохту ойготту.

– Тур, Нодиршох, тур, жээним!

– Эмне, жөнөмөк болдуңузбу, таяке? – Нодиршох уйкусурап, эсинеп алды.

– Ооба, жөнөмөк болдум. Ооз кесир кылбасам, бүгүнкү күн олжолуу окшойт мага. – Ал пахталуу шымын кийип, жолго камына баштады.

Нодиршох чайкананын төр жагына салынган кийиздин үстүнө дасторкон жазып, арпа унунан жасалган жарым сындырым нан, бир кесеге сууга

www.bizdin.kg



кайнатылган өрүк кагын койду. Карыя бутуна чулгоосун ороп, чокоюн тартып кийинген соң, дасторконго келип олтурду. Тышта суук шамал улуп жатканы кулагына даана угулат.

Карыя аңчылыкка чыкканда кийчү ак күрмөсүн кийиминин үстүнөн кийип, ок салчу капчыгын, кындуу бычагы менен тешесин белиндеги арканга салаңдатып байлады. Нодиршох азык-түлүк салынган ак баштыкты карыянын жонуна коломеч кылып көтөргүздү. Анан ал колуна куралын алды да жээни менен ээрчишип, сыртка чыгышты.

– Отунду абайла, жээним, Кудай буюрса, көз байланган маалга чейин жетип келем, – деди карыя, коштошордо.

– Таяке, мен тиги оорулуу мусапырдан кабатырмын. – Нодиршох жүзүн шамалдан далдалап, чайкана жакка колун жаңсады.

– Одил түшкө жуук бир аз отун, бир көзө сүт алып келет. Ошо сүткө ун аралаштырып, ысык тамак жасап бер, ага. Ажалы жетпесе айыгып кетер, бечара. Бүгүн же эртең тууган-уруктары да сурамжылап келип калышар...

Айланага ак шоола түшүп, таң агара баштады. Карыянын көз алдында агарган кардын бетинен апакай нур булоо сыяктуу көтөрүлүп, караңгылыкты акырындык менен өзүнө сиңирип жаткандай сезилди. Ал, каткандап басып, үйрөнгөн жолу менен салмактуу кадам шилтеп баратты. Тээтиги бийик тайпаңдын үстүнөн этекте калган чайкана күкүрттүн кутусундай кичине көрүнөт.

Карыя чаташкан ойлордун артынан кубалап, улам өр тарта берди. Кээде ал бул ойлорду бекер эле ойлоп, мээсин ачытканын сезет. Бирок кийин кайрадан санаага батканын өзү да байкабай калат. Ал бул тажаал ойлордон көптөн бери кутула албай жүрөт. Күнү да, түнү да мына ушу ойлордун туткунунан бошоно албайт.

Мындан эки жума илгери кичүү уулу Мирзону согушка алып кетишти. Чоң уулу болсо, эки жылдан бери кан майданда душман менен кармашып жүрөт. Андан кат-кабар албаганына төрт айдын жүзү болуп баратат. Аттиң, ошондо ал обкомдун секретары Шохин Низомго кирип, кичүү уулун жок дегенде бир жылга согуштан алып калса болор эле.

Карыя обкомдун секретары Шохин Низомду эсине келтирер замат кабагы карыша түштү. «Ии, жүрүп-жүрүп, акыры башыңды ийип келдиңби?» – деп, анын атынан өзүн өзү жектеди. Жо-жок, башына мындан да оор күн, мүшкүл иш түшкөн учурда деле анын алдына барып, жардам сураган эмес. Он сегиз жыл чыдады. Он сегиз жыл бою аны менен жолугушуп, дидар көрүшүүнү кечеңдетти.

Күн бир аз көтөрүлүп, айлана көзгө даана көрүнө баштады. Карыя анчейин бийик эмес бөксө тоонун башына чыгып, тегеректе назар салды. Артка кайтып келатканда мына ушул жерден отун кесип, жоошак тартып түшсөм болот деп чоттоду. «Отун го табылат дечи, кептин баары олжонун болушунда» – деп ойлоду ал кыжалаттанып.

www.bizdin.kg



Илгери аңчылык кылчу жерге чейин дагы бир сааттан көбүрөөк жол жүрүү керек эле. Ал, алыска көз кадаган калыбында көпкө ой жүгүрттү. Эсине бир нерсе кылт этип, эки тоонун ортосундагы серилүү торго көз чаптырды. Мына ошо жерден төмөн карай күлүктөнүп, жыландын сыңарындай сойлогон дарыянын азоолонуп агып жатканы, чынжырга тушалган кеме сыяктуу дөңсөөнүн үстүндөгү түздүккө жайгашкан карыянын кыштагы – Дармандын итейген тамдары көзгө кичинекей болуп көрүнөт. Жанатан бери кыжаалаттанып турган карыя кыштагын көргөндөн кийин ого бетер зээни кейиди...

Карыя ар дайым санаага баткан маалда башын сол жагына шылкыйтып: «Бу дүйнө кызык турбайбы! Өмүрдүн күнү да, түнү да көзгө илешпестен, чапкан аттай бат эле өтүп кетет экен», – деп кезерген эриндерин жарым-жартылай ачып, аянычтуу күбүрөнөт. Анан астыңкы эрдин орсойгон саргыч тиштери менен кесе тиштеген бойдон ою онго, санаасы санга бөлүнөт...

* * *

... Дарман – анын жанындай көргөн кыштагы. Негедир соңку жылдарда кыштагы тез-тез түшүнө кирчү болду. Мына, азыр да, бийик тоодо жүргөндө да көңүлү бир боор кыштагына магниттей тартылды. Аялынын боорукер жүзү көз алдына келди. Тигине, уулдарын, ага-инилерин фронтко узатуучу мусапырлардын мекенине айланган ырыскылуу чайканасы да даана көрүндү...

* * *

... Чайкананын ичинен адамдардын сүйлөгөн добуштары угулуп жатты. Карыя асманда түрмөктөлгөн кыймылсыз булуттарга сумсайыңкы тиктеп коюп, чайканага кирди. Баятан бери жакшы эле кобур-собур болуп жаткан адамдар кудум карыяны эле күтүп тургандай демдерин ичтерине тартып, баары ага жалдырап карап калышты. Чайканада мурдагыга караганда бүгүн адам көбүрөөк болчу. Төрдөн босогого чейин тыгыз олтурган жаш-карынын айрымдары согушта көргөн-билгендерин кызуу кеп салып жатышкан.

Карыя төрдөгү элден обочороок, чайкананын орто чениндеги жоон түркүктүн жанында муңкурап олтурган аялы менен уулуна сумсая тиктеп, мештин алдына басып келди. Бүгүн райондун борборунан бир топ аскер жигиттерди фронтко узатып келишкен эле. Ошолордун арасында өзүнүн да уулу бар болчу.

www.bizdin.kg



Чайкананын ичи жылуу болсо деле карыя от өчүп калбасын үчүн бир жоон жыгачты мешке салып койду. Эшиктин сол жагындагы идиш-аяк коюлчу текчелерден чоргосу сынык, аштоосу бар алты чайнек жана бир нече пияла алды. Чайканада саналуу гана чайнек-пияла, жыгач табак, кесе, бир чакан килем жана төрт кийизден бөтөн эч нерсеси жок. Килем чайкананын төрүндө, эки түркүктүн ортосуна ташталып, анын эки четинде узатасынан кийиз салынган. Босого тарапта бош калган жерлерге бүйрө, калың саман төшөлгөн. Орто түркүктүн тушундагы дубалда бир көөнө дутар илинип турат. Ал келген-кеткен мусапырлардын көңүл ача турган эрмеги.

Карыя чайнектерди каз-катар тизип, мештин үстүндө шарактап кайнап жаткан капкара чөгүндү абайлап алды да, чай демдөөгө киришти. Уулу кайнак суу толтурулган чейнектерди бир-бирден көтөрүп, төрдө олтурган мусапырлардын алдыларына таратты. Акыркы чайнекти карыя өзү алып, берети бурчта милиционер менен кобурашып олтурган аскер комиссары Морозовдун алдына апкелип койду да, кабагын салаңдатып, мындай деди:

– Жолдош Морозов, ысык чай...

Комиссар Морозов карыянын билегинен кармап, ага бирдеңке айтууга ниеттенди. Бирок карыя анын сөзүн угууга ынтызар болбостон, мештин жанына басып кетти. Комиссар анын ичиндеги капалыкты сезип, көздөрүн бир чекитке кадаган бойдон ойго чөмүлдү.

Бу аймактагы адамдардын баары аны «Товарищ Мороз» деп аташат. Ал согуштан төрт жыл мурун ушу районго аскер комиссарлыгына дайындалып келген. Аста-секин тажик тилин үйрөнүп, улуу-кичүүгө үйүр ала баштаган маалда, атың өчкүр согуш оту тутанбадыбы! Ооба, согуш башталып, анын суук шапатасы өлкөнүн бардык булуң-бурчуна чейин жетип, адамдардын үрөйлөрү учуп, элди кам басты. Көптөгөн үй-бүлөлөрдөн күн сайын ызы-чуу, озондогон ый угулуп, эр-жигиттер фронтко аттанып жатышты.

Карыя мештин оң тарабында момурайып отурган аялы менен уулунун жанына келип, көчүк басты. Оң колунун ичке манжалары менен ээгиндеги калың, барпайган сакалын улам-улам тарады. Мостойгон аялы уулунун жол азык салынган баштыгынын оозун чечти. Анын ичинен загара нан, жаңгактын маңызына аралаштырган бир кочуш тыт алып, алдыларына жазылган дасторконго койду.

– Сен бул жерге келбесең деле болмок, – деди карыя аялына, акырын күбүрөнүп.

Кемпири баятан бери демин ичине катып, буркурап ыйлап жибере жаздагыдай абалда сыздап олтургандыктан, карыянын бул кебин укканда жүрөгүнө бук батпай кетти. Көзүнүн жашын тышка чыгарбастан, араң эле турган болчу. Эми болсо каректеринен сарыгып чыккан жашты жоолугунун учу менен сүртө баштады.

www.bizdin.kg



– Эне, жолката ыйлап келгениң аздык кылдыбы? – деди уулу Мирзо энесин сооротууга аракеттенип.

– Сен уктуңбу, атаңдын кебин? Мен бул жерге келбей коюшум керек экен! – Кемпир өзүн токтото албады окшойт, карыяга бетин буруп, ичиндеги арыз-муңун ачыкка чыгаргысы келди: – Мирзожан али жаш, аны аскерге албайт деген элеңиз. Мына, сиздин кенебестигиңизден баламды аскерге алышты! Сизди райондогу улуу-кичүүнүн баары билишет. Ошо чоңдордун алдына бир жолу кирип, абалды түшүндүргөнүңүздө, сизди мына бул жылуу жайыңыздан эч ким ажыратпас эле. Расулжанымдын аскерге алып кетишкенине эки жыл болгон жок... Төрт айдан бери андан кат же кабар жок. Бул күйүт азырынча жети өмүрүмдү жерге киргизип, жегенимди заар кылганы өтүшүп турганда, эми мунусун да душмандын огуна... Ошо чоңдордун өзүлөрү бала өстүрүшпөдү бекен? Кантип эле биздин акыбалыбызды көрүп-билип туруп... Өх, дартымды кимге айтам эми? Эмне, мен мында чеки келипминби?..

Карыя аялынын пейилин жакшы билет. Эгер азыр ага бир ооз сөз кайтарса бүттү, ушу жерде кыямат-кайымды баштайт. Жини кармаса бар болгон үнү менен айгайлап, бетин тытып, чачын жулуп таштоодон да кайтпайт. Ушундан-улам аялынын жемелеп сүйлөгөн сөзүн аягына чейин үтүрөйүп угуп, көкүрөгүндөгү бугу бир аз бөксөргүчө тиштенип, сабыр кылып турду.

– Үч жумадан бери үйүңүздүн босогосун бир жолу да аттабадыңыз, биздин ал-акыбалыбыздан кабар албадыңыз. Сиз мына бул ысык чайканада эл менен мазе кылып жыргасаңыз болду, башканын камын жебейсиз. Бирөөлөргө кызмат өтөсөңүз жетишет окшойт! Эки неберeңиз менин мойнумда, алымдын таңдыгына ичиңиз оорубайбы? Кечээ неберелердин экөө тең таптары айнып...

– Эне! – Мирзо энесинин жеңинен тартып, башын чайкады.

– Назокат менен Назим?! – Карыя коркконунан көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй чекчейип, аялына жалооруй карады.

– Жок, анча деле эмес, бир аз ысытмалашты. Бүгүн Кудаага шүгүр, кыйла сакайып, эликтей мотураңдап ойноп калышты, – деди Мирзо атасынын көңүлүн тынчытууга аракеттенип.

Чайкана менен алар жашаган кыштактын аралыгы он–он эки чакырымдай. Карыя чайканачы болуп иштегенден бери үйүнө тез-тез барып, майда-барат ишти бүтүрүп, анан кайтчу. Бирок азыр аялынын бакырганы бекеринен эмес эле. Өткөн жумада негедир өзүнчө бушайман болуп, колу ишке барбай, көңүлү чөгүп жүрдү. Ал тургай эки-үч күн бою чайкананын бир бурчунда бүк түшүп жатты. Айылдаштарына: «Менин ооруганымды үйдөгүлөргө айтпагыла» – деп, аларды санаага салгысы келбеди.

– Ой, өлбөсөм, чоочун адам укса уят эле, уулун аскерге алып баратса, атасы кабарсыз... – Кемпир жанындагыларга этибер бербестен дагы

www.bizdin.kg



сүйлөндү. – Мени чеки келипсиң дейсиз, а мен келбесем, мына бу баламдын алы не болор эле? Сиз чайканадан карыш чыкпасаңыз... Тобо, баласы аскерге жөнөп жатса, атасы андан бейкапар.

– Эне, акырын сүйлөңүзчү! Бардыгы бизге карап жатышат, – деди Мирзо энесине өтүнүп.

– Ой, катын, сен түшүнгүн да, канча күн бою ооруп жатып калдым, анын үстүнө аба ырайы да өчөшкөндөй улам бузулуп, борошо токтогон жок! – Карыя аялына акырая карап ордунан турду да, мештеги отту ичкертти.

Элдер кечки чайды ичкенден кийин топ-топ болушуп, маекке өтүштү. Көпчүлүгү сумсайышып, бири-бирине муңдуу тиктешет. Комиссар Морозов биртике кагазга тамеки ороп, мештин жанына келди да, калакка сузуп алган чокко анысын тутандырып, сыртка чыкты.

Карыя мештеги оттун табы пастаган соң, мусапырлар чыйрыгып калбасын үчүн тышта жарып койгон жыгачтан үч-төрттү апкелип, кыпкызыл чоктун үстүнө ыргытты. Антпесе, бу бечаралардын баары олтурган жерлеринде кыйшайып, жамынчысыз таң атырышат.

Ал сыртка чыгып, тоокканасын адаттагыдай бир сыйра карап чыкты. Дагы беш-алты жоон-жоон жыгачты ичкери кучактап кирип, алоолоп күйүп турган мештин алдына жыйып таштады. Анан аялы менен уулунун жанына келип, унчукпастан олтурду. Тышта бороон бөрүдөй улуп жатты.

– Мирзо, кел садагам, сен да жатып эс ал. Эртең алыс жолго чыгасың. – Карыя киркиреген үн менен күбүрөп уулунун башын тизесине койду. Аялы көзүнүн жашын токтото албай жер тиктеген бойдон ойлуу. Карыя да ойго чөктү...

* * *

Как төбөсүнөн капилет учуп өткөн самолёттун күрүлдөгөн добушу карыянын алыска чабыттаган кыялын бузуп жиберди. Асманга чалкалап караса, эки канаттуу жашыл түстөгү кичинекей самолёт кар каптаган бийик тоолордун үстүндө араң эле кайкып, райондун батыш тарабын көздөй аста учуп баратыптыр.

Карыянын улам барган сайын кайраты азайып, деминин кысылганы жана алдан тайган буттары азапка сала баштады. Ал суукка карабай кардын үстүнө алсыз кадам таштап, кара терге түшүп, өр тартып баратты. Өтүгүнүн өкчөлөрүнө ишенбей, кардын үстүнө олтура калып, белиндеги жиптердин бирин таманынын орто ченине бекем таңды. Аз гана тыныгуудан кийин кайра өр тартты. Көздөгөн жерине тезирээк чыгууга шашылды. Учугу үзүлгөн кыялын кайрадан улап, ошого алаксып, аз болсо да чарчаганын эсинен чыгаргысы келди...

www.bizdin.kg



* * *

Таң агарып ата электе карыя менен аялы таттуу уйкудан ойгонушуп, алыс сапарга чыга турган аскер балдарга ысык тамак бышыруу үчүн үч тоокту мууздашты.

Комиссар Морозов кечинде эртелеп алыс сапарга чыга тургандыктарын карыяга эскерткен болчу. Эки тоокту тезинен бышырып, алты жыгач табакка сорпосун куюп, адамдардын алдыларына коюшту. Комиссар менен милиционерлерге чыныга куюлду. Карыя аялы, уулу менен чогуу олтуруп тамактанышты. Адамдар дасторкондогу катуу нандарды сорпого чокчо кылып туурап жеген соң, баары жабыла карыяга жана аскерге жөнөп жаткан уулуна ак бата беришти. Карыя адамдардын курсактары тоюп, ыраазы болушканына кубанды.

Морозов ордунан туруп, аскер балдарды сыртка чыгып, катарга тизилүүлөрүн буюрду. Карыя бышырылган бир тооктун этин жука нанга ороп, уулунун баштыгына салды. Анан уулунун башынан бутунун учуна дейре аянычтуу карап, көздөрүнө жаш алды. Мирзо атасынын сумсайганын дароо сезип, көңүлүн көтөрдү:

– Камтама болбоңуз, ата. Бутум жылуу эле, ичинен жүн байпак кийгенмин. Чапанымдын пахтасы дагы калың.

– Куржунду өзүм көтөрүп чыгам, сен жолдошторуңа чурка! – Карыя жердеги куржунду бир колу менен өйдө көтөрүп, оорлугун салмактап көрдү да, жанындагы көз жашы токтобой шолоктогон аялына астыртадан карап койду.

Аялы бешенесин түркүккө жөлөп, боору эзилип ыйлап жатты. Комиссардын өкүм үнүн уккан аскер балдардын баары чайкананын алдына топурап чыгышып, катарга тизилишти. Аларды узатып келген адамдардын баары баштык, куржундарды көтөрүшүп, балдардын артынан дуу жүгүрүп чыгышты. Карыя мусапыр жүргүнчүлөрдүн бирин чайканага баш-көз болуп тургун деп табыштады. Көңүлүн тынчытты. Чайканага баш-көз болчу бул арык, ноочa адам карыянын эски таанышы, ашуудагы кар азайып, көчкүлөр көчүп түшмөйүнчө мына ушул чайканада күн өткөрө турган мусапырлардан. Тополоңдо карыя үчүн андан бөтөн ишеничтүү адам көрүнбөдү.

– Болду, көп ыйлаба, – деди карыя аялына аянычтуу тиктеп. – Азыр Назир келип калат мында. Мага кара, энеси, Назир мени көрмөйүнчө бул жерден кетпейт. Мирзону Дүйшөмбүгө чейин узатып кетти дегин. – Карыя негедир Сталинабад дебестен, шаардын мурдагы атын атады. – Ошону менен кошо үйгө кеткин! Уктуңбу? Өзүң жалгыз кетпе дагы! – Ал аялын аяп, аны аянычтуу караган соң, уулунун жол азык салынган куржунун «я, пирим» деп мүрүсүнө таштады.

www.bizdin.kg



– Жол каржыны эсиңизден чыгарбаңыз! – деди аялы каргылданган үн менен. – Улам-улам насаат кылыңыз, дагы насаат кылыңыз. Өзүн ок-соктон, курал-жарактан оолак алып, сактанып жүрсүн. Өх, шордуу бешенем! О, оор күн түшкөн бактысыз башым!

Чайкананын этек жагындагы эки чоң жолдун кошулган жеринде аскер балдар каз-катар тизилип турушту. Жер агарып, таң жарыла баштады. Комиссар Морозов аскер балдарды Дүйшөмбүгө чейин жоокер кийим менен барууларын катуу эскертти. Анан үч атчан батышты көздөй жүрүп кетишти. «Жакшы болбодубу, аттардын туяктары карга из салып барышат» – деп сүйүндү карыя.

Ошентип, жолго түшүштү. Карыя куржунду мүрүсүнө таштап, адамдардын алдына өтүүгө жүткүнгөндө, аялынын зыркырап ыйлаган аянычтуу үнү кулагына шак эте түштү. Артына бурулуп караса, аялы эчак чуркап келип, Мирзонун мойнунан бек кучактап алыптыр. Адамдар аны уулунан ажырата албай тарткылап жаткан экен. Карыя муну көргөндө жүрөгү сыгылып, ордунда таш болуп катып калды. Аялынын зар какшаганына боору эзилип, заманасы тарыды.

Ал ушу, ушу саатка чейин адам деген бу жарык дүйнөгө жалаң гана азап чегүү, кам санап өтүү үчүн жаралат деп ойлочу. Кызык, керек болсо мансаптуу, дөөлөттүү адамдардын да, шах, вазирлердин деле өзүнчө бир жетишпегени, кемчил жактары болот, албетте. Айтор, мейли ал ким гана болбосун, ар бир адам турмуштун өйдө-ылдыйына, азаптозогуна, оор мүшкүлүнө дайыма даяр турушу керек. Байкап көрсөң, бу тирүүлүк өзүнүн ысык-суугун ар бир инсанга кудум таразадай так өлчөп бөлүштүргөн сыяктанат. Ушундай болгон соң, алдын-ала кам саноонун, кыжалат тартуунун кандай мааниси бар?

Ырас, карыя азыр аялынын кейпине карап туруп, чыдамы түтпөгөнүнөн жүрөгү ойноктоп, эриндерин кесе тиштеди. Мына ушул боз уландардын баары, алардын ичинде өзүнүн бир боор перзенти да өлүм менен, каардуу душман менен беттешүү үчүн эл-жерден жөнөп баратышканын жакшы сезип турду. Өткөн жумада коңшу кыштактардан жана өзүнүн айылынан фронтко кетип, ошоякта курман болгондордун кара кагаздары, суук кабарлары келгени эсинен чыга элек. Аны эстегенде дикилдеген жүрөгү коркунучтун чеңгелинде калды.

О, бечара карыя, ушу жашка келип, эки эле уулдуу болсо, бүгүн алардын экөө тең кандуу майданда... «Кудайым өзү сактасын ылайым», – деп терең улутунуп койду ал. «Жо-жок, кайгы-капа, тирүүлүк түйшүгү эзелтеден эле адамдарга бирдей бөлүштүрүлбөгөн экен. Сөзсүз түрдө бирөөгө көп, бирөөгө азыраак... Бирок канткен менен кайгы оор болсо да, жеңил болсо да, баары бир кайгы да! Убакыт-сааты жеткенде ким эле болбосун бешенесине жазылган жазмышты көрөт тура. Ылажыбыз канча, бүгүн мына ошо кайгы биздин башыбызга түштү. Муну жеңүү үчүн жалаң гана кайрат, сабырдуулук, чыдамкайлык керек!»

www.bizdin.kg



Карыяга бул ойлор дем бергенсип, өзүн кыйла жеңил сезди. Аялынан көзүн албай карап турганда, арт жактан комиссар Морозовдун кыйкырганы угулду!

– Ризо баба, жолдон калбаңыз! Кечиктик!

Карыя жолго түштү. Аялынын сыздап ыйлаган муңдуу үнү кыйлага чейин кулагына кайра-кайра угулуп баратты. Оң колу менен мүрүсүнө артылган куржундун көзүн бекем кармап, чиеленген ойлордун туткунунан арыла албай, алсыз кадам шилтейт. Чыйралган саргыч муруттуу орто бойлуу милиционер тез-тез басып, артынан жетип алды. Карыя белестин кырына чыгып, артына кылчайып карады. Комиссар аскер балдарды коштогон узатуучулардын эң артында гүрпөңдөп келатыптыр. Адамдар бир катарга тизилишип, калың карды жиреп, алга жүткүнүшүүдө...

Түнкү саат он чамасында Дүйшөмбүнүн темир жол вокзалына арыпчарчап жетишти. Вокзалда адам көп. Кымгуут. Ызы-чуу болуп жүргөн адамдардын арасынан кээде бооруңду эзип, сыздап ыйлаган аялдардын аянычтуу үндөрү угулат. Карыя мүрүсүндөгү куржунду жерге түшүрүп, тизелеп олтургандан кийин далысын муздак дубалга жөлөдү да, вокзалдагыларга мостоюп карады. Жоокер балдар ар кайсы жерде тизилип, аскердик кийим кийген офицерлер тынымсыз ары-бери басып, тияк-биякка көз салышат.

Карыянын баамында мындагы адамдардын баары ушул тапта кайгыга баткандай кыжалат болчу. Ал ушинтип ойго батып турганда, уулу Расулдун сүйкүмдүү элеси көз алдына пайда боло калды. Түрүнөн тиги аскер адамдарга окшоп тынчсызданып, колундагы жарагын көкүрөгүнө алган бойдон, кыраакылык менен ары-бери басып жүргөнсүйт. Мына, эми анын көз алдына ок жааган согуш майданы тартылды. Ээн талаанын орто ченинде уулу Расул курал-жарагы менен жалгызсырап тургансыйт.

Тигине, ылдыйдан катуу шамал козголуп, ээн талаада бозоргон чаңды асманга сапырды да, уулун мына ошо бозомук чаңга сиңирип, белгисиз жакка учуруп кетти... «О, Кудай! – деп жиберди карыя жүрөгү дүкүлдөп. – Эми экөөнү тең сага тапшырдым, мээримиңди төгүп, канатыңдын астына алгын. Менин балдарымдын ооздорунан эне сүттөрү кете элек али...» Карыя коркконунан кара терге түшүп, өзүнчө шыбырай сүйлөндү. Поезддин узактан-узак ышкырган үнү кулагына угулган кезде, алкымына бирденке кептелгендей мостоё түштү.

– Ризо баба, о Ризо баба! – Сакалы чокчо, бою кыска киши карыянын жанына чуркап келди. – Азыр поездге чыгышат. Сизди Мирзо издеп жүрөт.

Карыя шашып ордунан турду. Алдындагы куржунду мүрүсүнө таштап, жанагы сакалдуу кишинин артынан гүрпөңдөп жүгүрдү. Чуркап чыкса, жоокер балдар эчак катарга тизилип, Морозов жана дагы бир топ аскер адамы аларга бирденкелерди айтып түшүндүрүп жатышыптыр. Бир

www.bizdin.kg



аздан кийин Морозов колундагы тизмени жанындагы офицерге берип, катардагы жоокерлерге олуттуу кайрылды:

– Балдар, убакыт аз калды! Жакындарыңар менен бир сыйра коштошуп алгыла да, тезинен вагондорго чыккыла! Охо-о, башталды го, сабыр кылыңыздар! – Морозов бир-эки кадам алга басып келип кыйкырды. – Акелер, бабалар, антип кыйкырык салбай жөн-жай коштошуңуздар! Күн аябай суук. Тезинен коштошуңуздар, тезирээк!

Карыя куржунду жерге коё электе уулу Мирзо чуркап келип, атасын бек кучактады. Айлананы ыйлап-сыктаган энелердин озондогону, өңгүрөгөн ата-бабалардын кайгылуу үнү каптады. Ушу ызы-чуу аралаш ар кайсы туштан офицерлер: «Коштошуу бүттү!», «Поездге чыккыла!» – деп кыйкырышса да, адамдар ага кулак салбай: «О, Кудай ай, эми алып кетишеби?» – дешип бакырып жиберишти. Карыя куржунун жерге ыргытып, уулунун мойнунан үстөккө-босток жыттады. Көздөрүндөгү көлкүлдөгөн жашты көргөндө жүрөгү кабынан чыгып кетчүдөй катуу туйлап, минтип өпкүлөдү:

– Эркек киши деген көзүнөн жаш чыгарбайт! Бул оор күн бир эле биздин эмес, жалпы элдин башына түшкөн иш, балам! Кудай буюрса, силер фронтко жетип барганыңарча согуш басылат. Кара жаныңды бөөдө кырсыктан сакта, кыраакы бол, балам! Жолдошторуңдан эч качан алыстаба!

Карыя уулуна дагы көп насаат айткысы келди эле, бирок жүрөгү сыгылып, деми ичине түшүп кетти. Өзүн кармоого канчалык далалаттанса да, баары бир өзүнүн армандуу көздөрүнөн жаш сызылып, көөдөнү бүлкүлдөй берди. Алыс сапарга аттанган уулун кейитип албайын деген ойдо алаканы менен көздөрүн сүртүп, кайрат кылууга аракеттенди.

– Ризо баба, кабатыр тартпаңыз. Мирзону жана анын шериктерин азырынча согушка алып кирбейт! Үч-төрт айга чейин машыктырып, үйрөтүшөт. Ошондон кийин гана майданга чыгышат. – Баягы, мурутчан милиционер карыянын жанына басып келип, көңүлүн көтөрүп койду. – Эми жакшылап ак батаңызды берип, өзүңүздү бакубат кармаңыз, Ризо баба! Уулуңуз вагонго тезирээк чыгып, жакшыраак жай ээлесин.

Тополоңдо бири-бирин түрткүлөшкөн балдар вагондорго топурап чыга башташты. Кайсы бир бурчтан кимдир бирөө: «О, калайык, баштыгымды уурдап алышты!» – деп, жаны кашайгандан бакырып жатты, бечара. Карыя чепкенинин ички чөнтөгүнөн бир нече сом пул алып, уулуна берген соң, куржунду өйдө көтөрүп, анын мүрүсүнө койду:

– Кош бол, уулум, Кудайга аманат тапшырдым! Эгер согушка... согушка алып кирчү болсо, агаңды издеп тапкын. – Карыя ыкшып жөтөлгөндөн кийин добушу баягысынан кыйла бийигирээк чыга баштады: – Ошент, кандай болбосун агаңды даректе! Сак бол! Өзүңдү жоготпо...

Поезд катуу чаңырып, вагондорду бири-бирине ырайымсыз кагыштыргандан кийин алга карай аста-секин жыла баштады. Карыя ызы-чуу

www.bizdin.kg


болуп ыйлап жаткан калың элдин арасында акыл-эсин жоготкондой селейип калды. Көз алдынан алыстап бараткан поездди кыйлага чейин тиктеп турду. Эң акыркы вагон жанынан өтүп кеткенден кийин жүрөгү шуу эте түшүп, өзүн өзү жемеге алды: «Эмне үчүн акеңди издеп табарың менен бизге тезинен кат жазгын деп эскертпедим! Жолдуката эстеп келип, өчөшкөндөй ушу жөнө-жөнөдө унутканымды карачы...» Ал суз тартты. Ызы-чуу түшкөн көпчүлүктүн шары менен вокзалдан бир канаты сынгандай теңселип чыкты.

Бул күнү ал Шохмансур базарында кирпик какпай таңды атырды. Түнү бою санаага батып, кыйналды. Жүрөктүн үшүн алган ой-санаалардын туткунуна түшүп, сай-сөөгү сыздады. Ойлогон сайын башы жарылып кетчүдөй лукулдап ооруйт. Эртеси өзүн алдакандай сезди. Алыс жолдо үйгө кантип жетер экенмин деп, ичинен кабатыр тартты. Калың кар басып жаткан машакат жолду көз алдына элестеткенде, эси оой түштү. Эртең мененки чайды ичери менен илгертен тааныш болуп калган саякатчынын үйүнө барды. Ал жерден азын-оолак дары, чачманын огун таап, кыштактан чогуу келген адамдар менен жолго чыкты...

* * *

... Карыя тээ бийик аскадан чыңкылдый шумкуп, өзүнөн анчалык деле алыс эмес жердеги карга келип коно баштаган кекиликтерге көзү түштү. Кекиликтер аны байкабастан, акырын жөргөлөп, ага жакыныраак келишти. Карыя шыбырт угузбастан барпайган арчанын артына жашынды. Чачмасынын оозуна кептеген чүпүрөктү жулуп алып, бачым октоду. Бирок негедир экиленип калды: ал бул жерге кийик атуу үчүн келген. Эгерде, азыр үч-төрт кекиликти деп, тоо-ташты жаңыртып ок чыгарчу болсо, анда жака-белдеги кийиктердин баары үркүп, качып кетери шексиз. «Кечке чейин бир да кийикке туш келбесемчи? Жок, алар азыр үңкүрдө, таштардын астында, кемерлерде кепшеп коюп жатышат го...» Бирок, мына мен деп алдына түшүп келген даяр ырыскыдан неге кур калат? Үч-төрт кекиликти атып алса жаманбы? Уучулуктун эрежеси ушундай эмеспи: насип кылып турган нерсени өз убагында жайлап алсаң алдың, антпесең акыры эмне болорун ким билет? Кой, андан көрө...

Карыя мылтыгынын кароолун кекиликтерге туштап, алардын ачыгыраак жерге топтолушун чыдамсыздык менен күттү. Этияттык үчүн чөнтөгүнөн кол аарчысын сууруп, чымыраган көзүнүн жашын сүртүп кургатты. Тигине, бир топ кекилик түзгө жөргөлөп чыгышып, карыя болжогон жерге жакындашты. Ал: «Я, пирим, медет кыл эми» – деп, кекиликтерди туштап, мылтыкты атып жиберди. Анан ордунан ыргып туруп, ошоякка чуркап барды. Анда-санда гана чачылган канаттар көзгө

www.bizdin.kg



урунат. Карыя кардын бетине кан тамды бекен деген ой менен эңилип тиктеди. Өчөшкөндөй бир дагы тамчы кан көрүнбөдү. Мына ошондо ал аткан огу тийбестен сая кеткенин билди. Колдору шалдайып, сумсайып калды. Өзүн өзү жемелеп, асманга бой тиреген алп тоолорго назар салды.

Карыя мурда уучулукту дал мына ошо тоолордун этегиндеги тайпаңдан баштап, каалаганынча олжо тапчу. Ооба, ал ар дайым ууга чыгар алдында мына ошо алп тоолордун этегиндеги тайпаңды көз алдына элестетчү. Чайканага ишке орношкон кезде ал жергиликтүү мергенчинин кеңеши боюнча ушу жерге ууга чыккан. Мына ошондон бери ал бир жолу да бияктан олжосуз кайта элек эле. Көптү башынан өткөргөн мергендер эч качан: «Бүгүн уум оңунан чыгат, сөзсүз түрдө олжолуу кайтамын» – деп алдын-ала дамбрасын кагышпайт. Анан калса, андай адамдардын оңунан чыккан иштерине караганда, чыкпай калгандары көбүрөөк болору шексиз. Ниети түз карыя мына бу тоолорго арзып келген сайын буюрган насибин таап кайтчу. Кантсин бечара? Белинде күчү, көзүндө курчу бар кезде ырыскысын таап, тирүүлүгүн өткөрүшү керек да.

Карыя азыр ушундай армандуу ой менен илгертен бери уучулук кылып келген арчалуу тоолорго жалбарып тиктеди. Бепайда ок чыгарып, асказоолордун койнундагы бейпилдикти бузганына аябай өкүндү. Көздөн учкан тайпаңдан ары тыз коюп качып бараткан үйүр-үйүр кийиктерди көргөндө ого бетер жаны ачып, сөөк-саагы сайгылашып алды. Каап, эми тайпаңдын ары жагындагы чоң кемерди айланып, кийиктерге жетиш ал үчүн кыйла мүшкүл иш сыяктанды. Эми кантет? Чайканада ачкалыктан алсырап жаткан мусапырлар көз алдына элестеди. Алар азыр карыянын олжолуу кирип келишин чыдамы кетип күтүп жатышат.

Ал чепкенинин этегин кайрып, кардын үстүнө талпайып олтурду. Канткенде бул жерден олжолуу кайтуунун айласын издеди. Бул убакта күн чокудан өйдө көтөрүлүп, калың булуттардын сөгүлгөн жеринен жарк этип, илебин күңгөйгө чачты. Уучулук кылчу тайпаңдын тушундагы кемерден бир чоң бүркүт учуп чыгып, канатын жай каккылап, карыянын төбөсүнөн өтүп кетти. Ал чачмасын октоп, ордунан турду да, тайпаңды көздөй жөнөдү. Он–он беш кадам койгон соң, баяраакта учуп өткөн самолёттун добушу кайрадан угулду. Самолёт карыя турган жерден алысырак аралыкта, эки тоонун арасында калтырап-титиреп, негедир кыйналып учуп баратты. Ал карыянын көзүнө кудум катуу шамалга туруштук бербей, бирде артка, бирде алга канат серпкен алсыз чабалекейге окшоп көрүндү.

Бир аздан кийин самолёттун үнү баягысынан өзгөрүп, моторунан карсылдаган добуш чыкты. Анан күтүлбөгөн жерден тумшугу төмөн шукшурулду да, шуулдаган бойдон жалама тоонун бооруна өзүн урду. Карыя самолёттун тумшугу карга сайылганын, анан артка карай жылмышып барып, бир чоң ташка такалганын даана көрүп турду. «Бу

www.bizdin.kg


өңүмбү же түшүмбү» – деп, айран-таң калды. Эмне кыларын билбей, көздөрү чекчейет. Эгерде самолёт түшкөн жерден капкара түтүн асманга көтөрүлбөгөндө, ал дагы көпкө чейин ушинтип катып турат болчу.

Ооба, мына ошо кара түтүн анын үрөйүн учуруп, тынчын кетирди. Ошол замат ылдыйга жүгүрдү. Шашылышта кимдир бирөө анын бутунан кармап алгандай чалкасынан жыгылып түштү. Эгер ал кардын үстүндө оркоюп турган учтуу ташты кармоого үлгүрбөгөндө, бийик жардан ары учуп кетет болчу. Ал: «Я, пирим» – деп ордунан турду да, колунан ыргып кете жаздаган мылтыгын мүрүсүнө асынды. Анан түтүн чыккан жакка чуркады. Кырсык болгон жерге тезирээк жетүүгө ашыкты. Чепкенинин этегин астына төшөп, учтарын бек кармаган бойдон боордон ылдый жылмышты.

Карыя кырсык болгон жерге келип, самолёттун сол канаты менен куйругу бөлөк-салак ажырап, тегеректе чачылып жатканын көрдү. Асманга уюлгуп көтөрүлгөн түтүндүн арасынан сүйрү таштын жанында чалкасынан аңтарылып турган самолётко коркунучтуу тиктеди. «Ой, тобо, учкучу каякта калды экен?» – деп ойлонду ал денеси дүркүрөп. Анан самолётко жакыныраак келип, майрыйган канатынын астынан өрмөлөп өттү. Таштын асты жагында колу-буту сунулуп, курсагы менен карда жаткан адамды көрдү. Ошол замат анын жанына ыргып түшүп, оң жак капталына аста оонатып карады да, жарадардын ыраңынан коркконунан жүрөгү лакылдап, «кокуй!» деген бойдон артка кетенчиктеди.

Анын көз алдында башы-көзү сыйрылып, кыпкызыл канга боёлгон обкомдун секретары Шохин Низом кыймылсыз жатты. Карыя шашканынан жыгылып кетип, кайра турду. Мүрүсүндөгү мылтыгын карга сая коюп, секретардын көйнөгүнүн түймөлөрүн бошотту. Анан аста өбөктөп, көкүрөгүн тыңшады. Кудай жалгап, жүрөгү түрсүлдөп согуп жатыптыр. Ал өйдө туруп, төмөнтөн томолонуп барып токтогон Шохин Низомдун каракүл тумагын көрдү. Кар чаңдата барып тумакты алып келип, секретардын канга боёлгон башына кийгизди. Ошондо да Шохин Низом көзүн ачкан жок. Карыя чөк түшүп, аянычтуу үн менен кулагына: «Шохин, о, Шохин», – деп акырын сүйлөдү. Сууктан көгөргөн колун ысык деми менен жылытып, акырын ушалады.

Арадан кыйла убакыт өткөндөн кийин Шохин Низом эсине келди. Көздөрүн жарым-жартылай ачып, кимдир бирөө тигилип турганын байкады. Кудай жалгап ууртун кыйшайтып, болор-болбос үн чыгарды:

– Петя, сен ти...

Карыя анын сөзүн түзүк түшүнбөй, оозун кулагына жакыныраак апкелип сурады:

– Шохин, өзүңдү бекем карма. Мени тааныбадыңбы? Бу менмин, мен... Ризо! Эми тааныдыңбы? Ризо...

Шохин Низом көздөрүн араңдан-зорго ачып, карыяга бир нерсе деп сүйлөмөкчү болду, бирок жарааты ага болбоду.

www.bizdin.kg



Карыя кимдир бирөө башына муштап жибергендей зырт эте түштү. Ыргып туруп, Шохин Низомдун канталаган көздөрүнөн суук нерсенин белгисин сезип, эки жагына элеңдеп карады. «Токточу, Петя дегени самолёттун учкучу болуп жүрбөсүн? Бу учкучун айтып жатса керек». – Өзүнчө күңкүлдөдү ал.

– Азыр, иним, азыр. Кабатыр болбо, Петя дегениңди издеп табам. Кудай жалгап, ушу тегеректе эле сак-саламат чыгар, – карыя Шохин Низомдун көңүлү жай алсын үчүн үнүн бийигирээк чыгарып сүйлөдү. «Учкучтун абалы кандай болду экен?» деген ойдо түтүнү асманга көтөрүлүп жаткан самолёттун жанына келди. Жалпак таштын үстүндө бир жак капталына жантайган самолёттун учкуч олтурчу кабинасы төмөнтөн даана көрүнүп турду. Бирок ташка тийип жанчылган астыңкы бөлүгү жакшы көрүнбөй жатты.

Быркырап сынган айнектин тешигинен баш багып караса, учкучтун белинен төмөн жагы кабинанын астында кыпчылып калыптыр. Көз айнегинин бир жак көзү сынып, бешенесинен ылдый сызылып аккан кан таштын үстүнө тама берип, карга сиңип жатыптыр. Карыя дароо эле паска сойлоп кирип, учкучтун башын өйдө көтөрүп карады. «Бу бечаранын жаны чыкса керек» – деп денеси дүр-р этип алды. Үмүтү үзүлдү. Оюна нелер гана келбеди. «Бу не деген кайгы, не деген бактысыздык! Бири өлүп, бири тирүү калыптыр. – Тирүүнү өлүк менен кошо алып кетсе, дурус эмес го... Өлүктү мында таштап кетүүгө да болбойт. Ит-куш деген бар, түн ичинде тытып жеп кетишет. О, Кудай, эми кантсем?.. Мунун бир гана жолу бар: тирүүсүн тез арада түзгө алып түшүү керек. Ооба, ошентиш керек...»

Түрмөктөлгөн сур булуттардын арасынан баш баккан күндүн алтын найзалары жерге сайылып турганы менен кыбыладан жорткон муздак шамал бети-колду караган аймагандай тызылдатып ачыштырат. Сөгүлгөн булуттардын арасындагы асман алыста чалкып жаткан көпкөк көлгө окшошот. Күн жылуу нур чачып, абаны ысытканы карыяга кыйла дем берет. Анткени күндүн ысыгы каткан кардын бетин жумшартат. Жарадарды жоошак менен этекке алып түшүрүү кыйла жеңил болчу.

Ал самолётту ыйынып-ычкынып көтөрүп, таштын үстүнө түздөп койгусу келди. Эптеп түздөсө эле учкучту өзү олтурган орундукка жайлап алмак. Мына, самолётту чымырканып өйдө көтөрүп жиберди эле, таманына көмкөрүлө түштү. Анан ал анын үстүнө тырмышып чыгып, кабинанын ортосундагы темир тосмону тешеси менен ургулап, жулуп таштады да, учкучту этияттык менен сулайтып жаткырды. Кайра жерге секирип түшүп, канаттын сынган бөлүгүн көтөрүп чыгып, өлүктүн үстүнө эптеп бастырган соң, бир аз ойлонду: «Ит-куш муну да көмөрүп салат го».

Ал дагы секирип түшүп, тешеси менен эки чоң ташты чукулап бошотуп, өлүктүн үстүнө жапкан тунукенин эки башына зыңкыйтып бастырды. «Эми ишеничтүү болду, эртеңге чейин тынч-аман турат. Бечара учкуч,

www.bizdin.kg



мунун да аялы, жаш балдары бардыр... Э, тобо, бу шордуулар ушундай тынч күндө, согуш отунан алыс жүрүп жабыр тартышты. О, атың өчкүр согуш! Бул да болсо, ошо таш боор согуштун кесепети! Эх, алжыган карыя, жөөлүй турган маалды куп таапсың!» – деп өзүн өзү жемелеп да койду акырында. Эми ал Шохин Низомду кантип чайканага жеткирүүнүн камын жеди.

Карыя обкомдун секретары Шохин Низомдун алынан кабар алган соң, тешесин белинен сууруп, барпагай арчанын эки чоң бутагын кести да, экөөн жанаштырып, ортосуна кертилген майда шактарды жыш кылып төшөдү. Ылдыйга ылдам тартканда чачылып кетпесин үчүн жоошактын дал ортосунан жип чырмап байлады. Карга сайылып жаткан канаттын дагы бир сыныгын апкелип, жоошактын үстүнө узунунан коюп, эки башын таңып бекитти. Жиптин ашып калган бөлүгүн мүрүгө салып тартуу үчүн бутактардын башына бекем чырмап койду.

Жоошак токулган аттын сыңарындай «камчыны» гана күтүп тургансыды. Карыя Шохин Низомго аста эңилди. Эсине келтирүү үчүн бирдеңке деп сүйлөмөкчү болду эле, ал көзүн чакчайтып, карыяга жалбарып тиктеди.

– Бу сен белең, Ризо? – деди үнүн киркиретип.

– Ооба, Шохин, мен... Жакшы элесиңби? – Карыя тизеледи. Көйнөгүнүн түймөлөрүн бүчүлөгөн соң, муңайган көздөрүнөн негедир көзүн ала качты.

– Муну карасаң а... келип-келип кайда, кандай абалда жолугуштук, – деди Шохин Низом ар бир сөзгө өзгөчө басым жасап.

– Ырас, бу балекет каяктан башыңа түштү, иним? Бир жериң майып болгон жокпу? – Карыя дагы эле тигинин көзүнө түз тиктебей күбүрөндү.

– Сен кайдан дарек таап келдиң? – сурады Шохин Низом оорусуна чыдай албай онтолоп.

– Менби? Мен тээ, эгизде... Бир жериң жабыр тарткан жокпу деги?

– Теше чапканың мени эсиме келтирди. Оң бутумдун тизеден ылдый жагы какшап жатат. Кудум кыпчуур менен кыпчып бурагандай... – Эрдин кесе тиштеп, жардам сурагандай карыяга зарыгып тиктеди.

Карыя аны азыр жараты кыйнап жатканын, чыдамы кетип бараткaнын дароо сезди. Аны кандай болбосун этекке тезирээк алып түшүп, дабалоо керек деген бүтүмгө келди.

– Кам санаба, иним, жоошак даяр. Кана, өзүң туруп үстүнө отура аласыңбы? Колуңду берчи мага. Я, пирим. – Карыя анын колунан кармап бир аз өйдө кылып, кайра ордуна жаткырды. Шохин Низом ооруга чыдай албай бакырып, кийиз конч өтүгүнө колун тийгизди.

– Бутум сынган окшойт, Ризо. Тим эле шибеге менен сайгылагандай...

– Ии, сен муну оңой дедиңби? Тээ, бийик асмандан жерге келип урунган соң, соо калат белең? Шүгүр де, иним, өмүр сууң түгөнө элек экен.

www.bizdin.kg



Болбособу... – деп өзүн зорго токтотту, карыя. Ошентпегенде, учкучтун каза тапканы оозунан чыгып кетет болчу.

Шохин Низом онтолоп башын өйдө көтөрүп, быт-чыты чыккан самолётко карады. Анан карыяга жүзүн буруп, кабатырланып сурады:

– Петя учкучтун абалы кандай? Андан кабардар болдуңбу, Ризо? Тезинен барып самолёттун ичин карагын. Издеп тап аны!

Карыя саамга жер тиктеп: «Учкучтун өлгөнүн азырынча айтпай турайын» – деп ойлоду.

– Учкучтун абалы оор болгондуктан, шеригим аны бая эле алып түшүп кеткен. Андан кам жебе. Кана, мага келчи, эптеп жоошактын үстүнө чыгарсам эле болду. Чыдагын, бутуңду абайла, көтөрөм, – деди карыя жоошакты анын жанына жакыныраак жылдырып жатып.

– Андай болбойт, Ризо. Карды күрөп, жоошакты бир аз ылдыйлатсаң мен өзүм акырын жылып, үстүнө чыгамын. – Шохин Низом бутунун оорусу күчөгөндүктөн астыңкы эринин кесе тиштеп, бешенесин бырыштырды.

Карыя анын өтүнүчүн аткарды. Шохин Низом жоошактын үстүнө акырын жылып өттү. Бутунун оорусу улам күчөй бергендиктен, барган сайын ыраңы өчүп, онтоосу күчөдү. Жоошакты ылдыйга сүйрөгөндө, Шохин Низом илгери жылмышып кетпесин үчүн, карыя жиптердин ашып калган учтары менен белинен бекем байлап койду. Анан «бысмылда» деп туруп, жоошакты сүйрөп жөнөдү. Карыянын тилегине жараша каткан кардын бети бир аз жумшарып, жоошакты ыгы менен акырын тартууга ыңгайлуу болуп калыптыр.

– Бечара Петя, арсар болуп жатып учту эле. – Шохин Низомдун каргылданган үн менен өкүнүп сүйлөгөнү карыянын кулагына аянычтуу угулду.

– Эмне?

– Учкуч учууну каалабаган, каршы эле. Кырсыкты алдын-ала сезген экен, бечара. Мен өзүм мажбур кылбадымбы аны.

– Бешенеңерге ушу балекет жазылса, андан кантип кутулат элеңер.

– Чогулуштан кечикпейин дедим да. Мындай болорун кайдан билейин? – Ал карыяны кепке алууга аракеттенди. – Ризо, быякта эмне кылып жүргөнүңдү айтпадың, а мүмкүн айткандырсың, бирок эсимде жок... Же самолёттун тоого урунганын көрүп, чайканадан чуркап келдиңби?

– Э, иним, каяктагы чайкананы айтасың? Мен бул жерге ууга чыккан элем. Чайканада оокат-азык түгөнүп бараткнынан...

– Учкучту ким алып кетти, Ризо?!

– Учкучтубу... менин шеригим, экөөбүз кошо чыккан элек.

Карыя ага жалган айтканы үчүн өзүн өзү ичинен жемеледи: «Бая эле чындыкты айтсам болмок экен, паска түшүп дагы сураса эмне деп жооп берем».

Шохин Низом кабыргаларынын сыздап ооруганы бара-бара азайып баратканын сезди. Бирок бутунун сынган жери темене менен сайгандай

www.bizdin.kg


какшаганы улам күчөй берди. Денесиндеги майда калтырак да баягысынан кыйла күчөп, жүрөгү торго түшкөн кекиликтей туйлайт. «Кантип эле бул өлүмдүн жышаанасы болсун? Балким, чыкыроон суукта адамдын денесинен ушинтип жан кетип, оорусу билинбей калар?» – Ичинен кыжалаттанып алды. Кирпик кагууга дарманы жетпей, суукта уйкусураганы коркунучтуу. Кандайдыр бир кооптуу күч ой-кыялын өзүнө буруп алды. Көздөрүнө кенедей жабышкан беймаал уйкуну алыс качыруу үчүн муздак абадан кере-кере жутту. Өзүн бир аз сергитип тиги карыя менен көбүрөөк сүйлөшүүгө, жүрөгүнүн толтосуна уюган дартын айтууга ниеттенди. Бу экөөнүн ортосунда сүйлөшө турган сөз көп. Бирок айла канча, ага жараша ал-жаны болсо кана.

Ал асманда учуп баратып, самолёттун кантип аңтарылганын, бир паста аалам астын-үстүн болгонун көз алдына элестетип, ойго чөктү... Самолёттун моторунан такылдап чыга баштаган үндү укканда, жүрөгү кынынан ыргып кетчүдөй катуу туйлады. Алдында отурган Петяга бирдеңке деп сүйлөйүн деди эле, коркконунан тили күрмөөгө келбей, таңдайына жабышып калгансыды. Кулактарына суу киргендей чып тосулуп, башы айланкөчөк тегеренди. Кандайдыр бир күч калтырап-титиреп бараткан самолётту жерге карай тарткансыйт. Мына, жүрөгүнүн оолукканы баягыдан бешбетер арбып кетти...

Шохин Низом асманга армандуу көз кадап, катуу үшкүрдү. Карыя жоошакты оркойгон ташка такап, Шохин Низомдун алдына келди. Каны кача баштаган беттерине, оор азапты элестеткен көздөрүнө эңилип тиктеп, ого бетер кейиди. Ичи ачышып, көздөрүнө жаш чайыды.

– Чыда, Шохин, дагы бир аз ылдыйласак, түзгө жетебиз. Эмне, бутуңдун оорусу күчөдүбү? – Карыя коңур үн менен сурады анын белине байланган жипти бир аз бошотуп жатып.

– Ошо оору көздөрүмө кенедей жабышкан оор уйкуну чилдей таратса кана. Ризо, ой, Ризо!

– Эмне?

– Сен неге мынча демиңди ичиңе катып түнөрөсүң? Билем, мага капасың. Азыр сен менин эски дартымды аз болсо да жеңилдет, даба болгун... Ичтеги капалыгыбызды чыгаралы, Ризо. – Ал, карыянын жүрөгүндө көп жылдан бери катылып жүргөн кирди жууп таштагысы келди.

– Койчу, иним, азыр ал жөнүндө сүйлөй турган маал эмес. Аман-эсен түзгө түшүп алалычы, андан кийин...

– Ризо, ушу түзгө жетпей калар бекемин... – Карыянын сөзүн бөлдү ал. – Көңүлүм караңгылап баратат. Ко-ош, үй-бүлөң тынч-аманбы, Ризо?

Карыя жоошакты таштан бошотуп, бир аз жүрө түшкөндөн кийин минтип жооп берди:

– Согуш жүрүп жаткан маалда кимдин үй-бүлөсү тынч болсун, иним. Эки жылдан бери Расулжанымдан...

www.bizdin.kg



Шохин Низом кепти көздөгөн нукка буруунy ойлоп, сөздү бөлдү:

– Анын жөнөп кеткенинен кабарым бар.

– Өткөн жумада Мирзону да өзүм Дүйшөмбүгө чейин узатып барып, поездге салдым. Шордуу балам, жакында эле он жетиге чыккан. – Карыянын доошу киркиреп, алкымына бир нерсе кептелгендей тымтырс болду.

– Тобо, убакыт тез эле өтүп кетет турбайбы, ошо күнкү кубаныч кудум кечээ жакында болгондой сезилет. Ошондо мен Дүйшөмбүдөн жаңы эле келсем... – Шохин Низом үстөккө-босток жөтөлүп, кайра сөзүн улады: – Жаңы меймандын тоюн баштап жиберипсиң. Сен Даврон экөөбүздүн тойго катышканыбыздан кабардар эмес элең, Ризо...

– Эмне? – Карыя бир нерседен чочугандай жоошакты дароо токтотуп, артына кылчайып карады. – Тамашаңды койгун, Шохин. Жалганды сүйлөбө! Давронду го көргөнү – көрдүм, бирок сени...

– Бар элем, Ризо. Ишенгин! – деди Шохин Низом уурту нан болорболбос жылмайып. – Давронду илгери киргизип жибергем. Өзүм киргенге даай албай, короонду бир айланып, кайра кетип калдым. Жолдо учурап сурагандарга «тойдон чыгып келатам» деп өтө бердим. Кудай акы, короонo кирип, кубанычыңды бөлүшкүм келди. Бирок айттым го, жүрөгүм даабады. Кокусунан кирип барсам, капа кылат элең. Атүгүл өзүңдүн да дымагың күйөт болчу.

Күтүлбөгөн сөздөрдү уккан соң, карыя негедир үтүрөйүп, эки бети кумсарды. Жоошактын башына байланган эшме жипти жинденгендей жулкуп тартты эле, жоошак ылдыйга күүлөнүп, тээ этекке чейин токтоосуз жылмышып барды.

Муну карасаң, арадан он сегиз жыл өтсө да, ошо капалык дилинен дале өчпөптүр, тобо...

* * *

Карыя сол жакка кайрылып, адатынча башын үч-төрт ирет өйдө-ылдый силкип ойлоду: «Кызык дүйнө да, адамдын бир ирет берилген өмүрү бир жолу ойгонуп, кайра уктагандай бат эле өтүп кетет экен...» Ал кабагына чөккөн көздөрүн алыска кадаган бойдон кыял канатына жармашты.

... Ал атчан эле. Эгер эсинен чыкпаган болсо, коңшу кыштактан атчан келаткан. Белине тапанча, кылыч тагынып алган. Ошо кезде ал ушинтип курал-жаракчан жүрчү. Заман өзү мына ошондой, тынч эмес эле. Контрреволюционерлер коңшу кыштактагы мугалимди жана советтик өкүлдөрдү өлтүрүшкөн болчу. Жөн эмес, жырткычтык, ырайымсыздык менен. Ушундан-улам ал башын шылкыйтып, кайгырып келаткан. Чоң жолдун баш чениндеги калың бакка жакындаганда, үйлөрүнүн күн чы-

www.bizdin.kg


гыш тарабындагы коңшу короодо жашоочу Карим колдорун булгалап, кубанычтуу күтүп турду. «Ризо, сүйүнчү бер, уулдуу болдуң, уулдуу!» – деп кыйкырып жиберди ал. Ризо ошол замат аттын башын коё берип, үйүн көздөй сызды.

Карыя ошондо отуз сегиз, отуз тогуз жаш куракта эле. Шохин Низом андан алты жаш кичүү болчу. Аймактык ревком вазипасын аткарчу. Мына ошо кезде Шохин Низом экөөнүн ортосунда бир чоң нааразычылык, пикир келишпөөчүлүк болгон. Ошол араздашуунун түйүнү экөөнө тең кандайдыр чиеленген, өмүрү чечилбей турган табышмак сымал сезилчү. Бул айрыкча карыя үчүн оор тийген.

Уулунун тоюна Шохин Низомдун күтпөгөн жерден басып келиши да мына ушундан-улам чыгар. Бирок ал тойго көңүлү жок жана аргасыз келүүсүнө эмне мажбур кылды? Ырас, бул да өзүнчө бир татаал табышмак. А балким, ал жаңы жалааларды, күнөөлөрдү чукуп чыгарып, менин бутума жыландай оролгусу келгендир? Эгер ушундай болбосо, анда эмне үчүн ал мени ачыктан-ачык каралап, дос-душмандын көзүнчө шерменде кылгандан кийин, эч бир уялбастан короомо басып келди? Кубанычымды бөлүшүүнүн ага эмне кажети бар эле?..

– Суроом жоопсуз калды, Ризо. Же оозуңа талкан салып алгансыңбы? Ой, тообо, бу сен эч өзгөрүлбөпсүң. – Узакка созулган жымжырттыктан кийин Шохин Низом карыяны эптеп кепке салмакчы болду. Карыя болсо: «Хм-м, сүйлө, кулагым сенде» – деп, жактырбаган таризде жагымсыз карап койду. Бөтөн сөз сүйлөбөдү, кайрадан баш-аягы жок чаташкан ойлорго чырмалды.

... Барыш-келишибиз токтоп, салам-алексиз өткөн он сегиз жылдын беделинде ал мени жок дегенде бир жолу ойлоп койду бекен? Бул узак мезгилдин ичинде ал: «Экөөбүздүн ортобуздагы келишпөөчүлүктүн, капачылыктын себеби эмне болду экен?» – деп өзүнө өзү суроо берди бекен? Ушунун айынан эң жакын адамы кандай азапка, кордукка дуушар болгонун ойлодубу? Жок, бул ойлор мени эч качан тынчытпайт, эстеген сайын дартым кайрадан козголуп, жүрөгүм канап кетет. Бул оңой нерсе эмес. Кудум сен балык болсоң да, балыкчы сени кайырмагына илип, жээкке ыргытып жиберген соң, артына кылчайып карабастан басып кеткендей... А сен болсо, кургак топуракта туйлап, аба жетишпей тыбырай бересиң...

– Сен эмне үчүн жоошакты булкуп, өзүңчө күңгүрөнөсүң, Ризо?! Баятан бери сөз сүйлөсөм, укмаксанга салып, унчукпадың. Ынсап кылгын, Ризо! – Шохин Низом бул жолу каңырыгы түтөп, добушун бийик чыгарып наалыды.

Карыя артына кылчайып карады. Шохин Низомдун көздөрүнөн кандайдыр бир арманды байкап, кадамын басаңдатты. Ооз да ачпастан, кете берди. Кайрадан ой учугун таап, дагы санаага батты.

... Мындан бир нече жыл илгери Дарман кыштагындагы жаш жигиттер, белдүү-күчтүү кишилер Ферганага жана Орто Азиянын чоң

www.bizdin.kg



калааларына барышып, пахта заводдорунда иштеше турган. Алар завод-фабрикалардагы оор жумуштарга чыдап, кыйынчылыкка туруштук берип, акча таап келишчү. Ошо кезде ал жыйырма бир-жыйырма эки жаш чамасындагы булчуңдары ката түшкөн, шамдагай жигит эле. Өзгөлөргө окшоп Фергана, Коконго барып, чоң ишканалардын бирине жумушчу болуп орношсом деп, өзүнчө арман кылып калчу.

Ошояктарга барып иштеп келген адамдардын кызыктуу маектерин, жомоктогудай сезилген атактуу Бухара, Самаркан тууралуу айтышкан икаяларын уккандан кийин ого бетер кызыгып, куштар болгон. Ырас, мунун баары элет жеринде өскөн ак дил жигитке чоң таасир эткен. Анын үстүнө тоолуктарда ар бир жаш жигит жок дегенде үч-төрт жыл алыс жерлерде мусапыр болуп жүрүп, бу турмуштун ысык-суугун тартып, бир тиштем нандын кадырына жете билүүсү шарт деген нерсе кадимкидей эле салтка айланган болчу.

Ооба, жигиттер мына ушундай электен эленип өткөндөн кийин гана үй-бүлө күтүп, өз алдынча түтүн булатып дегендей, чоң турмуштун татаал жолуна сапар тартышчу. Бул кыштакта ага окшогон кембагал, үйлөнүү үчүн каражат, иш таппаган белдүү жаштар абдан көп эле. Бир жагынан мына ушунун өзү карылуу жаштарды билек түрдүрүп, алыс жерлерде мусапырчылыкты баштан өткөрүүгө аргасыз кылчу.

Карыя ошо кездеги айылдашы Аловудин-саркер деген кайраттуу кишини эстеди. «Атасына рахмат», – деп койду ал ичи жылый түшүп, мына ошо Аловудин-саркер кыштактагы жалпы элге, анын ичинде жаш Ризого да жакшы жол көрсөтүп, көптөгөн жаштардын бактысын ачууга себепкер болгон. Ал Ферганадагы ишканаларда көп жыл иштеп, жетекчилеринин урмат-сыйына арзып, зобололуу болгон эле. Жетекчилер көпчүлүк мардикерлерди мына ушу саркердин сунушу, макулдугу боюнча жумушка алышчу.

Ошо Аловудин-саркер Ризону ата-энесинин ыраазылыгы менен ылык-ысыкта Ферганага ээрчитип келип, пахта тазалоочу ишканага жумушчу кылып орноштурду. Ризо ушу кишинин баштоосу менен бир жарым, эки жылча иштеп, үй-бүлө куруу үчүн керек болчу кем-каржыларды камдагандан кийин кыштакка кайтып келиши керек эле. Ал ошентти: эки жыл иштеген соң, белек-бечкеги, жакшына кийим-кечеги менен Ферганадан кайтып келди.

Эсинде, бир нече күн үйлөрү тополоң болгон. Тээ узакта тургандар деле атайылап баш багышып, Ризонун ден соолугун, иштеген ишин сурай берип, тынчын алышкан. Анан карыялар, тууган-уруктар тезирээк той баштагыла деп, кеңеш беришти. Бирок Ризонун бешенеси таш катып, чүрөктөй жаш зайыбы бир жумадан кийин эле бейнасип кокус каза болду. Мына ушул кайгылуу окуядан кийин Ризо көпкө азап чегип жүрүп, бир күнү турду да, кайрадан Ферганага кетип калды. Бул жолу ал үч жыл бою үзгүлтүксүз иштеп, көптөгөн ишканалардын башчылары жана башка мусапыр мардикерлер менен достошту.

www.bizdin.kg



Кыштакка экинчи ирет келгенде Шохин Низом аны менен кошо Ферганага барууну чечти. Ошентип, ал экөө Ферганада, Кокондо, Марвада жана Ташкентте оор жумуштарда иштеп жүрүштү. Ризо аны өзүнүн тааныш-билиштерине жакындатып, турмуштун татаал сыноосунан өтүүсүнө көмөк көрсөттү. Экөө Россия империясынын завод-фабрикаларында эзилген жумушчулардын кыймылынан алгачкы жолу мына ошондо кабардар болушту. Кийинчерээк бул даңазалуу кыймылдын толкуну Бухара менен Түркстандын аймактарына чейин жетип, өзүнүн таасирин тийгизди...

Карыя мансапкорлорго, байларга каршы күрөшүү кыймылы кантип күчөгөнүн сезди. Жумушчулардын кыймылынын күчөшүнө жана алардын бир максатты көздөп умтулууларына, айрыкча орус элинин Бухара, Самаркан, Хужан жана Түркстандын башка булуң-бурчтарындагы жумушчулардын алдыңкы катардагы өкүлдөрүнүн таасири аябагандай чоң болучу. Алар көөнө түзүлүштүн чириген эски пайдубалын бирдиктүү күч менен кулатып, жаңы турмушту жаратуу үчүн тайманбай бел байлашкан эле.

Мына ошо кезде Шохин Низом жаңы турмушка аябай суусап, жумушчулардын кыймылын күчөтүү үчүн өзүн курмандыкка чалууга да даяр болуп, шымаланып жүрдү. Ал, ар кайсы жерлерде өтүлчү жашыруун жыйындарга катышып, учурдагы окуялардын түпкү маңызын терең түшүнүүгө аракеттенди. Ризо болсо, жан досу катары анын кырчын өмүрүнө залал тийбегидей эле деп, күнү-түнү Кудайдан тилейт. Анткени ошо күндөрдө анын бир нече кесиптештери жалган жалаалар менен колдоруна кишен салынып, камакка алынды...

... Жоошак күү менен жылмышып келип, дарактын бутагына катуу урунду. Ошондо да карыянын ой учугу үзүлгөн жок. Баштан өткөн окуялар бүткүл ой-санаасын жылоолоп алган эле...

Ал, Шохин Низом экөө бир топ революциячыл аскерлер менен бирге Кокондон түз эле Бухаранын батышын көздөй кантип жолго чыгышканын көз алдына элестетти. Коркок амир өзүнүн керт башын аман сактап калуу үчүн тактысынан жана бардык дүр-дүнүйөсүнөн да кечип, Хисори Шодмон жакты көздөй качып жөнөдү. Анан эмне болду? Ыңкылаптын жеңишинен кийин экөөнү тең аскердик кол менен бирге амирдин жан-жөкөрлөрүн издеп таап, революцияга каршы чыккандардын таш-талканын чыгарып жок кылуу үчүн Хисарга жөнөштү.

Контрреволюциячылар талкаланган соң Шохин Низомду ревкомдун өкүлү катары Хисардын аймагында калтырышып, Ризону ыңкылапка каршы чыккан башка бөлүктөрдү жок кылуу максатында Кызыл Аскердин бир тобу менен өзүнүн туулуп-өскөн аймагына жөнөтүштү. Кийин ал өз жеринде үч жыл бою ревком раисинин орун басары болуп иштеди.

1923–1924-жылдары бул аймакта кайрадан козголоң көтөрүлдү. Ооба, ал азыр да эсинде турат... Совет өкмөтүнө каршы чыккан бир топ душмандардын изин кууп, Хоса тоосунун этегине жайгашкан кыштактарды

www.bizdin.kg



кыдырып издеп жүргөн кезде, кошулуп барган өкүлдөрдүн бири менен келишпей калды. Ошо өкүл орулуп үймөктөлгөн чөптүн арт жагынан селдечен карыяны жакасынан тартып бери чыгарды да: «Басмачыны мына минтип атышат» – деп, как бешенесине тапанчасын туштады. Ризо кылычын сууруп, ыкчамдык менен тигинин колундагы тапанчага уруп жиберди эле, атылган ок башка жакка кайып кетти. Ошондо ал жанагы өкүлдү катуу жемеге алды: «Бул аймактагы кишилердин көпчүлүгү баштарына селде орошот, селделүүнүн бардыгы эле басмачы боло бербейт!» – деп, эскертти ага.

Көрсө, бечара чал Кызыл Аскердин ким экенин түзүк аңдай албай, корккондугунан баш калкалаган экен. Көп нерсеге баамы жетпеген бу өңдүү адамдар жер тырмап жүрүп жөн жерден өлүп кетиши эч кеп эмес. Ырас, ушундай караңгылыктын айынан болгон айрым кайгылуу окуялар Ризонун жүрөгүн алиге чейин мыкчып, эстеген сайын заманасы тарып кетет.

1924-жылдын аяк ченинде Шохин Низомду ушу аймакка ревкомдун райистигине дайындашат. Жанагы акмактык кылган өкүлдү болсо, Ризонун ордуна орун басар кылып коюшту. Ризонун көп жылдык эмгегин эске алышып, кыштак советтеринин бирине раистик милдетке которушту. Анан, арадан саналуу айлар өткөн соң, капилеттен...

... Карыя бет алдында бир ажайып нерсени көргөндөй токтоп калды. Жоошак акырын жылып келип бучкагына такалганда, артына бачым бурулуп, Шохин Низомдун жанына өтүп, көз ирмебей ага түз тиктеди.

– Шохин, о Шохин! – деди ал күтүлбөгөн жерден бийик доош менен.

Шохин Низом жапырылган кирпиктерин аста көтөрүп, Ризого армандуу тиктеди.

– Ооруң пасайдыбы, Шохин? Сен неге унчукпай калдың? – Карыя анын көгөргөн эриндеринде пайда болгон болор-болбос жылмаюуну көргөндөн кийин көңүлү бир аз жай алды окшойт, жоошактын четине көчүк басып, сөзүн улантты: – Ким билсин, учуру келер бекен, же...

– Азыр аябай учуру келген маал, Ризо. Ооба, учуру келип калды. – Шохин Низом карыянын айтар сөзүнүн маанисин дароо баамдап, нечен жылдардан бери күткөн ыңгайды пайдаланууга тырышты. – Сен азыр мени кыялымдан алагды кылып койдуң.

– Ии, иним, кыялың сен үчүн таттуу болгону менен мен үчүн калемпирдей ачуу...

– Өткөндү эскерүү жакшы нерсе. Ансыз жашоо кызыксыз. – Ал кезерген жука эринин тили менен нымдап, карыяга мостоюп тиктеди. – Эй, Ризо, эсиңдеби? Ошондо сен мени кандай кыйынчылыктар менен Коконго, Ферганага ээрчитип барганың жадыңдан чыккан жоктур?

«Мүдөөмдү алдын-ала сезип, кептин нугун башка жакка бурганын көрчү...» – ойлоду карыя. Шохин Низом болсо, баягы абалынан жазбай, доошун улам бийиктетип, сөзүн улады:

www.bizdin.kg



– Бир күнү эртеден-кечке Самаркандын көчөлөрүн кыдыртып, көрсөткөн болчусуң. Эсиңдеби, кайткан учурда...

– Ии, кайткан учурда эмне?.. – Карыя тигинин сөзүн бөлүп, кеп кезегин алууга шашылды.

– Ризо, сен бир аз сабыр кылып тур. Сиркең суу көтөрбөй турган учурда, мен да ойго чөмүлгөн элем. Ошондо Кокон менен Фергананын жолунда кантип кесел болгонум, азап-тозоктордун баары көз алдыма кайрадан тартылды. Түшүмбү десем, түшкө окшобойт. Коош, чайкананын бир бурчунда төрт күн бою эс-учумду жоготуп, өзүмдү билбей алсыз жатканым эсиңдедир?

Бир күн, бир түн ушинтип жатканымдан кийин көзүмдү ачсам, сен мага телмирип тиктеп турупсуң. Аянычтуу кебетеңди көрдүм. Көздөрүң кабагыңа батып киртийип кеткен эле. Бирок саамдан кийин көздөрүңдөн нур чачырап, тандырдан жулуп алган ысык нандай эки бетиңе дароо кызыл жүгүрдү. Ошондо, Ризо, ырасын айтсам мен кудум бир боор атамдын ажарлуу жүзүн жана Дармандын туптунук асманын көргөндөй жүрөгүмдү кубанычтын ысык илеби каптаган. Ооба, сенин ажарың жайдары, көз карашың ушунчалык мээримдүү эле. – Шохин Низом кирпиктерин алсыз каккылап, саамга жылмайды.

Карыя ага астыртан тиктеп, сөөлжандай ичке манжалары менен барпагай сакалын сылагылап, ойго батты. Шохин Низомдун айтар сөзүн аягына чейин тыңшоого ынтызар болду.

– Муну карачы, тобо, бүгүн да башыма мүшкүл иш түшүп, балекетке баткан чагымда деле көз ачып, сени көрүп отурам, Ризо. Каап, ушунча жылдан бери... Өх... – Шохин Низом үшкүрүгү таш жарып, терең улутунду. Эрдин кесе тиштеп, унчукпай калды.

Карыя көзүн бир чекитке кадаган бойдон он сегиз жылдан бери экөөнүн ортосун бөлгөн суукту, чогуу иштеп жүргөн кездериндеги окуяларды бир сыйра ой элегинен өткөрдү да, жүрөгүнүн тээ түпкүрүндө коргошундай салмактанган сырдын капкагын ачууга кайраттанды.

– Мага кулак сал иним! Кепти улайын: оо бир кезде сен ревкомдун раиси болдуң, а мен болсо... Угуп жатасыңбы?

– Ии, сүйлөй бер, Ризо! Коош, анан... – Шохин Низомдун көңүлү ачыла, карыяга кылчайып карады.

– Эгер эсиңде болсо, бир күнү мени үйдөн чакырып чыгып, райондун борборуна алып кетишкен. Аёосуз кыйноодон кийин он күн бою сурак жайга камап коюшкан.

– Коош, анан?..

– Ырас, буга сен айыптуу эмессиң. Бирок менин ким, кандай адам экенимди беш колуңдай билет элең го! Ошо үйүң күйгүр орун басарыңдын жалаасына ишенип, кайсы бетиң менен ага руксат бердиң? – Карыя ачуусу келгендиктен, өзүн араң токтотту.

– Мм, сырдын капкагын өзүң ачтыңбы, эми жакшылап кулак салып тургун! – Шохин Низом тамагын кырып, өтө астейдил сүйлөй баштады.

www.bizdin.kg



– Сен ошо окуядан кийин менин алдыма бир жолу да кирген жоксуң. Киргениңде, иштин чоо-жайынан кабардар болот элең. «Курал-жарагын жакын тууганынын уулуна берип койду» – деп далилдешти.

– Бир ыманы жок акмактын жалаасына туура далил катары эсептедиңби?

– Тополондо куралыңды жоготуп ийгениң буга далил болду да. Эй, сен менин сөзүмө аралжы болбой, жакшылап угуп тур! – Шохин Низом кургаган эриндерин тили менен дагы суулап, киркиреген үн менен кепти улантты: – Жакын тууганынын уулу Ризодон курал алып, ашуунун ары жагындагы басмачыларга кошулуп кетти дешти. Муну угуп, баарыбыздын төбө чачыбыз тик турду. Ырас, канткен менен буга чындап ишенбегем, бирок: «Ризону бияка алып келип, жакшылап сурагыла, мен келгенче камакка албагыла» – деп буюрган болчумун. Өчөшкөндөй ошо күнү күтүүсүздөн Дүйшөмбүгө жөнөп кетпедимби! Арадан он күн өткөндөн кийин келип, ошо замат сени тезинен бошотууга буйрук чыгардым. Коош, ушундай болгон беле? Же...

– Сен азат кылганга чейин орун басарың көргүлүктү көрсөттү. Аның өч алмакчы экен! Сен ал экөөбүздүн ортобуздагы мамилени билип туруп, мени ошонун суук колуна салдың. – Карыянын каны кайнап, жаактары карышып тез-тез сүйлөдү. – Аныңа Кудай кош колдоп берип салды. Мени бир коркунучтуу кылмышкердей алдыларына салып айдап келишти. Эки колумду байлап, арабага ыргытышты. Сурак учурунда касам ичсем да, кулак салбады ыманы жок. Сөзүмө атайылап ишенгиси келбеди. Кыскасы, ал акмагың мага аябай азар берди. «Эй, иним, тиги тууганымдын уулу атасы менен мунасалары качып, Дүйшөмбү тарапка кетип калган. Ишенбесең адам жөнөтүп, сурап көр. Эл-журттун көзүнчө мени кор кылба» десем деле түк кулак салбайт.

– Ишен, Ризо, мен ушу күнгө чейин бир нерсени түшүнбөдүм. Ал курал тууганымдын колуна каяктан түштү экен? Же сен өзүң ууга чыгуу үчүн берген белең?

– Ошондо эле окуяны төкпөй-чачпай айтып түшүндүргөнмүн. Эми сага да чындыкты айтайын. Ошол күндөрү кыштактагы Хасандын ити кутурган болучу. Элдердин баары корккунунан короо-сарайларынын эшигин бекитишип, тышка чыгууга эч кимдин жүрөгү даай албады. Мен анда коңшу кыштакта элем. Анан тууганымдын уулу аргасыздан биздин үйгө келет да, мылтыкты алып, жанагы кесел итти атып таштайт. Бул учурда кимдир бирөө ага: «Изат, сенин күнүң бүттү, эми өлгөнүң ушул! Ризо аке келди!» – дегенде: – Карыя сөзүмө кулак салып жатабы же жокпу деген ойдо Шохин Низомго астыртан тиктеп койду. – Корккунунан куралды биздин короодогу дарактын шагына илип, кызыма: «Энеңе айтып койгун, мылтыкты жайына катып койсун...» – деп дайындаптыр. Тентек кыз оюнга кызыгып, аны унутуп коёт. Мен коңшу кыштактан караңгы

www.bizdin.kg



кирген маалда үйгө келип, бул окуядан дарексиз уктап калыптырмын. Изат ошонун эртеси таң атып-атпай Дүйшөмбүгө качып кетиптир. Окуянын болгону ушул. Менин оюмча, сен булардан да кабардар элең.

– Кабардар элең? – селейе түштү Шохин Низом. – Мен о маалда бир нече күндөн кийин куралыңдын табылганынан гана дарегим бар эле. Тууганымдын уулу дайынсыз болучу. Ушундан-улам борбордон келер замат сени бошоттургам. «Ризого айткыла, мага сөзсүз түрдө учурап кетсин» – деп дайындагам, эх, Ризо! А сен болсо аралыгы бир карыш болгон менин кеңсеме баш бакпай басып кете берипсиң. Коош, дагы эмне демекчисиң?

– Мынчалык азап-тозоктон кийин кайсы үмүт менен сенин алдыңа кирмек элем? «Бу менин кадырым, достугубуз каякта калды?» – дедим өзүмчө кейип. Кантип эле бир келесоонун: «Куралын тууганынын уулу алып, басмачыларга кошулуп кетти» дегени ырас чыгып, менин сөзүм төгүн болот, а? Ошондон он беш күн өткөндөн кийин атасы аны Дүйшөмбүдөн издеп таап келди. Бирок тиги орун басарыңа бирөө да каяша сөз айталган жок.

– Ишен, Ризо, анын Дүйшөмбүдөн табылганынан дарексиз элем. Бирок биз орун басарга ушу кылганы үчүн катуу сөгүш жарыялаганбыз. Ошондон бир нече күн өткөн соң Дарманга барып, эшигиңе баш бактым. А сен болсо, менин келгенимди көрүп туруп, атайылап карааныңды өчүрдүң, ушундайбы? – Шохин Низом каңырыгы түтөп, суроосуна чыдамсыздык менен жооп күттү.

– Ооба, ушундай болгон, иним. – Карыя мурдагысындай кесе жооп берди. – Бул иштин баарын Шохин Низом козгогон, ал ошонун буйругу менен болду деп мени ишендиришти адамдар! Болбосо, сенин буйругуңсуз мени камай алышат беле?

– Мм, дилиңде ушунчалык чоң капалыкты сактап жүрүпсүң... Каап, менин алдыма бир жолу кирүүгө жарабаганыңды карачы. Эгер сен ошо күндөрү мага учураганыңда, балким сен да, мен да мынчалык кападар болуп, бу даражада араздашпайт элек... Анан калса, орун басарым экөөңдүн ортоңордогу карама-каршылыктан Кудай акы, кымынчалык да кабарым жок эле. Мага ишен, Ризо, билбейт элем. – Шохин Низом үстүнөн бир оор жүктү алып таштагандай жеңилдеп, кабагы ачыла түштү. – Байкап көрсөм, сен мага жакындашкың да, бетиме карагың да келбейт. Бирде болбосо, бирде бул иштин бети ачылаар, акыйкат жарыкка чыгаар деген үмүттө дартымды ичиме катып, күтүп жүрө бердим.

– Бирок иним «бирде болбосо, бирде» дегениң он сегиз жылга созулганын билесиңби?

– Кимдин айыбы менен? Сенин да, Ризо! Ушуну үчүн мен уулуңдун тоюна жомоктогу сыйкырдуу адамдардай өңү-түсүмдү, кийимимди өзгөртүп, жашырынып баргам. Өзүмдү мажбурлап эмес, сага деген урмат-сыйдын, ак тилегимдин деми менен шымаланып баргам. – Шохин Низом башын жерге сала үнүн басаңдатып, унчукпай калды.

www.bizdin.kg



Карыя ордунан акырын турду да, жоошактын жибин мүрүсүнө салып, жолго түштү. Күндүн илебинен каткан кардын бети жумшарып, ылдый жылмышып бараткан жоошактын артында тырмак менен аймагандай из калып жатты.

Шохин Низом жүрөгүндөгү акыйкатты карыяга айтып, инсандык карызынан кутулганына, бул үчүн мына ушундай ыңгай табылганына аябай кубанды. Ал азыр бул ыңгайды жапа чегип турганына карабастан пайдаланып, карыя менен ашкере сүйлөшүүнү, жүрөгүндө кымындай да кир жоктугуна чындап ынандырууну самады. Бирок негедир карыянын кабагы ачылган жок. Ал алда-нелерди ойлоп, дагы бир белгисиз нерсеге азгырылып, унчукпай калды.

Карыя башын сол жакка кыйшайтып, эки-үч ирет жөтөлгөн соң: «Кызык дүйнөсүң да. Адамдын өмүрү бир уктап ойгонгондой эле бачым өчүп кетет турбайбы» – деп күбүрөндү. Адатынча астыңкы эринин кесе тиштеп, кыялы кайрадан алыска чабыттады.

* * *

... Саратандын ысыгы тим эле мээ кайнатат. Ризо бүгүн Дармандагы үч-төрт күмүш сакал карыялар, белдүү кишилер менен кеңешип, кыштактын өйдө жагынан белести боортолото арык казып, дарыядан бир тегирмен суу алып чыгууну чечти. Анткени узак саратан бою кыштактын эли билектей сууну зарыгып күтүп, мээнет менен эгилген эгин-тегиндер суунун жетишпегенинен куурап бараткан... Билектей суу талашып, араздашканы канча?

Ризо Акбар аксакалдын короосуна энтигип жете бергенде, артынан бир адам келди. Мектептин алдында аны Шохин Низом күтүп турган эле... Муну карасаң, тобо, бая эле ушуну экинчи ойлонбоюн деп өзүнө өзү убада берген болчу. Бирок баары бир ал мына ошо азыткы кыялдан бошоно албай койду...

Карыя кыштак Советинин раистигинен бошотулгандан кийин аябай капаланып, Дармандан биротоло башын алып кетүүгө камынганын эстеди. Ошондо кыштактын эли жабыла турушуп, жолун торогон. Анан аргасыздан элге моюн сунуп, үч-төрт жылга чейин мүңкүрөп жашап жүрдү. Кийинчерээк, райондун өкүлдөрүнүн бири алдына келип, аны кайрадан Советтердин ишине тартууга аракеттенди. «Шохин Низом ушу жерде болсо, мен баш тартканым-тарткан, иним», – деди өкүлгө арыз-муңун билдирип.

Бир нече жыл ушинтип жашап жүрдү кыштакта. Зериккенде ууга чыгып, өзүн алаксытчу. Жетекчи кызматка такыр көңүлү чаппады. Бир күнү...

Ал кантип чайканачы болгонун эстегенде түнөргөн кабагындагы сүр тарап, эриндеринде жылмаюу пайда боло калат... Ризо бир жолу жо-

www.bizdin.kg



лоочу адам менен өткөн-кеткенди сүйлөшүп отуруп, айрылыш жолдун боюндагы чайкана көптөн бери ээсиз калганын, чайканачысы кылмыш иш жасаганы үчүн кызматтан бошотулганын угуп калды. Анан ушу чайканада иштөөнү ниет кылды.

Чайкана менен Дарман кыштагынын аралыгы анчейин деле алыс эмес, он чакырымдай. Айтор, кандай болбосун ошо чайкананы кабыл алып, колдон келишинче аны абат кылып, ушунун шылтоосу менен бул кыштактан кетүүнү ойлоду. Анан эртеси таңга маал туруп, керек-жарак коомунун кеңсесине барды. Жолдо келатып Шохин Низомду алыстан көрүп калды. Шохин Низом да карыяга көзү түштү. Ризо ичинен жийиркенип, ошонун көзүнө көрүнбөйүн деген ойдо тезинен кеңсеге кирип кетти. Бирок бул күнү иши оңунан чыкпады: коомдун кеңсесинен сумсайып чыгып, кыштакка жол тартты.

Кеңседегилердин айтуусуна караганда чайканага эчак эле адам алып коюшуптур. Кийин анын бактысы ачылды: ошонун эртеси ага киши жиберишип, чайкананы тапшырышты. Максатына жеткен карыя белин бек бууп, ысык саратанда ашарчылардын жардамы менен эскирген чайкананын тамын кырып түшүрдү. Дубалдын үстүнө дагы бир паска уруп, бийигирээк кылып үстүн жапты. Саналуу күндөрдүн ичинде чайкананын даяр болгону тууралуу кабар тегеректегилердин бардыгына тарады...

Карыя Шохин Низомду адегенде Дүйшөмбүгө, кийинчерээк Москвага окууга жиберишкенин эстеди. Эгер жаңылбаса, аны 1937-жылы обкомдун катчылыгына дайындашкан. Ризо муну угуп, аябай кубанган. Анткени Шохин Низомдун жөндөмдүүлүгү жана иштин көзүн билгендигинин акыбетинде область күндөн-күнгө кубаттанып, бутуна тура баштаган эле. Анан ушундай тынч заманда күтүлбөгөн жерден согуш оту тутанды, мыкаачы фашист капысынан басып кирди...

Шохин Низомдун үстөккө-босток жөтөлүп, онтогону карыянын оюн бөлүп жиберди. Ал ошол замат токтой калып, анын жанына келди.

– Шохин, абалың жакшы элеби? Аз калды, иним. Дагы бир аз жүрө түшсөк, чайканага жетебиз, аз калды! – деди карыя анын көгөрүп кеткен эриндерине кооптуу карап.

– Ризо, жоошакты тегиз жерге токтотчу, бир аз эс алып алайын, – деп өтүндү Шохин Низом.

– Тезирээк жетишибиз керек, иним...

– Суранам, Ризо, саамга токтоп туралычы. Асманга карачы, чайыттай ачылыптыр, – деди Шохин Низом көгөргөн асманга армандуу тиктеп.

Карыя анын өтүнүчүн жерде калтыргысы келбеди. Жоошакты түзүрөөк жерге токтотуп, Шохин Низомдун кумсарган ыраңына чочуркап тиктеди. Экөө тең унчукпай калышты. Ушул жерден туруп карасаң, карыянын чайканасы көзгө күкүрттүн кутусундай болуп көрүнөт. Карыя чайканадан өйдө карай уланган ийри-буйру жолдо келаткан үч аттуу, эки

www.bizdin.kg



жөө адамга ойлуу тиктеди. Жолдун эки тарабынан тоолордун башына чейин жайылып жаткан калың кар кудум чөйчөккө куюлган айрандай агарып, көзүңдү уялтат. Шохин Низом асманга көпкө тиктеди. Анан жүзүн буруп, өтө аянычтуу сүйлөдү:

– Ризо, азыр ичте сыр катып турчу маал эмес. Баяраакта бирдеңкени айтууга оозуңду комдоп, куп белсенип, кайра ниетиңден кайтканыңды билип турдум. Коош, кана эмне демекчисиң? Сөздү айта турган учуру келгенде...

– Менин ойлогон оюм сага да маалым, иним. Сенин кылган иштериңди эстесем эле, жүрөгүм темене сайылгандай тыбырчылап кетет. Кой, ал жөнүндө сүйлөбөйлү, Шохин!

– Калп айтсам, адам болбой калайын, угушума караганда сен мени өлтүрүүгө кастанып, ээн жер издеп жүрөт экенсиң. Ушу чынбы, же?.. – деди Шохин Низом карыяга суроолуу тиктеп.

Карыя муну укканда төбө чачы тик турду. Көпкө чейин тунжурап, манжаларын салааларына аштады. Жаактары карышып, жаны чыгып бараткандай тиштери кычырап кетти.

– Кудай өзү күбө: кылча калган эле, иним, кылча. Ошо күнү Тагоба кыштагында чогулуш өткөрө турганыңды угуп, кымгуутта калың бактын ичине уурданып кирдим да, сенин тушуңда пайда болдум. Алдыңда жапжаңы шамчырак бүлбүлдөп жанып турду. Тегерегиңде толо адам, сен аларга бирдемелерди сүйлөп жаттың. Чоң таштын артына далдаланып, адамдардын үстү жагынан мылтыкты как төшүңө туштадым. Бирок негедир колдорумдан жан кетип, калчылдап калды. Ооба, катуу калчылдады, Шохин! Кимдир бирөө арт жагымдан бекинип келип, колумду ылдый кагып жибергенсиди. Олуялар башымды айландырып, мээмди алжыткандай, нес болуп калдым...

Экөө тең сабыр кылышып, тынчтык өкүм сүрдү. Карыя ошо күнү Шохин Низомго жолугуу үчүн мектептин алдына бара тургандыгын, Шохин Низом аны эки көзү төрт болуп күткөнүн назардан өткөрдү. Бирок ал кайсарлыгынан улам анын жанына басып барган жок. Анткени Шохин Низомдун арыз текшерип келгенин мурда эле билген. Эгер алдына барганда ичиндеги жарасы жарылып, көкүрөгүндө катылуу жүргөн арыздарманын көптүн көзүнчө бетке чаап, чыр-чатак чыгара турган чамасы бар эле. Сиркеси суу көтөрбөй жүргөн маалда дагы бир жаңжал чыгып кетерине көзү жеткен. Ошону үчүн ал: «Колуңдан келгенин кылгын» – деп, кыштактан чыгып кетти. Шохин Низом эки-үч киши менен Ризонун багын жана мейманканасын кирип көрүп, өзүн издеп табалбай кайра кетишкен.

Арадан бир жума өткөндөн кийин райондон эки-үч өкүл келишип, элди жыйышты да, Ризонун коңшусу тарабынан жазылган арыз катты окуп беришти... Адегенде алар Ризону жалгыздап туруп, «коңшусунун арызы боюнча келдик, эгер макул болсоң, коңшуңа багыңдын тең жарымын бергин. Бул кылганың сенин шаанише жарашпайт, жолдош Шохин Низом,

www.bizdin.kg



маселени көп ырбатпастан тынчытуу керектигин табыштады» – дешти. Сөз арасында Шохин Низомдун аты оозго алынганда Ризонун кыжыры кайнап, итиркейи келди. Өзүнчө түтөдү.

Райондон келген өкүлдөр бу кишиге жакшы сөз да, жакшы насаат да таасир этпей турганын байкашкан соң, коңшусунун жеринен бөлүп алган бактын тең жарымын ээсине кайрып берүүгө өкүм чыгарышты. Бул Ризого аябай катуу сокку болду. Ушундан кийин ал көп учурларда жалгыз олтуруп, убакыт өткөрчү болду. Кыштак советинин райиси катары кеңсеге даттанып келгендерге мурдагыдай мамиле жасаган жок. Бара-бара кызматынан да көңүлү сууп, раистиктен баш тартты. Бир нече күн пейили бузулуп, Шохин Низомдон өч алууга ниеттенди. Мунун бардыгына ошол гана күнөөлүү деп, тишин кычыратып жүрдү. Шохин Низомду көргүсү да, анын атын оозго алгысы да келбеди...

– Кылча калды дедиң, ошондо мени атып таштаганыңда, табаң канып, армандан чыгат болчусуң. Чынбы, Ризо! – Шохин Низом азил-чыны аралаш жайдарылык менен карыянын ички сырын билгиси келди.

Көөнө жараны жаргандан майнап чыкпайт.

– Кызыксың да, эмне, бу сага оңой нерсе беле?! Ошондо колуң калтырабастан, шарт атып жибергениңде...

– Кудайлыгымды айтсам, атып жиберген жерде да, акыйкат баары бир мен тарапта болор эле, Шохин! – Карыя ордунан өйдө турду.

– Ризо, бир аз олтура турчу. Жүрөгүбүздө кынчалык кир, көңүлүбүздө капалык калбасын десең, ушу азыр баарын ачык айталы. Баятан бери ушундан кеп козгор бекен деп, ынтызар элем... Раис экениңде сени мектептин алдында зарыгып күткөнүбүз эсиңдеби? – деди Шохин Низом көөдөнү көөп.

– Ооба, эсимде, баары эсимде, иним. Сураныч, ылажы болсо, ал тууралуу...

– Жок, азыр дал мына ошол тууралуу сүйлөшүп, чечишип алышыбыз керек, Ризо. Менден сыр жашырба. Баятан бери мына ушуну ойлогонуңду сезип турам. Коош, сөзүмдүн соңу кайсы жерден үзүлдү эле?.. Ии, ошондо биз мектептин алдында сени үч сааттан ашуун күттүк. Сен келбедиң. Атайылап келбей койгонуңду билдик.

– Келген жерде да эч кандай майнап чыкпайт болчу, Шохин! – Карыянын каңырыгы түтөп, көздөрү муңайды.

– Андай эмес, Ризо. Келсең жакшы болмок! Билип кой, сен ошондо кайсарлык кылбаганыңда, иш бу даражага чейин татаалданбайт болчу!

– Эмне, менин кийинки турмушум начарлап, кор-зар болот деген оюң бар беле? Жок, Шохин, бул огуң да кайып өттү. Мен кыйынчылыктан, азап-тозоктон өлгөн жокмун. Ооба, өлгөн жокмун! Өз жолумду издеп таптым, турмушумду эптеп уладым. Мактангандык эмес, элге азыноолак пайдам тийди. – Карыя жүрөгүндөгү жараны канатып алгандай, өпкөсү казандай көөп, өңү чаарланды.

www.bizdin.kg



– Мына, мен эми таптым, талуу жериңден эми кармадым, Ризо. Көп чычалабай менин сөзүмдү аягына чейин ук. Сен мени биринчилерден болуп тар кыштактан кең дүйнөгө, жарык ааламга жетелеп чыккан эң жакын адамымсың. Күнү-түнү кулагыма куюп, зээнимдин, көз карашымдын калыптанышына атадай камкордук кылдың. Жумушчу табынын күч-кубаты, укугу жөнүндө мага биринчилерден болуп түшүндүрүп, көзүмдү ачтың, Ризо! Андан башка жакшылыктарың али да көз алдымда элестеп турат. Ошентип, ыңкылаптын кулачы улам кеңейип, экөөбүз жаңы өкмөттүн өкүлү катарында кан төктүк, талашып-тартыштык. Эмне үчүн? Кембагалдардын эркиндик-теңдигин душмандар ич күйдүлүк менен тебелеп-тепсебесин үчүн. Мен буларды мисал катары жөнөкөйлөштүрүп айтып жатам. Сен аларды беш манжаңдай билесиң, Ризо... – Шохин Низом карыянын муюп, бир аз жоошуй кулак түргөнүн байкабады, айтор, андан аркы сөздөрүн жай айта баштады. – Ошентип жумушчулар менен дыйкандардын жаңы өкмөтү биз экөөбүздү өз адамы катары зарыл болгон жерлерге ишенип жөнөттү. Ооба, бизди жөнөкөй мүдөө менен эмес, партиянын, өкмөттүн саясатын калың элге терең түшүндүрүү үчүн жөнөтүшкөн. Эми көп алыска барбай, сени эле мисалга алып көрөлү Ризо.

– Мени?.. – Карыя чочуркап карады ага.

– Мисал үчүн сени Совет өкмөтүнүн бир көзү деп, кыштак советинин раистигине шайлашты. Мен азыр аткарган жакшы иштериңди сыймык менен белгилеймин. Анткени сен өтө чоң кызмат өтөгөнсүң. Ал кезде жакшы нерсеге караганда жаман нерсе көзгө дароо көрүнчү. Биздин кыбыр эткенибизди шыкаалап карап, ар бир кадамыбызды санап жүрчү адамдар бар эле. А сен болсо, мына ошондой этияттык зарыл болгон шартта адамдарды ашарга алып келип, өзүңө мейманкана курдурупсуң.

– Мен ал мейманкананы өкмөттүн меймандары үчүн кургамын. Сен өзүң жакшы билесиң, ал кезде үч-төрт мейманды күтө турган дурус жайыбыз жок болчу. Бир мечит бар эле, аны да шашылыш бузуп таштаганбыз, – деп актана баштады карыя. – Мен буларды ошо күнү текшерип келгендерге жаап-жашырбай айтканмын, иним.

– Андай болсо, эмне үчүн мейманкананы өзүңдүн корооңо курдурдуң? Ырас, биз ал учурда маселенин бул жагын эске алган жокпуз. Бирок кептин негизи башка жакта, Ризо. Кыштак советинин раистигине шайланган соң, арадан жарым жыл өтө электе коңшуңдун багынын теңин өзүңө бөлүп алдың. Ушундайбы, же?.. – Шохин Низом карыянын чычалай баштаганын байкап, сөзүмдү бөлбөсүн деген ойдо, маселени кабыргасынан коё, кепти олуттуу нукка бурду. – Сабыр кылып тур! Бир бечаранын багынын теңин өзүңдүн жериңе кошуп алып, кийин эмне үчүн аны кеңсеңе чакырып: «Сен неге менин үстүмдөн арызданасың?» – деп кысымга алганың жалганбы?

– Ал жер жети атамдан бери биздин мурас экенин сен өзүң билбейсиңби? Мен ал адамга муну жакшылыкча айтсам, короңдоп, шылдың кылды. Анан өзүнө тиешелүү бөлүгүн берип, калганын ажыратып алдым.

www.bizdin.kg



– Эй, чоң атаң өзү бир кезде ал жерди саткан болсо, тиги кишиде эмне күнөө? Сен ошондо кызмат абалыңдан кыянат пайдалангансың, Ризо. Элдин көзүнө өзүңдү илгерки амалдууларга окшотуп көрсөттүң. Мен угуп айран-таң калдым. Бир эмес, эки жолу сага атайылап адам жибердим, келген жоксуң. Айлам түгөнгөндөн өзүм учурайын деп Дарманга бардым. Ошондо да сен мени назарыңа илбестен, кыштактан качып кеттиң... Кийин биз сени бөтөн ишке которолу деп кеңештик. Сен болсо, биз жиберген адамдарга корсоңдоп, сыртыңды салыпсың. Ишен, Ризо, сен мурдагыдай эмес, таптакыр башка адам болуп калган элең. Коңшуңду камчы менен сабаганыңдан кийин тиешелүү чара колдонууга мажбур болуп, атайын өкүл жибердик.

– Өкүлүңөр жерди тартып алышкандан кийин жаамы журттун ичинде менин абийиримди бир пул кылып таштады. – Карыя эриндерин бүлк-бүлк эттирип ордунан турду да, жоошактын жибин кармап, жолго түштү.

Шохин Низом айткан сөздөр карыяга катуу таасир эткенин билди. Бирок баары бир жүрөгүнүн толтосунда коргошундай оор салмактанган кайгысы жеңилденген жок. Он сегиз жыл бою карыяга күнөөкөр болуп жүргөнүнүн себебин билүү ал үчүн кубанычтуу эле. Негедир жүрөгүнүн согушу улам пастап, дем алышы оорлоп баратты...

– Ко-ош, эми чыныңды айтчы, Ризо. Ушунча жыл бою мага капа болуп жүргөнүңдүн негизги себеби эмне эле? Деги менин кандай күнөөм бар? Сенин оюңча мен ошо кезде кандай кылышым керек болчу?

– ...

– Дагы айтам: ушунча жылдын ичинде мага бир жолу учураганыңда, мунасабыз мынчалык бузулбайт эле. Каап, мунун баары сенин өзүңдүн гана кайсарлыгыңдын кесепети. Же сени кимдир бирөө жолдон бурдубу?

– Мени жакшы билесиң, Шохин, бирөөнүн сөзүнө өлсөм да кирбеймин.

– Эгер сенин ордуңда бөлөк адам болгондо, катуу жаза алат эле. Бирок биз сени өз ыктыярыңа жөн коюп койдук. Жакшы адам экениңди билчүбүз, Ризо. Ыңкылапка кан-жаныңды аябастан кызмат өтөдүң. Шохин мага күйбөйт деп ойлобо. Эгер быягын билгиң келсе, мына ушу чайканага келишиңе да мен себепкермин. Муну айтууга аргасыз болуп отурам.

– Кантип? – таң калды карыя.

– Эсиңде болсо керек, сен ошо күнү керек-жарак коомунун кеңсесине кирип, көңүлсүз чыктың. Ушундай болгон беле?

– Ооба, башчы ал жерге башка адам барат деген.

– Бирок ошонун эртеси эле артыңдан адам жиберишкен. Анткени мен сенин келген жөнүңдү тигилерден сурап билгенмин, Ризо. – Шохин Низом тамагы кычышып, жөтөлүп алды. – Ырас, сен элди аябай ыраазы кылдың. Келишиң менен чайкананын абатчылыгын колго алдың. Журтка жагымдуу жыйындарды, маарекелерди уюштурдуң. Мен алардын бардыгынан кабарым бар, бардыгынан...

www.bizdin.kg



– Кантип? – Селее түштү карыя.

– Кабардар болчумун, Ризо, кабардар... Согуштун үчүнчү жылы эми башталган маал, аягынан дарек жок. Оо, бул согушта бардыгыбыз жапа чектик, баарыбыз... Ошол оор күндөрдө чайканаңа кирип-чыккандардын санына санак жетпейт. Мен сенин колуңдан жакшылык келгенин билип, ушинтип айтып жатам, Ризо! Чайканаңа кирген бечаралардын көңүлүн көтөр, азыр ар бир адам үчүн жылуу сөз, ысык мээрим керек. Биздин калкыбыз ошого татыктуу!

Аттиң ай, ушундай оор шартта бардык маселелерди чечүүгө үлгүрбөй жатабыз, убакыт аз, мүмкүнчүлүк да жок. Каап, атың өчкүр согуштун оту тутанбаганда, алиге чейин көп иштердин өтөөсүнө чыгат болчубуз. Биздин чыдамкай, тайманбас элибизге миң мертебе ыракмат айтса да, аздык кылат. О, дидарың кургур согуш! Кыбыр эткен тирүү жандын бардыгынын башына оор кайгы салды...

Шохин Низом ары аянычтуу, ары мээримдүү сүйлөгөндүктөн, карыя коргошундай эрип, ордунда туруп калды. Шохин Низомдун сөзүн аягына чейин угууга аргасыз болду.

– Ии, Ризо, сага эмне?..

– Жөн эле... дагы сүйлөйбү деп... – Карыя өзүнөн өзү оңтойсузданып, күңк этип койду.

– Көп жылдардан бери көкөйдө сакталуу жүргөн сөзүмдү сага айттым. Эч арманым калбады. Эми мени барар жериме жеткирип койсоң болду.

Тар капчыгайдын койнунан ышкырып чыккан муздак шамал кокту-колоттордун, өркөчтөнгөн белестердин бетин аймалап сого баштады. Шохин Низом көөдөнүн кере эки-үч ирет кенен дем алды. Анан бара-бара бетинин нуру өчүп, киртийген көздөрү асмандагы көчмөн булуттарга кадалды. Мончоктой сүйкүмдүү аялын жана перзенттерин элестетти. Алардын ар кимиси кудум бирден күлүк атка минип алып, Шохиндин алдынан бачым өтүп бараткансыды. Бирок эмне себептен экенин өзү да билбейт. Согушта курман болгон чоң уулунун элеси көз алдына келди да, негедир токтоп туруп калды. Анан колундагы мылтыкты орто жеринен тизесине уруп, карсылдатып сындырды да, эки колун бошотуп, акырын өтүп кетти.

Шохин Низом көз алдынан акырындап узап бараткан бир боор перзентинин артынан кыйкырууга аракеттенди, бирок тамагы буулгансып, добушу чыкпады. Коркунучтуу ойлорго кабылып, көөдөнүн тепкилеген жүрөгү балыктай туйлап алды. Саамдан кийин самолёт чалкалаганда чексиз асман, алп тоолор үстүнө көмкөрүлүп келатканы көз алдына тартылды. Ошону эстегенде муштумдай жүрөгү капастагы жапайы кекиликтей чапкылап жиберди. Кабинанын алды жагында жанталашып отурган Петяга бир нерсе деп сүйлөйүн десе, деми чыкпайт. Астыртадан бирөө самолётту чымчыктай куйругунан жерге тартып жаткансыды. Ансайын Петя экөө жандары суурулуп бараткандай коркушат. Мына, эми анын

www.bizdin.kg



жүрөгү бир ирет катуу булкунгандан кийин биротоло токтоп калгансыды... Самолёт чыңк ылдый шукшурулуп баратып, жалама тоого тумшугу менен кагылганын гана билет, калганы ага дайынсыз...

Карыя жолката Шохин Низомдун ар бир сөзүн таразалап, астейдил ой жүгүрттү. Ким ак, ким кара экенин адилеттүү назардан өткөрө баштады. Баарын иликтеп, көп жылдар бою көкүрөк өйүгөн араздашууга Шохин Низом эмес, өзү күнөөлүү экенин билип, акыры мойнуна алды. Кайсарлыгынын айынан нечен жыл бою мына ушундай азапка батып жүргөнүнө ынанды. Көңүлүндөгү кир бир аз жуулуп, дили кыйла тазаргансыды. Эми ал Шохин Низомдун кайгы-капасын тең бөлүшүп, көңүлүн көтөргүсү келди. Аяды. Бул ойлор бара-бара анын басыгын басаңдатып, буттарын шалдыратты. Анан ал жоошакты түзүрөөк жерге жөңгөрүп коюп, Шохин Низомдун алдына чөгөлөдү.

– Шохин, о Шохин! Сен ачык айтып, абдан жакшы кылдың. Сөздөрүңө астейдил кулак салып, баарын түшүндүм. Ооба, чындыкты айттың, иним. Мен кайсарлык кылбай ошо маалда сага учураганымда, мунасабыз мынчалык бузулбай турганына эми ишендим. Ырас, сен айткандай эле, чайкананы абат кылдым. Бул мен үчүн оңой болбосо да, намыс менен күч үрөдүм. Мени угуп жатасыңбы, Шохин?

Карыя жүзүнөн каны качып, ууртунда алдакандай жылмаюу пайда болгон Шохинге жакынырaак келип карады. Бул убакта анын колдору эки жакка салаңдап, башы сол жакка шылкыйып калган эле.

– Шохи-ин!.. – Карыя жүрөктү титиреткен үн менен бакырып ийди. – Иним, сен менин айткандарымдын бардыгын уктуң бекен? Өх, шордуу башым! Кечигип айттым окшойт. Жо-жок, сен антип ойлобо, Шохин. Сен адамдын адамы экенсиң, сенин дилиң таптаза...

Чайканага чейин аз калган эле. Карыя жансыз адамдын денесин эмес, акыйкаттын, ырайымдын оор жүгүн тартып баратты. Чайканага жакындай бергенде күтүлбөгөн жерден кулагына тааныш үн угулду. «Ризо ата, фронттон кат келди, ка-ат... Расулжандан экен!» Бул үн бийик тоолордон тоолорго кагылышып, алыска-алыска жаңырып кетти. Башын өйдө көтөрүп караса, Нодир үч бурчтуу конвертти колуна кармаган бойдон бирде жыгылып, бирде мүдүрүлүп чуркап келатыптыр. Карыя аны көргөндөн кийин буту-колуна жан киргенсип, муздай түшкөн денесине ысык кан жүгүрө баштады...

Кыргызчага которгон **Камал**

www.bizdin.kg



*На конкурс «Арча-2011»*

## Сергей АРБЕНИН

# Нежная снежная

*Мне чуждый ангел,*
*хрупкий снег*
*Несбыточным встревожил душу.*
*И времени неспешный бег*
*Своей внезапностью нарушил.*

*Из неба звездной темноты*
*Ты вырвался*
*комами света –*
*Сквозь пелену моей судьбы*
*Грехопадением поэта.*

*Предвестник скорых перемен,*
*Ты пахнешь свежестью*
*прощанья,*
*И будущность мою ничем*
*Не омрачаешь в расставанье.*

*Усталый ангел, хрупкий снег,*
*Беззвучно расколов пространство,*
*Припал к земле.*
*Так человек,*
*Ни в чем не зная постоянства,*

*Летит средь звезд,*
*не окрылен.*

www.bizdin.kg



*Землей вращаем бесконечно.*
*Печатью гения клеймен.*
*В грехе своем распят навечно.*
*И снега счастьем одарен,*
*Творцом забыт в глуши времен.*

## Тайное

*Отсутствие ума необъяснимо.*
*Но предсказуемо почти у всех.*
*Скупа природа на прозренье,*
*мнимо*
*нас уравняв. И глупостью навек*
*отметив род людской.*
*Невыносимо*
*глядеть на мир, где нет уж никого…*

*Отсутствие ума необъяснимо!*
*И приговор –*
*присутствие его.*

## Я и ты

*Непредсказуемо могуч,*
*ловлю я солнце в сонме туч.*

*И, огранен Творца резцом,*
*вдруг в травы падаю лицом.*

*Исполнить прошлого черту*
*спешу, едва дыша, к листу.*

*И обретаю истин свет,*
*в глуши утраченный поэт.*

*…В миру затерянный навек,*
*ты счастлив смертью,*
*человек!..*

www.bizdin.kg



*Гонимый вдохновенья плетью,*
*я пригвожден – пером*
*к бессмертью.*
*Истратив веру и мечты,*
*мы разойдемся.*
*Я и ты.*

## Когда бы я…

*Когда б я мог, как Бог, единым взором*
*окинуть Мир в единый сей момент, –*
*пришел бы в ужас, обуян простором.*
*И попросил…*
*прикрыть эксперимент.*

*Бог не согласен будет, это ясно.*
*И, чтоб не тратить силы и огня*
*на проясненье замысла напрасно,*
*прикроет вмиг…*
*эксперимент меня.*

*Пусть человек – ошибка из ошибок,*
*Творцу не жаль потраченного дня.*
*В попытке избежать подобных сшибок,*
*в других мирах*
*размножит Он меня.*

*Меж звезд давно расставлены акценты.*
*Случилось все,*
*что будет чрез века…*
*Историей затерты прецеденты,*
*как* **Homo** *смысл искал у камелька.*

*Да, копий наштамповано немало…*
*Еще добавить могут. А пока*
*ищите. И обрящете лекало –*
*с копьем в руке, с огнем на мотылька!*

*Звероподобен человека норов…*
*Творцу подобен! – лирики твердят.*

www.bizdin.kg


*И только мы с Ним, Мир окинув взором,*
*прознали, что в галактиках творят…*

*Когда бы я… – изгнал бы нас с позором*
*с планеты этой, где цвел райский сад!*
*Но, милосердный, отобрал топор Он,*
*меня изгнав в который раз подряд.*

*Вновь появлюсь я, в дальней из галактик.*
*Воспряну духом. И опять к Нему –*
*с вопросом вечным из духовных практик:*
*когда, зачем,*
*кому и почему?..*

*Он не ответит, знаю. Нет в том смысла:*
*так много копий, и вопрос не прост…*
*И спрячет лик свой в запредельных числах.*
*Мол, хочешь знать, –*
*бозон поймай за хвост.*

*И я не прост: в секунду не отстану.*
*И буду вычислять и гомонить.*
*Пусть в квантах я запутаюсь с нулями,*
*но докопаюсь, где тот кварк зарыт.*

*И предъявлю его: глядите, вот он!*
*И вздрогнет Он, свой замысел тая…*
*И ниц паду я, воспарив к высотам.*
*И не посмеет Он*
*изгнать меня.*

## Мечты

*Навек оставив Рай земной,*
*увлечена душа мечтой.*

*Сладки ей грезы бытия*
*на острых гранях жития…*

*Увы, гербария цветы,*
*мы вянем на листах мечты.*

www.bizdin.kg



*И, искушенные судьбой,*
*вдруг осыпаемся трухой.*

*Ах, человек!.. В суровый век*
*твои мечты – и смех, и грех.*

*Неясной думой наделен,*
*ты прах пространства и времен.*

## Журавль

*Неисчерпаемый,*
*как кладезь,*
*вновь журавлем возвышен –*
*в радость.*

*Усталый путник!.. Не спеши.*
*Колодца воды так свежи.*
*И славно утоляют жажду.*

*И все же высохнут однажды*
*на перекрестии дорог.*

*…Когда же срок?*
*То знает Бог.*

www.bizdin.kg



*На конкурс «Арча-2011»*

**Хадзёка**
**СУЕМУРА**

# КАМИКАДЗЕ

Motto motto I want to fly so far
Kitto tadori tsuku hazu

* * *

Больше, больше, я хочу улететь так далеко!!
Конечно, я ведь должен бороться…
Kamikaze by
D'espairsRay

Ещё чуть-чуть и я смогу разглядеть восторг на лицах своих жертв, столпившихся на палубе. Желанная цель совсем близко. Только достойная мишень заслуживает моей смерти. Гибель не должна стать напрасной. Я – божественный ветер. Я – одно целое с моей Цветущей вишней, идеальным истребителем для камикадзе. Ещё чуть-чуть… и я выполню свой долг – отдам жизнь за родную страну. Прости, любимая… ты ведь знала, что так оно и будет. Сохрани память обо мне… хоть изредка читай моё прощальное письмо и дотрагивайся своими тонкими белыми пальцами до пряди чёрных волос, что я подарил тебе. Прости, любимая. Ты же знаешь… если бы я смог возродиться, то и следующую свою жизнь я отдал бы за Императора… за возможность вновь стать божественным ветром, что срывает лепестки с цветущей сакуры и погребает под их тяжестью сорные травы. Они тянутся к солнцу, но им не суждено увидеть его восход.

www.bizdin.kg



Я близко. Я совсем рядом. Мои жертвы…они не в силах пошевелиться, так зачаровал их мой полёт. Достойная цель…

* * *

Казалось, я бредил Японией всю свою жизнь. И даже не помнил, с чего всё началось. Особым поклонником аниме я не был, хотя были некоторые картины, которые производили на меня определённое впечатление. Музыка? Да, я – страстный любитель японского рока, эпатажных исполнителей и их экзотичных голосов, столь непохожих на американское рычание, европейское потрескивание и русское с ленцой. Но больше всего меня восхищала культура этой загадочной страны и, то чувство патриотизма, какого не было ни у кого из моих так называемых друзей. Меня поражало, с каким воодушевлением молодые японцы шли на смерть. Самураи, путь воина, камикадзе. Я хотел быть одним из них. Я не хотел мельком, в роли туриста, посмотреть на эту страну. И не хотел там жить, будучи иностранцем. Я мечтал стать своим. Например, родиться самураем в эпоху Эдо. Но больше всего я желал быть камикадзе времён Второй мировой. Да, знаю, сейчас посыпятся упрёки, что всё это неправильно, что предки мои проливали кровь, сражаясь с фашистами и их союзниками. И я согласен, что я тварь и моральный урод, что я ни черта не достоин той жертвы, которую принесли наши деды на фронтах войны. Но… но ничего не могу с этим поделать! Жизнь камикадзе – яркая, пусть и короткая. А моя… моя тянется двадцать лет, но уже катастрофически надоела. Каждый день – одно и то же. Только детство было окрашено в яркие цвета, когда я ещё верил в чудеса и надеялся на что-то. А потом… а сейчас… бесконечный поток гламурных девок в моей постели, которым хрен понять, чего от меня надо. Постоянные проблемы в универе, куда меня пристроил папик. Шляющаяся по тусовкам, до сих пор не повзрослевшая, маман. И я, в окружении таких же, как и я, усталых идиотов. Пресыщенных жизнью и готовых на всё ради новых ощущений. Проблема в том, что я перепробовал многое, кроме… кроме наркотиков. Нет, конечно, кое-кто из моих «друзей» уже давно и прочно подсел на волшебную белую пыльцу, но меня как-то пугало это дело. И даже всякий раз, когда ко мне протягивалась дружеская рука с не менее дружеским косяком, я вздрагивал и вспоминал тётю, погибшую от передоза. Это было на мой десятый день рождения. Она хотела устроить мне сюрприз. И пока маман пропадала в салоне красоты, а папик летел в Турцию с очередной секретаршей, тётя засела в нашей квартире. Наверное, хотела украсить её к моему приезду из школы, потому как нашли её в окружении разноцветных воздушных шаров, радостно подпрыгнувших при мамином падении в обморок.

www.bizdin.kg



Скрюченные пальцы, посиневшая кожа и какое-то идиотско-сумасшедшее выражение лица. Кажется, при жизни она была очень красивой. Но её труп не вызывал во мне ничего, кроме отвращения и страха. Ещё долго во сне она приходила ко мне, стискивала своими костлявыми пальцами моё запястье и тянула за собой. Я просыпался в холодном поту, кричал до тех пор, пока не срывался на хрип. Подтягивал одеяло к самому подбородку и ужасно боялся заснуть, до боли в глазах вглядываясь в темноту перед собой. Я знал, что звать кого-либо бесполезно. Мама опять тусила в клубе, упорно пытаясь получить звание светской львицы; папик, как всегда, остался ночевать на работе, а домработница должна была прийти только утром. Я сжимал зубами одеяло и проваливался в сон, молясь, чтобы тётя оставила меня в покое.

Поэтому к наркотикам у меня было стойкое неприятие. Я снимал на мобильник своих обдолбанных друзей, дико гогочущих в наркотическом угаре. Какими же забавными казались они мне тогда. Придурки – вот как я их ласково называл. Мы всегда зависали в одном и том же клубе. Здесь можно было достать практически всё – качественную выпивку, иллюзию веселья под бесбашенную музыку, знатное курево и косяки гламурных студенток, желающих подзаработать. Выродившуюся, но тем менее, золотую молодёжь местная администрация любила и исполняла любые наши капризы. Захоти я трахнуть эту официантку с провинциально-невинным лицом, никто бы даже не пикнул. Напротив, обставил бы всё в лучшем виде, предоставив вместо традиционной для таких дел кабинки в туалете, отдельный кабинет с весьма удобным диваном. Но официантку я не хотел. Это был пройденный этап. Больше всего на свете я мечтал почувствовать себя японским камикадзе, тем самым, о котором прочёл столько литературы и посмотрел несчётное количество фильмов.

В один из таких вечеров, когда я вошёл в мечтательный раж и взахлёб рассказывал ухахатывающимся укуркам о последнем мощном изобретении японской авиации времён Второй мировой, мне на плечо неожиданно легла холодная рука. Я ощутил лёд его пальцев даже через ткань футболки и каким-то задним чувством догадался, кто бы это мог быть. Каин. Я обернулся и вздрогнул. Наглое, самодовольное холёное лицо с прищуром холодных зелёных глаз. Чувственные губы, изогнувшиеся в доброжелательно-презрительной улыбке. Льняные волосы, почти доходящие до плеч. Эта красота была обманчивой. И все в нашем тесном мирке об этом знали. С Каином связывались только смертники, остальные старались держаться от него на безопасном расстоянии, но поддерживать видимость дружбы с ним приходилось. У него были огромные связи, и если кто-либо имел несчастье ему не угодить, то пиши пропало. Этот человек автоматически становился трупом. Нет, Каин его не убивал, но устраивал такую жизнь, что, по всем статьям лучше бы убил. До недавнего

www.bizdin.kg



времени мне удавалось не попадаться ему на глаза, и для своих забав он выбирал кого-либо другого, пока я тихо прятался, от греха подальше, за спинами моих «друзей», потерявших самоконтроль вкупе с инстинктом самосохранения. На самом деле его звали иначе, но имя Каин подходило ему больше всего. И, знаете, настоящему Каину, библейский который, до этого ублюдка было как до Луны пешком. В свои двадцать с небольшим он имел репутацию похлеще самого маркиза де Сада. За что получил имя Каин, а не де Сад? Когда ему было семнадцать, он соблазнил и трахнул своего родного брата. Тому на тот момент было пятнадцать, и он уже год как сидел на героине. А пристрастил его к этому делу Каин. Наркотики нашёл у своей маман, которая давно практически не выходила из под кайфа. По слухам, папашка его, видный политик, сколотил состояние именно на торговле наркотиками. В-общем, когда Каин опробовал своего братца, он предложил его задницу своим дружкам. Говорят, парнишка смеялся, не останавливаясь, даже когда его штырил десятый по счёту «клиент». А через два дня братец Каина повесился. На похоронах все усиленно корчили правильные морды, а после, в тот же день, Каин отправился тусить в клуб. Спустя неделю от передоза ушла к праотцам его маман. Употреблял ли наркотики сам Каин? Я до сих пор этого не знаю. Раньше думал, что да. А теперь… теперь я думаю, что он был для этого слишком умён. Ему гораздо больше нравилось подсаживать на всю эту дрянь кого-либо другого, чтобы потом наблюдать за его мучениями издалека.

Пока я гадал, что от меня понадобилось этому уроду, тот сильнее стиснул моё плечо и, вплотную приблизившись, спросил:

– Хочешь полетать?

Я был настолько под впечатлением от ситуации, что машинально кивнул, отчего по лицу Каина расползлась совершенно недобрая улыбка.

– Я знаю, как это устроить, – прошептал он на ухо, и мне в ладонь лёг маленький пакетик. Я в ужасе дёрнулся. Каин усмехнулся и склонился ещё ближе – Я просто хотел помочь. Всего лишь попробуй. Не понравится? Что ж, значит, это не твоё. А, ну, вдруг, это доставит такие ощущения, о которых ты даже мечтать не мог. Ты сможешь ощутить себя самым настоящим камикадзе. Подняться в небо, стать божественным ветром, несущим смерть своим жертвам. Хотя бы один раз попробуй испытать всё то, чего ты так долго хотел – и он крепче сжал мои пальцы на пакетике. А потом развернулся и ушёл.

Я закинул эту дрянь в самый дальний угол ящика в моём столе. По непонятным мне причинам, выкинуть подарок Каина не решился. Оставил. На всякий случай. А в один из ртутных дождливых вечеров достал. Прикрыл глаза и мысленно представил себе, как мой истребитель взрезает носом воздух, как мчится вниз, навстречу своей цели. Одной рукой я сжи-

www.bizdin.kg



мал в руке самурайский меч, преподнесённый мне самим Императором и приравнивающий к рангу великих воинов, а другой теребил пакетик, оставленный Каином. Сейчас я понимаю, что вполне мог обойтись без всех этих иллюзий, если бы пожелал сам изменить свою жизнь, а не при помощи волшебного зелья. Но тогда всё вокруг настолько осточертело, набило оскомину и вызывало рвотный рефлекс, что даже мозги были окутаны каким-то серым, вязким туманом. Мне надоели бесконечные тусовки, одинаково расфуфыренные лица с пустыми глазами на них. Я хотел почувствовать себя другим, непохожим на них, живым, горячим, покоряющим небесные просторы. Слова Каина достигли своей цели. Мышеловка захлопнулась.

Первый полёт не заладился. Видимо, по техническим причинам. Я никак не мог справиться с управлением, и попадал то в одну воздушную яму, то в другую. Меня тошнило, скручивало в болезненных спазмах, выворачивало наизнанку. Я цеплялся онемевшими пальцами за ускользающие стены кабины моего истребителя. Словно в насмешку над моими жалкими потугами Цветущая Вишня то рассыпалась нежнейшими, бледно-розовыми, лепестками сакуры, то вновь превращалась в совершенное орудие убийства. «Мне дарована прекрасная возможность умереть. Я упаду как цветок с ослепительно цветущей вишни» – белой пылью слов по оголённым нервам рассыпалась, вычитанная когда-то, фраза из последнего письма японского камикадзе… А взбесившееся сознание выплёвывало ошмётки вчерашних воспоминаний. Понимание никчёмности прожитых лет давило безысходностью. Силясь сбежать от нахлынувших эмоций, от накативших тошнотворных сновидений, я скрючился на полу, моля, чтобы это поскорее закончилось… … Звуки города за окном оглушали: сигналы машин взрезали черепную коробку, трансформируясь в сирену военной тревоги; в шуме человеческой толпы, обычно почти не воспринимаемой привычной обыденностью, мне слышались стоны и крики раненных. Их предсмертные муки оказывались агонией моего мира, моей прежней жизни… Воздух чернел от запаха гари и палёной кожи, расплывался масляными пятнами чего-то приторно-сладкого, красновато-серого…

… Так не должно быть… не должно… что-то пошло не так… я это чувствовал… но…

… Но, тем не менее, решил попробовать проникнуть в нераскрывшийся пока цветок сакуры снова.

Потом.

В следующий раз.

Я должен был понять, что делаю не так.

Я полечу.

www.bizdin.kg



Я обязательно стану божественным ветром.

И упаду как цветок с ослепительно цветущей вишни…

Спустя неделю я сам отправился к Каину – выпрашивать у него волшебное средство для воплощения моих фантазий. О, Каин был как никогда добр и обходителен. Он понимающе кивал, поглаживая подлокотники кресла, а потом также понимающе снабжал меня необходимым топливом для полётов.

А затем… с ним что-то случилось. В его глазах больше не было даже напускной доброжелательности. Только холод и презрение. С высокомерной усмешкой он наблюдал за моими трясущимися руками, подавляя одним взглядом мой жалобный протест. Никаких подарков – за каждый полёт я должен был отдавать немалую сумму денег. Но что значат эти бумажки с водяными знаками для того, кто уже практически не живёт в этой реальности, считая за благо затеряться в мире грёз?

Перед мысленным взором то и дело вставала разлагающаяся, сочащаяся трупным ядом, сине-жёлто-зелёная тётя в окружении весёлых разноцветных шариков, которые приплясывали в хаотическом танце, сцепившись меж собой тонкими чёрными ниточками. Я усиленно отгонял эти видения, раз за разом покупая столь необходимую отраву, оттачивая полёты, вырисовывая в воображаемом небе мёртвые петли и камнем падая вниз – на замерших в страхе и восторге жертв моей атаки.

Погибая в пламени взрывов, сгорая в своей Цветущей Вишне, я возрождался снова и снова для того, чтобы в очередной раз сесть за стол, накрытый белой скатертью и вкусить ритуального риса – идеально белоснежного. Белый… у японцев – это цвет смерти. Но… я не хотел умирать по-настоящему и ужасно боялся когда-нибудь уснуть в полёте. Симптомы передозировки наркотиков я выучил лучше, чем в своё время таблицу умножения. А ещё меня пугали все эти рассказы о том, чем кончают большинство наркоманов. Их я старался не замечать вообще, закрывая глаза на очевидное.

Со мной этого не случится.

Только не со мной.

Маман могла радоваться. То, чего она так долго добивалась, свершилось. Жёлтушники её, наконец, заметили. Светские хроники запестрили сообщения о том, что сын упорно молодящейся мадам N – наркоман. И теперь сплетники взахлёб обсуждали возможное пристрастие моей дорогой родительницы к той же заразе, которой был болен я.

Странно, но подобное внимание к своей персоне ничуть не обрадовало мою мать. Она закатила мне вселенский скандал. Била тарелки, топала ногами, кричала, что с этого момента ни она, ни отец не будут платить за мою дурь.

www.bizdin.kg



У меня как раз был отходняк, поэтому я слабо понимал происходящее и мог только смущённо улыбаться и бормотать что-то совершенно невразумительное в ответ. Я смотрел на это усыпанное слишком белой пудрой лицо, идеально-подтянутую кожу и чуть раскосые голубые глаза… и мне становилось так дурно, что и не передать.

В жёлтом электрическом свете маман казалась ужасно нелепой куклой-марионеткой, которую кто-то отчаянно дёргал за верёвочки, и она мельтешила перед моими глазами. Из нарисованного рта выскакивали вертлявые слова. Они разбегались по истошно визжащим фразам. А те, в свою очередь, настойчиво пробирались в мои уши, колошматя, что есть силы, по барабанным перепонкам. Я усиленно мотал головой, вытряхивая из головы назойливые звуки.

Пытка продолжалась. Нервы, с громким хлопком, лопались один за другим. В ушах зудело, а маман всё не успокаивалась.

Я отправился в комнату, когда эта женщина преградила мне путь. Заламывая руки, она верещала, что я не могу так поступить с ними, что я непременно должен лечь в клинику, что репутацию семьи надо спасти…

Репутацию семьи…

Я отшвырнул её в сторону…

она мне больше не семья.

Репутация…

я покажу вам репутацию…

Я брёл по улицам большого и бездушного города, названивая то одному своему приятелю, то другому. Какого-то чёрта, разговор начинал с объяснения ситуации, после чего меня вежливо посылали. Попытки снова соединиться с абонентом ни к чему не приводили. Все, кто раньше гордо называл себя моими друзьями, отключились от меня сразу, как только мне понадобилась их помощь.

Каин ответил не сразу. Только после десятого пропущенного звонка. Ядовито рассмеялся в трубку, обрубив все мои надежды на него. По его словам выходило, что милостыню он подавать не будет. Если у меня нет денег – это сугубо мои проблемы. Вот как достану необходимую сумму, так и смогу на что-либо рассчитывать. На мой вопрос: «где же мне её достать?», он ответил: «работать».

Работать… а что же я умел, чтобы могло приносить мне доход? Пить, веселиться и трахаться? Вот и все науки, с которыми я дружил. Скудный набор. Меня ведь ничего не интересовало в этой жизни, кроме меня самого.

Бесполезное существо с бесполезным набором качеств.

Я снова позвонил Каину. Попытался его разжалобить. Мне ведь даже жить негде было…

www.bizdin.kg



… искорёженные останки самолёта, обугленные человеческие тела, от которых нестерпимо несёт горелой плотью, всюду копоть и гарь. Боль настолько всепроникающая, что в первые минуты я даже не чувствую себя. Вместо крика из горла вырывается какой-то непонятный хрип. Перевожу взгляд на руки и замечаю, что кожи нет. Совсем. Только сочащееся мясо, сквозь которое белеют кости.

А огонь всё продолжает лизать моё тело, выворачивая душу наизнанку, съедая разум неимоверно медленно и мучительно. Вокруг падают всё новые и новые самолёты. Из них вываливаются обгоревшие пилоты, такие же живые трупы, как и я. И цели… никакой достойной мишени нет и в помине!

Все истребители врезаются в потрескавшуюся от внутреннего жара землю, выжженную пустыню, присыпанную белым пеплом…

Я умирал.

Внезапное осознание этого слегка кольнуло в сердце, но не смогло задержаться в нём. Мне не было страшно. Наверное, так даже лучше.

Мне не всегда удавалось найти денег, поэтому явление под названием «ломка» пришлось изучить в мельчайших деталях.

Я был готов на всё, лишь бы не испытывать его снова.

Упал настолько низко, что ниже, по-моему, было уже некуда.

Каин… этот сукин сын подсказал, где можно относительно недорого снять квартиру и найти «работу». Вместе с двумя другими парнями, такими же идиотами, как и ваш покорный слуга, я обслуживал в этой небольшой трёшке всяких похотливых извращенцев с неуёмными сексуальными фантазиями и толстенными кошельками. У меня даже появились постоянные клиенты.

Хы… наверное, я должен радоваться? Наверное. Но мне было всё равно.

Я практически не бывал трезв. Помнил предостережения в брошюре про передозировку, но ничего с собой поделать не мог. Эти жирные боровы могли творить со мной всё, что им было угодно. Плевать я хотел на такую дрянь.

Унижение… что такое унижение, когда тебя скручивает так, что ты даже мыслить связно не можешь? Когда весь твой организм – сплошной пучок зудящей, свербящей, сумасшедшей боли. От неё кидаешься на стены, пытаешься влезть на потолок, вырвать бешено стучащее сердце из тесной груди. Когда комната перестаёт быть просто комнатой и наполняется детскими страхами – самыми жуткими и мерзкими видениями, потому что знаешь – добрые взрослые не придут на помощь. Добрых взрослых не бывает. Есть лишь вечно занятые, уткнувшиеся в собственные проблемы биологические родители.

www.bizdin.kg



И однажды я слишком сильно натянул, казавшееся спасительным, одеяло. Оно накрыло меня с головой, укутав в белый плотный саван. Я пытался отбросить его… я пытался дышать… кричать… но не мог… я задыхался в плену своих иллюзий, превратившихся из нежнейшей, щекочущей ноздри вишнёвой пыльцы в чернеющее обуглившимися ветками уродливое дерево.

Сердце щёлкнуло, сбиваясь с привычного ритма, и вылетело из груди, взмахнув ярко-алыми пульсирующими крыльями. Или… или это я вылетел из кабины пилота, потеряв управление.

Очень сильно хотелось спать.

Я… залил бак топливом до отказа и шёл на базу, когда веки сами собой начали смыкаться.

А в следующее мгновение я уже стремительно падал, продираясь сквозь неожиданно плотные облака, захватывая целые куски истончающейся белоснежной материи.

Всё ниже и ниже, ниже и ниже…

Истлевшие скелеты на сгоревших кораблях тянули ко мне свои руки, растягивая в безумной улыбке неожиданно огромные пасти, засасывая в чёрные дыры своих глаз. Стройными рядами они маршировали по головёшкам, сцепившись костяшками, вытанцовывали причудливые па, увлекая за собой и меня.

А я даже не мог сопротивляться, и только с сожалением смотрел, как стремительно падает моя Цветущая Вишня, взрываясь от удара о выжженную землю, превращаясь в искорёженный металл. Металл… и ничего более…

… меня зачем-то спасли. Оказалось, что в маман всё-таки, наконец, взыграл тот самый пресловутый материнский инстинкт, и она объявила меня в розыск. Хотя, может, её просто достали журналисты и все острозубы, в среде которых она постоянно вращалась. Наверняка, капали ей на мозги, говорили во всеуслышание о том, какая мадам N нехорошая, что якобы выгнала из дома своего сына, вместо того, чтобы направить его на лечение.

А впрочем… какая разница, что двигало ею на самом деле? Главное, что сейчас я лежал в больничной палате. Не самой худшей, насколько я мог судить по обстановке. Рядом мерно пищали медицинские приборы, стояла капельница и ещё какая-то непонятная хрень…

<…>

… я рождался заново. И это было почти также больно, как и умирать. Почти в каждом своём сне я оказывался в кабине своего истребителя,

www.bizdin.kg



объятого пламенем. Пытался выбраться, и не мог… Иногда я приходил в себя и видел маман… маму… А на её лице слёзы. Она плакала? Но почему? Не надо. Я – не достойная мишень. Прости. Хм… странно… прощения почему-то просила она…

<…>

… солнечный свет бьёт в окно. Мне уже позволено ходить по коридорам этого учреждения… больницы?.. Есть места, вход куда преграждают здоровые санитары. Я их обхожу. На вывески, названия отделений редко обращаю внимание, предпочитая по обстановке догадываться о том, куда же я попал. На этот раз, меня, похоже, угораздило зайти на детскую территорию. Через окна на дверях палат можно было увидеть исхудавших подростков. Кто-то из них лежал на кровати, свернувшись клубочком, вперив безучастный взгляд в белую стену. А кто-то увлечённо рисовал что-то быстрыми мазками кисти в альбоме, по-татарски усевшись на полу. Одним из них был этот мальчик. На вид я дал бы ему не больше семи лет. Почти просвечивающая кожа на тонких руках сплошь усеяна язвами. Под глазами залегли тёмные тени. Свет из окна падал таким образом, что кудрявые, светлые волосы мальчика превращались в сияющий ореол. Я невольно залюбовался им, стараясь даже не думать о том, как этот ребёнок оказался здесь.

– Его мама – наркоманка со стажем, – раздался рядом со мной мужской голос. Я нервно дёрнулся. Высокий, седовласый мужчина в накрахмаленном халате. Я даже не заметил, как он подошёл – Когда она родила Владика, то уже лет пять, как сидела на игле. У него целый букет различных заболеваний. Но мать… эта женщина пошла дальше. Она подсадила на иглу и Владика. Вкалывая яд себе, она делилась им и с сыном. Органы опеки проснулись только тогда, когда мальчик уже три года был наркоманом. Удивительно, что они вообще его нашли, ведь никто из соседей не сообщал им о том, что эта женщина делает со своим ребёнком. Мы взялись лечить его от наркотической зависимости, но спасти его жизнь уже не можем. Слишком поздно. Через иглу мать заразила его СПИДом. А он всё продолжает мечтать стать лётчиком. Рисует самолёты. Себя… пилотом… – врач замолчал на некоторое время, словно обдумывая что-то. Затем встрепенулся и посмотрел на меня строго – А вы, собственно, что делаете в этом отделении? Марш в свою палату!

– А можно… – я не осмеливался попросить, боясь, что он меня прогонит. А потом решил: будь, что будет – понимаете, мне скоро выписываться. И я… я хотел бы поговорить с этим мальчиком. Быть может, я смогу ему чем-нибудь помочь, когда… когда выйду отсюда. Мои родители – довольно обеспеченные люди…

www.bizdin.kg



– Что ж, поговори, если получится. Я пока здесь постою, – при этих словах врач строго посмотрел на меня и толкнул, открывая, дверь.

На нежданного посетителя никто из детей не обратил внимания. Я невольно поёжился, переступая с ноги на ногу, и чувствуя себя Гулливером в стране лилипутов. Разница была в том, что на меня не было направлено даже негативных эмоций. Этим маленьким пациентам я был совершенно неинтересен. Казалось, они вообще не реагируют на какие-либо проявления внешнего мира, полностью погрузившись во внутренний.

Я осторожно присел на кровать рядом со Владиком и попытался завязать разговор:

– Рисуешь?

– … – он даже головы в мою сторону не повернул.

– Я тоже люблю самолёты.

– …

– Всегда мечтал летать. А ты? Ты… мечтаешь?

– Да, – тихо ответил мальчик, продолжая рваными штрихами раскрашивать истребитель в чёрный цвет – раньше… раньше я часто летал… когда жил с мамой… мы с ней вместе летали… правда, падать всегда было больно. И сейчас… я летаю во сне… когда вырасту, хочу стать лётчиком. А ты? – на мгновение Владик запнулся, потом исподлобья на меня посмотрел и спросил – Ты же уже вырос… кем ты стал?

– Я? Я только готовлюсь стать кем-то в этой жизни.

www.bizdin.kg



*На конкурс «Арча-2011»*

## Жумгалбек

# СПЕКТАКЛЬ

*Мир чист и прекрасен,*
*только с краю слегка*
*затуманенный.*

**Э. Хэмингуей**

С утра был серый, густой туман, потом пошёл дождь тихо, неуверенно, а вечером уже валил мокрый, тяжёлый липкий снег. На улицах была грязь и слякоть, а воздух был влажным и холодным. Все с грустными лицами, с прищуренными глазами, в безмолвном страхе и безумии спешили и бежали куда-то.

Я зашел в центральный телеграф, позвонить. Зал был переполнен людьми, стоявшими в длинной очереди. Было шумно и душно, в телефонных кабинах слышались громкие голоса, потом вспомнил, была же суббота. Занял очередь, как выражаются «крайним» за пожилой женщиной, в очках, окутанную в тяжёлую черную шубу и в норковой шапке.

Потом впереди две женщины начали ссориться. Одна явно «базарная», глубоко вдетой в кожаной кепке, в широко распахнутой кожаной, истертой куртке, кажется, сюда она зашла прямо с работы, видимо где-то на «Ошском», «оптом» торгует кониной, жирная, с наглым лицом, с обкуренным хриплым голосом. Другая, в сером драповом пальто, в белом пуховом платке, худенькая, с тихим, умоляющим голосом, с огромным дерматиновым портфелем в руке. «Базарная» не церемонилась с ней особо, как бывалый мужик,

www.bizdin.kg



нисколько не смущаясь, бранила и поносила её как сопливую девчонку.

– Морковка! Шкуру от костей разобью – кричала как взбесившийся волкодав, с угрозой о немедленной расправе, подставляя свои страшные, грязные пальцы прямо в глаза маленькой женщины.

Как бы не так, но маленькая женщина не струсила, в горячей отваге старалась не сдаваться, пыталась перекричать, дать достойный отпор, не осознавая, что она не сможет сделать этого в силу своей и физической возможности и может быть ещё из-за этических убеждений, не знаю, но почему-то я, увидел в ней школьную учительницу, строгую, и благовоспитанную своими же учениками.

– Вы не женщина! – говорила, а сама вся дрожала и чуть не плакала, от негодования, от стыда перед людьми. – Женщина не говорит такие слова!

Ах, так просто и наивно, с сердцем, почти в отчаянии, хотела заверить свою обидчицу в том, что нельзя обходиться с людьми так грубо и пошло.

Она не хотела отступать, требовала людей рассудить по справедливости, а «базарная» даже и слушать не думала, не признавала никакой правды и справедливости. Дело дошло до того, что «базарная» женщина сильно, с размаху толкнула учительницу в грудь, и она спиной с грохотом, упала на пол. И тут, наконец-то, нашлись люди осмелевшие оказать ей хоть какую-нибудь помощь, и они увели учительницу на улицу. Она ушла, оскорбленная и приниженная, не сказав ни слова, наверное, поняла, с кем имеет дело, поняла, что иногда честь дороже даже самой справедливости. Да, правда – героиня, она не раздумывая, слепо бросается под нож, и всегда погибает первой, совесть – многоликая, но в конце трусливо и мучительно умирает на веревке, а равнодушие тихое, вездесущее и бессмертное.

И после этого «базарная» женщина не унимала свой нрав, кричала, ругалась, махала руками, и на её мясистом, красном от гнева лице, было столько ненависти и зла, что хватило бы на десятерых, что можно было бы отравить целого медведя, этим чёрным ядом. От этой невесёлой забавы у всех на лицах появилось недоумение, досада, страх. Все невольно притворялись, будто бы ничего не произошло, будто говорили, с кем не происходит такое и при этом каждый заботился лишь о том чтоб не уронить себя, сохранить свое «нормальное» лицо и осторожно сторонясь, пытались не смотреть прямо ей в глаза.

Пожилая женщина в очках с тяжёлым, истомленным вздохом тихо обронила: – «Оо боже, что творится!» и, поправив свои очки, отвернулась назад, чтоб не видеть весь этот спектакль, закрыла глаза, прискорбно опустила голову и тяжело дыша, медленно шептала какие-то слова, она молилась, да, она молилась Богу.

www.bizdin.kg



Рядом, слева от меня на скамье сидела женщина, молодая, в одной руке держала помятый синий платочек, а другою крепко сжимала руку худого мужчины, с лицом от нерадостной жизни, видимо, её муж и тихо плакала, слёзы катились по её щеке, а муж успокаивал, утешал её, что-то говорил и, чувствуя своё бессилие, о чём-то просил, умолял и его наивно-добрые, испуганные глаза, крепко сжатые губы, выражали нестерпимую боль и отчаяние. Она позвонила и узнала весть, бессомнения ужасное, непоправимое, несовместимое с человеческим сердцем, теперь сидит в горе и не может прийти в себя, не верит случившемуся, иначе, зачем плакать, здесь, при людях. Когда плакала, её длинные волосы были опущены, щёки ярко горели, взбухшие губы дрожали, сияли облитые слезами глаза, и она в этот миг выглядела какой-то неземной, не знаю почему, наверное, от того, что горе всегда заставляет нас широко распахнуться, с искренностью обратиться к Богу, искренно согнуться на колени и искренно молить о прощении, и в этот час человек преображается в самого себя, истинного, всем своим существом прочувствует, как тяжела наша земное испытание, как трудно порой дается человеку смирение, вспомнит о великом страхе, и тот день, когда мы, наконец, предстанем перед Великим Взором.

Наконец-то «базарная» женщина угомонилась, стояла с торжествующим видом и тупо озиралась вокруг. Все успокоились и молчали, кроме передних трёх парней. Высокий, что с прыщами на лице и с длинным носом, после всего случившегося, кажется, вспомнил одну невесёлую историю и шепотом, тихо рассказывал другим, а те осторожно улыбались, качали головой.

И в это время зашла девушка, совсем юная, высокая, с короткими и как перья переливающимися волосами, с дикими, сверкающими глазами, с синими, изогнутыми ресницами, стройная, красивая как кинжал. Она была несравненна. Никто не знает меру красоты, никто не сможет определить, что такое красота и какою она должна быть, но в этот миг все невольно обернулись в её сторону, с вожделением смотрели на её легкую, пластичную фигуру и она уже знает, что такое оно «особое внимание», тем не менее, оставалась равнодушной всем и всему.

Подошла и спросила:

– Кто крайний?

– Я, «крайний», – ответил я.

– Я за вами!

Она держалась прямо, элегантно, уверенно.

– Долго вы стоите?

– Минут десять, если не больше, – и посмотрел на часы,– да, десять минут.

www.bizdin.kg



– Значит, будем ждать долго? – её чёткий и звонкий голос звучал строго и спокойно, она прямо глядела в мои глаза, и будто говорила: – «Будь осторожен, убьешься!» В её чёрных, необычайно дерзких глазах было что-то жуткое, страшное и нечеловеческое, ещё один взгляд и эти глаза сотрут, и обратят тебя в ничто, потом пропадешь в них навсегда.

– Что делать, будем ждать.

Мы разговорились, и в общении она была проста, пряма и уверенна, точно вонзила и рубила, как кинжал. И вдруг, как будто она вспомнила очень важное, неожиданно:

– А вам, сколько лет? – я смутился, почувствовал неловкость.

– А вам это очень интересно?

– Не хотите не надо, мне всё равно!

– Двадцать восемь...

– Что?

– Мне, двадцать восемь! – Она содрогнулась как от холода: – А-аа! – и рукой закрыла рот:

– Ужас! Какой ужас! – воскликнула, потом схватилась за сердце и замотала головой, и в её мёртвенно-бледном, ещё детском лице появился страх, испуг, тревога, как от тошноты искривились тонкие губы, и от этого её красота стала ещё мучительней, дьявольски колдующей. Я понял её, но от таких неожиданных волн эмоций почему-то и мне стало страшно. Да, мне двадцать восемь, и я так и до сих пор не понял «кто я», не нашёл своё место среди людей. Какова моя роль в земном существовании? К чему я предназначен? А может, «ужасен» не мой возраст, как определённый промежуток бесцельно прожитого, да ещё «долгого» времени, а «ужасна» само осознание существования в реальной действительности, «ужасно» ясное понимание своей беспомощности перед страшным грядущим. «Ужасен» не мир, в котором мы живём, «ужасен» сам человек превративший мир в один «ужас», «ужасны» мы, уже загубившие самих себя в вечной, глупой суете и страхе, обманутые своими бесполезно-сладкими мечтами и длинными чем сама жизнь надеждами, обратившие её в жестокую, невыносимую пытку. И вдруг, мне захотелось в «ужасе» проснуться где-то в горах, в глубокой пещере, где тихо тлеет угасающий костёр, в холодном поту, на шкуре недавно убитого оленя, полуголым, диким человеком, и, вскочив, со слезами радостно вздохнуть, что, всё, что было и произошло в моей жизни, был только кошмарный сон и не более.

Она стояла и о чём-то напряжённо думала, в её огромных глазах было нечто больше чем «ужас», как бы перед ней предстал страшный призрак её далёкой, но неминуемой старости, как погубивший не

www.bizdin.kg



один десяток жизней, искалечивший не одну судьбу, старый, сломанный кинжал на жестокой войне, выброшенный и забытый, теперь лежит в горах, среди камней, с избитым и заржавленным клинком.

Пробираясь через толпу, она медленно отошла в сторону и быстро удалилась, а стоявшие провожали её долгим взглядом. Я ждал её, но она не вернулась, и я больше никогда её не видел. Наконец-то дошла очередь, и, позвонив, я вышел на улицу, было уже темно, снег валил огромными хлопьями, медленно качаясь, ложились на землю серебристым ковром, и было ощущение, что я попал в неведомый мне мир, где всё чисто и прозрачно. Взглянул на тёмное небо, глубоко, с облегчением вдохнул чистого морозного воздуха, а снежинки падали на моё лицо, таяли и мочили мои щёки и закрытые глаза. Это был первый, чистый снег, «с краю слегка затуманенной», двадцать восьмой зимы моей жизни. А всё-таки, всё ни так уж и плохо, ведь не всё же ещё потеряно. Никак не могу понять и оставить свою глупую привычку, вечно всё преувеличивать.

Перед сном думаю – чем же удивит меня завтрашний день? Какое событие поразит меня, сотрясет всю страну, а может и весь мир. Или же какой человек своим мудрым словом, одним своим поступком изменит весь мир. Живу почему-то в постоянном ожидании, почему-то искренно верю, что оправдаются мои надежды. Этот человек со своим ещё неизвестным словом и поступком, должен явиться скоро, не долго осталось ждать.

В последние десятки лет сколько было катастроф, землятресений, массовых убийств, войн, а сколько их было за всю человеческую историю? Сколько людей возомнивших себя богами, псевдопророками, всемогущими вершителями судеб пытались и пытаются изменить мир, изменить человеческую жизнь, сколько идей навязывались и уничтожались народы, нации, культуры.

Никакая человеческая организация, никакая общественная надстройка не способна сохранить мир, сохранить человека человеком, пока на земле свободно властвует сам человек, сея и преумножая зло и насилие.

www.bizdin.kg



*Поэзия*



# Михаил ЛЕРМОНТОВ

*3- (15) октябрь 1814-жылы Москвада туулуп, 15- (27) июль 1841-жылы Пятигорскиде каза тапкан улуу акын, прозаик, драматург, сүрөтчү, офицер.*

*Бардар балдардын Москвадагы эки жылдык пансионун бүтүргөн соң Москва университетинин адептик-саясый, сөз бөлүмүндө окуп, алгачкы «Весна» деген ыры «Атеней» журналында жарык көргөн.*

*«Маскарад», «Мцыри», «Бэла», «Биздин замандын баатыры» сыяктуу өлбөс-өчпөс чыгармаларды жазган. Намысын коргоп, дуэлден каза болгон.*

## Бородино

*– Айтчы, абаке, французга жөн гана*
*Тийбегендир, отко күйгөн Москва?*
*Кантип эле кандуу кармаш болбосун,*
*Айтышат го, укмуштардын болгонун?!*
*Калса керек Россия бүт бойдон,*
*Бородино күнүн эстеп ошондон!*

*– Ээ, эл болгон ал учурда бир бөлөк,*
*Азыркылар кайда аларга тең келмек:*
*Чыныгы алптар – ошолор!*
*Туура келип жаман тагдыр аларга,*
*Чанда бири кайтып келген майданда.*
*Бир теңирдин күчү болбой калганда,*
*Бербейт элек Москваны душманга!*

*Үн катпастан биз чегиндик далайга,*
*Кармаш күттүк, терең батып ызага.*
*Арабызда абышкалар күңкүлдөйт:*
*«Биз эмине! Камалгансып үйгө бек!*
*Башкаргансып мундирлери тытыла,*
*Бир сунулса колдогу орус штыктар –*
*Муну неге командирлер билишпейт?»*

*Эптеп анан чыктык кенен талаага,*
*Ээн-эркин көзгө урунат айлана!*
*Коргонууга биз ал жерге чеп курдук,*

www.bizdin.kg



*Кирпик какпай, дабыш тыңшап, сак турдук!*
*Замбиректер таң нуруна бөлөнүп,*
*Токой үстү калган кезде көгөрүп,*
*Французлар кирип келди умтулуп.*

*Дүрмөттөдүм замбирекке ок шыкап,*
*Досумду мен тосоюн деп, урматтап!*
*«Кана келчи, мусью тууган, жакындап!*
*Кармашууда амал ойлоп ким турмак;*
*Же барабыз кез келгенди талкалап,*
*Же кыйылып, Мекен үчүн баш калат!»*

*Эки күнү бошободук атыштан,*
*Эмне пайда мындай бекер тартыштан?*
*Келер күндү күтүп калдык биз анан:*
*«Жетиш керек ок-дарыга батыраак!» –*
*деген үндөр ар тараптан угулат.*
*Ошол кезде кан майданды аралап,*
*Караңгы түн кирип келди утурлап.*

*Чырм этүүгө мен лафетке баш жаздап*
*Жатканымда, французлар шарактап,*
*Таң атканча алды кулак кужурун.*
*А биз жаткан жайдак жайда тымызын:*
*Бирөөлөрү сынган бөрктү тазалап,*
*Бирөөлөрү штык кайрайт жер карап,*
*Булдуруктап тиштеп узун мурутун.*

*Таңга маал жарык жерге чачырап,*
*Тиер менен бардыгы шатырап,*
*Туруп калды катар-катар тизиле,*
*Полковник бир тубаса эр эле:*
*Солдаттарга атасындай жагымдуу,*
*Падышанын кызматында неме эле...*
*Жаның кейийт: Кылыч менен чабышып,*
*Жатаар эле уктаганда сыз жерде.*

*Ошол айтты, көздөрүнөн нур чача:*
*«Кана, балдар, Москва тур артыңда,*
*Көз жумгандай өзүбүздүн туугандар,*

www.bizdin.kg



*Көз жумалы Москванын алдында!»*
*Биз ошондо өлүмгө да баш урдук,*
*Берген антка тикебизден тик турдук,*
*Бородино майданында баарыбыз.*

*Айтпа ал күндү! Түтүн учкан аралап,*
*Французадар булут өңдүү сабалап,*
*Түп көтөрө биздин чепке каптаган.*
*Уландары белгиси бар ар кандай,*
*Драгундары ат куйругун булгалай,*
*Дабырашып  ушул жерди таптаган.*

*Көрсөтпөсүн силерге андай кыргынды!*
*Көлөкөдөй туулар жерге жыгылды.*
*От жылтырап ортосунда түтүндүн,*
*Кылыч чак деп, октор учуп улуду.*
*Жоокерлердин каруусунан ал кетип,*
*Бирин бири сайыша албай куруду.*
*Денелерден кан аралаш үйүлгөн,*
*Замбиректин огу өтө албай буулду...*

*Ошол күнү сезди душман бир кыйла*
*Орустардын алдырбасын согушта –*
*Каруулашса тең келбесин оруска!..*
*Жүрөк өңдүү – Жер ордунан солк этти,*
*Элдер, аттар аралашып тепселди.*
*Миң-миңдеген куралдардын үндөрү*
*Тыным албай улуп жаткан өңдөнду.*

*Күүгүм кирди. Баары турду акмалап,*
*Эртең кайра жаңы кармаш башталат.*
*Аягына чыгыш керек бек чыдап...*
*Аңгыча эле барабандар кагылып,*
*Бусурмандар чегиништи агылып.*
*Жолдошторду шондо гана биз жоктоп,*
*Жаралууну түгөлдөдүк жабылып.*

*– Ээ, Эл болгон биздин ошол учурда,*
*Кайрат-күчү жандан артык башкача,*
*Чыныгы эрлер – ошолор!*

www.bizdin.kg



*Туура келип жаман тагдыр аларга,*
*Айрымдары кайтпай калган майданда.*
*Эгер теңир эрки болбой калганда,*
*Бербейт элек Москваны душманга!*

Которгон **Бейманбек САРДАРБЕКОВ**

---



*Бейманбек САРДАРБЕКОВ (1960–2011) 1960-жылы 31-мартта Кочкор районундагы Комсомол айылында туулган. 1984-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн. 1992–94-жылдары Кыргыз илимдер академиясындагы Тил жана адабият институтунун аспирантурасынан билим алган.*

*«Жаштыгым» (1989) аттуу ырлар жыйнагы жарык көргөн.*

*Көптөгөн ырлары жана адабий-публицистикалык макалалары басма сөз беттеринде жарыяланган.*

*«Жаңы Ала-Тоо» журналы менен «Турар» басмасынын «Арча–2010» адабий сынагынын ээси.*

www.bizdin.kg



*Мастер-классик*

# КҮЛАЗЫК

* * *

Жаратылыш колтугунда көйкөлгөн тунук көл жатат. Анын күзгүсүнөн асман көрүнөт, тоо көрүнөт, токой көрүнөт. Адам өзү бутуна турганы аз келгенсип, күзгүнү ала туруп, андан өз сүрөтүн тааныйт.


Ит күзгүдөн өзүн көрбөйт, башка итти көрөт.

Күзгүдөн өзүн көрүп, өзүн түшүнгөн адам гана болсо керек. Маданият тарыхы ошол адам күзгүдөн көргөндөрүн айтып бергенден турат. Адам күзгүдөн дагы эмнелерди көрөт – биздин келечек бүтүндөй ошого байланыштуу.

* * *

Жазуучудан «чыгармачылыгынын сырын» суроо, менимче, текеден сүт сураганга тете. Текенин милдети – эчкини сүйүү, а сүт берүү – эчкинин милдети.

Анын сыңары чыгармачылык тууралуу сураганда турмушка ашык художниктен кантип ашык болгонун эмес, ошол турмушту сурашы, өзү да ошол турмушта жашашы шарт.



## Михаил ПРИШВИН

**(1873–1954)**

*Орус элинин белгилүү жазуучусу. Елец гимназиясында, Рига политехникумунда окуган. 1902-жылы Лейпциг университетинин агрономия бөлүмүн бүткөн. «Адам жана Ева», «Кара араб», «Күн кампасы», «Кеме чөйчөгү», «Жер көзү» ж.б. ондогон китептери адабияттын алтын казынасына кирген, көптөгөн тилдерге которулган. Чыгармачылыгынын өзөгүн орус жаратылышы, тилдин тазалыгы, байлыгы, акыйкат издөө, реализм менен романтизмдин айкалышы түзөт. Адабият тарыхында жазуучу «орус табиятынын булбулу» деп аталат.*

www.bizdin.kg



* * *

Эсиме бир акын түштү: ал чындыгында асылзат ырларын турмуш тартуусу деп билбей, ал ырлар менен өз турмушун алмаштырып алды. Ошону менен касиеттүү башатынан ажырап калды.

* * *

Жеткен мыкты талант ашкан акылдуу болалбайт. Не дегенде, карандай акыл муздак келет, кыжырдуу келет, а талант жылытып турат, талант – акылдын көөрүгү.

* * *

Мейли, ал ашкан аракеч, жеткен жинди болсун, мейли, жарга урунсун, аңга түшсүн, андан поэзия жаралса, акынды кечирбеске чара жок. Поэзияга кайнатса каны кошулбас жүрүм-турум болот, поэзиянын дал өзүнө алпарар жүрүм-турум болот.

* * *

Поэзия – бул акылдан адаштырган акылдын ырыскысы.

* * *

Булбулдар сайрап жатат. Биринен бири мукам. Ошол эң мукамдуусуна барып, сен сыяктуу сайраганды канткенде үйрөнөм деп сурадым.

– Сайрагың келсе, сайра, – деди булбул. – Бирок сайраганды үйрөнүүгө болбойт. – Анан бир аз тына калып, минтип кошумчулады: – Үйрөнүп да кереги жок. Үйрөнүп алып бүт эле сайрап кирсе… эмнеси кызык?

* * *

Акырын айтарыбыз, кудум жазгы чөөт сыяктуу макоолук поэзияга абдан зарыл. Ал чөөткө элди баштап баруу – акындын милдети. Андан ар-ар ким өз сүрөтүн көрөт да: «Мен муну жөн эле макоолук деп ойлободум беле» – дейт ичинен. Ошентип ал башкалар менен кошо

www.bizdin.kg



ыракат алат, мурда акылдуу кишилер мурдун чүйрүгөн түшүнүктөр тумандай тарайт.

* * *

Лев Толстой кагаз бетине кудум буурусун менен жер айдагандай жөнөкөй, түшүнүктүү жазгысы келген. Ушунчалык жазгысы келген, бирок андай болбосуна көзү жеткен соң, колуна буурусун кармап, жер айдап кирген.

* * *

Турмушта философиясыз жашоого болот, бирок юморсуз макоолор гана жашайт.

* * *

Баатыр өлүмдөн коркпойт, арийне, айрым шылуундарга бакыттын башын чыгарып кой, «мүмкүн, аман калармын» деп, алтынчы кабаттан боюн таштоодон кайра тартпайт.

* * *

– Алмалар түшүп жатат.
– Анчалык капа болбо, тууган, алма бышканда түшөт.
Адам карыгандыктан эмес, бышкандан өлөт.

* * *

Сен чындык жерде казна сыяктуу кат-кат болуп катылып жатат, аны таап алгандар байыйт да, аттап кетет деп ойлойсуңбу? Жок! Нукура чындык жерде жатпайт, асманда учуп жүрөт.

* * *

Акыйкатты тутат, чындыкты издөө зарыл.

www.bizdin.kg



* * *

Апыртмасыз чындык – майы жок самолет. Чындык ар дайым жерде жатат. Ага май куйдуңбу – асмандап, аалам кезип учат. Апыртмасыз чындык болушу мүмкүн эмес! Тескерисинче! Чындыкты апыртма сактайт, апыртма чындык үчүн жашайт.

* * *

... Искусство таң калат – илим шек санайт. Искусство кубанат же кыжырданат – илим ал тири укмушту кайдыгер жиликтеп, дагы бир тири укмуш чыгарат.

Илим турмушка заң киргизип, жетек берет. Искусство турмушка кубаныч, нарк, кунар тартуулайт.

* * *

Живописчи тартып аткан сүрөтүнүн бир гана капталын көрөт, ошон үчүн ачык, даана, түз отурат. А сөз художниги бир жерди телмирип карагандан тажап кетет, көргөн көзүнө көп ишене бербейт. «Тигил жагынан да карап көрөйүнчү» – дейт. Ошол ишенбестик ордунан тургузат, бастырат.

Ошол ишенбестик, ошол, тигил жагынан да карап көрүүдөн кыймыл жаратат.

* * *

Адам ар дайым бекем болууга тийиш, антпесе арампөөштөр жумшак, ак көңүл кишилерди жакшы көрөт жана аны балдак кылып минип алат. Андыктан эсте болсун: нагыз жамандык аксак, чолок болот, ал көбүнесе жакшылыкты балдак кылып жашайт.

* * *

Ашпоз ачка калышы ыктымалбы? Анын башка түрү болушу ыктымал: акын ачка ашпозго окшош, ал турмуштан тамак жасап, башкаларды тойгузуп, өзү ачка калат. Андан да кайгылуусу –

www.bizdin.kg


ал тагдыр жазуучунун маңдайына гана жазылгандай: ачка калган ашпозду элестете албаган сыяктуу эле ныксырап тойгон жазуучуну элестетүүгө мүмкүн эмес.

* * *

Чеховдун айтканы бар: чаңкап, аңкап турганда бүтүндөй дайраны жутуп ийгиң келет, иче келгенде ашып кетсе, эки стакан суу ичесиң. Мен атак-даңк дегенди деле ошондой түшүнөм: ашып кетсе эки стаканы эле суусун кандырат, калганы эки ууртту булчуйтканга гана жарайт.

* * *

Атак-даңкка жетүү өлүмгө жеткенге окшош. Маркумдар көрдө гана жай алып, тынч уктайт. А даңкка жеткен адамдар тынч укташы мүмкүн эмес. Даңкымдан ажырап калсам не болом? – деген ой атактуу маркумдун жанына жай берет.

* * *

– Чыныгы жазуучу жок болуп калды го? – дейт N.

– А маршалдарчы? – деп сурадым мен. – Согуш жүрүп атканда маршалдар чыгат. Адабият деле ошондой: чыныгы жайкер турмуш башталганда көңүл эл турмушуна бурулат – жазуучулар пайда болот.

Жазуучулар козу карын сыяктуу эле жагымдуу аба ырайында өсөт.


* * *

Куулук – акылмандыктын жышааны, ал акыл ордуна кызмат кылат. Андыктан ал эки капталынан тең бааланат: акылдуу кишинин куулугу акыл казынасына кошулат, келесоонун куулугу келесоолугун күчөтөт. Куулук-шумдугу жок акылман – куулук-шумдугу жок аңкоо жинди. Саясат менен дипломатияда деле ошондой: акылдуу кишиге саясат акылдын куралы, келесоого – келесоолуктун куралы.

Которгон **Алым ТОКТОМУШЕВ**

www.bizdin.kg





**Курманбек АБАКИРОВ**

*1955-жылы Чүй районунун Кегети айылында туулган. КМУну бүтүргөн, филолог, юрист. Филология илимдеринин кандидаты, ЫМУ, КМУ, КМЮА ЖОЖдорунда иштеген. Учурда Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы, профессордун милдетин аткаруучу. 70ке жакын илимий, илимий-популярдуу макалаларды жазган. КР Эл агартуу отличниги.*

*Иликтөө*

# ЖАҢЫ КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

(Айрым маалыматтар жана ой-жүгүртүүлөр)

Өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында адамзат тарыхында сейрек кездешкен жана бүтүндөй бир континенттер гана эмес Жер шарындагы эсепсиз тилдүү элдердин жашоо-тирлигине тикелей да, кыйыр да таасир эткен окуя болуп өттү. Ал – дегеле кебелбестей көрүнгөн СССР аттуу дүйнөдөгү зор мамлекеттин, аны менен кошо бүтүндөй социалисттик системанын кыйрашы болду. Аттуу-баштуу адамдардын жоон тобу «дүйнөлүк катастрофа» деп атаган бул окуя байыркы Перс, андан кийин Александр Македонскийдин, Рим, биздин замандагы Чынгыс хандын, Тамерландын дүңгүрөгөн империяларынын бытырап жок болушуна эле тете көрүнүш болду да, жакшыбы-жаманбы адамзаттын мындан кийин башкача нукта өнүгүшүнө жол ачты. Дүйнөнүн саясий-экономикалык өнүгүшүндөгү тең салмактуулук катары бааланып келген жагдай жок кылынып, социализмдин кыйрашы менен эле ааламдагы көйгөйлүү маселелер чечилип калбасы, ошону менен эле адамзатынын «иши» биротоло оңолуп, карама-каршылык жоголуп кетпеси айдан ачык көрүнүп калды.

www.bizdin.kg



* * *

Булардын бардыгы кезегинде мурда коом турмушунда олуттуу көрүнүш болуп келген кыргыз адабияты менен искусствосунун өнүгүш жолун башка нукка салып, кысталыш абалга алып келип такады. Эгерде соода-сатык, рынок-базар экономикасынын шартында жаңы кырдаалга ыкчам ыңгайлашкан, анын күңгөй-тескейин тез аңдап билип, байлык табуунун жол-жобосун заматта өздөштүргөн, бийликке ээ болуп, аны «акча жасоого» ыңгайлаштыра билген ишкерлер менен саясатчылардын жоон катмары өлкөнү жакшыдыр-жамандыр башкарууга чейин өсүп жетсе, маданият, адабият, искусство тармагы кыйлага дейре эс-мас абалынан чыгалбай келет. Мамлекеттик материалдык-каржылык колдоодон ажырагандык жана социалисттик коомдо сүрөткер катары калыптанган бул тармактардын өкүлдөрүнүн көркөм аң-сезиминин жаңы доор-заман көрүнүштөрүн жакшы-жаман жактары менен кошо толук кабылдай албоосу мындай абалдын түпкү себепкерлери десек болот. Бизнес жана саясаттан айырмаланып, 20 жылда адабият менен искусствонун көзгө көрүнөрлүк, чыгаан жаңы мууну өсүп чыкпады. Болсо да, ал муун толук бутуна туруп кете албай, эскиден биротоло толук арыла албай, шартылдап кадам шилтей албай турган кези. Мунун объективдүү жана субъективдүү жагдайларын өзүбүз да ар тараптуу, терең аңдап биле электигибизди моюнга алуу керек. Бүткүл кыргыз коомунун чар-тарабы сыяктуу эле азыркы кыргыз маданияты, адабияты жана искусствосу арабөк абалда калып, өткөөл доордун торунан чыгуунун жолдорун билбей тургансыйт. Ушундан-уламбы, С.Эралиев кыргыз адабияты өнүкпөй дымып турат десе, С.Жусуев азыркы чыгармалардын көбү көчөнүн тили менен жазылып жаткандыгына кейийт. Адабият патриархтарынын мындай пессимизминде кадыресе жүйө бар. Бирок бардык нерсенин жакшысы менен жаманы, мыктысы менен чабалы жанаша жүргөн сыңары азыркы кыргыз адабияты бир кылка жана бир түстүү эмес.

* * *

Залкар адабиятчы, сынчы К.Асаналиев өзүнүн «Постсоветтик доор. Адабий тагдыр» аттуу акыркы эмгектеринин биринде («Жаңы Ала-Тоо», №6, 2010; №8, 2010; №2, 2011) кыргыз адабиятынын совет доорундагы жаралыш, өнүгүш шарттарына, Совет өкмөтүнүн адабият үчүн көргөн камкордугуна, анын оң-терс жактарына кыскача, бирок адаттагыдай эле таасын, терең сереп сала келип, «көнүмүш шартынан» ажыраган кыргыз жазуучулары эми мурдагы көнүмүш боюнча иштей алышпай калганды-

www.bizdin.kg



гын белгилейт да, кыргыз адабияты өнүкпөй, дымып калды дегендерге каршы чыккан сыяктуу рыноктун татаал шартында: «Китепке кызыгуу баягыдай болбой «массалык маданият» туташ үстөмдүк кылып турган учурда, ансыз да ориентациясын, багытын таппай жоготуп турган учурда, көркөм адабиятынын кайра жанданып «өркүндөй» башташы, бул чыны менен таң каларлыктай көрүнүш», – деп жазат. Адабиятчы башкалардан айырмаланып, «көркөм адабиятка болгон кумарлануу барган сайын өрчүп, өркүндөп» баратышынын белгилерин улуттук колориттин күчүнө киришинен, элге таанымал калемгерлер менен катар адабиятка мурда белгисиз авторлордун чечкиндүү аралашып, «жазуучу», «акын» дегендердин жайнап чыга келишинен, китеп артынан китептердин чыга баштоосунан көрөт да: «Бул иллюзия эмес, бул бүгүнкү күндүн чындыгы, эч талашсыз фактысы» – дейт. Бирок К.Асаналиевдин айта турган негизги ою мында эмес. Анын баамында аталган нерселер «постсоветтик кыргыз адабиятынын кыймыл-аракетин, тынымсыз, үзгүлтүксүз келаткан процессинин ачык-айкын далили, бекем аргументациясы» болгону менен маселенин төркүнү, маңызы мында турат, «өлгөн» адабият кайрадан кантип «тириле» баштады, ал өткөндүн адабий тажрыйбаларын карандай кайталаган «совет адабиятынын анчейин уландысыбы, же түп-тамыры менен өзгөргөн социалдык-коомдук турмушка тиешелүү түрдө көркөм процессти кандайдыр бир жаңы сапаттык белгилер менен байытып, кубултуп жатабы, а эгерде чын эле жаңы адабият жаралып жаткан болсо, анда ал эмнеси менен жаңы, өткөндөн кандай касиеттери менен (тематикалык, проблематикалык, жанрдык, стилисттик, формалык) айырмаланат, сөз түйүнү ушунда» («Жаңы Ала-Тоо», №6 (14), 2010-ж).

К.Асаналиев кырынан койгон бул маселелер алиге айрым гана макалаларды айтпаганда, кыргыз адабиятчы-сынчылары тарабынан колго алынбай, бузулбаган дың боюнча турат. Чындыгында эле жарык көргөн, көркөм адабий чыгармалар деп эсептелген китептер көп. Аксакал жана көксакал, белгилүү жана белгисиз дегендей авторлор да көп. Алардын жазгандарынын арасында «дурусу да, бурушу да» бар экендиги айгине. Эми ошол жайнаган китептер кандай, ошол кызыл-тазыл, кооз китептердин «ичинде» эмне бар, талдаган да, кызыккан да киши (адистер) жок сыяктуу. Роман деп аталып роман, повесть деп аталып повесть, поэма делип поэма боло албаган, б.а., алардын жанрдык талаптарынан алыс чыгармалар да адабиятчы М.Апышев жазгандай «адреси жок», дайынсыз китептер да толтура, анткени аларды чыгарбай коюуга тоскоолдук да, арга да жок. Анткени адабияттын өзү бүткүл коомго багытталганы, аны рухий-көркөм жактан тейлөөгө тикелей тиешелүү болгону менен ар кимдин, ар бир акын-жазуучунун жеке иши болуп калган. Анығында, эсепсиз ыр китептерди ыклас коюп окуп көргөн адам азыркы кыргыз поэзиясындагы «керектүү деңгээлди сактап турушкандар мурунтан

www.bizdin.kg



белгилүү, калыптанган акындар» деген М.Апышевдин бүтүмүнө кошулат. Анткени анда чындыктын үлүшү чоң жана бул бүтүм адабияттын бардык жанрларына тиешелүү. Калган жанрларда деле алгылыктуу чыгармалар арбын көрүнөт, бирок алар басымдуу тенденция боло албай, улуттук поэзияда болобу, проза же драматургияда болобу жаңы, сапаттык өсүштөргө кеңири жол сала албай, күчүн жыйнап жаткандай түрү бар. Жайнаган шедеврлер жаралбаса да, бүгүнкү кыргыз адабиятынын карама-каршылыктарга толгон изденүүлөрү ушундай тыянак чыгарууга алынча негиз берет.

Үзгүлтүксүз адабий процессти, анын өнүгүш этаптарын так кесе тигил же бул дата менен белгилеп коюу, «ал бул жылга чейин мындай эле, бул жылдан тарта ушундай болуп калды» дегендей бүтүмдөрдү чыгаруу мүмкүн эместигин баарыбыз билебиз. Анткени анын жыл мезгилдерине жараша ташып, же тартылган, түсүн өзгөрткөн дайрадагы суунун үстүндөй жагы гана бизге даяр чыгарма сындуу белгилүү болуп, көзүбүзгө көрүнүп турса, ал туундулар сүрөткердин жан-дилинде качан түйүлдүк болуп, кандай оош-кыйыштыктардан өтүп, кантип бизге жеткени, ал канча мезгилге созулганы бизге белгисиз боюнча калары бышык. Ошол сыңары «XXI кылымдагы кыргыз адабияты» дегенибиздин өзү көп жагынан шарттуу түшүнүк экендигин көңүлгө алып, бүгүнкү адабий процесстин күңгөй-тескейине кыска жана үстүрт болсо да назар таштап, айрым байкоолорубузду ортого сала кетели. Ушундай шарттуулуктан улам 2000-жылдан мурда жарык көргөн чыгармаларды (китептерди) атайын эле эске албадык, антпесек сөз оголе узарып кетчүдөй.

* * *

Кыргыз адабиятынын кийинки 20–30-жылдык тарыхына көз чаптырган адам анын ичтейине үңүлбөсө деле айрым көз көрүнө фактыларга, көрүнүштөргө назары бурулбай койбойт. Өткөн кылымдын 80-жылдарынын орто ченинде «кайра куруу» деген аталыш менен тарыхка кирген коомдук саясий-экономикалык процесстер башталгандан тарта кылымдын акырына чейин кыргыз адабиятынын А.Токомбаев, Т.Абдумомунов, Н.Байтемиров, Ш.Бейшеналиев, Т.Сыдыкбеков өңдүү классиктери жарык дүйнө менен кош айтышты. XXI кылымдын алгачкы он жылдыгы да улуттук адабият үчүн орду толгус жоготуулардын учуру болду. А.Жакыпбеков, М.Гапаровдорго куйрук улаш А.Стамов, Э.Ибраев, Б.Сарногоев, Ж.Садыков, Ч.Айтматов, Т.Касымбеков сындуу аскар тоодой акын-жазуучулар, К.Асаналиев, С.Жигитов, К.Артыкбаев өңдүү залкар сынчы, адабият тарыхчылары дүйнө салышты. Алар өзүлөрү менен кошо кыргыз адабиятынын өзгөчө бир даңазалуу учу-

www.bizdin.kg



рун, өзүнчө бир гүлдөгөн доорун кошо ала кетишкендей болду. Ал эми арты сексенден, асты токсондон ашкан С.Эралиев менен С.Жусуев, З.Сооронбаева менен А.Саспаевдер узак сөз болорлук чыгармачылык жол басышса, алар күүлүү-күчтүү кезде, же кечээ эле «жаш» деп эсептелишкен Б.Жакиев, М.Абылкасымова, М.Байжиев, К.Жусупов, Э.Турсунов, Ө.Даникеев, Р.Рыскулов, О.Султанов, К.Жусубалиев, М.Абакиров, М.Мураталиев, Э.Отунчиев, С.Тургунбаев, К.Акматов, Т.Самудинов, С.Жетимишев, К.Сактановдор (ж.б.) бүгүнкү кыргыз адабиятынын аксакалдары болуп калышты. Жаш жагынан аларды «кубалап» жетпей келатышкан М.Мамазаирова, Ч.Абыкеев, К.Кушубеков, А.Сарманбетов, Ө.Караев, Т.Нурманбетов, Т.Субанбеков, Н.Калыбеков, А.Кожогулов, А.Жакшылыков, А.Өмүрканов, Ш.Дүйшеев, Э.Эрматов, А.Рыскулов, С.Акматбекова, К.Иманалиев, С.Станалиев, Ж.Саалаев, Б.Усубалиев, С.Раев, К.Култегин, Ф.Абдалова, Б.Чотурова, Ж.Исабаева (ж.б.) сындуу чыгармачылыгы бышып жетилген жоон топ акын, прозаик, драматургдарга куйрук улаш келатышкан дагы бир далай дараметтүү жаштар бар. Ошентип, бир карасаң кыргыз адабият майданында ат салышкандар арбын экендигин көрүп, «уучубуз кур эмес экен» деп топук кылсаң болчудай. Булардын дээрлик бардыгы социализмдин тушунда чыгармачылыктын таалим-тарбиясын аздыр-көптүр болсо да алышкандыгы, натыйжада анын туткунунан толук арылып кете албай, соцреализмдин терс жактарын моюндашканы менен ошол коомдун маданий-көркөм тармакка болгон камкордугуна карай ностальгиялык маанайда экендигин баамдаш кыйын эмес.

Мында саналган жана саналбаган, улуу-кичүүсү аралаш ушул топтогу сөз чеберлеринин башын бириктирген, аларга жалпы таандык дешке мүмкүн болгон бир жакшы нерсе бар. Ал – адабий көркөм чыгармачылыкка болгон бийик талап, аялуу, кастарлуу мамиле. Мындай мамиленин тереңдиги бардыгында бирдей болбосо да, С.Эралиев менен С.Жусуев, Б.Жакиев менен М.Байжиев, А.Өмүрканов менен Ө.Даникеев (ж.б.) сыяктуу калемгерлер баш болгон акындарда, прозаиктерде, драматургдарда көркөм сөз жоопкерчилиги жогору жана туруктуу. Анын салты жогоруда тизмеленген кийинки муундарда да алынча улантылып келе жатат. Албетте, алардын арасында деле көркөм сөзгө жеңил-желпи мамиле кыла коюп, анын талабынан алыс турган чыгармаларды жарыялап жибергендери кездеше калат. Бирок бул текши таралган көрүнүш эмес, кокустук жана ошонусу менен ар кандай иште кездеше калчу табигый нерсе катары кабылданышы кажет. Чыгарманы нагыз көркөм дөөлөт даражасына жеткирген башка толгон маселелерди айтпай эле коёлу, алар ириде сөз менен иштешет, кумга чачылган алтын күкүмдөрүндөй сөздөрдү издешет. Соңку адабияттагы буга караманча тескери көрүнүштөрдү байкаган С.Жусуев ушундан-улам азыр «көчөнүн тили» менен жазылган чыгармалар көбөйдү деп каңырыгы түтөп турат.

www.bizdin.kg



Адабиятка асылзаадалык мамиледеги жогорку авторлор (О.Султанов, К.Акматов, М.Абылкасымова, К.Жусупов, Ш.Дүйшеев, К.Жусубалиев ж.б. деп уланта берсек болот) жараткан көркөм туундулар алардын табият берген дарамети менен өздүк мээнетине жараша ар кыл экендиги айгине болсо да, алардын көбүнө дамамат изденүүчүлүк сапат мүнөздүү. Коомдук түркүн процесстердин маани-маңызын түшүнүп, замандын күрөө тамырын кармоо, адамдын көп кырдуу, көп сырдуу жашоо-тирлигин үңүлүп иликтеп, адам мүнөздөрүн образдуу жана ар тараптуу, терең ачып берүү, бул багытта чеберчиликтерин тынымсыз өстүрүү менен кошо аларды кайсы тема, кайсы мейкиндик-мезгилдик жагдай болбосун көйгөйлүү маселелерди козгоп, аны позитивдүү ыңгайда тартуулап, чечмелөө аракеттери да баш коштуруп турат. Алар адамзат коомун тескери жолго жетелеген ыплас, ырайымсыз, жексур түшүнүктөрдү пропаганда кылуудан качышат. Ошон үчүн аларды нагыз гуманисттик адабият өкүлдөрү десек жарашат. (Бул термин, албетте, соңку кыргыз адабиятында булчуңдуулар менен акчалуулардын бийлигин, көшөкөрлүктү жана шумпайлыкты, баканоаздукту жана ууру-кескиликти, эки жүздүүлүктү жана чыккынчылыкты (ж.б.) кадимкидей даңазалап, кулач жайып бараткан чыгармаларга карама-каршы мааниде аргасыз колдонулганы түшүнүктүүдүр дейм. Антпесе, биз адабиятты башынан эле гуманизмдин жарчысы катары кабылдап, башкача болшу мүмкүн эмес деп келбедикпи.)

* * *

Адабиятта шедевр тынбай эле же күн сайын жарала бербейт экен, Л.Толстой менен А.Осмонов, А.Ахматова менен Ж.Мамытов, Ч.Айтматов менен Г.Маркес күндө эле төрөлө бербейт. Муну баарыбыз түшүнгөнүбүз менен кыйла күйөрмандар кыргыз адабияты жок болуу абалына жетти деп отурушса, кыжаалат болбой коё албайсың. Алар да бүгүнкү адабияттын толгон-токой, ички-сырткы деген көйгөйлөрү тууралуу ой калчоо менен анын келечеги үчүн күйгөнүнөн ушундай бүтүмгө келип жатышса керек. Бирок алардын мындай кейиштүү ой-пикиринин чындыкка жанашкан бир жагы тууралуу айтпай кетпесек болбойт. Ал – соңку кыргыз адабиятында калайык-калктын бүйрүн кызытып, уу-дуу кеп болгон, колдон-колго өтүп окулган чыгарма жарала электиги. Адабият майданы, айтылгандай, таланттардан куржалак калган жок, эсепсиз жакшынакай ырлар, поэмалар, аңгемелер, повесттер, романдар (ж.б.) дегендей жазылып, китеп болуп чыгып эле жатат, алардын арасында көзгө толумдуулары, окумдуулары жок эмес, бар. Бирок алар элге-окурманга жетпей, жеткендери, мыкты делгендери дээрлик жок болуу абалындагы адабий сындын элегинен өтпөй келет. Натыйжада, окурман «көчөнүн

www.bizdin.kg



тили» менен жазылган кайсы бир чыгарма менен А.Осмонов менен М.Гапаровдун, У.Абдукаимов менен С.Эралиевдин чыгармаларынын айырмасы канчалык, ал эмнеден көрүнөт деген маселелердин чоо-жайын жеткилең аңдап-биле албай, башы маң болуп, окумал жаштар да, чалдар да колго тийгенин окуп, каниет кылып турушат. Мындай абалдын себеби көркөм чыгармалардын эң аз нускада (ашып кетсе, 1000) болуп, калың элге жетпегендигинде жана сынчыларга майдан болуп берчү басылмалардын жоктугунда жатат. Экинчиден, ошол эле гумандуу адабияттын аттуу-баштуу өкүлдөрү эзелки жана кечээки тарых тууралуу дембе-дем жазышканы, бул тармакта бир катар алгылыктуу, толумдуу чыгармаларды жаратышканы менен астын-үстүн түшкөн бүгүнкү заманды, чайналып-чарпылган бүгүнкү коом тирлигин, чабылып-чачылган, урунду-беринди болгон бүгүнкү адамдар турмушун С. Жусуев айткан «көчө адабиятына» баш-оту менен өткөрүп беришкен окшойт. Бул үчүн аларды айыпташ кыйын. Анткени алардын таалим-тарбиясы, көркөм чыгармачылыкта тутунган позициясы жана идеалдары азыркы заманга төп келе бербей, адамдык ыйман-абийири жана көркөм аң-сезими коомубузду жөө тумандай чулгап турган ыплас жана жийиркеничтүү көрүнүштөр менен түшүнүктөрдү кабылдай албай тургансыйт. Анын үстүнө бул кыска мөөнөттүү, бирок жыш окуялуу 20 жыл мурда кастарланып келген коомдук жана жеке адамдык баалуулуктардын, асыл деп эсептелген нравалык түшүнүктөрдүн аброй-баркын чагылгандай тездик менен төмөн түшүрүп, «тазалык» аттуу жалпы түшүнүккө кирчү сапат-белгилер аздектелбей калды да, терс сапат-белгилерди алып жүрүүчүлөр коомдун тең укуктуу, ал түгүл «кадырлуу мүчөлөрүнө» айланды. Ал эми сөз болгон көркөм сөз өкүлдөрү мындай таңгалыштуу жана тез коомдук трансформациянын эбеп-себептерин талдап, иликтегенге үлгүрбөй, баарын сезип-туюп турушса да, аны кайсы көркөм-эстетикалык, көркөм-философиялык, таалим-тарбиялык өңүттөн чагылдырарын, кайсы идеологияны таянып тутарын толук аңдап-билишпей турушат сыяктанат. Ал эми «көчө адабиятына» эстетикаңдын да, көркөмдүүлүгүң менен философияңдын да, идеологияң менен педагогикаңдын да кереги жок. Аларың буларга көңүл бурушпайт да, болгонун болгондой «балп-шалп» эттирип жаза беришет, сөз баккан авторлорго караганда аларың ыкчам жана шамдагай келишет, эч нерседен тартынышпайт. Турмуштук окуя-көрүнүштөрдү иргеп, адамдагы асылдыктын наркын ачуу же тескери мүнөз-сапаттар менен кылык-жоруктардын ичтейин аңтарып көрсөтүп, окурманда аларга каршылык сезимин ойготуу максаты алардын көбүндө жок. Сөз ылгап, түйшүк тартып, чыгарманы эстетикалык рахат алгыдай деңгээлге жеткирүү аракеттери да байкала бербейт. Алар үчүн тыюу салынган, жок дегенде өздүк абийири ооздуктаган жагдайлар жок болгондуктан, ууру-кескиликтен, зордук-зомбулуктан, саткындык менен көшөкөрлүктөн

www.bizdin.kg



тарта эркек менен ургаачынын төшөктөгү кылыктарына чейин эзмелеп, ырахаттанып баяндоо, окурманды ачыктан-ачык эле ошондой болууга, «бул жашоодон болгонун алып калууга» үндөө мотиви күчтүү. Аларда чыгармачылыктагы кандайдыр бир изденүү аракеттери, а түгүл анын издери да байкала бербей кызымтал аял-эркектердин жородогу балит «аңгемелерин» эске салган учурлар кадам сайын кездешет. Ал эми адабият астанасын эми гана аттаган көркөм сөзгө шыктуу жаштардын так мына ушундай адабиятты ээрчип, темага жеңил-желпи мамиле жасоосу, стилин да аларга жакындаштыруусу жакшы жышаан эмес. «Көчө адабиятынын утушу» позитивдүү нравалык позициянын жана идеалдардын жоктугунда, көркөм сөздү «тантык сөзгө», «ушак сөзгө» айландырып коюшкандыгында турат. Бульвардык деген аталышка ээ болгон мындай чыгармалар бизде так ушул эгемендүүлүк кезинде көз жарып, таң каларлык ыкчамдык менен кулач жайды да, өзүнө гана таандык окурмандар катмарына ээ болду. Бул көрүнө фактыны моюнга ала туруп, аны кең-кесири иликтеп, оң-терс жактарын ачып берчү учур да келер дебешке арга жок. Ошон үчүн азырынча мисалдатып, сөздү узартпай коё туралы.

* * *

20 жыл аралыгындагы кыргыз коому, же азыркы жашоо-тирлик көйгөйлүү бүгүнкү кыргыз адабиятынын активин түзгөн авторлордун чыгармачылыгында таптакыр четте калды дегенибиз аша чапкандык болор. Учур темасы адабияттын башка салааларын айтпаган күндө да, мезгилдин кардиограммасы деп аталган поэзияда кыйла кеңири орун алды. Коомдо, адамдар турмушунда болуп жаткан өзгөрүүлөр, өсүштөр, алардын оң-терс жактары, адамдардын пейилиндеги, ыйман-ыкласындагы өөдө-төмөндүктөр, нравалык баалуулуктардын салмак-ченеминдеги башаламандыктар, саясий турмуштагы болуп көрбөгөн процесстер (ж.б.) поэзиянын чакан жанрларында кыйла ыкчам жана тикелей чагылдырылды. Мурда анчалык көрүнө бербеген (компартия, социалисттик эмгек, даңктуу майрамдар ж.б. темаларды эсептебегенде) публицистикалуулук менен документализм поэзияда кадимкидей басымдуу орунга ээ болду да, анын ушул мезгилдеги мүнөздүү белгилеринин бири болуп калды. Бирок бул учурдагы поэзиянын публицистикалуулугу көтөрүңкү, пафосу салтанаттуу эмес, тескерисинче, кейиштүүлүк, жанды жай алдырбаган мүшкүл, азап тартуу, эртеңкиге тынчсыздануу, кыскасы пессимисттик маанай басымдуу. Коомдук турмуштагы, саясаттагы оңду-солду окуяларга, эл башкаруучуларынын эки жүүздүүлүгүнө көбүрөөк байланышкан бул көрүнүш ушул учурдагы поэзиянын рухий-философиялык абалын дүңүнөн сыпаттого жол ачат. Айта кетчү нерсе, аталган поэтикалык

www.bizdin.kg



пессимизмден бүгүнкү жашоо-тирликтин буркан-шаркан түшкөн деми сезилип турат. Бирок ал мүңкүрөгөн пессимизм болбостон, кайрат-жигери, күч-кубаты, эртеңкиге жаркын ишеними ичкери, терең катылган оптимисттик пессимизм таризинде көрүнөт. Көбүнесе саясий турмушка байланыштуу мындай ырларды кыргыз поэзиясынын патриархтары болгон С.Эралиев менен С.Жусуевден тарта М.Абылкасымова, Р.Рыскулов, О.Султанов, А.Жакшылыков, А.Өмүрканов, Ш.Дүйшеев, Э.Турсунов, Э.Эрматов, С.Тургунбаев, Н.Жаркынбай, С.Байгазиев, Т.Бекболотов, Ф.Абдалова, К.Култегин, А.Кошой, М.Мамазаирова, Ж.Саалаев, Б.Чотурова, Н.Калыбеков, А.Эгембердиева, Ч.Субакожоева, А.Кожогулов, К.Урманбетов, З.Ажыматов (ж.б.) сыяктуу улуу-кичүүсү аралаш акындар арбын жазышты. Заман көйгөйү маселесине Э.Ибраев, Ж.Садыков, Б.Сарногоевдер өз учурунда байма-бай кайрылышкан. Элдин тарыхына, тилине, ар-намысына, жан-дилине, салт-санаасына, жерине, келечек тагдырына тикелей тиешеси бар, кыргыз аттуунун, кыргыз атуулдарынын ар бирин түйшөлткөн, алардын бирөөсү да кыйгап өтө албаган, анығында жеке адам менен коом, жеке адам менен улут, жеке адам менен табият маселесин синтездештирген поэзиядагы мындай багыт көп жагынан Молдо Кылыч менен Арстанбектин, Молдо Нияз менен Калыгулдун заманчыл поэзиясынын XX кылымдын аягында XXI кылымдын башында кайра жаңырышы, адабий тарыхтын кайталанышы сыяктуу көрүнөт. Ошол «кайталанган поэтикалык тарых» опокшош эмес, алардын жаңырыгы, форматы башка болгону менен көйгөйлөрү, күйүтү же философиясы тамырлаш, тектеш экени байкалып турат. Адамдын адамдыгын бузган, асылзаада касиет-сапаттардан ажыраткан, өлкөнүн, улуттун келечегине балта чапкан мансапкордук, ач көздүк, кайдыгерлик, саткындык, көшөкөрлүк, аракечтик, ууру-кескилик, алдамчылык, өзүмчүлдүк, арсыздык, эки жүздүүлүк, сойкулук, мерездик, аталар салтын, эне тилин жеригендик, кумарпоздук, шылуундук, керооздук, чагымчылдык өңдүү бугуп жаткан, эгемендүүлүктүн, «жапайы капитализмдин» шарапаты менен жамырап чыга келген, түпкүлүгү жеке адамдын нарк-насили, коомдук кырдаалдын оомал-төкмөлүгү жана анын алдында адамдын алсыздыгы, эркинин боштугу, ар-намысынын, эл-улут катары ынтымактын жоктугу менен шартталган «акмакчылыктардын» тек-жайын өкүнүү, кайгыруу, жектөө, мыскылдоо, мазактоо менен «поэтизациялап», окурмандын дилинде алардын каршысындагы асыл жана оң ой-сезимдерди козгоо бүгүнкү кыргыз поэзиясындагы ушул заманчыл багыттын уюткусун түзөт.

Албетте, кыскача «заманчыл» деп атоого боло турган бул темадагы поэтикалык туундулардын көркөм-эстетикалык наркы, элестүүлүгү, жугумдуулугу, ой-санаанын ынанымдуулугу, анын маани-маңызы, салмагы бирдей эмес, акындардын өзүлөрүндөй, алардын талант-дараметиндей, чыгарма жаратууга сарптаган мээнетиндей эле ар түрдүү, ар башка. Ошен-

www.bizdin.kg



тип, замандын көйгөйлүү, күйүттүү-күйгүлтүктүү эсепсиз маселелерине аз да болсо назар салбаган акын азыркы поэзиябызда жок десек болот. Анын үстүнө турмуш чындыгы аларга жогоркудай терс ыңгайдагы материалды каалашынча тартуу этип, тематикалык изденүү түйшүгүнөн да куткарып койгон сыяктанат. Буларга арбын мисалдар өзүн акын санаган авторлордун ар биринен табылса да, заман көйгөйүн ыр формасындагы тажатма, кур акыл, жугумсуз саптар менен эмес, омоктуу, орундуу, салмактуу ой менен куюлушкан, кынтыксыз сөз тизмектеринин шайкештиги, тактап айтканда, мазмун менен форманын чебер биримдиги аркылуу ачып берүүгө жетишип, аны улам кеңейтип, тереңдетип жүрүп отурган, тынымсыз изденүү түйшүгү менен жүргөн, азыркы кыргыз поэзиясынын бакандай өкүлдөрү иретинде таанымал болушкан бир катар акындарды бетке кармасак болот.

Кыргыз поэзиясынын ал-абалы, өнүгүш тенденциялары, анын макталчу жана жемеленчү учурлары тууралуу 20 жылдан бери кең-кесири сөз боло элек. Өткөн кылымдын 70–80-жылдарында анын ачуу-таттуу маселелери жөнүндө С.Жигитов, К.Артыкбаев, С.Карымшаков, Ж.Абдраимов, К.Эдилбаев, А.Эркебаев, К.Даутов, О.Ибраимов, С.Байгазиев (ж.б.) сыяктуу сынчылар дембе-дем жазышчу, талкуулар уюштурулуп, кызыл-чеке талаш-тартыштар чыгып кетчү. Ал заман бир көргөн түштөй болуп жок болгондон бери кыргыз поэзиясы да өзгөргөн доордун мүнөзүнө жараша өнүгүп, элдин, окурмандын керектөө-талаптарын алынча канааттандырып келди. С.Эралиев, С.Жусуев, М.Абылкасымова, С.Акматбекова, О.Султанов, А.Өмүрканов, Р.Рыскулов, А.Жакшылыков, Ш.Дүйшеев, А.Рыскулов, К.Култегин (ж.б.) сындуу эбак калыптанып бүткөн, поэтикалык сөзгө мамилеси катаал, олуттуу авторлордун катарына адабий-билим деңгээли, кругозор-түшүнүгү, дегеле «ыр» аттууга мамилеси башкача акындардын жоон тобу келип кошулду. Алардын бир даары бул жаатта өтө эле ыкчам иштеп,китеп артынан китеп чыгарып жатышат. Поэзиянын тематикалык жагы кеңейди, б.а., жазууга мүмкүн болбогон тема калган жок, анын идеялык-көркөмдүк жагы да мурдагыдан башкачараак түспөл алды. Башкасын кеп кылбаганда да, кыргыз поэзиясында «мистикалык» деп атаса болчудай багыт, же агым пайда болду, б.а., кайыптар дүйнөсү менен байланышып, же аян аркылуу ыр, поэма, дастан «жаратып» жаткан акындар түрдүү айла-амал менен элге жетүүнүн жандалбасын көрүп жатышат. «Бул менин ырым эмес, муну мага кайыптар жаздырып жатышат, аян түшүп, мен аны жөн эле кагазга түшүрүп жатам» деген «акын аттуулар» өз чыгармаларын алдын-ала сындоо чегинен чыгарып, касиеттүү чыгармаларга сын айтуу мүмкүн эмес дегендей позиция карманып турушат. Мындайды мындан 20 жыл мурда кезиктирмек тургай оюбузга да келмек эмес. Ошентип, автордун абийир-ыйманы (авторская совесть) деген түшүнүк астын-үстүн түшүп жатып калды. Мындан тышкары поэзияда

www.bizdin.kg



диний тема ачыкка чыкканы көп болду. Адеп-ыйманга, исламдын алиппесинен тарта шарияттын жогорку жол-жоболоруна чакыруу алардын негизги мотивин түзөт. Теңирчиликти пропаганда кылгандар да жок эмес. Аларды жалпысынан азыркы поэзиядагы диний багыт деп атасак болот. Булар, албетте, кыргыз поэзиясы тууралуу айтылчу, жазылчу кептин четбучкагын эле түзөрү бышык.

Азыркы кыргыз поэзиясынын жанрдык-тематикалык алкагы, албетте, муну менен чектелбейт. Жогоркудай маанайдагы поэзиянын, тескерисинче, эл-жерди, адамдарды, алардын кайталангыс асыл касиеттерин кастарлап, даңктаган, көкөлөткөн пафостогу эсепсиз поэтикалык чыгармалар жазылды. Акындар үчүн түбөлүктүү делген пейзаждык, граждандык, сүйүү, философиялык, патриоттук (ж.б.) темалар тынымсыз иштелип келди. Чын-чынында, азыркы кыргыз поэзиясынын нак каймагы, анын мөлтүр булагынан даам татып, рахат алуучу же кыжалат болуп көңүл кайт болуучу жери мына ушул топтогу чыгармаларда жатат. Алардын жанрдык мүнөздөмөсү, көркөм-эстетикалык деңгээли, мазмундуулугу өзүнчө кеңири иликтенүүгө, өзүнчө чоң сөз болууга арзый турганын белгилеп, аны жүзөгө ашырчу адистер чыгар деп үмүт арта туралы. Кыргыз окурманына сунуш этилген поэтикалык жыйнактарды талдап, оң-тескерисин ачып берүү үчүн адабиятчы-сынчылардын жок дегенде бир «взводу» керек окшойт. Анткени топтолгон поэтикалык материал «жакшы-жаманы» аралашып аябай эле көп.

* * *

Кийинки он жылдыкта (2000–2011-ж.ж.) жарык көргөн ыр китептерди өздүк маалыматыбызга таянуу менен үстүрт тизмелеп өтсөк эле анын канчалык арбын экендигине, акындар мурдагыдан да ашыгыраак «дүпүлдөп» иштеп жатканына күбө болобуз. (Тизме толук эместигин, караламан окурмандар сыяктуу эле бир топ ыр китептер биздин колубузга тийбей калышы мүмкүн экендигин, соңку кыргыз адабияты тууралуу библиографиялык көрсөткүч жоктугун, анан да бул жерде бардыгын санаштын кажетсиздигин эскерте кетейин – К.А.). Адабиятыбыздын аксакалы С.Эралиев «Кезиктиң күүлөр ээси, поэзия» (2002) жыйнагын жарыяласа, анын Ата Мекендик согуш боюнча «кесиптеши» С.Жусуев кыйла активдүү иштеп «Курманжан датка» (2004), «Раззаковдун тагдыры» (2010) аттуу ыр менен жазылган романдарын, «Согуш жана жеңиш» (2010), «Таберик» (2010) аттуу ар кыл ырларды, поэмаларды, макалаларды, очерктерди, драмалык поэмаларды, котормолорду камтыган китептеринен тышкары «Европа-Азия ырлары» деген кырктан ашык өлкөлөрдүн, элдердин мыкты акындарынын ырларынан турган салмактуу

www.bizdin.kg



китепти (2007) тартуулап, чыгармачылык күч-кубаттын үлгүсүн көрсөттү. М.Абылкасымова «Үшүк» (2001), Б.Асаналиев «Күздө ачылган гүлдөр» (2002), «Ыр куржун» (2010), Б.Алыбаев «Катаал күндүн ырлары» (2006), «Ырлары ашуу-төрлөрдүн» (2010), К.Артыкбаев «Дил сыры» (2004), К.Ашымбаев «Батакөй чал» (2006), «Акылмандын каухар таш» (2010), И.Гилязетдинов «Ырларымда – жан сырым» (2010), А.Дегенбаева « Суусаган тамырлар» (2006), Э.Ибраев «Жандүйнө жаңырыгы» (2006), «Насыят» (2003), «Тандалган чыгармаларынын төрт томдугу» (2003), С.Абдыкадырова «Таң нуру» (2004), «Күн нуру» (2005), «Доор доошу» (2010), Ө.Кулумбаев «Бүркүт да ыйлайбы» (2010), К.Курманбаев «Көз ирмемдеги өмүр» (2004), М.Мамазаирова «Тур, Улуу Журт» (2010), «Кайгыдан тургуздум Сага бир эстелик»(2000), «Энелер үнү» (2007), М.Алиев «Жан күйөөр» (2010), Т.Молдобаев «Ой, дүйнө» (2010), Г.Момунова «Миң дүйнө» (2005), «Туулган үйдүн жарыгы» (2008), А.Өмүрканов «Асмансыз жылдар» (2001), «Тушалган чагылган» (2005), «Чыгармаларынын эки томдугу» (2007), «Жалгыздык ыры» (2010), « Ак тилек» (2010), «Кайрыктар» (2011), Р.Рыскулов «Ырлар: I том» (2005), Ж.Садыков «Кеч күздөгү мөмөлөр» (2007), Т.Самудинов «Эпиграммалар. Пародиялар» (2008), А.Жакшылыков «Тандалган чыгармаларынын беш томдугу» (1999), «Ыр чабыт» (2008), Ш.Дүйшеев «Арабадагы ыр» (1999), «Шакен азган» (2004), «Туз» (2010), «Шамал» (2010), О.Султанов «Ашуу төр» (2007), «Чыгармаларынын көп томдук жыйнагы. I том» (2011), С.Тургунбаев «Күндүн көзү» (2005), «Жагалмай канат, жапан ыр» (2011), Э.Турсунов «Автопортрет» (2004), «Күткөн кезде, кел, кел…» (2009), Э.Узакбаев «Коломто башындагы кайрыктар» (2009), Ү.Асаналиев «Арзуу» (2003), Э.Эрматов «Алтер его» (2006), «Исфайрам авазы» (2007), «Мухаммед пайгамбар» (2001, 2008), «Заманкайрык» (2010), «Оролдогу ой толгоо» (2010), О.Көчкөнов «Эрөөл талаа. Кан жол» (2004, дастандар), Н.Жаркынбай «Кыргыз көчү» (2007), М.Осмонкулова «Жөн келген жоксуң жигит» (2005), Ж.Саалаев «Аттануу», «Аламан», «Ырлар жана поэмалар» (2011), Ш.Абдылдаев «Тогуз кайрык» (2009), Ф.Абдалова «Эсимде» (2011), «Жүрөктөгү шамал» (2011), Ж.Абдылдаев «Тикенектүү гүлдесте» (2003), А.Акматалиев «Жан жүрөгүм» (2000), «Жан сырым» (2008), «Лира» (2006), А.Акималиев «Ханда жок байлык Манасия» (2008), Ж.Акунова «Каректе калган жаз» (2008), Н.Алымбеков «Чыгармаларынын үч томдугу» (2002), Ж.Арыкова «Жан муза» (2010), А. Кошоев «Талаа жана лабиринт» (2010), С.Байгазиев «Бүркүттүн көз жашы» (2007), «Кишенден бошонгон рухтун ырлары» (2009), Т.Бекболотов «Муздак тамчылар» (2003), «Кечиккен ырлар» (2007), «Махабат – бүтпөс дастаным» (2008), «Бурганак» (2009), Н.Калыбеков «Сыр жарык» (2010), Ч.Калыбекова «Өмүр дастан» (2003), А.Рыскулов «Кудурет» (2003), Т.Нурманбетов «Азаптын элүүнчү ыры» (2009), А.Кожогулов «Чач агарткан чакырым» (2008), К.Култегин «Бир

www.bizdin.kg



чөнтөк ыр» (2009), «Жүрөк конушу» (2009), «Салам менен Аликтин ортосунда» (2010), К.Мукашева «Назар» (2004), Т.Орокчиев «Аламан» (2006), «Ырда адам дайрасы» (2005), «Ысык-Көл ырым да сен, ыйым да сен» (2003), Ж.Рыспаев «Мен Мидин эмесмин…» (2006), О.Сооронов «Кыргызым ай, кыргызым» (2008), Б.Сейитбекова «Кавказ кайрыктары» (2006), Б.Чотурова «Сагыныч» (2004), «Ысык-Көл сүйүүнүн көзүндөй» (2006), «Чокморовго гүлдесте» (2006), А.Эгембердиева «Аян» (2010), «Үнсүз кайрыктар» (2005), Д.Юсупов «Шүүдүрүмдөгү издер» (2008), Ч.Субакожоева «Деңизди ойготкон шамал» (2007), «Бактылуу болууга акым бар» (2008), Э.Жаныбектегин «Сан кайрык» (2005), Ж.Мамбетов «Аял бар үчүн жаз келет» (2010), Э.Ажыканова «Көгүш гүлдөр» (2007), З.Ажыматов «Нөлү көп жылдар» (2011), «Мелмил» (2005), А.Курманова «Нурбаян» (2011) аттуу ыр китептерин жарыялап салышты. Булардан тышкары К.Сариева, Т.Алымбеков, Ч.Аскаров, Т.Бекбоев, Д.Карач, Ө.Дөлөев, Д.Дөкөнбаев, Ж.Жумакадыр, К.Жакыпов, А.Жамансартова, А.Жандаров, Т.Жумадилов, Т.Закирова, З.Иманалиев, Б.Карагулова, Т.Кашенов, К.Керимбаев (Саяковский), Ж.Мамбетов, Т.Моңолбаев, Н.Мурзаев, К.Мусаев, К.Ниязов, К.Оторбаев, Г.Өмүрбекова, М.Сапаев, Т.Сафаров, Ө.Тиллебаев, А.Темирова, К.Тазабеков, К.Ташбаев, Б.Таштаналиев, М.Токторов, Т.Тыналиев, А.Урбаев, А.Узакова, У.Кубанычбек уулу, Л.Үсөнакун кызы, А.Чылымов, О.Шаршенов, Б.Элебесов, А.Эрмекбаев сыяктуу авторлордун арты бирден, асты экиден-үчтөн ыр китептери жарык көрдү.

Айтылгандай тизме толук эмес. Аталган китептердин басымдуу бөлүгү таза поэтикалык жыйнактар болсо, бир тобу «өзүм чыгарып жатам, өзүм билем» деген принципте түзүлгөн (поэзиясы, прозасы, котормолору, макалалары,эсселери, эскерүүлөрү, маектери, драмалары, публицистикасы аралаш), илгертеден келаткан «китептин бүтүндүгү» аттуу жобо бузулган басылмалар болуп эсептелет. Бул да китеп басуу ишине рынок экономикасы кийгизген жаңылыктардын бири сыяктанат.

Булардын баары – кары-жашы, белгилүү-белгисизи аралаш, дарамети ар түрдүү авторлор. Ушул кийинки он жылдыкта таланттуу акын Н.Калыбековдун аракети менен Т.Кожомбердиевдин, Ж.Мамытовдун, А.Осмоновдун чакан жыйнактары (2010), «Кыргыз жаштар поэзиясынын антологиясы» (2011) басылды. Ар кай жылда Т.Байзаковдун «Сулуусуң кыргыз жери, ырдан бүткөн» (2003), Ж.Бөкөнбаевдин «Менин ырым» (2010), Н.Жүндүбаеванын «Кышкы гүлдөр» (2004), А.Токомбаевдин «Мунарым» (2004), К.Тыныстановдун « Капастан чыккан ырлар» (2004) аттуу китептери, Калыгулдун, Жеңижоктун, Барпынын, Эстебестин мурастары өз-өзүнчө элге тартууланды.

Кыргызпатенттин мурдагы директору Роман Оморовдун демилгеси менен 2000–2004-жылдарда «Саамалык» деген аталыш менен жаш акын-

www.bizdin.kg



жазуучулардын беш жыйнагы (1–2-китеби поэтикалык, калгандары аралаш чыгармалар) жарыяланды. Ага чейин жаштардын «Булак» аттуу альманахы чыгарылган болчу (эки китеп).

Котормо жаатында көп болбосо да бир катар алгылыктуу иштер жүзөгө ашкан сыяктуу. Мукан Асаналиев «Британия кайрыктары» (2003) деген аталыш менен Англиянын Шелли, Байрон, Китс (ж.б.) сыяктуу даңазалуу акындарынын ырларын тикелей кыргыз тилине которуп чыгарды да, 2010-жылы «Кыргыз акындары англис тилинде» деген китепке кыргыз тилинен англис тилине которулган ондогон кыргыз акындарынын ырларын топтоп жарыялады. З.Караева менен А.Калиеванын англис тилине котормосунда «Кыздар ай. Кыргыз аялдар поэзиясы» (2007) деген китеп жана Т.Адышеванын «Шамдай жанган сөздөр» (2008), Ж.Бөкөнбаевдин «Поэзия падышасы» (2011) жыйнактары чыкты. Кыргыз тилинде Р.Гамзатовдун «Досторуңдан кол үзбө» (2011, которгон С.Кадыркулов),У.Есдаулеттин «Жүрөгүм – махабаттын астанасы» (2011, которгон Ч.Субакожоева), К.А.Яссавийдин «Хикметтер китеби» (2008, которгон Э.Эрматов), Е.Раушановдун «Жүрөгүмдөсүң, акилег – илек» (2009, которгон Ч.Субакожоева), Омар Хаямдын рубаилери (2011, кыргыз, фарсы, тажик, өзбек, орус, англис тилдеринде; которгондор К.Басылбеков, В.Державин, Х.Винфиди ж.б.), «Чыгыш берметтери» (2011) аттуу фарсы поэзиясынын үлгүлөрү (которгон К.Басылбеков), Ш.Петөөфинин «Азаттык жана махабат» (2005,которгондор К.Акаев, А.Ашыров), Дж. Руминин «Дил сыры» (2000,которгон К.Басылбеков), О.Хаям «Рубаилер» (2007, которгон Б.Акунов), Ш.Равшандын «Маржан ойлор» (2011, которгон Ч.Субакожоева) аттуу китептери чыкты. С.Жусуев «Европа-Азия» ырлары аттуу (2007) көлөмдүү котормо китебин, О.Шакир «Күмүш сырга» аттуу (2010) орусчадан которулган афоризмдер жыйнагын жарыяласа, 2010-жылы Ш.Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыры» жетинчи жолу Алыкулдун эркин котормосунда басылды.

Кейиштүү дебешке арга жок – аталган жана аталбаган басылмалардын дээрлик бардыгы (айрым учкай пикирлерди, бирин-серин макалаларды, мааракe-тойлордо айтылган мактоолорду эске албаганда) адабий сындын алгылыктуу баасын албай, К. Асаналиев айткандай кызыл-тазыл, кооз китеп формасында элге жетип-жетпей адабий процесстин фактысына айланууда. Ар бир чыгарма, ар бир жыйнак өзүнүн астейдил баасын алышы керек дегенибиз менен андай шарт, мүмкүнчүлүк жакын арада түзүлчүдөй эмес. Ошондуктан башынан көркөм табити өскүлөң, сезимтал кыргыз окурманы көркөм продукциянын жакшы-жаманын өз бет алдынча ылгап аларына үмүт артабыз да. А балким, «таманынан чачына чейин» саясатташып бүткөн гезит-журналдар, радио-телеканалдар бул тармакка алда канча кеңири, ар тараптуу назар салса, ар бири болбосо

www.bizdin.kg



да, ирдүү адабий чыгармалар тууралуу байма-бай маалымат берип, пикир алышууларды, талкууларды уюштуруп турса, дагы башка иш-чаралар менен коомчулуктун көркөм сөз туундуларына кызыгуусун арттырып турушса – абал акырындап оңолуп кетер беле деп ойлойсуң.

Булардын катарында көңүл борборунда турчу дагы бир маанилүү жагдай бар. Адабий чыгармаларга өз маалында баа берилип, адабий процесстин күңгөй-тескейи талаптагыдай, профессионалдуу талданып, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылып турса, учурдагы жана кийинки көркөм-адабий процесс үчүн мааниси зор болору анык. Анткени адабий сындын сабактарын жазуучу-акындардын дасыкканы да, жашы да эске албай коё албайт. Терең жана калыс, ынанымдуу жана үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турган адабий анализ жалпы адабий процесстин өзүнө да, тигил же бул калемгердин чыгармачылыгына да позитивдүү гана таасир берет. Кайсы бир идеологиянын үстөмдүгү жок шартта, кайсы бир саясий айыпка жыга салуунун мүмкүнчүлүгү жок кезде анын мааниси ого бетер жогорулап, салмагы артаары турулуу иш.

* * *

Эми кыргыз прозасынын абалы жалпысынан кандай деген маселеге келели. Мурдагысын кеп кылбаганда, кылым башынан бери бул тармакта Ч.Айтматов, Т.Касымбеков, Ө.Даникеев, К.Акматов, А.Саспаев, К.Жусупов, К.Жусубалиев, А.Стамов, Э.Турсунов, М.Абакиров, М.Байжиев, М.Гапаров, М.Мураталиев (ж.б.) сыяктуу илгертеден көч башы катары таанымал болгон жана С.Жетимишев, Ж.Жапиев, К.Сактанов, К.Кушубеков, Ө.Караев, С.Станалиев, Б.Усубалиев, Ч.Абыкеев, Т.Субанбеков, Э.Отунчиев, К.Иманалиев, М.Мамазаирова, Т.Абдиева, М.Каримов, А.Матисаков, А.Сарманбетов, К.Адамалиев, К.Өгөбаев, Ш.Эсенгулов (ж.б.) өңдүү дасыккан, ысымдары эл оозуна эбак алынган авторлор калем сынашып келди. Кызык жери – кылым тогошкон кездеги кыргыз прозасына мурда жазуучу катары аты чыга бербеген, жогоркулардай атайын «жазуучулук окуудан» өтүшпөгөн, көбүнчө кесиптери да башка, бирок сүрөткерлик дымагы күчтүү жана анысы, дараметтүүлүгү ачык байкалган Ж.Токтоналиев, Ж.Егембердиев, Р.Каримов, А.Койчиев, А.Оморов, Р.Абдиев, К.Бакиев, Ч.Аскаров, С.Гавай, С.Бейшембиев, Д.Дөкөнбаев, М.Жоошбаев, Б.Максүтов, А.Мамбетакунов, А.Нааматов, Аммиан фон Бек (А.Бекбалаев), Е.Алли, Т.Касымов, А.Газиев (В.Плоских), Т.Мадылбай, Т.Ибраимов, А.Ахматов, М.Үсөн, А.Кылычбек, И.Лайлиева, Э.Джолоев, В.Кадыров, В.Шульгин (ж.б.) өңдүү авторлордун жоон тобу «эшик чертпей» эле күтүрөп келип киришти. Келгенде да кыргыз, орус тилдеринде, бирок көбүнчө кыргыз

www.bizdin.kg



материалында ондогон аңгемелер менен повесттерди, бир катар романдарды биринин артынан бири жарыя кылышкан бул калемгерлер адабият алар үчүн «чоочун жай» эместигин, ага шамшаркыт, дардалаңдап эле жетип келишпегендигин далилдеп салышты. Мурда «белгисиз» бул авторлордун чыгармачылыгы, албетте, узун жана кеңири сөз кылууга, астейдил жана кылдат мамилеге арзый тургандыгын, адабий майдандан алар өзүлөрүнө тиешелүү орунду ачык эле «талап кылып» турушкандыгын байкамаксан болуу мүмкүн эмес. Бул эки топтун катарында улуу-кичүүсү аралаш Т.Шайдуллаева, А.Урманбетов, Г.Эшенкулова, Ж.Токтогазиев, С.Сарыгулов, Б.Сейитбекова, С.Рыскулов, К.Зарлыкова, Жээнбай Түрк, Ж.Исабаева, Б.Аракеев, З.Конгайтиева, З.Асылбекова, Н.Бөдөшева, А.Акматов, Э.Ажыканова, А.Сарманбетов, А.Муратов (ж.б.) сындуу прозаиктердин чыгармалары да окурмандар чөйрөсүндө өз ордун таап жаткандыгы анык.

Тизмеленген калемгерлердин ичинде акын катары түйшүк тарткандары, публицистикалык, документалдуу прозага ык койгондору, драма, эссе жазгандары да бар. Кыскасы, поэзия сыяктуу эле азыркы кыргыз прозасы жанрдык-тематикалык, стилдик мүнөздөмөсү (көркөм почерки), калемгерлердин автордук позициясы, тутунган көркөм-эстетикалык принциптери, философиясы жана да талант-дарамети, изденгичтиги, чеберчилиги боюнча бир кылка эмес, ал жыты, даамы, өңү-түсү, көркү, курагы ар башка, эсепсиз өсүмдүктөр өскөн жайындагы тоо боорун эске салат. Ал чыгармалардын өмүрү да ошол кызыл-тазыл өсүмдүктөр сыяктуу ар башка болору түшүнүктүү. Авторлорду өзүнө тарткан, кызыкчылыгын кармаган коомдук-турмуштук көрүнүштөр да ар башка. Алардын бирин эзелки тарых, экинчисин кечээки, совет мезгили, дагы бирин бүгүнкү турмуш өзүнө тартса, айрымдары «баарын кучагына батырам» деп, бардык жанрда «чабак уруп», чарпылып жүргөнүн көрөсүң.

Бүгүнкү кыргыз прозасынын жанрдык курамы да мурдагыдай бир өңчөй эмес. Саясий-идеологиялык көзөмөлдөн кутулган кыргыз авторлорунун бир тобу тарыхка баш-оту менен кирип, бүгүнкү күндүн компьютери менен телесинин торунда турган окурмандарды көбүнчө тарыхый экзотика менен кызыктырууга азгырылып, бул жанрдын салт-жөрөлгөлөрүнө анча маани бербей, анын таламдарына жооп бербеген чыгармаларды жаратып жатышса, прозаиктердин дагы бир даары «публицистика, даректүү баян, көркөм-публицистикалык ой-толгоо, очерк, ой-пикир, иликтөө, маалымдама, маек, даректүү популярдуу чыгарма, эскерүү, каалоо, очерк-эссе, (жөн эле) баян, кайрылуу, билдирүү, макала, ой жүгүртүү, даректүү изилдөө, маек-эссе, повесть-эссе, (жөн эле) эссе (ж.б.) деген жанрдык аныктамалар менен «эмне десең, ошо де» дегендей чыгармаларды жазууга адистешип алышкан. Айрым китептер «публицистикалар», «поэзиялар», «акыл насааттар» деген жанрдык түшүндүрмө-

www.bizdin.kg



кыстырма менен да чыгып келет. Ал түгүл «илимий-көркөм чыгарма» аттуу жанрдык аныктама менен чыккан китептер да бар.Аларда «илим» менен «көркөмдүүлүк» кантип сиңишип, «эки жарты – бир бүтүн» болуп калгандыгы мага деле табышмак.

Бүгүнкү прозадагы эң модалуу термин – «эссе». Тигил же бул китепке карата ал жекелик же көптүк санда, жогоруда айтылгандай повесть-эссе, очерк-эссе, маек-эссе деп эле колдонула берет да, кээде бул эмне деген жанр экенин бир Алла, бир автор өзү эле билбесе, окурман баш орутпай эле койгону жакшыбы дейсиң. Ал эми (жөн эле) баян менен даректүү баяндын, алардан тарыхый даректүү баяндын, же даректүү изилдөөнүн, иликтөө менен макаланын, билдирүү менен маалымдаманын, ой толгоо менен ой-пикирдин айырмасын, анын тек-жайын түшүнгүчө «эт бышым» убакыт кетет, андан көрө китеп автор сунуш эткен жанрдык аныктамага туура келет болуш керек, анын адабият теориясында бары-жогу менен эмне ишим бар деп, колго тийгенин окуй берейин деген жыйынтыкка келесиң. (Аларды туурап мен деле макаламды: «Жаңы кылымдагы кыргыз адабияты: айрым маалыматтар жана ой жүгүртүүлөр» деп атап салдым. Ушинтсем эле анын бирдемеси өзгөрүп, салмактанып кетчүдөй сезилип туруп алды, иттики! Окурман бул «макалабы», «маалыматтарбы», «ой жүгүртүүлөрбү» – өзү чечип алсын дедим).

Ошентип, сөз жүзүндө азыркы кыргыз прозасы жанрдык курамы, анын кубулма түр-түспөлү жагынан аябай бай көрүнөт. Көрүнүп тургандай – анда эмнелер гана жок, мурунку адабият ага бул жагынан караандабайт, анын жанында шоона эшпейт. Кээде ошол чыгармага, китепке автор тарабынан берилген жанрдык аныктаманы, ага дагы кошумча кыстырма-түшүндүрмөлөрдү окуп, ал китепти, чыгарманы кай жагынан баштап окуп, кандай «жеш» керектигин билбеген окурманга багытталганын туюп, сезесиң да, ичинден «рахмат» деп коёсуң. Ал эми иш жүзүндөгү чыныгы абал кандай, ага кызыккан эч ким жок. Эссе деп айтылганы менен эссе эмес, ой толгоо делип, бирок ой толгобой эле ойду-туону кеп кылып, башыңды маң кылган, даректүү баян делгени менен эч бир дареги билинбеген, баш-аягы, уюткусу жок «чыгармалар» айрыкча адабиятка жаңы аралашкан, пайгамбар жашына келгенде «чымыны ойгонгон», же элден кем калбай ата-бабамды көтөрө чалып, «көбү төгүн, көбү чын, көрүп келген киши жок» дегендей кеп салып, бала-бакырага «бараандуу эстелик» калтырып коёюн деген ойго жетелеген авторлордо кадам сайын кездешет. Мындай чыгармалар азыр биз кеп кылган «эссе, баян, ой-толгоо» деген жасалма жанрлар да иттин кара капталынан. А дейбизби, бу дейбизби, бирок алар да адабий турмуш фактысы катары анын майданын толтуруп, автордун жан кыйнама кара күчүнөн, курулай кыялынан жаралган же көркөм-эстетикалык табияты жанрдын нагыз талаптарына төп келген чыгармалар болобу, ошол адабий салаанын өнүгүш иллюзиясын жара-

www.bizdin.kg



тып жатат. Бир чети адабий процессти ар качан мындай оош-кыйыштар коштоп келгени, ал эч качан таптаза, идеалдуу болбогону менен бүгүнкү кыргыз прозасында аталган «жанрлар» опсуз ойкуштап өнүгүп, ээ-жаа бербей калган абалда тургансыйт. Балким, бул «убактылуу илдет» болуп жүрбөсүн, ким билет, бардыгын убакыт көрсөтөр.

Даректүү ж.б. баяндар, эскерүүлөр, эсселер, ой-толгоолор, иликтөөлөр, макалалар (адабий-сын эмес), публицистикалар, маектер, ой-жүгүртүүлөр, насааттар, ой-пикирлер (ж.б.) сыяктуу жанрларды XXI кылымдын биринчи он жылдыгында эсепсиз китептер жарык көрдү. Аларды санактан өткөрүү кажетсиз. Дегеле баш баккандардан тарта анча-мынча кызматты мурда-кийин аркалагандар, тигил же бул өнөр ээлерине чейин жапырт ушул жанрлардын биринде китеп жазууну милдет көрүшкөндөй эле болду. Элдин эсинде калган окуялар жана инсандар тууралуу жайнаган китептер чыкты. Алардын ичинде сабаттуу, ырааттуу жазылып, окурмандарды ойго салган, таанып-билүүсүн кеңейткен бир катар басылмалар менен бирге эч бир көркөмдүк, социалдык, нравалык жүк көтөрбөгөн, жөн гана эрмек үчүн жазылган өндүүлөрү да кыйла. Эмнеси болсо да ушул багыттагы басылмалар Республикабыздагы башка бир да полиграфиялык продукцияга биринчиликти бербей тургандыгына күмөн санабай эле койсок болот.

Акыркы он жылдыкта кыргыз прозасынын алп өкүлдөрү Ч. Айтматов орусча жазылып, эки-үч сыйра кыргызчаланган «Тоолор кулаганда» (2006), Т.Касымбеков «Баскын» (2000), «Кыргын» (2004), А.Стамов «Хан Тейиш» (2009) романдарын жарыялаганга үлгүрүп, дүйнө салышты. Ч.Айтматовдун айтылуу «Эрте келген турналар», «Атадан калган туяк», «Ак кеме», «Саманчынын жолу» повесттери кайра басылып (2011), көзү өткөндөн кийин чыгармаларынын сегиз томдугу жарык көрдү (2008). А.Стамов алиге алгылыктуу баасын ала элек, олуттуу романы «Хан Тейиштен» тышкары «Эгиз тал» (2004) аттуу повесттер, аңгемелер жана тарыхый очерктер жыйнагын, 2007-жылы «Кышында чардаган бакалар же кызыл гүл баяны (махабат дастандары)» китебин жана «Суусамырдын ээси» (2010) тарыхый повестин жарыялап кетти. Т.Касымбековдун чыгармаларынын 8 томдук жыйнагы жарык көрүп-көрбөй ың-жыңсыз жок болду.

Көркөм прозада бул жылдары роман жанры айрыкча өрүш алды да, анын тарыхый деп аталган түрү алдыңкы планга чыкты. Анын кыскача тизмеси төмөнкүдөй: Р.Абдиев «Алай закымдары» (2005), «Төпө аке» (2002), К.Бакиев «Дарыялар жайыкта кошулушат» (I,II китептер, 2002), С.Бейшембиев «Бөрү баатыр» (2004), Ж.Егембердиев «Канат хан» (2006), Т.Касымов «Тагай бий» (2011), М.Үсөн «Сакылар жери» (2001), К.Кушубеков «Улуу тоого чыккан барбы» (2009), А.Нааматов («Аманат ыр» (1,2-китептер, 2010), А.Оморов «Чыңгызхан» (2008), «Темирлан»

www.bizdin.kg



(2010), С.Гавай «Скифтин каргышы» (2006), К.Сактанов «Искендер Зулкарнайн» (2010), С.Станалиев «Касым Тыныстанов.Чагылгандын көз жашы» (2001), «Жылдын эң узак күнү» (2009), Т.Субанбеков «Барсбек кагандын көрөр көзү», «Каратүлөк чоронун эрдиги» (2004), «Күнбөсүн ажо» (2007), Ж.Токтоналиев «Баатыр Шабдан» (2006), «Хан Ормон» (I китеп, 2000; II китеп, 2002), Э.Турсунов «Балбай» (2002), «Боронбай» (2004), «Ата Журт» (2011), Э.Отунчиев «Жеңижок» (I китеп, 2009), «Молдо Асан» (2008), Ш.Эсенкулов «Кожомкул» (2003), М.Абакиров «Көкөй кести» (2010), К.Сапарбаев «Ор» (2010) ж.б.

Буларга А.Стамовдун «Хан Тейишин», Т.Касымбековдун «Баскын» менен «Кыргынын» жана «тарыхый» деп аталган А.Стамовдун «Суусамырдын ээси» (2010), К.Иманалиевдин «Алтын көлдүн ак куусу» (2005), «Тагай бий – Мухамед кыргыз» (2010) повесттерин, дагы да бул жанрга кирер-кирбеси күмөндүү бир топ чыгармаларды кошсок, тизме дагы узарат.

Баягы эле жанр маселесине кайрылсак, «кызык» учурлар бар. Маселен, А.Оморов өзүнүн «Чыңгызхан» аттуу чыгармасына «тарыхый роман» жана «илимий-популярдуу чыгарма» деген эки жанрдык аныктаманы бир чаптаса, Т.Субанбеков «Каратүлөк чоронун эрдигин» чакан роман-тымсал деп атаптыр. «Чыңгызхан» бир эле учурда «тарыхый роман» жана «илимий популярдуу чыгарма» боло албасын, бул мүмкүн эместигин түшүнсөм да, Т.Субанбековдун романына келгенде «чаканы» го мейли, «тымсалы» эмнеси деп тилдик билимимдин бөксөлүгүнүн убарасын тарттым окшойт. К.Юдахиндин сөздүгүндө да кездешпеген бул сөз (тамсил эмес го дейм) Ж.Мукамбаевдин атактуу диалектологиялык сөздүгүндө лейлектиктердин говорунда табышмак, мисал, лакап маанилеринде колдонулары белгилениптир (Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. –Б., 2009,956-б.). Булардын кайсынысы романга тиешелүү экендигин, же авторго гана белгилүү башка бир маани барбы – муну, ачыгы, тастыктоо оңой эмес окшоп калды. Балким, Т.Субанбеков көркөм адабиятта жанрдык ачылыш жасап жаткандыр, аны да биле албадым.

Ал эми орус тилинде жазылган Аммиан фон Бектин «Гунны» трилогиясын (книга I. Баламбер хан гуннов; кн. II Ундин хан гуннов; кн.III–IV, Атилла хан гуннов. 2009), «Дорога в тысячу ли или сказание о дунганском народе» (2006) романын, А.Газиевдин «Пулатхан» (2010), «На берегах Яксарта» (2010), «Великие предки из средневековья» (2010), «Барс бек, каган киргизов» (2002), «Киргизские лидеры. Долгий путь к России» (2010), «На берегах Иссык-Куля», «Горная царица Алая», «Пржевальский буревестник» (2010) сыяктуу повесттери менен новеллаларын, Бакыт жана Тыныбек Мейманалиевдердин «Потомок императора» (2010) романын айтпасак, кыргыз тарыхый прозасынын бүгүнкү картинасы кемтик болуп калар эле.Көрүнүп тургандай булардын көбү тарыхта тигил же бул деңгээлде из калтырган инсандар тууралуу биографиялык

www.bizdin.kg



мүнөздөгү чыгармалар. Алардын баскан жолу жана ишмердүүлүгү аркылуу ошол доордун көркөм картинасын ачып берүү, кийинкилерге сабак-үлгү болчу жагдайларга басым жасоо аталган чыгармалардын түпкү максаты экендиги шексиз болсо да, ал мүдөө канчалык деңгээлде ишке ашып, канчалык көркөм ынанымдуулукка ээ болгондугу ар бир чыгарманы кылдат анализден өткөрүү менен айкындалышы мүмкүн экендиги анык. Маселенин төркүнү, ошентип, тарыхый реалдуулук менен көркөм реалдуулуктун карым-катышы кандай деген маселеге барып такалат. Жазуучу «тарыхый» чыгарманы өз билгениңдей жазып салды, а биз аны кандай кабыл алдык – ынандыкпы же жокпу, суктандыкпы же иренжип калдыкпы, кыскасы, ал окурманга эмне берди, кандай сезимдерге тушуктуруп, канчалык ойлонто алды деген карапайым суроолорду адабиятчы-сынчылар, керек болсо тарыхчы-адабиятчылар, кызыкдар коомчулук менен биргеликте чечмелеши зарыл эле, бирок бул иш дээрлик аткарылбай турат. Жогорку роман-повесттердин айрымдары тууралуу бирин-серин макалалар чыкты, тарыхый жанрдын генезиси, эволюциясы тууралуу иликтөөлөр жазылды, бирок маселенин ажаты толук ачылып кетпей, жогорку чыгармалардын 90%ы кеп-сөзгө илинбей, көркөм тарых маселесине Т.Касымбеков менен К.Осмоналиев, Ж.Токтоналиев, Ж.Егембердиев сындуу авторлордун романдары менен гана чек коюлуп келди. Кантсе да, белгилүү адабиятчы А.Садыковдун сөзү менен айтканда «тарыхый роман жазуунун кези келип», саясий айыптоолордон коркпой калган кыргыз прозаиктери изи сууй элек, деми өчө элек соңку тарыхты кой, мындан 200, 500–600 жыл мурунку гана эмес, биздин заманга чейинки тарыхка, Александр Македонский, Чыңгыс хан, Тамерлан сындуу даңазалуу кол башчылардын эсепсиз көп жазылган тарыхына чейин тартынбай «кол салып» киришинин өзү эле көп нерсени каңкуулап тургансыйт. Биздин авторлор кыргыздын гана эмес, бүтүндөй Евразияны кучагына алган тарыхты ийне-жибине чейин билип, В.Скотт, А.Дюма, А.Толстой, М.Ауэзов же Т.Касымбековдой тамшанарлык кылып сүрөттөп беришсе, сыймык болбогондо эмне болмок, же компиляциялык ыкма жана чала-чарпыт маалымат, болор-болбос дарамет менен тарыхый делген араңжан роман-повесттер жамырап жаралып жатабы деген соболдор кыжалат кылып турганын айтпасак да болот. Тарых көркөм сүрөттөлбөй эле карандай факты- маалыматтардын тепсендисинде калган же тарыхый тамыры бош болуп, кургак акыл-насаат менен курулай ой-жорууларга жык толтурулган романдардын, повесттердин арбындыгы айсбергдин үстү болсо, алардын ичтейин караштыра келсең, талаштуу, талылуу көйгөйлөр, жанрдын талаптарынан табигый түрдө келип чыккан көп маселелер убап-чубап чыгары анык.

Роман жанрынын башка түрлөрүнө келсек, бул жылдары К.Акматов адеттегидей эле чеберчилик менен жогорку деңгээлде жазылган, айрым жаг-

www.bizdin.kg



дайлар боюнча талашка түшкөн, орус ж.б. тилдерге тез которулган «Архат» (2006) романын жарыялап, ал Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка арзыды. М.Абакировдун «Буктурма» (2008), Р.Абдиевдин «Жүзүкара» (2010), «Үмүт» (2006), К.Адамалиевдин «Акыр заман», Ө.Даникеевдин «Арман» (2005), К.Дөкөнбаевдин «Ариет» (2010), С.Жетимишевдин «Эл арасында» (I, II китептер,2007), М.Жоошбаевдин «Чынардын митеси» (2005), Р.Каримовдун «Камила» (2005), А.Койчиевдин «Мисмилдирик» (2009), К.Өгөбайдын «Пирпенде» (2008), М.Мамазаированын «Турумтай» (2004), А.Мамбетакуновдун «Кайнар булак» (2007), Б.Салгаманинин «Роман-гезит» (2006), З.Сооронбаеванын «Чоочун киши» (I, II китептер, 2011), М.Сыдыковдун «Кызыл жар» (2009), Ш.Эсенгуловдун «Асыл» (2006), «Керемет» (2011) сыяктуу үчөө-төртөө гана мурда жарык көрүп, калгандары жаңы туунду болгон романдардын тематикасы, проблематикасы ар түркүн жана идеялык-мазмундук тереңдиги да бирдей эмес. Орус тилинде А.Кылычбектин «Ипостась» (2010), К.Акматовдун «Тринадцать шагов Эрики Клаус. Шахидка» (2010), «Архат» (2008), М.Мураталиевдин «Идол и Мария», «Манасчи» (Москва, 2011), Т.Мадылбайдын «Феникс» (2008), И.Лайлиеванын «Мигранты…» (2010) деген романдары басылды. Булардын бир даары ошол эле авторлордун башка жанрлардагы (аңгеме, повесть, эссе, юмор, публицистика, эскерүү, ырлар) чыгармалары менен бирдикте жарык көрдү. Алар сан жагынан алганда эле кыргыз романы дүкүлдөп өнүгүп жатат деген жыйынтыкка алып келет. Ал эми алардын көркөм-эстетикалык деңгээли, идеясынын тереңдиги, дегеле маани-мазмундук көрөңгөсү башка маселе экендиги түшүнүктүү.

2000–2010-жылдар аралыгында жаш-карысы аралаш дегендей авторлордун кээ биринде башка чыгармалар да топтоштурулган төмөнкүдөй прозалык жыйнактары окурмандардын колуна тийди: Чолпонбек Абыке уулунун «Бриллиант жылан» (2005) жана чыгармаларынын үч томдук жыйнагы (2011), Т.Абдиеванын «Сүйүү тамырлары» (2011), К.Акматовдун «Жаңы тамсилдер же притчи нового века» (I китеп, 2003, II,III китептер, 2004, М.Гапаровдун «Экөөээн бакта» (2009) тандалмалары, Ж.Жапиевдин «Киотого кеткен жол» (2008), К.Жусуповдун «Жан шерик» (2007), Ө.Караевдин «Жалгыз болгум келбейт» (2003), «Беш тогоол закымдары» (2010), К.Иманалиевдин «Жоогазын ыры» (2005), Д.Казакбаевдин эки томдук тандалмасы (2011), К.Жусубалиевдин «Жети сөз жана Конфуций» (2003), А.Саспаевдин «Татым туз» (2010), Э.Турсуновдун «Ажал айтып келбейт» (2004), Б.Усубалиевдин «Түн» (2010), М.Абакировдун повесттер менен романдардан турган тандалма эки томдугу (2009), К.Зарлыкованын «Ксения» (2007), Жээнбай Түрктүн «Тоопир» (I бөлүм, 2011), М.Каримовдун «Каратегин» (2007), А.Матисаковдун «Атамды көргөн өлбөсүн» (2007), К.Өмүркуловдун «Мөңгү муңу» (2009), С.Рыскуловдун «Кашка ат, карагер жорго» (2006,

www.bizdin.kg



К.Жапаровдун «А кызыктан, бу кызык…» (2009), А.Сарманбетовдун «Мекенсиз» (2011), С.Сарыгуловдун «Күлкү жана ый» (2005), Г.Эшенкулованын «Тагдыр» (2009), Т.Шайдуллаеванын «Акылкасас» (2008), Б.Сейитбекованын «Абийир соту» (2008), Ж.Токтогазиевдин «Чагылгандын жарыгы» (2007), А.Акматовдун «Издөө салам» (2008), З.Конгайтиеванын «Асыранды кыз»» (2009), З.Асылбекованын «Чатыраш тагдырлар» (2010), Э.Ажыканова, А.Сарманбетов, Д.Дөкөнбаев, А.Сарыбаевдин «Аңгемелер» (2008) жыйнактары, Ч.Аскаровдун «Боксёр» (2011), К.Сөлпиевдин «Азаптын тагы» (2009), С.Мырзакул уулунун «Ашууда атылган ок» (2011) повесттери, «Булак» аңгемелер альманахы (II чыг, 2006), «Саамалык» жыйнагынын үч китеби (3-китеп, 2002; 4–5-китептер, 2004), Б.Аракеевдин «Чаңдагы гүл» (2010), Ж.Исабаеванын «Сексен жетинчи ашуу» (2009), К.Коомановдун «Апийим гүлү» (2010), А.Ахматовдун «Эрендер да ыйлашат» (2010), Б.Максүтовдун «Кызыл кыргын, кандуу кармаш» (2009), А.Муратовдун «Акыркы адам жапайынын арзуусу» (2009), А.Урманбетовдун «Адашкан жол», Э.Кожошизинин «Кандуу жол» (2009) аңгемелери жана повесттери ж.б. Буларга орус тилиндеги А.Ахматовдун «Когда плачут мужчины» (2010), М.Байжиевдин «Рассказы и повести» (2005), Т.Ибраимовдун «Простите меня» (2011), Бакыт жана Тыныбек Мейманалиевдердин «Сырттан» повести (2010), В.Кадыровдун «Коровы пустыни» (2007), «Золото Иссык-Куля» (2008), «В поисках дракона» (2009), «Знаки Неба» (2010), В.Александровдун «Азиатские белые горы» (2009), Н.Шульгиндин «Мана, мана» (2006), «Жизнь и ее окрестности» (2008), «Дежурная корова» (2009), Э.Джолоевдин «Ченка» (2008), Ева Аллинин «Кара Тоо» (2008), Н.Алиеванын «Над бездной времени» (2010) ж.б. жыйнактарын кошо кетүү зарыл. Булардын бир азы гана XX кылымда жазылып, жарыяланган.

Тематикасы, ага жараша козголгон маселелердин чөйрөсү да ар кыл, көркөм-эстетикалык даражасы да бирдей эмес бул чыгармалар, кээси жанрлардын туш келди аралашмасынан турган ушул китептер окурмандардын, мүмкүн болсо, адабиятчы-сынчылардын талдоосуна муктаж. Булардын ичинде, жөнөкөй айтканда, мыкты жазылгандары, ачыктан ачык араңжан, чабал чыгармалар да бир кыйла. Кеп аларды сөзсүз эле көкөлөтө мактап (көп китептерге жазылган баш сөздөр окурманды ошого жетелеп турат, бирок окуй келсең ал маанайың чар уккандай жок болот), же жер менен жексен кылып, жекирип сындоодо эмес. Жарык көргөн ар бир китеп, же ирдүү чыгарма астейдил, калыс талдоого алынып, мыкты жана кемчил жактары айгинеленип турса, адабий процесс активдешип, аны ыпыр-сыпырдан арылтууга өбөлгө болор эле.

Прозадагы котормолор аз, өтө аз десек болот. Бул жылдары болгону И.Есенберлиндин «Алтын ордо» (2011, которгон А.Жуманалиев) роман-трилогиясы, «Миң бир түн» (2010, 1-китеп, которгондор Ж.Жапиев,

www.bizdin.kg



М.Жапиева), Ясаши Йиновенин «Бөртө Чоно» романы (2003, которгондор А.Саспаев, Н.Үсөналы) сындуу бир аз чыгармалар кыргызчаланыптыр. Дүйнөлүк классикадан, эскисин оңдоп, же жаңысынан дегендей бир да ирдүү чыгарма которулбаганы өтө өкүнүчтүү. Кийинки эки кылымдан бүгүнкү күнгө чейинки дүйнөлүк адабиятта эмне деген керемет чыгармалар бар экендигинен ошентип кыргыз окурманы биротоло кабарсыз калып, өз казанында эле кайнап калат окшоду. Мындай абалдын себебин У.Абдукаимов, А.Осмонов, С.Эралиев, О.Орозбаев, С.Бектурсунов, Э.Турсунов (ж.б.) сыяктуу адистик даярдыгы, чеберчилиги жогору котормочулардын жоктугунан, алардын бул чыгармачыл иш менен алек болушуна материалдык-финансылык шарттын түзүлбөгөнүнөн жана бул багытта өкмөт, тиешелүү уюмдар, жеке ишкер инсандар тарабынан максаттуу иштер жүргүзүлбөгөнүнөн гана көрүүгө болот. Болбосо, Ф.Петрарка менен Дж.Лондонду, Лермонтов менен Т.Маннды, О.Генри менен Стендалды, Х.Мураками менен О.Сулеймановду баса калып окуй турган окурмандар такыр жок калды дешке эч кандай негиз жок.

Кыргыз адабиятынын кылымга чамалаш тарыхына карабай алиге дейре чабал өнүккөн жана дээрлик жаңыдан көз жаруу абалындагы жанрлар бар. Булардын биринчисине, тээ 30-жылдары К.Эсенкожоев чыйыр салып, кийин К.Жантөшевдин, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында улантылган илимий фантастика (жөн эле фантастика эмес) кирет. Өткөн кылымдын 70–80-жылдарында ага белсенип киришкен Б.Сартов жарык дүйнө менен эрте кош айтышып кетти. Андан тышкары бирин-серин фантастикалык аңгемелер жарык көрдү да, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы илимий-фантастикалык линия менен кыргыз адабиятында бул жанрдын «үнү» өчтү десек болот. Мунун эмне себептери бар деген суроого жооп ачык эле жерде жатат. Көрсө, илимий фантастикалык чыгарма жазуу үчүн Ж.Верн, Г.Уэллс, А.Азимов, Р.Бредбери, А.Беляев, К.Саймак же бир тууган Стругацкийлер сыяктуу көркөм сөзгө шыктуулуктан тышкары тигил же бул илим менен техниканын өткөндөгүсүн, бүгүнкүсүн гана эмес, эртеңки өнүгүш багыттарын нагыз илимпоз катары көрө да билип, бир учурда эле реалист жана кыялкеч-фантазер да болуш керек экен. Кыргыз жазуучуларынан мурда да, кийин да илимпоз, окумуштуу болгон эмес, азыр да жок, бүгүн-эртең илим менен көркөм сөздү синтездештирип, фантастикалык олуттуу чыгарма жарата койчу автор да көрүнбөйт.

Ал эми улуттук көркөм сөз айдыңында жаңы көз жарып, телчигүү абалында турган жалпысынан детектив деп аталчу тармак бар. Булар кадимки аңгемелер, повесттер жана романдар эле болгону менен сүрөттөө объектисинде, ошого жараша сюжеттик түзүлүшүндө бир катар өзгөчөлүктөрү бар, окурмандын бүйрүн кызытып, аны бүткүчө таратпай, кармай билген кызык окуялуу чыгармалар деп эсептелет. Бирок кызык окуялуу дегенибиз «приключениелүү» деген аталыш менен кеңири таралган чыгармаларды

www.bizdin.kg



түшүндүрбөйт. Нагыз кызык окуялуу же «приключениелүү» жанр деле бизде кыйратып өнүгүп кеткен эмес. Анын элементтери тээ илгери эле К.Жантөшевдин, Н.Байтемировдун, К.Осмоналиевдин (ж.б.) айрым чыгармаларында орун алып келсе, соңку мезгилде анын мыкты үлгүлөрүн Э.Өмүракунов («Жыландар ханышасы» ж.б.) менен Ч.Абыкеев («Бриллиант жылан» ж.б.) берди. «Приключениеде» кылмыш мотиви орун ала берет, бирок ал өзөктүү мүнөзгө ээ болбойт да, турмушта, адамдык мамилелерде кездеше берчү курч, татаал окуялардын артынан түшүп, чечмелеп берүү негизги орунда туруп, автордун чеберчилигине жараша түркүн проблемалар көтөрүлүп, образдар жаратылат.

Соңку кездерде жамырап чыккан биз «көчө адабияты» деп атаган көптөгөн чыгармаларда мына ушул «окуялуулук» (приключение) кашкая көрүнүп турса да, алардын көбү көркөм ынаным жаратпай, кадам сайын жасалма кырдаалдарды, жасалма окуяларды жана мүнөздөрдү (толгон-токой деталдарды айтпаган күндө деле) кездештиребиз. Демек, «приключение» десе эле койгулаштырып жаза бербей Ч.Абыкеев менен Э.Өмүракунов сындуу изденип, аны чыныгы көркөм адабият деңгээлине (телегейи тегиз болбосо) да жеткирип жазууга умтулуу керек окшобойбу. Ал эми детектив тармагы телчигүү абалында турат дебедикпи. Бул чынында эле ошондой. Совет доорундагы кыргыз адабиятында детективдин айрым белгилери кездеше калган бирин-серин чыгармаларды айтпаган күндө, бул багытта аңгемелер, повесттер, романдар жазылган жок. Салт ушундай болуп калыптыр – дүйнөлүк адабияттагы детективдердин дээрлик бардыгы кара сөз түрүндө. Таза детектив-поэма, детектив-драма дегендер оңой менен кездеше бербейт. Балким, бул жанрдын көркөм-эстетикалык табияты, структурасы кара сөзгө өтө ыңгайлуу болуш керек. Болгон, болуп жаткан, а түгүл даярдалып жаткан кылмыш жана аны иликтеп ачуу – детективдик чыгарманын кан-жанын түзгөн көрүнүштөр. Эреже катары анын борборунда кылмышкер менен ошол кылмышты иликтөөчүнүн же детективдин образы турса да, ошол кылмыштын социалдык, психологиялык табияты, эбеп-себептери да олуттуу мааниге ээ болот. Ал ушунусу менен приключениеден жана башка чыгармалардан айырмаланып турат.

Бизде жаңы жаралып жатканы менен дүйнөлүк адабиятта детективдин узак жана бай салттары бар. Демек, «жаңы жазылып жатат» дегендин өзү детектив жазмак болгон авторго эч кандай жеңилдиктерди бербейт. Анын үстүнө, бүгүнкү кыргыз окурманы мындан 30,40,50 жыл мурдагы окурманга окшобогон, маалымат алуу мүмкүнчүлүгү кеңири адам экендигин көңүлгө алуу зарыл. Дүйнөлүк детективдин дөө-шаалары А.Конан-Дойл, А.Кристи, Ж.Сименон, Дж.Х.Чейз, Р.Чандлер, П.Бенчли, Р.Хаббард, П.Джеймс (ж.б.) кыргыз окурмандарына эбак эле орус тилинде болсо да жеткени талашсыз. Кыскасы, детективдик чыгарманын эре-

www.bizdin.kg



желерин жаңыдан ойлоп чыгаруунун зарылдыгы жок, анын классикалык деңгээлдеги даяр үлгүлөрү мол. Ал эми кыргыз детектив-жазуучулары аны канчалык деңгээлде өздөштүрүп, канчалык көркөмдүк күч менен кыргыз кыртышында реализациялап жатышат деген суроого жоопту биз алар жараткан азыноолак чыгармалардан издешибиз керек. Айтылгандай, колго тийген мындай чыгармалар аз эле. Алар: С.Мырзакул уулунун «Ашууда атылган ок» аттуу аннотацияда «курч окуялуу детектив» деп мүнөздөлгөн повести (2011), Б.Рахман уулунун «Министрдин кызынын махабаты» (2011), Э.Кожошизинин (Э.Каптагаев) «Кандуу жол» (2009), К.Коомановдун «Апийим гүлү» (2010) сыяктуу чыгармалары. Бул топтогу дагы ушул өңдүү чыгармалар тууралуу ой-толгоолорубузду кийинкиге калтыра туралы.

* * *

Азыркы кыргыз адабиятында эл көзүнө дамамат көрүнө бербеген, көмүскө өнүгүп жаткансыган жанр – драматургия. Китеп продукциясы иретинде анчалык аздектеле бербеген драмалык чыгармалардын ажары театр сахнасында гана ачылары белгилүү. Ушундан-улам болсо керек, кыйла драмалык чыгармалар сахнада коюлса да, китеп түрүндө жарык көргөндөрү аз, сейрек десек да болот. Кыргыз театр искусствосунун жүзү болгон Кыргыз улуттук Академиялык театрынын бир нече жыл иштебей турушу, дегеле бул тармактагы кризистик абалдын өзү да улуттук драматургияда жаңы чыгармалардын жаралышына, бул жагдайдагы чыгармачыл изденүүлөргө кедергисин тийгизбей койгон жок. Ошондуктан кыргыз театрларынын репертуарынын басымдуу бөлүгүн мурдатан туруктуу коюлуп келген драмалар түздү. Бир чети бул мыйзамченемдүү көрүнүш экендиги маалым.

Бул жылдары М.Байжиевдин «Драмалары» (2006), Ж.Садыковдун «Драмалары» (I том,2008), М.Тойбаевдин башка жазгандары менен бирдикте «Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы» (2006), «Булак» аттуу пьесалар топтому (2006), М.Ирсалиев менен А.Касымалиевдин «Даанышмандын дили» (2009) аттуу пьесалар жыйнагы, К.Асаналиеванын «Жүрөктөгү ай» (2007), «Айдагы таң» (2011) жыйнактары жарык көрдү. Ал эми белдүү жазуучу Ш.Эсенгуловдун «Алтайлык кыргыздардын акыркы ажосу» деген «Жайсаң» дастанынын негизинде жазылган тарыхый драмалары (2009) тууралуу өзүнчө сөз болор бекен? Автор өзү аларга «тарыхый» деген жанрдык аныктама берип отурат. Ага негиз болгон «Жайсаң» качан, кантип «тарыхый» чыгарма болуп калган, кыргыз эпосундагы чоролордун бири Жайсаң кандайча тарыхый инсанга айланып кетти деген суроолор өз чечилишин күтүп турат.

www.bizdin.kg



Ал эми Б.Жакиев, М.Байжиев, С.Раев, Ж.Кулманбетов, Б.Калчабаева, Кайрат Иманалиев (ж.б.) сындуу белсемдүү драматургдардын соңку драмалык чыгармалары китеп түрүндө жарык көргөн-көрбөгөнү тууралуу маалыматым жок экендигин моюнга алышым керек.

Жалпысынан массалык, же С.Жусуевдин сөзүн оодара салганда «көчө адабияты» деп мен атаган адабият жөнүндө, сөзсүз, кеп кылуу зарыл. Ал адабиятчылар тарабынан таптакыр көңүл бурулбай, «кароосуз» калбаш керек. Эсепсиз аңгемелер жана повесттер, ал тургай эссе жана эскерүү ыңгайында жазылган ушул багыттагы чыгармалардын баары эле, албетте, макулатурага кетчү продукциялар эмес. Алардын арасында жазылыш деңгээли, материалды көркөм тартуулоонун ыктуулугу, ынанымдуулугу, идеясы, образ түзүү чеберчилиги боюнча алымдуулары, автордун кыйла шыктуулугу байкалып, бирок ал ай-талаага жумшалып жаткандай ой калтыргандары, жакшы эле келатып мүдүрүлүп кеткендери, маанилүү сөз баштап жатып эле ит адаты кармап этек жакты сайрап кеткендери дегендей чыгармалар арбын эле. Бирок мындай чыгармаларга көнбөгөн адамдар үчүн аларды окуп чыгуу тозоктун тозогу экендиги да чын.

Акынмын дегендер арбыды
Ырлары ырларды өлтүргөн, –

деп Анатай Өмүрканов жазгандай кайсы жанрда болбосун мындай чыгармалар көркөм адабияттын нарк-насилин түшүрүп жаткандыгын көргөн, билген, түшүнгөн окурмандардын да айта турганы бардыр деген ойдомун.

Ошентип, кеп соңунда окурмандын эсине сала кетчү жагдай – сунуш кылынган бул макалада бүгүнкү кыргыз адабиятынын эсепсиз проблемаларын ар тараптуу жана терең талдоого алуу максаты коюлган жок. Бул мүмкүн да эмес, бир кишинин колунан да келбейт. Болгону, көркөм адабиятта бүгүн эмнелер болуп жатат, нелер бар да, нелер жок деген суроого жооп издеп, бул жаатта үзүл-кесил гана кабары бар окурмандарга маалымат иретинде тартуулап, азыноолак байкоолорумду ортого салдым.

www.bizdin.kg



*Дүйнө элдеринин жомокторунан*

# БААТЫР – БАЙКӨЛ

## (Бурят элинин уламышы)

Илгери-илгери өткөн заманда алп Байкөл деңизи ак көңүл, шайыр болгон экен. Ал Ангара деген жападан-жалгыз кызын аябай жакшы көрчү. Бул дүйнөдө андан сулуу кыз жоктой сезилчү. Күндүзү тунуктугу – асмандан да тунук, түндөсү – кара булуттан да карарып турчу. Кимде-ким Ангаранын жанынан өтпөсүн, аны сүйүп калчу да атагын ааламга чыгарып ашык болгонун даңазалашаар эле.

Асман жиреп учуп бараткан канаттуулар: ак куу, каркыра, моюн созгон каздар Ангаранын сулуулугуна тамшанышып, суу үстүнөн учуп өтүшчү, бирок ага чанда гана конуша турган. Алар: таза, тунук сууну булгабайлычы дешчү.

Кары Байкөл өз кызын ыйык санап, өзүнүн жүрөгүнөн да кымбат көрүп, сактай турган. Бир жолу Байкөл мемиреп уктап калганда Ангара Енисей деген жактырган жигитине качып кетет.

Атасы ойгонсо кызы жок, каардуу толкуп алды. Байкөлдүн каарынан толкун мурда болуп көрбөгөндөй бийик көтөрүлдү, бороон чапкын болду. Тоолор ыйлап, токойдогу дарактар кычырап сынып, кайгыдан асман карарып-түнөрүп, жан-жаныбарлар коркконунан туш-тарапка качып жөнөдү, балыктар деңиздин түбүнө түшүп жан сакташты, канаттуулар асманга бийик көтөрүлүп, күндү көздөй учуп жөнөштү. Бороон күчөп, улуп-уңшуду – баатыр деңиз жинденип турду.

Байкөл албууттанып картаң тоого урунду, тоонун боорунан жарака кетти. Жарылган бир асканы көтөрүп алып, качып бара жаткан кызынын артынан ыргытты. Ыргытылган аска сулуу кыздын тамагына туруп калгандай сезилди. Көзү көк асмандай көпкөк сулуу Ангара, аба жетпегендей аптыгып, тумчугуп жатып ыйламсырап, атасынан суранды:

– Атаке, тамагым кургап, суу жетпей тумчугуп баратам. Мени кечирип коюңузчу, эң кур дегенде бир тамчы суу бериңизчи?..

www.bizdin.kg


Байкөл аны жек көрүү менен каардуу кыйкырды.

– Мен өзүмдүн көз жашымды гана бере алам!

Ошентип, жүздөгөн жылдар бою Ангара сулуу жете албай калган Енисейди көздөй көз жашы менен агып келет, ал эми жалгыз, картайган Байкөл көбүнчө кırарып-түнөрүп турат, коркунучтуу да көрүнөт. Байкөлдүн жинденип, кызынын артынан ыргыткан аска эл арасында азыркыга чейин «шамандын ташы» деп аталат. Байкөлдүн мына ошол жеринде көптөгөн, күтүлбөгөн кырсыктар болот, өлүм-житим, кыйроо болуп турат. Элдин айтуусунда: Байкал ачууланганда, «Шамандын ташын» кулатса, суу атырылып чыгып, бүт дүйнө жүзүн суу каптайт дешчү.

Бул, илгерки уламышта айтылган, эми болсо элдер күчтүү Байкөлдөн коркпойт...

# БИРИМДИК

## (Тажик эл жомогу)

Илгери өткөн заманда бир киши жана анын үч баласы бар экен. Алар үй-бүлөсү менен бактылуу жана ынтымакта жашаптыр.

Бир жолу бакыт ал кишиге минтип айтыптыр:

– Мен бүгүндөн баштап сенин үйүңдөн кетем!

Эмне болгонун түшүнбөй, ал киши улуу баласын чакырып алып мындай дейт:

– Бакыт биздин үйдөн кетем деп жатат. Буга эмне дейсиң, эмне кылабыз?

– Кетсе, кете берсин! Бизге бакыттын кереги жок, биздин достугубуз кетпесе болду дейт, – улуу баласы.

Атасы бул жөнүндө ортончу баласынан эмне кылабыз? – деп сурайт. Ортончу баласы да:

– Кетсе кете берсин бакыт, биздин ынтымагыбыз бар эмеспи, – дейт.

Ата эң акырында кичүү баласынан сурайт, кичүү баласы:

– Биздин үйдөн бакыт кетсе, биздин биримдигибиз калат – дейт.

Үч баласынын оюн уккандан кийин, атасы балдарынын айткандарын Бакытка айтып берет. Баарынын сөзүн уккандан кийин Бакыт мындай дейт:

– Мен эми силердин үйдөн кетпейм. Кай жерде биримдик, достук, ынтымак болсо, менин ордум ошол жерде, мен мындай жерден эч жакка кетпейм. А силер болсо өзүңөр эле ынтымактуу болбостон ойлогон оюңарда да ынтымак, достук, биримдик бар. Мына мен ошондуктан

www.bizdin.kg



силердин үйүңөрдөн кетпейм, – дейт. Ошентип, ал киши үч баласы менен өмүрүнүн аягына чейин бактылуу жашап өтүптүр.

# ЭКИ ДОС ЖАНА АНЫН АЯЛДАРЫ

## (Уйгур эл жомогу)

Бир шаарда эки дос жашаптыр. Биринин аты – Юсуф, экинчисики – Якуб. Экөө тең үйлөнгөн, өз аялдарын жакшы көрүшчү экен. Бир жолу Юсуф Якубга жолугуп калып, өз аялын мактап, шаардагы аялдардын эң жакшысы, мыктысы дейт. Якуб досунун сөзүн угуп олтуруп мындай дейт:

– Кимдин аялы мыкты экенин турмуштан текшерип көрөлү.

Өзүнө өзү ишенген Юсуф дароо эле макул болот.

– Азыр өз үйүңө баргын да, ооруп келдим деп өз төшөгүңө жатып кал, анан оорулуу кишидей чабалактап, онтой башта. Кудайлап жатып ал. Сен ошентип онтоп жатканыңда мен капыстан сенин үйүңө келип калам. Мен сен жаткан жерге келип калганда, өлүмүш болуп үн чыгарбай, эмне болгонун угуп жата бер, – дейт досу.

Юсуф макул болуп үйүн көздөй жөнөйт. Юсуф үйүнө келери менен астанадан эле оорулуунун кейпин кийип онтой баштайт. Аялына карап: – Мен ооруп калдым, тезинен төшөк салып бер! – дейт. Төшөккө жаткандан кийин ого бетер онтогону күчөп, ооналактап, кыйкыра баштайт. Чабалактап, оорулуунун кебетесин кийип, бүрүшүп, кечке чейин жата берди. Күткөн досу Якуб кечке чейин зарыктырып келбеди. Онтоп, чабалактап, Кудайга жалынганы менен аялынын мазесин кетирип жиберди, буга чыдабай кеткен аялы аны урушуп тилдей баштаганда, эшиктен Якуб кирип келди.

– Доско эмне болду, абалы начар го, – деп Юсуфтун аялына кайрылды.

– Оорудум деп, эртеден бери онтоп, жадатып жиберди, – деди жактырбагандай түр менен. Якуб досу жаткан жерге барып, анын колун кармап.

– Оо, Кудай ай, чын эле катуу ооруп калган турбайбы. – Юсуф досу айткандай көзүн алайтып, солдоюп, өлгөн кишидей жатып калды.

– Кандай гана бактысыздык! Жалгыз досумдан айрылдым, о дүйнө салды. Мени гана күтүп турган окшойт, менин колуман узайын деген го.

Муну уккан Юсуфтун аялы өңгүрөп ыйлай баштады. Бул мезгилде өлүмсүрөгөн досунун ээгин ак жоолук менен байлап, төшөктүн ары-бери жагын кымтылап, бетин жаап койду Якуб. Юсуфтун аялы күйөөсүн кошуп көпкө ыйлады. Аялдын үнү басылганча күтүп олтурду да, басылган соң Якуп мындай деди:

www.bizdin.kg



– Эми миң күн ыйласаң да Юсуф тигил дүйнөдөн келбейт. Ал жакка кеткен киши кайрылбайт. Өзүң жөнүндө ден соолугуңду, балдарың жөнүндө ойлон. Мен колумдан келген жардамымды аябайм. Менин аялым бар болгону менен мен аны сүйбөйм. Сиз андан бир топ өйдөсүз, сулуусуз. Эгер макул болсоңуз тагдырлаш болуңуз. Макул болсоңуз менин аялым болуңуз!

Юсуфтун аялы ойлонбостон эле ошол жерден макулдугун берди.

– Балдар болбосо ыйламак да эмесмин, бул жинди үчүн көз жашымды көлдөтмөк эмесмин, – деп күйөөсүн тилдеп жатты.

Юсуф таң калып, аялынын сөзүн угуп төшөктөн турбай жата берди, аялы аны жамандай берди, түшүнө да кирбеген нерселерди айтып жатты. Кылбаган кылыктарын, жасаган жаман жоруктарын көбүртүп айтты. Жасабаган иши үчүн, кылбаган күнөөсү үчүн кыжыры кайнап, бир кезде төшөктөн атып турду да аялын көздөй атырылып жөнөдү.

Якуб өзүнүн ойлогон оюна маашырланып, эшикке чыгып кетти. Кантсе да досу аялы менен чечишип алсын дедиби, үйдөн чыгып кетип калды.

Жанагы жоруктан кийин бир топ күн өтүп, Якуб аны үйүнө конокко чакырды. Коноктой турган деле эч нерсеси жок эле үйүндө, болгону кампада көптөн бери калың чаң баскан бир дарбызы бар болчу. Юсуф аялын ээрчитип үйгө киргенде, Якуб өзүнүн аялына карап:

– Күн ушунчалык ысып кетти. Суусунду кандырып алалы, кампадан муздак дарбыз алып келчи, – деди. Келинчеги сөз айтпастан, унчукпай кампага чыгып кетти да бир аздан кийин аябай чаң баскан жалгыз дарбызды көтөрүп кирди.

– Келген конокко ушундай чаң баскан дарбызды алып келесиңби? Барып башкасын алып кел, – дейт Якуб.

Аялы алып келген дарбызды көтөрүп кампага чыгып кетет. Кампадан жалгыз дарбыздын жарымын аарчып, үйгө кирип күйөөсүнө сунат.

Якуб аны колуна алып аялына карап:

– Эмне, бизде башка дарбыз жок беле? Ме, башкасын алып келчи, – деп аялына сунат. – Жакшыраагын алып кел?

Аялы унчукпастан дарбызды көтөрүп кампага жөнөйт. Кампадан дарбызды жалтыратып, таптаза кылып сүртүп, кайра алып келет.

– Жана эле ушул дарбызды алып келсең болмок да, – дейт, Якуб ага.

Дарбызды жеп бүтүшкөндөн кийин, Якуб досун карап:

– Юсуф, кааласаң кампага барып дагы бир дарбыз алып келсең болот.

Юсуф кампага кирип бир да дарбыз таппайт, кайра келет.

– Дарбыз алып келген жоксуңбу? – дейт Якуб.

– Кампада бир да дарбыз жок экен, – дейт Юсуф.

– Жок бекен, өзүң көрбөдүңбү, менин аялым эки дарбызды кайра алып барып койбоду беле, өзүң көрдүң го?

– Билбейм, – деп шашкалактады Юсуф.

www.bizdin.kg



– Анда сөзгө кулак сал, – деди досу. – Сен өзүңдүн аялыңды аябай мактадың. Өзүң көрдүң, калп эле өлүп калганыңда, мага турмушка чыгасыңбы десем, сени түркүн сөздөр менен жамандап, ойлонбостон туруп аял болууга макулдугун берди.

Менин аялым бир дарбызды кампадан үч жолу алып келди, болгону бир эле дарбыз бар болчу, башкасы жок. Үч жолу тең мага сөз кайырбастан, кедейлигибизди эч билгизген жок. Мунун өзү конокко сыр алдырбагандык. Жокту бардай кылып көрсөттү. Эми өзүң деле байкап көргөндүрсүң менин аялым сенин аялыңа караганда мактоого татыктуу экенин.

– Туура айтасың досум, – деди Юсуф.

Которгон **Абдумажит МУРЗАЕВ**

---



*Абдумажит МУРЗАЕВ 1952-жылы Сузак районунун «Дружба» айылында туулган. Врач, журналист, жазуучу.*

*«Уйкусуз түн», «Куугунтук», «К.Тыныстанов: Кылымдар кырында» китептеринин автору.*

*Жогорку категориядагы хирург, «М. Кемаль (Ататүрк)» сыйлыгынын илим жана маданият боюнча «Алтын колдуу хирург» жана Алтын медалынын ээси. Бишкек шаарында жашап, иштейт. Быйыл – 60 жаш кутман курагында.*

www.bizdin.kg



*Балдарга базарлык*

# БААРЫН БИЛГИМ КЕЛЕТ

**(Сандан санга)**

## Казылган пирамида. Катылган каргыш

Египеттиктерде фараон аркы дүйнөдө, же Кудайдын жакын адамына, же улуу Кудайдын өзүнө айланат деген ишеним күч экен. Мисалы, «Пирамида тексттеринде» өлгөн фараонго минтип «наказ» берилет: «Сен Ра отурган тактыга отуруп, кудайларга буйрук бер, анткени сен Расың». Ра ким экенин билесиңер, ал – Күн Кудайы.

А «Пирамида тексттери» деген эмне экенин билесиңерби? Билбесеңер, дүйнө адабиятынын тарыхынан окуйсуңар. Фараондун табыты бөлмө сыягындагы атайын жайга коюлат дебедикпи. Ошол бөлмөнүн дубалдары толтура оймо-чийме жазуулар. Мындан жүз жыл илгери француз египтологу Г. Масперо беш фараондун сөөгү сакталган бөлмөлөрдүн дубалдарына чийилген жазууларды жандырып жарыялаган. Ал дүйнө адабият тарыхына «Пирамида тексттери» деген ат менен кирди.

Фараондор өлгөндөн кийин Кудайга айланса, алардын катырылган сөөгү жаткан күмбөз – пирамидалар Кудайлар жашаган үй, фараондордун түбөлүк турагы деген маанилерди берет. Пирамидаларды бузган, казган, атүгүл бузуп, казууга ниет кылгандар фараондордун, демек, Кудайлардын каргышына калат, шал болот, көр болот, кер болот, айтору, акырындап ирип-чирип өлөт деген ишеним ошондон чыккан дешет. Жок, Тутанхамондун күмбөзүндө: «Фараондун тынчын алгандарга ажал арышын кең таштап жетет» деген жазуу бар имиш, ал «Фараондор каргышы» аталып калыптыр деген божомол бар.

Арийне, Тутанхамон деген аттын өзү сөзмө-сөз которгондо Амон Кудайдын жандуу образы, бизче айтканда, жандуу элеси дегенди билдирет. Өз аты Небхепрура. Б.з.ч. 1400–1392-жылдар ченде Египетти башкарган. 12 жашында

www.bizdin.kg



бийликке келип, 20га чыкпай өлгөн. Ушунун өзү эле «Фараондун каргышы» деген айланып келип «Кудайдын каргышын» билдирип жүрбөсүн?!

Кеп анда эмес. Кеп мында: денени дүркүрөтүп, кара оозго кан толтурган каргыш эмне үчүн башка адамдардын мүрзөсүн бузгандарга, арбагын ойготуп, тынчын алгандарга айтылбайт дагы, фараондордун күмбөзүнө гана айтылат? Карапайым акыл айлантканда деле кашкайып көрүнүп турат: не дегенде, анда фараондор менен бирге не деген алтын, күмүш, зер буюмдар, зумурут, коохар, лагыл таштар, үпчүн, зоот кийимдер, айтор, толгон-токой байлык көмүлгөн.

Көмүлгөн байлыктын канчалык көптүгүн мындан байкагыла: 1922-жылы англис египтологу Говард Картер лорд Карнарвон деген археолог-ышкыбоз менен Падышалар Өрөөнүндө фараондор жасаты жаткан жайды каздырган. Алты жыл каздырып, адамзат акылы айран калгандай байлыктарды таап чыккан. Алар азыр Каир музейинде сакталып турат. Барсаңар: алтын, күмүш, пилдин сөөгү, кара жыгачтан тири укмуштай чеберчилик менен жасалган кутучаларды; падышалардын карк алтын жалатылган кийимдерин, анын ичинен алтын сандалдарды; не деген оймо-чиймелүү жаа, таяктарды; алтын кесе, күмүш ваза, шамдарды, дагы-дагы көз жоосун алган албан түс буюмдарды... акыры келип алтын, күмүш жана да түмөн-түркүн асыл таштар менен шөкөттөлгөн фараондун тактысын көрөсүңөр, барбасаңар көптөгөн китептер бар, ошолордон окуп, түстүү сүрөттөрү менен таанышсаңар болот. Мен да ошол Каир музейинен көргөм, мен да ошол казылган Падышалар Өрөөнүнө барып таң калганыман оозумду аңырдай ачкам, шапкем башымдан учкан.

Аны мындай кой, фараондун катырылган сөөгү жаткан алтын табыт сакталган жайдын дубалы да алтын шыбактан имиш! Ага алгач кантип киргенин Г. Картер тарыхка минтип жазып калтырыптыр: «Калтыраган колум менен сол бурчтун төбөсүнөн кичинекей тешик ачып, шоола киргиздим. Алгач эч нерсе көрүнбөдү. Көз акырындап көнө баштаганда бөлмөдөгү майда-барат буюмдар караңгыдан калкып чыга баштады. Таң калыштуу айбанат түспөлдүү буюмдар, статуялар, туш-тараптан жаркырап, көздүн жоосун алган алтындар».

Г. Картер кагазга түшүрүп буюмдарды санаган тизме эле 700 бөлүктү түзүптүр. Изилдөөчүлөр Тутанхамондун табытынан эле 143 баалуу буюмтайым: аялдардын алтын таажы, шакек, тумар, билериктерди таап чыгышат. Атүгүл фараондун колу-бутуна беш салалуу кол кап, бут кап сыягында алтын калып кийгизилиптир!

Байкап атасыңарбы, табылга тууралуу сөз да жалаң Тутанхамондун тегерегинде жүрүп атыр. Анын жөнү бар. Не дегенде, Г. Картер Падышалар Өрөөнүнөн 23 фараондун көрүстөнүн ачтырса, таланбай, тонолбой калганы жалгыз Тутанхамондуку экен. Калганын небак ачып, казып, талап, тоноп кетишиптир. Койгулачы! Ким? Кантип? Качан? Анда пирамидалардын сыйкырдуу касиети кайда калды? Фараондордун каргышы канаке? Илгери бирөө бирөөдөн: «Чыр кайдан чыгат?» – деп таң калып сурайт дейт. «Чыр

www.bizdin.kg



атаңдын башынан чыгат» – дептир беркиниси. Анан экөө мушташа кетиптир. Анын сыңары суроо ушинтип чыгат да, табышмак ушинтип жаралат. Пирамидалардын беш миң жылдан бери адамзат акылын тумандатып, кыялын кыйырсыз учурган сыры, табышмагы ансыз да көп болчу, алар табылып да атат, табышмакка табышмак кошулуп да атат. Мүмкүн, силер да табасыңар, силер да кошосуңар.

Эсеби маселен, англиялык археолог-окумуштуу Уильям Питри 1880-жылдан баштап, ал табышмактар менен 46 жыл алышыптыр. Ар кандай божомол-дөдөмөлдөргө, тыянак-мыянактарга ары урунуп, бери урунуп отуруп, акыры 1889-жылы бир пирамиданын ичине кирип изилдөөгө батынат. Арийне, пирамиданын сал таштарынын арасынан кудум ийне издегендей аракет кылып, ага кирер эшик тургай, тешик таппайт. Аргасы кетип, айласы түгөнгөндө жалдаган жумушчу араптарына пирамиданын бир капталын табыт жаткан жайга чейин ойгула деп буюрат. Бир топ жумадан кийин айтканы айткандай аткарылат. Питри оюк жол аркылуу оңбогондой азап менен табыт жайгашкан жайга жетсе... табыт турат, анын төрт бөлүнгөн капкагы турат... калганын талап кетиптир. Кийин изилдей келгенде ал пирамиданы фараон Аненемхет III өзү менен аялы жатар жай катары курдуруптур.

Ошентип Питри, бир табышмактан экинчи табышмакка туш болот: каракчылар пирамидага кантип кирип, кантип бардыгын талап-тоноп , кайра кантип из калтырбай чыгып кетти? Эң негизгиси, Питри ийне сымал издеп таппаган эшик кайда? Ушул сыяктуу суроолорго жооп издеп, ал табыт турган бөлмөдөн тараган бардык коридорлорду изилдеп чыгууну туура табат. Анүчүн изилдөөчүлөрү тартпаган азапты тартат. Не дегенде, коридорлордун бардыгы үйүлгөн таштарга толуптур, айрым жерлеринен жыландын терисиндей сыйрылып сойлоп өтүүгө туура келсе, айрым жерлерине аба жетпей думугуп өлүп кала жаздашат дегендей. Ошентип өлдүм-талдым дегенде бир коридордон эшикке туш болот. Сыртка чыкса, күн чыгыш тарап. Кызык, ага чейин бүт адамзат пирамиданын эшиги батыш капталында деп келген. Ошол ишеним муундан муунга жашаган. Питри да ошол ишенимдин негизинде пирамиданын эшигин күн батыш капталынан издеген. Эшик күн чыгыш капталында экендигин каракчылар кантип билди?

Ушуга окшогон суроолорго жооп табуу үчүн Питри келген жол менен кайра артка – табыт табылган бөлмөгө жөнөйт. Мурда айтпадык беле, пирамида ичи лабиринт түрүндө, өтө буйга-буйткалуу курулат деп. Аны өз башынан өткөрүп, өз көзү менен көрөт. Адаштырма жолдорго түшүп, алдамчы бөлмөлөргө туш болот. Жарылган тосмо, жараканын түбүндөгү үңкүрлөрдү көрөт. Кеткен бөлмөсүн кайра ошентип араң табат. Анан эмне деп ойлойт киши? Туура, жолду да, колду да, ар кандай бөгөөт-тоскоолдуктарды, буйга-буйтканы, кыскасы, пирамида курулушун беш колдой билген киши гана каракчылардын башында турушу ыктымал. Алар кимдер? Ага көп акыл талап кылынбайт. Фараондор кимге өзүндөй ишенген? Жрецтерине. Бизче

www.bizdin.kg



айтканда, үмөттөрүнө. Пирамида курулушун ким беш колдой билчү эле? Үмөттөрү. Алар табыты коюла турган бөлмөгө үмөттөрү үчүн атайын храмдарды жалгай салдырчу. Үмөттөр ал жерден фараондордун табытына таат-ибадат кылып, жашыруун сырларын сактап, ар кандай жин-шайтандардан коргоп турууга милдеткер эле.

Фараондор каргышы үмөттөрүнө тийгенби, тийбегенби, ал албетте, кылымдардын калың катмарында калды, бизге белгисиз. Бирок Говард Картер Падышалар Өрөөнүн каздыргандан 5–6 жыл айланган соң «Фараондор каргышы» тууралуу айың бүт Европаны аралап кетти. Ага албетте, жыл айланбай лорд Карнарвондун жыландын уусунан мүрт кеткени от тамызгы болду. Анын ортосунда фараондордон катырылган сөөгүн рентгенге тартуу аракетин аркалаган окумуштуу Арчибальд Рид өлүп кетти. «Уу» дейлекте «дуу» деген Европа гезиттери «Фараондордун каргышы урду», «Археологдор четинен өлө баштады», «Англияны коркунуч аралап жүрөт» – деп үрөй учура баштады. Андан соң үчүнчү... онунчу... жыйырманчы курмандык дегендер чыкты. 1929-жылы лорд Карнарвондун аталаш тууганы өзүн-өзү өлтүрүшү, ага улай леди Карнавардын кайсы бир уулу жаныбарга чактырып каза болушу өрткө май куйгандай болду.

1930-жылы Падышалар Өрөөнүн казгандардан жалгыз Говард Картер тирүү калды деп жазышты эле, андан көп узабай Картер да Америкадан табышмактуу өлүмгө кабылды деген кабар чагылгандай чарт этти.

Арийне, Америкадан өлгөн Картер башка Картер экен, египет изилдегич Картер гезитчилерди келиштире тилдеп, бетине түкүрүп чыкты. «Каргыш деген карандай калп, – деп жазды ал. – Египеттиктердин өлүк узатуу расмисинде эч кандай каргыш айтылбайт, тек, арбактарды ардактоо, сыйлоо жөнүндө гана сөз жүрөт».

Европаны аралай чапкан «каргыш» айыңынан акыйкатты акыры немис египтологу, профессор Георг Штейхдорф бөлдү сыяктанат. Ал «фараондор каргышы» деген эч бир касиеттүү жазууларда, анын ичинен Тутанхамондун кабырында жоктугун илим негизинде далилдеп, «каргышка» кабылды дегендер тек гана өз ажалынан өлгөнүн ишенимдүү жазып чыкты.

Ошону менен тарых укмушуна чекит коюлгансыды, бирок «фараондор каргышына» ишенгендер дүйнөдө али да болсо арбын...

Даярдаган **Алым ТОКТОМУШЕВ**

www.bizdin.kg



*Сандан санга*

# АФОРИЗМДЕР

*Учкул ойлордун айрымдарын афоризм дегенден алысмын. Бирин-экин авторлордун эмгектеринен алынган цитаталар бар (Ю.С.Худяков, Т.Зулфикаров, Ш.Нурмурадов ж.б. Э.Нурушев өңдүү кыргыз авторлору), алар бүгүнкү биз жашаган турмушта актуалдуу мааниге ээ экендигин эске алып, кыйгап өткүм келбеди...*

## Чыңгыз АЙТМАТОВ, жазуучу жана дипломат
**(1928–2008)**

Биз дүйнөнү, дүйнө бизди өзгөрттү.

***

Өмүрдүн чыныгы баркы – ишенимде, бактысы да ишенимде.

***

Умтулуу – бул чындыкка карай кеткен жол. Чындык да ошол жолдой башы жок, аягы жок. Бирок бардык жол ЧЫНДЫКка алып барбайт.

***

Шекспирден тартып, Достоевскийге чейинки рух шаалары адамдагы адамдыкты издеген.

www.bizdin.kg



* * *

Эң ириде өзүңдүн киндик кан тамган жериң тууралуу ойлонгондо, жалпы дүйнө тууралуу акыл калчайсың.

## Алик АКИМАЛИЕВ, акын

**(1957–2011)**

Акын аба ырайына эмес, заман ырайына карап тирлигин кылган дыйкан.

* * *

Акын алма бак сыңары «мен – алмамын, келгиле, жегиле» дебейт, каалаган киши үзүп жейт. Арийне, отун же устундан башкага жарабаган мырза теректер бар, көк тиреп менменсинип турушат.

* * *

Акынсыз коомдун өзөгүн курт жейт.

* * *

Акын – чекеге чыккан чыйкандай.

* * *

Өнөр – куш сыяктуу.

* * *

Талант – бул Кудайдын жазасы менен сыноосу.

* * *

Жүз грамм арак миллион генийдин түбүнө жетет.

* * *

Акынды ый бузбайт, сый бузат.

www.bizdin.kg



## Мурза ГАПАРОВ, жазуучу жана драматург
**(1936–2002)**

Мага аялзатынын сулуулугунан мурда жарк эткен жылдызы жагат.

* * *

Мен өлөрдө аялдын образы көз алдыма келсе дейм, ошондо колум менен өз көзүмдү өзүм жаап, кете берет элем.

## Ашым ЖАКЫПБЕКОВ, жазуучу жана котормочу
**(1935–1994)**

Жаза берсе сөз көп, жазууга сөз жок.

* * *

Поэзиянын күчү – эмоцияда.

## Салижан ЖИГИТОВ, акын жана ойчул-илимпоз
**(1936–2006)**

Адамдар шашыла берет, а тарых шашылбайт.

* * *

Артисттер кыйшаңдаган сулуу аялга окшоп комплимент угуп турганды жакшы көрөт.

* * *

Кыргыз акындарынын эң жаман жери – өз кайгыларынан мурда Сталин өлсө Сталиндин, Киров өлсө Кировдун кайгысына

www.bizdin.kg



каңырыктары түтөп, элдин атынан ыр жазып кейишчү. А дүйнөдөгү улуу акындар өздөрүнүн атынан гана сүйлөйт.

* * *

Кыргыз чоңдорунун баары балык, бийликтен түшкөндөн кийин суудан «кургак» чыгышат.

## Шайлообек ДҮЙШЕЕВ, акын жана журналист
**(1950)**

Ит мекени – итаяк.

* * *

Өз көлөкөсүнөн коркуп жүрүп көлөкөсүн жоготуп, бирөөнүн көлөкөсүнө айланган жандын көргөн күнү курусун.

* * *

Кабинеттер – адамдардын галстукка аркандалган «жайыты».

* * *

Акыйкаттык өлгөн жерде дайыма
Арзыматтар ырдаганга келишет.

* * *

Падышага эл эмес,
Падышалар турсун элге жөлөнүп.
Акиминен ажыраган эл эмес,
Акыйкаттан ажыраган эл өлүк!

* * *

Көлөкөдөй жакынды табалбайсың
Көргө дейре бир кеткен сени менен.

www.bizdin.kg



* * *

Ак койду өлтүрдүң деп тултуктайбыз,
Адамды өлтүргөнгө унчукпайбыз!

* * *

Томуктай буюм алган тутулуп жүр,
Тонналап тоногондор кутуруп жүр.

* * *

Күтпөй турган күндү да бүтүп калдык,
Жадагалса өлүмдү да:
«Арты ким?» – деп күтүп калдык.

## Ишенбай АБДУРАЗАКОВ,
## коомдук жана мамлекеттик ишмер, дипломат
## (1937)

Адам баласы өткөндөн сабак албаса, турмуш аны кайра-кайра жазалайт.

* * *

Көп учурда үгүт артынан саясат келерин унутпаш керек.

* * *

Күчкө таянган саясат убактылуу жеңсе жеңер, бирок анын түбөлүгү түз болбойт.

* * *

Чөгүп берсең – мурдуңа буйла салышат, текеберленсең – ала турганыңдан куру каласың.

www.bizdin.kg



* * *

Шымаланган кытай бир ууч күрүчтөн тоодой азык жыйнайт.

## Рыспай АБДЫКАДЫРОВ, композитор

**(1941–1994)**

Бир эле нота адам жүрөгүнүн туңгуюгундагы тынч сезимге дүрбөлөң салып кетиши мүмкүн.

* * *

Күйүп-бышып көз жашыңды төгүп, жүрөгүңдү канатып сүйсөң, ошонун ырахаты – азаптуу жыргал.

* * *

Бир тууган болуш үчүн сөзсүз эле бир ата, бир энеден туулуш керек эмес.

* * *

Бардык эле адам сүйүүгө жөндөмдүү болуп туулбайт.

## АБУ-ЛЬ-ФАРАЖ (Григорий Иоанн Бар-Эбрей), Сирия жазуучусу жана илимпоз

**(1226–1286)**

Мээси жоктор өзүнөн башкалардын изги сапаттарын эмес, бир гана кемчилигин байкайт. Алар кудум денедеги кызарган жаратты көрө койгон чымындан айырмасы жок.

* * *

Акылга төнбөгөн жан – өлүк. Эгер аны окутуп-чокутса, тирилет. Тирилгени – какыраган жерге жамгыр жаагандай.

www.bizdin.kg



* * *

Сабырдуулукка башынан көнгөн адам болор-болбоско уялып, өзүн өзү ичинен жебейт.

* * *

Адам табияты таңгаларлык: байлыгын жоготсо, муңкүрөй түшөт. А байлыктан кымбат өмүрдүн ар бир күнү сая кеткенине камаарабайт.

* * *

Чыдамкайлык – мыкты касиет, бирок аттиң, чыдай берүүгө өмүр гана кыска!

* * *

Эси бар ар бир адам жосунсуз жоруктарга ырайымдуу болууга тийиш.

* * *

Адамдын төрт сапатын эң мыкты аныктаган күч – шарапта. Кээси аны ичип, «чү» дегенде жайылып-керилип, канаттуу кушча талпынат. Анан маймылга айланып, мойнуңан кучактап, көрүнгөндүн мазасын алат. Анан барып, менменсинген күчтүү арстан мүнөз болуп, каалаганын качырган ишенимге жетет. Аягында чочко сыяктанып, чылага оонайт.

* * *

Ден соолук деле жаратылышты ашыкча коромжулагандай кеп. Андыктан, ичип-жегендин, кыймыл-аракет жасоонун, ал эмес сүйүп-күйгөндүн да чеги болот.

* * *

Ичи тарлар эмне үчүн дайыма нааразы? Себеби алардын ичин өздөрүнүн иши жүрүшпөгөндөн мурда, башкалардын ийгилиги көбүрөк ачыштырат.

www.bizdin.kg



* * *

Көп учурда оозуман чыгып кеткен кеп үчүн кейийм, а ооз ачпаганыма кейигеним чанда эле.

* * *

Өзүңө теңебеген адамдарга тоотпостук кылба, сенин жогорулашыңа жардамдашар ошолор.

* * *

Душманыңдан жашырган кепти досуңа да угузба, тек, түбөлүк деген достукка да кепилдик жок.

## Али-Иби АБИ-ТАЛИБ, араб акыны
**(600–661)**

Эң оор жакырчылык – билимсиздик.

* * *

Эң зор байлык – билим.

* * *

Эң мыкты мурас – тарбия-таалим.

## Ибн Сина АВИЦЕННА (УЛУКМАН), Перс философу, акын жана математик
**(980–1037)**

Эгерде жакын досум душманымдын босогосун шынаарлап жүрсө, аны экинчи жаныма жуутпайм. Андай дос шербетке аралаш уу же бүксүгөн тарпка конгон чымын сыяктуу чоң коркунуч жаратат.

17 – 849

www.bizdin.kg



* * *

Кара жаны кыймылсыздардан жөтөл кетпейт. Жамбаштап жатканды сүйгөн жан борпоң, мажүрөө келет.

* * *

Жаштыгы менен коштошкон жалын менен бийлей албайт.

* * *

Бакытын барктай албастан өткөн бактысыз жан жок.

## Шайырбек АБДРАХМАН уулу, тележурналист
**(1976)**

Өлкөдө демократия болсо да, демократия үйүңдүн босогосун аттабасын: андале катын-балаң башыңа чыгат.

Жыйнап, түзгөн **Олжобай ШАКИР**

www.bizdin.kg





# КЫТАЙ АНЕКДОТТОРУНАН

**(Уландысы, башы өткөн санда)**

– Белбес! Эмне үчүн саатыңды тоноп жатканда сен катуу кыйкырган жоксуң?

– Эгер мен кыйкырсам алар менин төрт алтын тишимди көрүп калса андан бетер жаман болмок да, – дептир Белбес.

* * *

Сүйлөшүп жүргөн жигити колуктусуна жаңы шакек сатып берди. Экинчи күнү ал кызматына барганда колдорун жаңдап сүйлөп көңүлдүү отурду. Бирок эч ким анын шакегине көңүл бурган жок. Түшкү тамакка баары чогулганда кыз кокусунан тура калып:

– Күн аябай ысып кетти, шакегимди чыгарып койбосом... – деген экен.

* * *

Англиялык улуу жазуучу Бернард Шоунун атагы чыккандан кийин окурман кыздарынан көп кат ала баштады. Анын бири мындай деп жазган экен: «Ойлоп көрүңүзчү, сиз мени аялдыкка алсаңыз, эң жакшы болот эле. Балабыз сиздей акылдуу, мендей сулуу болмок».

Шоу мындай деп жооп жазган экен:

«Бизден төрөлгөн ошол баланын тагдыры жакшы болоорунан шектенем. Эгер экөөбүз турмуш куруп калсак, сендей макоо, мендей кебетеси серт болуп калабы деп корком!»

www.bizdin.kg



* * *

– Мен тандай албай жатам, акын болсомбу же сүрөтчү болсомбу?
– Албетте, сүрөтчү болгонуң жакшы.
– Кантип? Сен менин тарткан сүрөтүмдү көрдүң беле?
– Жок. Мен сенин жазган ырларыңды окугам.

* * *

Парламенттин бир аял мүчөсү Черчиллди уу тили менен шыбап кирет:

– Эгер мен сенин аялың болуп калсам, ичип жаткан кофеңе уу сээп коймокмун!

Черчилл ага дароо:

– Эгер мен сенин күйөөң болуп калсам, ал ууну дароо ичип алмакмын, – деген экен.

* * *

Бир жаш талапкер бирөөлөрдүн ырларынан көчүрүп алып өз наамынан редакцияга жибере берет. Бир күнү ал редакцияга келип, жиберген ырлары жөнүндө кабар уккусу келет.

Редактор:

– Жаш жигит, ушул ырлар өзүңдүн чыгармаларыңбы? – деп сурайт.

– Албетте, өзүм жазгам да.

Редактор ордунан туруп кичи пейилдик менен кош колдоп колун сунат:

– Урматтуу Шекспир, сиз менен кезигишкениме абдан ыраазымын. А мен сизди бул жарыкчылыктан эбак өтүп кеткен экен деп ойлогом, – деген экен.

* * *

Бир жолу Бернард Шоу кичине кыздан мындай деген кат алат:

«Сиз менин эң жакшы көргөн жазуучумсуз. Мен сизге деген урматымды билдириш үчүн күчүгүмө сиздин атыңызды койсом деймин. Сиз буга макулсузбу?»

www.bizdin.kg



Шоу мындай жооп жазган экен:

«Кымбаттуу кызым, мага деген урматыңа ыракмат. Сенин идеяңа мен кошулам. Бирок сен сөзсүз күчүгүң менен акылдашып көр, күчүгүң макул болобу-жокпу, баарынан да ушул маанилүү».

* * *

Колунда бөтөлкө арагы бар, теңселген мас жолдо келе жаткан киши менен жөөлөшө кетти.

– Ой, сенин көзүң жокпу? Алдыңда келаткан кишини көрбөйсүңбү?

– Оо, келаткан эки кишини көрүп, араңардан өтүп кетем го дегем, – дептир мас.

* * *

Мас киши түшүндө бир бөтөлкө жакшы арак таап алып «муздак тура, муну эми жылытып ичейин» деп жатканында ойгонуп кетет:

– Ка-ап, мындайын билгенде муздак эле ичип албайт белем, – деген экен…

* * *

– Урматтуу судья, мени бирөө бегемотко окшойсуң десе аны айыптай аламбы?

– Албетте, качан айтты эле?

– Ым-м, кыязы жарым жыл мурдараак…

– Аны эмне үчүн өз кезинде айыптаган эмессиң?

– Кече уулум экөөбүз зоопаркка барганда бегемотту көрдүм. Кебетеси ушундай серт, оозунун чоңдугун айтпаңыз!..

* * *

Эки тилемчи ресторан алдынан кезигишип калды.

– Мени куттуктап койсоң болот. Кызымды акыры турмушка чыгардым.

– Чын жүрөктөн куттуктайм. Күйөө жигит ким болду?

– Бигг, жаңкы, сол кулагы начар укканчы…

– Жигит жаман эмес, ал эми сен эмне сеп бердиң?

www.bizdin.kg



– Ой, аны сурабай эле кой, ага мен өзүм барып жүргөн Хилтон көчөсүн толук жана Окс көчөсүнүн жарымын бердим. Эми ал жерлерге тилемчилик кылып барбайм…

* * *

Психикалык оорусу бар адам өзүн дайыма чычканмын деп ойлой берчү экен. Акыры тажаган врачтар аны ооруканадан чыгарат. Бирок оорукананын дарбазасынан ал кетпей коёт. Таң калган врач андан эмне үчүн кетпегенин сурайт.

– Анткени тиги жерде мышык турат… – дейт оорулуу.

– Бирок сен билип алышың керек, сен чычкан эмессиң да.

– Ооба, мен аны билем, бирок мышык билбей калабы деп корком.

* * *

Автобуста чөнтөгүнө ууру кол салып, намыянын уурдап алууга аракеттенип жатканын байкаган адам:

– Кечирип кой, дос, сиз кечигип калдыңыз. Бүгүн мен маяна алгам, бирок аялымдын кыймылы сизден тезирээк болгон, – дептир.

* * *

Психикалык ооруканада көп жылдан бери: «Менин ашказанымда пивонун бош бөтөлкөсү бар!» – деп даттанган адамды операция кылып, бул иллюзиядан аны куткаруу үчүн оорулуу бир аз эсине келгенде:

– Биз ашказаныңдагы бөтөлкөнү алып салдык. Бөтөлкө мына, – дешет хирургдар.

Оорулуу бөтөлкөнү бир карап алып кокусунан кыйкырып жиберет:

– Силер жаңылышыпсыңар! Менин ашказанымдагы бөтөлкө башка маркада болчу!

* * *

Шиао Лю гезиттеги жарнамадан жаңы чыккан велосипеддин сүрөтүн көрдү да, ошол дүкөндү издеп таап велосипедге имерилди.

www.bizdin.kg



Сатуучу кичи пейилдик менен велосипедди көрсөтүп, анын артыкчылыктарын айтып жатты. Шиао Лю таң кала сурады:

– Мунун фарасы кана, фарасыз да велосипед болобу? Жарнамада бар эмес беле?

– Туура айтасыз, мырзам, фаранын баасы велосипеддин баасына кошулбайт. Бул өзүнчө сатылат, – деди сатуучу.

– Андай болбойт, – деди Шиао Лю кыжырланып, – жарнамада көрсөтүлгөндөн кийин ал велосипеддин өзүндө болушу керек да!

– Бирок жарнамада кыздар да көрсөтүлөт, – дептир сатуучу.

* * *

Профессор Япониянын бир университетине лекция окуу үчүн чакырылат. Профессор лекция окуп жатып бир анекдот айтып элди күлдүргүсү келди. Бирок профессор бир нече минут сүйлөп анекдотун айтып болгондо котормочу бир сөз менен эле элди күлдүрүп жиберет. Лекциядан кийин профессор котормочудан сурайт:

– Сен кантип анекдотту кыска которуп элди күлдүрдүң?

– Жөнөкөй эле, – деп жооп берет котормочу, мен минтип айттым: – Профессор күлкүлүү бир анекдот айтып өттү, күлүп жибериңиздер...

Кытай тилинен которгон
**Аман САСПАЕВ**

www.bizdin.kg



*Сандан санга*

# КЫРГЫЗДАРДЫН КЫСКАЧА ТАРЫХЫ

1670-ж. Кыргыздардын чоңбагыш уруусунун башчысы Койсары бийдин Кашгардын акими болуп дайындалышы.

1703-ж. Коңтаажы Цеван-Рабдандын 3 миң кыргыз бүлөсүн Сибирден Жунгарияга айдап кетүүсү.

1707-ж. Сибирь кыргыздарынын орус аскерлеринен жеңилүүсү.

1707-ж. Сибирлик кыргыздардын аймагында Абакан чебин куруу.

1710-ж. Шахрух бийдин Кокон хандыгынын династиясын негиздөөсү.

1723-ж. Калмактардын кезектеги чабуулунан казак-кыргыздардын орун которуусу.

1720-ж. Кыргыз Акбото бийдин Ходжентти башкаруусу.

1747-ж. Башында Акмат бий турган кыргыз колунун (10 миң) Кашкар тарапка жортуулу жана калмактардын үстүнөн жеңиши.

1748–49-ж.ж. Кашкар кыргыздарынын калмактарга каршы чечкиндүү сокку уруулары.

1754-ж. Цинь-манчжур аскерлеринин Жунгар (Калмак) хандыгын кыйратуусу.

1754–85-ж.ж. Чыгыш-Түркстандык Юсуф Кожого кыргыздардын колдоо көрсөтүүсү.

1755–58-ж.ж. Кубат бийдин саясый ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтар.

1750–1760-ж.ж. Түштүк-батышка мурда көчүп кетишкен кыргыздардын Ала-Тоого кайтып келүүлөрү.

1758-ж. Кытай аскерлери менен кыргыздардын кагылышуусу.

1758-ж. Кыргыздардын сарыбагыш, саяк, солто урууларынын элчилеринин Пекинге келүүсү.

1760-ж. 1000 түтүн кыргыздардын Кашкардан Ат-Башыга көчүп келүүсү.

1762-ж. Ырдына бийдин Өзгөнгө, Ошко жортуулу. Кыргыздын Ажы бийинин күрөшү.

www.bizdin.kg



1762–1821-ж.ж. Түштүк Кыргызстандын Кокон хандыгына кошулуусу.

1770 (1775)-ж. Абылай хандын Таласка жана Чүйгө жортуулу.

1785-ж. Атаке бийдин өз элчилери Абдырахман менен Шергазыны Россияга жөнөтүүсү.

1813-ж. Ысык-көлдүк элчилердин Россияга баруусу.

1821-ж. Ысык-көлдүк элчилердин Россияга баруусу.

1824-ж. Ысык-көлдүк элчилердин Россияга баруусу.

1820–27-ж. Чыгыш Түркстандагы Жаангер кожонун көтөрүлүшүнө кыргыздардын катышуусу.

1825–31-ж.ж. Кокон колдорунун Чүйгө, Нарынга, Ысык-Көлгө жортуулу.

1825-ж. Кокондуктардын Чүй өрөөнүн басып алып, мурдагы Пишпек чебин кайрадан куруусу.

1825–26-ж.ж. Атантайдын Тайлакты, Жаангер кожону колдоосу.

1825–1833-ж.ж. Тайлак баатырдын (1796–1838) Кокон бийлигине каршы күрөшү.

1842-ж. Кыргыз-кыпчак мыктыларынын Шералыны хандык тактыга олтургузуусу.

1842–43-ж.ж. Ормонду хан жарыялоо.

1842–43-ж.ж. Кокондуктарга каршы Ысык-Көлдүк кыргыздардын көтөрүлүшү.

1845-ж. Алайлык жана ферганалык кыргыздардын кыймылы.

1845–47-ж.ж. Кыргызстанга Кенесары Касымовдун жортуулу. Кыргыз элинин Кенесары Касымовдун баскынчылыгына каршы күрөшү жана аны талкалашы.

1847-ж. Жазы. Май-Төбөдөгү, Мыкандагы кармаш. Кене хандын жеңилиши.

1847-ж. Чүй өрөөнүнүн кыргыздарынын Россиянын өз карамагына алуусу тууралуу өтүнүч менен орус бийлигине кайрылуусу.

1858–62-ж.ж. Кыргыз-кыпчактардын Малабекти хан көтөрүүсү. Алымбек датканын Кокондогу увазирлиги.

1855-ж. 17-январь. Кыргыздардын бугу уруусунун Россиянын карамагына өтүүсү.

1860-ж. Сентябрь. Чүй кыргыздарынын колдоосу менен Верныйдан (Алматы) келген аскер бөлүгү Пишпек чебин алган. Бирок алардын кетүүсү менен кокондуктардын кайрадан ага жайгашып алуусу.

1862-ж. Кокон бийлигине каршы Байтик баатырдын күрөшү.

1862-ж. 24-октябрь. Кыргыз кошундары менен бирдикте орус аскерлеринин экинчи ирет Пишпек чебин алуусу.

1863-ж. Чүй өрөөнүнүн толук бойдон Россияга кошулуусу.

1864-ж. Чаткал, Суусамыр, Кетмен-Төбөнүн Россия империясына кошулуусу.

1865-ж. Таластын Россияга кошулуусу.

1963–1968-ж.ж. Россиянын курамына нарындык кыргыздардын кошулуусу.

1863-ж. Бухар эмиринин Курманжанга (1811–1907) датка наамын ыйгаруусу.

1864-ж. М.Г.Черняевдин Коконго аскердик басып кирүүсү.

1867-ж. Токмок уездинин уюшулуусу, анын аймагында Аламүдүн жана Пишпек жамааттарынын пайда болуусу. Алгачкы ат почтасынын жаралуусу.

1869-ж. Сарт-калмактарды Россиянын карамагына кабыл алуу.

1870-ж. Кыйраган сепилдин тушунда Пишпек турагы негизделген.

1873–1876-ж.ж. Кокон хандыгын таркатуу.

1876-ж. 19-февраль. Кокон көтөрүлүшү. Пулат хан (Исхак молдо).

1876-ж. Жаз-жай. Падыша аскерлеринин Алай жортуулу. Алай кыргыздарын Россиянын курамына кошуу.

1878-ж. 26–13-май. Уезддин башкармалыгын Токмоктон Пишпекке которуу. Пишпек шаары – Пишпек уездинин борбору.

1878-ж. 31-август. «Пишпектин жайгашуу долбоорунун планы».

1878-ж. Пишпекте биринчи дарыкананын ачылуусу.

1879-ж. 31-октябрь. 1-шаардык окуу жайынын ачылышы.

1881-ж. А.М.Фетисов тарабынан Кара-Жыгач багзарын түптөө.

1885-ж. 21-январь. М.В.Фрунзе туулган.

1885-ж. Н.М.Пржевальскийдин экспедициясынын биринчи ирет Пишпекке келүүсү.

1895-ж. Элдик акысыз китепкананын ачылышы.

1897-ж. Россия империясынын 1-жалпы элдик каттоосу, Пишпекте 6615 адам жашаган.

1898-ж. Пишпекте Эмен багы түптөлгөн.

1898-ж. Анжиян көтөрүлүшү.

1899-ж. Дарыларды жалпы калкка сатуучу дарыкананын ачылуусу.

1903-ж. Декабрь. Шаарда бийликке каршы алгачкы көмүскө прокламациялардын пайда болуусу.

1905-ж. 6-августу, 8-ноябры. Элдик митингилер.

1916-ж. Жай-күз. Кыргыздардын улуттук-боштондук көтөрүлүшү.

1917-ж. 3-март. Падыша өкмөтүнүн кулатылгандыгы тууралуу телеграфтык билдирүүнүн Бишкекке келиши.

1917-ж. 6-март. Кызыл-Кыяда жумушчу депутаттар Кеңешинин уюшулушу.

1917-ж. 16-март. Сүлүктүдө жумушчу депутаттар Кеңешинин уюшулушу.

1917-ж. 6-апрель. Убактылуу өкмөттүн Түркстан комитетинин түзүлүшү.

www.bizdin.kg



1917-ж. Жаз-күз. «Букара», «Алаш», «Шуро-и-исламия», «Туран» уюмдарынын уюшулушу.

1917-ж. 17-апрель. Убактылуу өкмөттүн Түркстан комитетинин Кытайга качып барышкан кыргыздардын Пржевальский жана Бишкек (Пишпек) уезддерине кайтып келүүсүнө жол бербөө жана аларды Нарындын тоолуу аймактарына жайгаштыруу боюнча токтому.

1917-ж. 25-октябрь (7-ноябрь). Петрограддагы куралдуу көтөрүлүш. Убактылуу өкмөттү кулатуу.

1917-ж. Ноябрь. Сүлүктүдө жана Кызыл-Кыяда Совет бийлигин орнотуу.

1917-ж. Декабрь. Таласта Совет бийлигинин жарыяланышы.

1917-ж. 31-декабрь. Ошто Совет бийлигин орнотуу.

1918-ж. Январь. Пишпектеги Эмен сейилбагындагы митинг.

1918-ж. Май. Караколдо Совет бийлигин орнотуу.

1918-ж. Июнь. Түптө алгачкы «Жаңы доор» коммунасын уюштуруу.

1918-ж. Августтун аягы. Нарында Совет бийлигинин орношу.

1918-ж. 6-декабрь. Таластагы кулактардын көтөрүлүшү.

1919-ж. 26-июль. Беловодскидеги солчул эсерлердин козголоңу.

1919-ж. Сентябрь. Түптө кулактардын козголоңу.

1920-ж. 5-ноябрь. Куршаб, Базар-Коргон, Көгарт болуштуктарында кулактардын козголоңу.

1921–22-ж.ж. Нарында ак гвардиячыл кулактардын козголоңу.

1921–22-ж.ж. Өз алдынча Тоолуу кыргыз областын түзүү аракеттери.

1922-ж. 4-июнь. Түндүк Кыргызстандагы жер реформасы.

1924-ж. 7-ноябрь. Кара-Кыргыз автономиялык областын түзүү боюнча ВЦИКтин токтому чыккан.

1924-ж. Декабрь «Эркин-Тоо» гезитинин биринчи санын чыгаруу.

1925-ж. Май. Кыргыз автономиялуу областында убактылуу 4 административдик курамдын (Пишпек, Каракол, Жалал-Абад жана Ош) уюшулушу.

1926-ж. 1-февраль. Кара-Кыргыз автономиялуу областын Кыргыз автономиялуу областы кылып өзгөртүү.

1927-ж. 7-март. ВЦИКтин Кыргыз автономиялуу областын түзүү боюнча чечими.

1930-ж. Кыргыз АССРинин биринчи Башмыйзамын Кеңештер съездинде кабыл алуу.

1930-ж. Кыргыз драмтеатрынын ачылышы.

1932-ж. Республиканын райондук жана шаардык административдик бөлүүгө өтүүсү.

1932-ж. Ачарчылыктын башталышы.

1934-ж. Жазуучулардын съезди.

1936-ж. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын уюшулушу.

www.bizdin.kg



1937-ж. Кыргыз ССРинин Башмыйзамын республика Кеңешинин 5-чукул съездинде кабыл алуу.

1937–38-ж.ж. Сталиндик репрессиянын чокусу.

1940-ж. Орус (кириллица) алфавитине өтүү.

1941–1945-ж.ж.Улуу Ата Мекендик согуш.

1952-ж. «Манас» эпосуна арналган илимий конференция.

1985-ж. Кайра куруу саясатынын башталышы.

1990-ж. 4-июнь. Ош окуялары.

1990-ж. 27-октябрь. А.Акаевдин КР президенттигине шайланышы.

1991-ж. 31-август. КР эгемендиги тууралуу Декларациянын Жогорку Кеңеште кабыл алынуусу.

1991-ж. 21-декабрь Кыргыз Республикасынын КМШ курамына кирүүсү.

1992-ж. 30–31-август. Кыргыздардын биринчи бүткүлдүйнөлүк курултайы.

2005-ж. 24-март. Элдик революция, Акаев бийлигинин кулашы.

2010-ж. 7-апрель. Кан төгүүлөр менен К. Бакиевдин бийликтен алынышы, анын Кыргызстандан качышы, Убактылуу өкмөттүн түзүлүшү, парламенттик башкарууга өтүү.

www.bizdin.kg



# *Адабият жаңылыктары*

## «Бейишке жолдун...» бетачары

1-мартта белгилүү жазуучу-сатиригибиз Николай Шульгиндин жаңы китебинин бетачары Американын Борбордук Азия университетинде болуп өттү.

«Мана-мана», «Дежурная корова», «Сто лопат», «Жизнь и её окрестности» китептеринин автору Николай Шульгин бул жолу «Поезд в рай или наоборот» аттуу жаңы китебин окурмандарына тартуулады. Китеп «Турар» басмасынан жарык көргөн.

Бетачар Н.Шульгиндин автордук ырларынын концерти менен коштолду. Жазуучунун 2010-жылдагы мыкты чыгармаларга журналыбыз менен «Турар» басмасы жарыялаган «Арча» сыйлыгынын жеңүүчүсү болгонун окурмандарыбыздын эсине салабыз.

## Сайма китеби чыкты

Март айынын алгачкы күнү Бишкекте Виктор Кадыровдун «Сайма – киргизская вышивка» аттуу китеби жарыкка чыкты.

Китепте Кыргызстандын ар кыл аймактарындагы саймачылык өнөрдүн жаралуу тарыхы, өзгөчөлүгү, пайдаланылышы баяндалат. Ошондой эле анда негизги кыргыз оймолордун маани-маңызына, ыкмаларына да аныктамалар берилген. Китепте кыргыз элинин азыркы жана байыркы баалуу чыгармалары да камтылган.

Китептин автору «Раритет» китеп соода тармагынын жетекчиси.

Китеп «Турар» басмасынан 1000 нускада басып чыгарылды.

## Жазуучулардын күнү

Жазуучулардын бүткүлдүйнөлүк күнү (толук аталышы – жазуучунун бүткүлдүйнөлүк тынчтык күнү) 3-мартта майрамдалуучу, «төртүнчү бийликти» демократиялык басма сөздү бурмалоого каршы, саясый, топтук же жеке кызыкчылык үчүн жалган жарыялоолорго, фактыларды атайын бурмалоолорго же уятсыз чечмелөөлөргө барбоого чакырган кесиптик майрам.

www.bizdin.kg



Майрам 1921-жылы ПЕН-клуб уюшулгандан тартып (аталышы — аббревиатура, акындар (англ. poets), очеркистер (англ. essayists) жана новеллалардын авторлору, романисттер (англ. novelists) башталат. Жыйынтыгында, бул үч тамга калем сап сөзүн туюнтат (англ. pen)). 1923-жылы Лондондо ПЕН-клубдун биринчи эл аралык конгресси болуп өткөн. 1986-жылдын 12–18-январында ПЕН-клубдун кезектеги 48- эл аралык конгресси өтүп, дал ошондо 3-мартты «Жазуучулардын Эл аралык тынчтык күнү» катары жарыялоо чечимин кабыл алышкан. Ал учурда пен-борборлор жүздөн ашуун мамлекетте ачылган эле.

Азыркы мезгилде бул майрам өз алкагын улам кеңейтип барат. Ал «Жазуучулар күнү» деп жөнөкөй эле аталып, өзгөчө айырмалана алышкан адабият ишмерлерине татыктуу сый көрсөтүүгө себеп болуп келет.

## Кыргызстан артта

Адабиятыбыз канчалык байманалуу, калкыбыз чыгармачыл болбосун Көз карандысыз мамлекеттердин китеп таркатуу Ассоциациясы жүргүзгөн иликтөөлөрдүн маалыматы боюнча Кыргызстан КМШ мамлекеттери арасынан бардык эле китеп иштери боюнча эң акыркы орунда калыптыр.

Маселен, 2010-жылы ар бир адамга Россияда 4 китеп чыгарылса, Белорусста – 4,55, Казакстанда – 0,94, Украинада – 0,98, Кыргызстанда – 0,1 китеп басып чыгарылган болучу.

Эгерде Европада бир китеп дүкөнүнө 13–15 миң адам туура келсе, Казакстан менен Украинада бир дүкөн 32 миң адамга, Россияда 47 миң, ал эми Кыргызстанда 266 миң адамга бир дүкөн туура келет экен.

Мындан сырткары иликтөөнүн маалыматы боюнча Кыргызстанда басмалардын жана басып чыгаруучу уюмдардын саны 2007-жылга караганда үч эсеге азайып кеткен.

Бул иликтөөлөрдү аталган Ассоциация Кыргыз Республикасынын премьер-министри Ө.Бабановдун наамына атайын кат менен бирге жөнөттү. Жообу, көрүлүүчү чаралар кандай болуп, жыйынтыгы качан чыгарылары белгисиз.

## Акыныбыз сүрөтчү да экен

Бишкекте көрүнүктүү акын, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер Светлана Суслованын чыгармачылык кечеси болуп өттү.

«Нам есть что помнить и беречь» («Эстей жана коргой тургандарыбыз жок эмес») аттуу чыгармачыл-поэзия кечеси Бишкектеги Россиянын илим жана маданият борборунда болуп өттү. Аны Кыргыз Республикасындагы Роскызматташтык өкүлчүлүгү уюштурду. Кечеде С.Суслованын жыйырмадай сүрөттөрү (май боёк, таар) алгачкы жолу көрсөтүлүп, ышкыбоздорго жаңы ачылыш болуп калды. Алардын ар бир сүрөтүнө акын атайын ырларын арнаган.

www.bizdin.kg



## С.Раев дагы сыйланды

Өткөн айдын соңунда Эл аралык Art St театр коому драматург, жазуучу С. Раевди Эл аралык театр искусствосуна кошкон олуттуу салымы үчүн Лопе де Вега медалы менен сыйлады. Сыйлык Москвада тапшырылды.

## Аалымга арналган көргөзмө

Атактуу аалым, агартуучу Ишеналы Арабаевдин 130 жылдыгына арналган көргөзмө Кыргызстандын Улуттук китепканасында ачылды.

Улуттук китепкананын мезгилдүү басылмалар залында «Таанымал илимпоз, алгачкы агартуучу жана саясый-коомдук ишмер» аттуу китеп көргөзмөсү ачылды жана белгилүү окумуштуу-агартуучунун 130 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференция өттү.

## Байдыкенин көргөзмөсү

Бишкектеги Улуттук китепканада айтылуу акын Байдылда Сарногоевдин чыгармачылыгына арналган көргөзмө ачылды.

Улуттук китепкананын фойесинде Кыргыз Эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси Байдылда Сарногоевдин 80 жылдыгына арналган «Кыргыз деп келгем дүйнөгө, кыргыз деп өтөм дүйнөдөн» аттуу чыгармачылык кечеси өтүп, китеп көргөзмөсү ачылды.

Көргөзмөгө акындын өмүрүн жана чыгармачылыгын чагылдырган китептер, гезит-журналдагы макалалар, фотодокументтер коюлган.

Атактуу акыныбызга 1986-жылы «Ашуудан берген отчетум» ырлар жыйнагы үчүн Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыгы ыйгарылса, «Байдылда» ырлар жыйнагы үчүн Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлык берилген болучу. Анын адабияттагы эмгеги мамлекет тарыбынан кезинде «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «Эмгектеги каармандыгы үчүн» ж.б. жогорку сыйлыктар менен бааланганы белгилүү.

## КАЛЕМГЕРЛЕРге камкордук

Улуттук Жазуучулар союзу жаңы замандын калпыс жана шашма шарданынын кесепетинен балчылардын, ит багуучулардын деңгээлиндеги коомдук уюм катары эсептелип калгандыктан жыйырма жылдай убактан бери Өкмөт тарабынан каржыланбай калгандыгы белгилүү. Мунун капшабынан чыгармачыл уюм калемгерлерге кам көрө албай, учурда Бишкектеги өзү турган имараттын аренда акысынан кутула албай, жаман делген совет мезгилиндеги жакшы салтка айланып калган акын-жазуучулардын

www.bizdin.kg


жер-жерлерде эл менен жолугушууларын, китеп окурмандарынын конференцияларын өткөрүү, адабияттын учурдагы абалы тууралуу талкууларды уюштуруу сыяктуу иш-чаралар дээрлик эле колго алынбай калганы өкүндүрбөй койбойт. Элдин рухий дүйнөсүн түптөп, өнүктүрүүгө тикелей орошон салым кошуучу калемгерлердин кол жазмаларын иргеп, планга киргизип, мамлекеттин эсебинен китеп кылып чыгаруу болсо эбак жомокко айланган.

Ошентсе да, «аракеттин арты берекет» дегендей калемгерлерге камкордук көрүүлөр жок эмес. Улуттук Жазуучулар союзунун Ысык-Көл областтык бөлүмү Көл өрөөнүндөгү акын-жазуучулардын башын бириктирип, кам көрүү аракеттерин жүргүзүп келет. Маселен, аталган бөлүм өткөн жылдары Кыргыз Эл жазуучусу Зуура Сооронбаева атындагы фонд уюштуруп, областтык бийлик жетекчилигинин жардамы менен аздыр-көптүр акча каражатын топтогон болучу. Ал акчага З.Сооронбаеванын «Чоочун киши» романы, жазуучу Аман Саспаевдин «Татым туз» аңгемелер жыйнагы жарык көргөн. Азыр фонддун акча корун адабиятты сыйлаган демөөрчүлөрдүн эсебинен толуктоо, ылайыгына жараша калган калемгерлердин кезектеги жыйнактарын, Көл кылаасындагы чыгармачыл жаштардын альманахын чыгаруу каралууда.

Бөлүмдүн жетекчиси акын А.Эгембердиев областтын губернатору М.Асанакунов кызматка жаңы келгенде ага Көл өрөөнүндөгү акын-жазуучулар менен жолугуштурган эле. Губернатор акын-жазуучулар менен кенен-кесири сүйлөшүп, алардын татыктууларына Ардак грамоталарын, Алкыш баракчаларын, акчалай сыйлыктарын ыйгарган. Муктаждарга отун-суудан жардам бердирген.

Бул иш быйылкы кышта да улантылды. Азыр улгайган жана майып калемгерлер областтык башкармалардан жыгач отун, көмүр, ун-талкан, эт-аш, электр жарыгы боюнча, айрымдары акчалай жардам алып жатышат. Маселен, айтылуу аксакал жазуучу А.Саспаев Жол курулуш башкармасына бекитилип берилип, ага 3 жылга жеткидей жыгач отун, көмүр түшүрүлүп берилгенин ыраазычылык менен айтып берди. Дагы бир аксакал акын Ү.Асаналиев Электр тармактар ишканасынын жетекчиси үйүнө келип, 5000 сом берип, кыштай электр жарыгын бекер пайдаланаарын убада кылганын маалымдады. Эл акыны Э.Узакбаев Автовокзалдар жана автостанциялар бирикмесине, акын Ж.Кененбаев Курчап турган чөйрөнү коргоо башкармасына бекитилип, аталган уюмдардын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша колдоо көрсөтүп жатышканы алкоого арзыйт. Калган калемгерлер да ушул ыраатта камкордукка алынышкан.

Албетте, азыр өлкөбүз өткөөл мезгилди башынан кечирип, чыгармачыл уюмдардын иштеринде көз жаздымда калып келаткан жагдайлар аз эмес. «Көч бара-бара түзөлөт» дегендей, бул иштер акырындап калыпка салынбай койбос. Ага чейин өлкөбүздөгү калган аймактардын жетекчилери да өкмөттүн көзүн карап эле олтура бербей, көлдүктөрдүн демилгесинен үлгү алып, аны улантып, өз калемгерлерине мүмкүнчүлүгүнө жараша колдоо көрсөтүп турушса жаман болбос эле.